Маматкадыр Акматов

# АДАМ БОЛ

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 40

Акматов М.
А 40 Адам бол. – Б.: "Кут Бер", 2012. – 192 б.

ISBN 978-9967-26-571-4

Китепте Жер менен Аалам байланышы, андагы адамзат жашоо сырлары жана адеп ахлактуу, аруу жашоосу жана ага жетүү жолу жөнүндө кеңири кеп жүрөт. Автор дүйнөлүк айдыңда аруу ишенимди кайтарууда кыргыз элинин орду, эл аралык саясаттагы көйгөйлүү маселеге айланган диний адашуулар, терроризм проблемасы, аны жеңүүнүн жолдоруна ой жүгүрткөн. Идеалисттик жана материалисттик көз караштардын карама-каршылыктарынын терс натыйжалары, анын кыргыз элине тийгизген таасирлеринен айрылуу аракеттери каралган.

А 4702300400-12

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-26-571-4

© Акматов М., 2012

## Баш сөз ордуна

Бул китеп, Кыргыз коомчулугуна ушундай чыгарманын зарылдыгы заруруп турганда жазылып отурат. Адамзат жаралышын жана жашоо сырларын ичкериден ачып, болгондо да, бу жарык дүйнөдө адеп-ахлактуу, ыймандуу жана таза пейил өмүр өткөрүүсүнүн биз билген, биз билбеген тараптарына окурмандын көңүл кушун буруп отурат. Албетте, ар чыгарма анын авторунун инсандык дээрине жараша жазылат. Китептин автору Маматкадыр Акматов англис, немис, кыргыз, орус, өзбек тилинде бирдей сүйлөй билген тилчи мугалим. Жер жана Көк аалам сырларына кызыгып, иликтей кууп окуган, өзүнчө көз карашы бар окуумал адам. Ошол эле учурда дүйнөлүк диндердин тарыхтарын жана өзгөчөлүктөрүн кылдат талдап, оор суроолоруна оңой жооп таба алган аалым жана беш убак намаздан жазбаган ыймандуу инсан экени чыгарманын мааниси менен багытын аныктагандай.

Тагдыр таалимин карабайсызбы. Автор Маматкадыр Акматов экөөбүз тээ он жыл мурда таанышып, аке-үкөлүк ак дил мамиледе, ой санаада кыйма-чийме ашып-ташыган ойлорубузду бөлүшүп, анын өзөгүн Адамзат жана аалам кубулуштары, кайып дүйнө, дин жана философия, улутубуздун өзгөчө дүйнө таанымы түздү. Ошондо Маматкадыр инимдин мен билбеген тарыхый, диний, философиялык даректерди мисалдап, өзгөчө жыйынтык жасай билиши бир эсе таң калтырып, ого бетер кызыгуу туудура берүүчү. Ошондой талаш аңгемелешүүлөрдүн биринде, ушулардын баарын ичиңе катып жүрө бербей, китеп кылып жазбайсыңбы дегеним, мен Бишкекке көчүп, Макем орошон Ошто калып, арадан беш жыл зуу деп учкан мезгилде унутта калыптыр.

Анан кече жакында Макем ал китебинин кол жазмасын алдыма таштап отурбайбы. Китебин “Адам бол” деп атап, аны менен автор улутташтарын, замандаштарын гана эмес,

деги эле Адам аты менен жашоочу эчендеген муундарга Адам болуп жашоо улуулугуна чакырык таштаптыр. Мындай кепти ыйманы таза, пейили кең, билими күчтүү адамдар гана даап айтаары белгилүү да.

Кийинки кылымдарда адамзаттын илими менен саясаты ар кандай "измдер" менен байыбадыбы. Анын бири дарвинизм, адамзат эволюция жолу аркылуу маймылдан жаралган деди. Аны атеизм жолундагы социализм теоретиктери жана советизм жактап, адамдардын аң сезимине сиңирүү аракетин жасады. Кудай жалгап, андан мандем чыкпай калган себебин, автор ал "измди" жашоо турмуш призмасы аркылуу карап, акыйкатын дааналап, окурмандын оюн туруктоо аракетин жасаптыр. Ошол багытта жыла отуруп, Адам жашоосу нечендеген улуулуктар аркылуу чырайына чыгаарын белгилептир. .

Жер каймактап, жашоо башталгандан берки доорлор менен замандарды камтыган оголе көп миң жылдыктар аралыгында аң сезим ээси - Адам ата балдары үчүн эң негизги маселе болуп эсептелген – адамдын өзү ким жана эмнеден турат, Асман аалам менен Жер ааламда ал өзү жалгызбы жана ага эмне үчүн ушунчалык эң чоң мүмкүнчүлүктөр берилген деген суроолорго анык жооп издеп, так жообун таба албай келет. Ага канткенде жооп табуу мүмкүн? Айбанат макулуктардан айрымаланып, аруу, адал жана ага ишенип жашоо бул суроого жооптордун бири болоору ырас.

Түпкүр замандардан ушул кезге дейре адамзат балдары, расасына, тил, дил, дин өзгөчөлүгүнө карабай жалгыз Улуу Жаратканга ишенип, таза жашоо аракетин жасады. Бирок, бийлик менен байлык ачкөздүгү, адамдардын бири бирине карасантайлык кылуусу, адам өлтүрүү, уурулук, баңгилик жана ушул сыяктуу терс көрүнүштөр жоюлбай келет. Мунун себеби эмнеде? Жашоо турмуштун өйдө, төмөндүгү, байыгандардын дагы баюуга жанталашуусу, кайрымсыздыгы, жакырлыкка туш болгондордун жашоонун ал сынагына

чыдабай кылмышка барышы менен оңой түшүндүрүү мүмкүн эмес. Аны тереңден кароо зарыл. Китепте бул маселелерди автор, аалым адам катары диний жана илимий тактоолор аркылуу карапайым чечмелеп, окурмандар үчүн өтө кызыктуу баяндаган. .

Улуу Жаратуучу жалгыз жана анын акыйкатына адамдар ар түрдүү диний ишенимдер жана агымдар аркылуу жетүүдө адамдар пенде катары жаңылыштыктарга да жол берет. Аны алдын ала айткан автор, философиялык нак көз карашка жана диний ыйык китептерге, адамзатка тиешелүү аруу ишеним бийиктигинен туура жол издөөгө чакырык таштаган. Аны үчүн автор, күнү-түнү Кудайга сыйынуу же беш убак такыба намаз окуу, диний жана илимий түшүнүктөрдү курулай мисалдоолор эмес, улуу Жараткан пайгамбарлар аркылуу адамдарга жиберген, сакаба аалымдар менен дили таза окумуштуулар далилдеген чындыктар аркылуу ишенимди бекемдөө керектигин окурмандарына сунуш кылган.

Учурда диний экстремизм жана динге жамынган террор иштери күчөп кеткендиктен карапайым элдин динге ишеними солгундап түшкөнү байкалууда. Аны айрым дин бузарлар жеке өз кызыкчылыгында пайдаланып жатканы жалган эмес. Мамлекет бийликтеринин диний айрым көрүнүштөргө тыюу салуулар жана террорго террор менен жооп берүү аракеттери туура эместигин ачык айтуу менен автор бул китебинде андай терс көрүнүштөр менен күрөшүүнүн туура жолун көрсөтө алганы колдоого татыктуу. Жогоруда биз, автордун окуумал аалымдыгы менен өзгөчөлөнгөн көз карашы бар экенин белгилегендей, китептин нагыз маңызын окурман өзү окуп, өз баалап алаары анык.

Токтобай Мүлкүбатов.

## Адам бол!

Адам өзү ким? Улуу Жаратуучу аны Жер ааламга кайсы максатта жараткан? Ал эмнеге мынча табышмактуу? Адамзатын, адам дүйнө жаратылышын үйрөнүүгө канчалаган доорлор жана кылымдар коротуп, акыл күчү менен өмүрүн арнаган даанышмандар менен акылман билгилер, аалымдар менен окумуштуулар, деги эле адамзаттын алдыңкы катардагы өкүлдөрү анын анык чынына анча жете албай келатат. Аны канча терең казып изилдеген сайын, ого бетер табышмактуу, андан бетер сырдуу болуп чыга келүүдө.

Адамзат баласы Жер бетине жаралгандан ушу күнгө дейре ушу өңдүү чексиз көп суроолорго жооп издеп, анчалык татаал эместей көрүнгөн Адам феноменин түшүнүү деги эле мүмкүн эмес деп ынанууда. Арийне, аны улуу Жараткандан башка эч ким толук аңдап түшүнүшү мүмкүн эмес дегендер жаңылбайт. Не бир диний, не бир илимий жана башка тармактардагы тыкыр изилдөөлөр аны түшүнүү түгүл, кызыктары менен сырларын улам арттыргандан башка натыйжага жетпей келатканы ошондон болсо керек!

Жер жашоосу башталгандан берки доорлор менен замандарды камтыган кылымдар менен доорлордо Жер ааламдагы аң-сезим ээси – Адам кандай өзгөрүүлөргө ээ болду? Анын дене, жан дүйнө түзүлүштөрү айбандардан эмнеси менен айырмаланат? Адамды айбандан айырмалаган акыл-эс, арүүлүгүнүн өлчөм, чеги барбы? Адамзат тукуму мынча неге улуу да, керемет да, сырдуу да?

Адамзат өзү Күн менен Жерде жалгызбы? Ага эмне үчүн ушунчалык чоң мүмкүнчүлүктөр берилген? Аны Аалам түпкүрүндө колдогондор менен жардам бергендер бар экени чынбы? Адамды адаштыргандар да бар дегеничи? Анда, ал колдоочулар кимдер? Адаштыргандар кимдер? Эмне үчүн адамдын материалдуулук тарабы өнүгүп кеткени менен экинчи рухий жан дүйнө тарабы байыркы общиналык коомдун деңгээлинде калып кеткен? Бул өтө маанилүү жана

актуалдуу суроолорго китеп бөлүктөрүндө кезеги менен жооп бериле барат.

Бул артта калуулардын себеби аалымдар менен илимпоздор адамдын структуралык түзүлүшүн билишпегендигине байланыштуу деп түшүндүрүү туурабы? Ооба, кийинки кылымдардагы Адам изилдөөлөр жалаң гана материалисттик көз караштa, көз менен көрүп, кол менен кармап, сезген нерсени гана кабылдап, адамдын негизи болгон жан дүйнө түзүлүшүн сезип турганы менен ал көзгө көрүнбөгөндүктөн мындай касиет жактарын идеалисттик көз караш катары чанып келди.

Логикалык багыттан эле алып көрөлүчү, сүйүүнү көз менен көрүп кол менен кармоого болобу, ниетти чаң соргуч менен тазалоого болобу да, адамдын жанын көз менен көрүп, кол менен кармап калууга болобу? Ошондон улам бир тараптуу жалаң материалисттик түшүнүктүн акыбетинде инсаниятын өнүгүү багыт нугу адашты. Изилдөөлөрдүн деңгээлин артка тартып, натыйжаларын аксатты. Акыркы жүз жылдыкта гана көзгө көрүнбөгөнү менен адамдын жан дүйнө тарабы уламдан-улам өзүн ар тараптан сездире бергендиктен, көпчүлүктүн көңүлү ага бурулууга мажбур боло баштады.

Материалисттик жана бүгүнкү күнү менен жашоо идеологиясынын мындай жаңылыштыктары адамдардын аң-сезими менен адеп-ахлагына гана эмес, жашоо тариздүү жагдайларына да тескери таасир тийгизүү менен өнүгүү деңгээлибиз артта калып кетти. Андай жаңылыштыктарга жол бербөөнү алдын ала эскертүү иретинде Улуу Жаратуучу өз пайгамбары Мухаммед алейхисалам аркылуу жерге жиберген «Куран» китебинин 7-сүрөсүнүн 6-аятында «…Биз артта калуучулардан эмеспиз!» деп айтканын тануу аракеттери да тынбай жасалып келатат.

Өз билгенин бербеген материалисттер ар качандан бир качан адам көзү көрүп, дени сезген гана түшүнүктөргө басым жасап, адам көзүнө көрүнбөгөн ички рухий касиеттер менен Жан дүйнө сырларын жокко чыгаруу аракетинде Адамзат

жашоосундагы бул кудурет көрүнүштүү кубулуштарды биле туруп, тескери аракеттенишин улантууда. Анын натыйжасында, алардын өздөрү да, аларды уккан жана жаңылыш көз караштуу эмгектерин окугандар инсанияттын көзгө көрүнбөгөн кубулуштуу тараптарына ишенбөөчүлүк менен мамиле жасап, алардын жолун жолдоочулар, ишин улантуучулар азыр да табылууда. Материалисттик жана идеалисттик түшүнүктөр, илимий жана диний көз караштар бири-бирин толуктап, эриш-аркак иш алып барганда гана биздин өнүгүү деңгээлибиз көптүгүн бийиктиктерге эбак жетишкен болор эле...

Кыргыз элинин акылман ата-бабалары эзелтен адамдарын Адам бол – деп ак айтып, тарбиялап, таалим берди. Алардын улуу түшүнүктүү бул жолдомосу менен эскертүүсүнө кийинки сексен жыл аралыгында атайылап маани берилбей калгандыктан, түшүнүктөр тарып кетти. Натыйжада ал улуу кеп жөн гана насыя насаат катары кулак сыртынан кетип калганына күбө болуудабыз. Элибиздин миңдеген жылдар бою кашыктап жыйнаган рухий байлыгынан 150 жылдын аралыгында эле чүнчүтүп жоготуп, айбансыма-маңкурттук жолго түшүп кете жаздадык.

Карапайым каалоодой көрүнгөнү менен бул улуу сөздүн тереңинде жалпы адамзат үчүн эң улуу урунт каалоо жана маанилүү эскертүү жатат. Өзүнүн адамдык сыпатын өзү бузуп айбанга айланган адамдар кадам сайын учураган, инсандын ички Жан дүйнөсүн алейне сактоо маселеси оордоп бараткан азыркы заманда ата-бабалардын Адам бол талабын жаңыртуу зарыл болуп калды. Аны тазартуу ишин бүгүндөн, дал азыртан баштабасак эртең кеч болуп калар чындыгы жаралды. Аны түшүнүү жана башкаларга түшүндүрүү инсан парзына айланды.

Адам бол – деп учкай айтылган бул сөз адам баласын адам катары улуулук менен жашоого чакырып жатат. Карапайым бул акыл кепти эсине албагандар сырткы адам кейпин сактаганы менен адамдык Асылзат жана Жан дүйнө улуулугу менен жашап кетиши кыйындап баратат. Адам –

бол деген бул сөздүн өзөгүндө, "Эй адамзат татыктуу жашоого ээ бол! Акылыңан адашып айбанга айланып калба!", - деген терең маанилүү инсаният чакырган түшүнүк туру. Адамдык түшүнүгү менен сапатын жоготуп, айбанга айланып калгандар учурда дүйнө чегинде көпчүлүктү түзүп бараткандыктан бул сөздү улам кайталап, чакырык, жарыя кылуу керек болууда.

Арийне, адамдын дене түзүлүшү айбан-макулуктун денесинен анча деле айырмасы жок. Экөө тең тирүүлүк көрүнүш ээси. Күнү-түнү тиричилик өткөрөт, тамактанат, уктайт, эс алат, оокат жана баш паанек издейт, денелеринде кан айланат, зат алмашат. Кубанат, капаланат, ооруйт, сакаят, тукум улайт. Кыскасы, адам менен айбандын материалдуу жактары коёндой окшош.

Ушундай окшоштуктардан жана эволюциялык өзгөрүү өзгөчүлүктөрүнө негизденген айрым окумуштуулар адам маймылдан жаралган деген бейпаада концепцияны ойлоп таап, айрым өлкө саясатчылары аны өз идеологиясы үчүн ойда пайдаланды. Адам массасын малга айлантуу идеологиясын көздөгөн мындай кем акыл түшүнүктөгү концепция адамзат душмандарынын куралы болуп бере алды. Мындай реакциячыл саясатты өз убагында байкаган элибиздин залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов адамдардын маңкурт-айбанга айланып бараткандын ар бир чыгармасында баса белгилеп, кыраакы элибиздеги айбан болбой, Адам бол! – деген инсаният үчүн түбөлүктүү темасын өз чыгармаларынын өзөгү катары бере алган.

Адамды адам болууга тарбиялоо ордуна бул концепция аны айбанга, болгондо да маймылга айлантуу аракетине көмөктөшүп жатат деп так кесе айтсак болот. Анын жаңылыштыгы толук далилденгенине карабай, биздин билим берүү тармагыбызда бул концепция азыр да окутулууда. Акыл пештеп ойлонуп, аны мектеп программасынан, деги эле билим берүү тармагынан тезинен алып салуу азырынча эч кимдин оюна келбей жатканына таңданасың. Ал

концепцияны азыр да окутуу менен жаңы муундардын башын айлантуу кимге зарыл экени эч кимге белгисиз...

Не окумуштуулар, не илимий изилдөөлөр, не бир жеке инсандар айбан менен адамдардын айырмасын тактап, өз орундарына коюп, анын так далилин биротоло аксиомага айланткан илимий эмгектерди алиге бере албай келатышат. Жашырганда эмне, айрым адамдар өзүнүн маймылдан эмес, адамдан адам болуп жаралып, тукум улап келатканына ишенгени менен, аны ачык айтып, ал жармач түшүнүк көңүлүндө түнөк алган башкаларды ага каршы күрөшүүгө чакырууга курбу жетпей келаткандай.

Ага анча көңүл бурбай, кол шилтөө инсанды маскаралоочу Дарвинисттик концепция Батыш менен Чыгышта жокко чыгарылганына карабай, постсоветтик мейкиндикте жашаган адамдар али да буга чыдап келатканына таң калбай коё албайсың… Ошол эле учурда адам менен айбандын айырмачылыгы жөнүндө, бул эки жанзаттын негизги жана олуттуу айырмасы алардын ички Жан дүйнөсүндө болуп жаткандыгын тыкыр изилдеп, ал чындыкты алдыга сүргөн адамдар сейректеп баратканы кайдыгерликпи, же деңгеселикпи, айтор адамзатты кордоочу бул түшүнүк али да жокко чыгарылбай келүүдө.

Окумуштуулар миңдеген жылдар бою адамдын денесин гана чукулай изилдеп, анын аң-сезим, акыл-эс, ички жан дүйнө тарабына анча көңүл бурбай келишкени да чын. Ушунча даана байкалып турган айырмачылыктарга окумуштуулар неге байкоо салбаганынан улам алардын акыл-эси да макулук түшүнүккө жакындап кеткенби деп ойлоп кетесиң… Дарвинизм жана башка илимдерге аң-сезимин алдаткан ал «окумуштуулар» куру дегенде өздөрүнүн малдан айырмачылыгын сезишпегени жана билишпегени кандай?

Ой топтоп, талдап көргөн адам, эгер эле маймыл акыры барып адамга айлана турган болсо Африка, Азия, Латын Америкасындагы токойлордо жашаган маймылдардын бири жарымы эмдигиче айланат эле деп, ал концепцияны четке кагат. Айбан макулук менен акыл-эс ээси адамдын

биологиялык жана физиологиялык түзүлүштөрү окшош болгону менен, алардын аң-сезими менен жашоо тариздери таптакыр эки башка экени байкалып турат. Наристе жаш баланы эле, "сен Адам эмессиң, сен айбансың" деп көрүңүзчү, эмне жооп угар экенсиз!

Маймылдан пайда болгондор маймылдай болуп жашайт! Андыктан ар бир адам өзүн маймыл сыңары элестетүүсү кыйын. А бирок, маймылдай болуп жашап жаткандар бар. Алар ал жоруктарын ойлонуп да койбойт. Эгер ал чын эле айбанга айланып бара жатканын ойлосо өмүрү кандай коркунучка кабылып баратканын түшүнө, төбө чачы тик туруп кетет болсо керек… Маймылдарда ички рухий жан дүйнө түшүнүктөрү жок, алар дене муктаждыктары менен гана жашап, инстинкт аркылуу жетеленип жашашат.

Маймылдарга тажрыйба топтоо менен билим алуу аркылуу өнүгүүнүн, ойлонуунун, өзгөлөргө жакшылык кылуунун, кандай жаралып, кайда барарынын да кереги жок. Курсагы тойсо, кыйналбай күн өткөрсө болгону... Ал эми инсаният үчүн эң коркунучтуусу адамдар өздөрүнүн жан дүйнө түшүнүктөрүн четке сүрүп салып, курсагын тойгузуп, дене түзүлүшүнө гана ыңгайлуулуктарды жаратып алып, бул жарыктан кыйналбай күн өткөрсөм болду да деген түшүнүккө берилип кеткени!

Айрым окумуштуулар адамды аныктоодо анын көзгө көрүнбөгөн рухий инсаний жактарын билбегендиктен, тышкы көзгө көрүнгөн дене-турпатын, же болбосо материалдуулук тарабын гана жетекчиликке алып, адамдын ички бөлүгү – негизги өзөгүн көңүлдүн сыртында калтырып, инсан деп аталуучу, Жер жашоочуларынын арасында эң жогорку аң-сезим ээсин айбандар дүйнөсүнө киргизип, анын катардагы өкүлү кылып кароого чейин барышты. Буга мисал катары Чарльз Дарвиндин адам маймылдан пайда болгон жана Фридрих Энгельстин адам өз эмгегинин натыйжасында маймылдан адамга айланды деген теорияларын келтирсек болот.

Белгилей кетчү нерсе Адам менен маймылдын тышкы келбетинин окшоштугуна гана таянып тыянак чыгаруу адамзат үчүн эң чоң жоготууларга алып келди. Мындай тыянактан улам, адамдардын рассалары да ар түрдүү маймыл макулуктардан келип чыкты деш керекпи? Андай жоромолчул окумуштуулар адамдын башка айбандардан өзгөчө экендигин сезип турса да, баары бир өздөрүнүн материалисттик түшүнүктөрүнөн чыга алышкан эмес. Натыйжада, Адам таануу жаатындагы бирден бир туура түшүнүктү идеалисттик түшүнүк деп четке кагышып, терең жаңылышкан. Ошондон улам керемет жаралган аң-сезимдүү, акыл-эстүү, аң-сезимдүү мавжудат – Адам жанзат башка бардык жанзаттардан өзгөчө экендигинин баркына жете алышкан эмес.

Чындыгында, маймыл токойдо жүрөбү, шаарлардын өтө ыңгайлуу шартында багылабы, маймыл бойдон калат. Ал эми адамдардын тышкы көрүнүшү климатка, жашоо шартка, аргындашууга жана башка себептерге байланыштуу өзгөрүп кетээрин азыркы медицина аныктап жатат. Мисалы: Африкалык адам Түндүк Сибирде бир нече ондогон жылдар бою жашаса, анын агара баштаганы белгилүү. Мындан 500 жыл мурда Америкага алынып келинген Нигериялык ынды кара адамдар жашоо ыңгайга жана климаттык шартка жараша дене түзүлүшү гана эмес, өңү түсү да бир кыйла өзгөрүп кеткендиги да байкалган.

XIX-XX кылымдарда Германиялык идеологдордун аныктамасы боюнча, анын ичинде Йорг Ланц Либенфелсь да адамдардын бир бөлүгү Кудайдын аң-сезимдүү кызматкерлери менен аргындашуусунун натыйжасында мыкты арийлер келип чыкты дешсе, ал эми адамдар менен айбансымал жанзаттардын аргындашуусунун натыйжасында бузуку семиттер келип чыгып, алар ошол айбандык касиеттерде калып, айбандык жүрүш-турушу менен адамзатка чоң зыян алып келүүдө деп белгилешти.

Адамдын рухий абалы менен акыл-эс жөндөмүн толук изилдеп, аныгын билбей туруп, адамзатты дене түзүлүшүн,

болгондо да баш сөөгүн атайылап айырмалап, экиге бөлүп кароо менен булар да терең жаңылышкан. Бул идеологиянын акыбети XX кылымда эң көп адамдарды кырууга дуушар кылган Экинчи Дүйнөлүк согуштун чыгуусуна алып келди. Тилекке каршы мындай көрүнүш XXI кылымда да уланууда.

Мына көрдүңүзбү, адамдын жаратылышын, анын толо түзүлүшүн жакшы билбей туруп жаңылыш тыянакка келүүнүн натыйжасында адамзат үчүн эң кереметтүү жана жаркын кылып эрежелештирилип коюлган келечегибизди да даана элестете албай, аң-сезимибиз менен акыл-эсибизди толук иштете билбей, маңкурт-айбан таризде жашоого өтүп алып, андан арыла албай, материалдык байлык менен бийликтин гана кулу болуп келебиз. Ооба, анын натыйжалары өтө ачынарлык болду. Мындай адаштыруучу түшүнүктүн натыйжасында Чексиз ааламда Адам деп аталган эң керемет аң-сезимдүү зат алардын оюнча айбан-макулуктардын катардагы бир өкүлү болуп чыга келди.

Биз өзүбүздүн кандай субстанциялык элементтерден турарыбызды, кантип жаралганыбызды, жана жаратылышыбыздын максатын билбегенден улам кандай жолго түшөрүбүздү алигече так аныктай албай келебиз. Ишеним, түшүнүк, сүйүү, ниет, мамиле дегендер кайдан чыгып жатат деп изденип койсок кана?! Ким маймылдан пайда болсо боло берсин, а мен маймылдан да, башка айбандан да пайда болгум келбейт! Маймылга да, башка макулукка да айланып калгым келбейт! Жараткан ыйгарган инсан – деген эң улуу наамды аздек сактап, ал атка жарашкан зат болгум келет! Инсан болуп эң кооз жана керемет Жерде жаралганыма миң мерте шүгүр кыламын! Жаратуучуга аны үчүн чексиз даңктоолор келтиремин!

Айбандарда Рух менен Асылзат-арбак болбойт, ошондон улам алар аң-сезим менен акыл-эске ээ эмес. Макулуктардын денеси менен жаны гана болуп, алар инстинкт аркылуу жетеленет да, жөнөкөй сезим менен жашайт. Аларда ой жүгүртүү, талдоо, тажрыйба топтоо, алга карай өнүгүү жокко эсе. Күнүмдүк жашоо өткөрөт, жейт-ичет, уктайт-турат,

тукум улайт, ушуну кайталай берет. Айбандардын тагдыр-насиби ушундай…

Ал эми адамдардын – Денеси, Жаны, Руху жана Өзү (Арбагы, Шайы, Асылзаты) айбандардан айырмалуу күчтүү демге ээ болгондуктан, акыл-эстүү жашоосу негизги ролду ойноп, инсандын мүнөзүн жана жүрүш-турушун өзгөчө калыптандырып, улам жаңы илим-билимге, турмуштук тажрыйбага ээ кылып, жан дүйнөсүн өстүрө-өнүктүрө жүрүп отурат. Адамзаттын ар бир көз ирмем, саат, күн сайын өнүгүүгө умтулуусу гана таң каларлык жаңылануулар менен ийгиликтерди камсыз кылып келе жатат.

Ошондуктан 100 жыл мурдагы Адам баласы менен азыркы адамдын жашоосу жана жан дүйнөсү өтө чоң айырмага ээ болуп олтурат. Буга мисал катары мурдагы адамдар жомоктогон жана оюу жетпеген самолёт, телевизор, телефон, компьютер, нана технологияларды келтирсек болот. Эгер адамзат кыянатчылыктар менен жамандыктарды, кыргындар менен согуштарды, түркөйлүк менен билимсиздикке, жалкоолук менен иш билбестикке жол бербегенде өнүгүү деңгээли мындан да алда канча жогору болмок деген тыянакты так айтса болот. Анткени, адам өнүгүүсү тарыхый мыйзам ченемдүүлүктүн чегинде жүрөт, башкача айтканда, баары улуу Жараткандын каалоосунда ишкет ашат.

Адамзат ичинен чыккан арамзалар, мыкчегер ач көздөрдүн байлык менен бийликке жетишүү максатында башка адамдарды эзүүнү күч алдыруу аракетинен танбай келатышат. Бүтүндөй жер жүзүнүн материалдык байлыктарын өз колдоруна топтогон саналуу адамдар башкаларды маданияттуу кулдарга айлантып, атурсун өз максаттарына жетишүү үчүн согуш чыгарып, адамзаттын негизги бөлүгүн жок кылууга чейин барышууда.

Тилекке каршы, учурда көпчүлүк эл адамдык жашоого караганда айбандык жашоону эп көрүп, утурумдук күн кечирип келатышат. Адамзат аракет жасаса улуу ийгиликтер менен жогорку бийиктиктерге жетише аларын биле туруп,

жалкоолук, түркөйлүк, билимсиздик, ач көздүк жана башка жаман адаттарга берилип кетип, адамдык татыктуу жашоого жетишүү, акыл эстүү, рухий милдеттерин аткаруунун ордуна, эптеп күн кечирүүнү, жашоого кайыл мамиле жасоону адатка айландырып алышкан.

Дагы бир жагы, биз көртирилик деп атаган нерсе күндөн күнгө ыбырсып, адам баласын азыткыдай адаштырып, өзүнө оп тартып, анын жан дүйнө жаратмандык жөндөмдөрүн жоготуусуна, басынтып жашоо жолуна салууда. Тирүүлүк (тирилик) деген таттуу нерсе деңизчи. Бирок ал, көзүңө даана көрүнбөгөн менен өз кызыгына батыра отуруп ылайлуу тереңине тартып кетүүчү сормо саз сыяктуу нерсе экен. Ошентип, ал Жан дүйнө түшүнүктөрүн таптакыр жадындан чыгарып, бар дүйнөңү тебелеп, таптакыр жоготуп да салат экен. «Насыя куйруктан нак өпкө жакшы» дегендей бүгүн бул тириликти, эртең тигил көртириликти бүтүрүп алайын, анан калганын; Кудайды, билимди, акыретти жана жакшылык менен жаратмандыкты жасаймын дегиче болбой, өмүр өтүп кеткенин байкабай калат турбайсыңбы, чиркин!

Көртирилик көйгөйлөрү маселелери Жан дүйнө маселесин тээ алыстан гана кылтылдата кыра көрсөтүп, билип-билбей турган түкшүмөл көз караштарга айлантып, анын сазынан чыгыш дегеле мүмкүн эместей сезилет, албетте. Балким, бабаларыбыз бул маселени бизге караганда мыкты түшүнүшкөн окшойт. Ошону үчүн алар тирүүлүктө келечекке умтула аң-сезимдүү жашоодон күнүмдүк жашоону ажыратып, аны азгырма «көртирилик» деп аташса керек. Ооба, көпчүлүк адамдар көртирилик маселесине баш оту менен кирип кеткени даана байкалып турат. Ойлоп көрсөңүз, бир чети бул жагдай туурадай. Анткени, аларга барбы же жокпу, болобу же болбойбу деген ички дүйнө түшүнүгүнө караганда көзгө даана көрүнүп турган нерсеге ишенүү, аны ээрчип кетүү оңдуу көрүнөт.

Маселенин баары ушунда болуп жатпайбы. Көзгө көрүнгөн эле нерсеге бериле берсек, колго урунганга эле ишене берсек, дене менен сезген нерсеге гана ээрчип кете

берсек, анда биздин акыл-эсибиз кайда калат да, Жан дүйнө сезимдерибиз кайда барат, биздин инсан экендигибиз эмне болот. Андай болгондо аң-сезимсиз жана акыл-эссиз катардагы макулук-айбан сыяктуу эле турмуш кечирүүгө өтүп калбайбызбы деген суроону алдыга коюп, ой жүгүртүп, интеллектуал жыйынтык чыгаруу, албетте ар кимдин колунан келе бербейт.

Биздин ишенимибиз менен үмүтүбүз болбосо, аң-сезимибиз менен акыл-эсибиз болбосо, сүйүүбүз менен мээримибиз болбосо, адеп-ахлагыбыз менен таалим-тарбиябыз болбосо, тажрыйбабыз менен илим-билимибиз болбосо, акырында өсүп-өнүгүүбүз болбосо, анда биздин макулук-айбан маңкурттан эмне айырмабыз болмок.

Андай болгондо Адам баласы макулуктар менен айбандарды кантип жетелей алат, кантип жалпы жандуу жана жансыз заттарды аң-сезимдүү башкара алат. Анда кантип заттар менен нерселерди өзгөртө алат, кантип жаратмандык кыла алат да, кандайча бүтүндөй жаратылгандын баарына - **Барлыкка** ээлик кыла алат да, башкара алат. Ошондуктан адамдык сапатты сактоо маселеси дайыма бардык көйгөйлүү маселелердин негизгилеринин эң негизгиси болуп келген жана болуп кала берүүдө!

Бул маселени мыкты түшүнүп, инсаният үчүн кызмат өтөй алган адамзаттын алдыңкы катары (залкар өкүлдөрү) дайыма сый-урматка ээ болуп, аттары алтын тамгалар менен тарыхта жазылып калтырылган болсо, ал эми элибизде «колдун кири» деп аталуучу утурумдук жалаң байлык менен бийликти жашоонун максатына айлантып, кыянаттык кылгандардын укум-тукумуна чейин каргыш кетип, алардын кесепети коомго эле эмес, жалпы адамзатка да тийип келүүдө!

Адам баласы дайыма үйрөнүү, тажрыйба топтоо жана билим алуу, эмгек кылып алдыга умтулуу менен макулук-айбандардан айырмаланып, өсүп жетилет. Ошондуктан билим - кенч, билимге кызыгуу анын ачкычы деп бекер айтылбаган. Физиологиялык жалпы түзүлүшү айбан-макулуктан

айырмалана бербеген адам өзүнүн акыл-эси, илим-билими негизинде анализ жүргүзүп, тажрыйба топтой билүүсүнүн натыйжасында инсандык кереметтүү мавжудатка (аң-сезимдүү затка) өсүп жетти.

Ал эми материалисттик түшүнүк бул – көргөн, уккан жана органдар менен сезгенди гана тан алып, көрүнбөгөн, угулбаган жана сезилбеген нерселерди идеялизм деп билет. Андан улам, алар дин менен илимди, Рух менен Денени карама каршы коюп келатышат. Чындыгында булар бири-бири менен тыгыз байланыштагы, бири-бирин толуктоочу, тереңирээк изилдей келгенде биринин сырын экинчиси ачып берип туруучу түшүнүктөр.

Дин илимди, илим динди толуктоочу каражат болуп, материалисттер менен идеалисттер, окумуштуулар менен теолог дин аалымдары каршылашпай, кызматташып иш алып барышса гана чыныгы ийгиликтер жаратыларын алигече аңдай албай келатышкандар жок эмес. Ал эми бул маселени туура түшүнүүнүн убакты эбак эле жеткен болсо да, «үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы» деген сыяктуу, ошол башаттарда үйрөнүп калган опол тоодой жаңылыш түшүнүктөрдү көпчүлүгүбүз таштай албай келебиз.

Адамзат үчүн эң олуттуу болуп эсептелген бул маселени дүйнөлүк адабияттын шедеврлерин түзгөн залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов өмүр бою алдыга сүрө барып, эзелки бабаларынын сактап келген чыныгы адамгерчилик менен адамдык сапаттарын, «айбан болбой Адам бол!» - деген таамай түшүнүктөрүн ал андан ары өнүктүрүп, жалпы адамзатка жайылтууга далалаттанып келди.

Ооба, ал өз бабаларынын татыктуу уулу, өз элинин жарык жылдызы, адамзат арасындагы чыныгы **инсан**, Жаратуучу Алла тааланын эң ишенимдүү жардамчысы катары кызмат өтөдү! Чыңгыз Айтматов ошонусу менен жалпы адамзаттын гана эмес, улуу Жараткандын да сыйына татырлык эмгектерин артына калтырды.

Бишкек шаарындагы Өкмөт үйүнүн алдында 2010-жылы 7-апрелде болуп өткөн окуяда бир тарабында дүйнө

жүзүндөгү «айлакер-акылдуу» ач көздүк саясатын ээрчиген үй-бүлөлүк, элин текебер басмырлоо менен атып, кыргын салган, айбансымал ыплас бийлик турса, экинчи тарабында элинин келечеги жана жыргалчылыгы үчүн жамгырдай жааган автоматтын огуна жана өлүмгө тик карап, Ак үйнө чабуул жасаган, акылы акактай тунук элдин уулдары турду. Алардын элин, жерин сүйгөн, анын келечеги үчүн жанын аябаган париоттуулугуна жана инсандык сапатына таң калбай кое албайсың! Бул окуя даанышман ата-бабаларыбыз, анын ичинде улуу инсандарыбыз Манас бабабыз менен Чыңгыз атабыздын сээп кеткен үрөндөрүбүздүн натыйжасы болчу!

Муну адамдыктын айбандыкка урган кыйраткыч соккусу деп айтса болот! Дүйнө жүзүндө жашаган Адам балдарынын көпчүлүк бөлүгү аны азиялык жолборстордун кезектеги жапайылыгыбы, же эркиндикти сүйгөн эрдигиби деп, чыныгы маңызын анча аңдай албай, эки анжы ойго кабылып турду. Учурда мындай болушу мүмкүн эмес эле да деген пикирге да кабылышты. Кыскасы, айрым массалык маалымат каражаттар муну тескери жагынан көрсөтүп, адамдарды коркутууга да үлгүрдү. Анткени, көпчүлүктүн калыптанып калган маңкурттук түшүнүгүнө бул карама-каршы келип жатпайбы.

Өзүмчүлдүк менен алдамчылыктын, ач көздүк менен зордукчулуктун туу чокусуна жеткени калдык деп кыйкырып жаткан «цивилизацияга» карай урулган руханий сокку экендигин «айлакер-амалдуулар» жакшы билишкени менен, ошо айрым маалымат каражаттары баамына албады. Мына ушу билдирүүлөрдө да эки түрдүү келишпес түшүнүк – бир тарабында байлык менен бийлик көздөгөн өзүмчүл түркөйлөрдүн, ач көз зулумдардын, айбансымал кудайсыздардын кызыкчылыгы менен ыймандуу момундардын, билимдүү ынсаптуулардын, кудай деген арууларлын, чыныгы инсандардын адилет көз караштары кагышты!

Ошентип, Кыргызстанда дүйнө жүзүндө биринчи жолу элибиздин байыртадан кастарлап тутуп келе жаткан адамдык

сапаттары 19 жыл мурда пайда болуп, элдин кыжырын кайнаткан айбандыкка сокку урду. Бул сокку учкундан жалын тутангандай бүткүл дүйнө жүзүнө таркап кеткендей болду. Африка менен Азия континенттериндеги элдик толкундоолор буга мисал. Бирок, анын соккулары чыныгы акыл күчүнө таянбай, дагы эле болсо сырткы күчтөрдүн таасиринде, "митайымдардын" козутуусуна алданып жатканы асыл сапаттуу коомчулукту чоочулатууда.

Адамдык сапаттарды туу туткан кыргыз элинин жөнөкөй жана чыгаан уулдары бийлик талашкандардын катышуусусуз эле айбандыкка негизделген бийлик системасын талкалап салды. Муну менен элибиз жана жалпы инсаният сыймыктанса болот! Элибиз жөн жеринен Манас деп ураан чакырбаса керек жана анын деминде жеңишке жетиши да жөн жеринен болбосо керек. Манас Руху менен аруу эл руху айкалышы ийгиликтерди камсыз кылат белем!

Манастын урпактары деп эсептелген кыргыз элине Жараткан жарык дүйнөнүн бейиши болгон жерди бекеринен ыраа көрбөгөн чыгар. Анткени элибиздин ниет, пейили таза, айкөл жана ич дүйнөсү кең! Ишеним-түшүнүгү Кудай жолуна төп! Улутубуз эзелтеден адамдын рухий Жан дүйнө байлыгын материалдык байлыктан ар качан бардык жагынан жогору коюп келген. Кыргыздар балдарын дайыма – **айбан болбой Адам бол**! – деп тарбиялап, коомунун аруулугун камсыз кыла алган.

Жакшы тарбия – эзелтен келечек муундарга берилүүчү эң улуу мурас болуп саналат. Кыргыз эли мындай баалуу мурасты кастарлап сактап, муундары улантып, урпактарына жетишин көздөгөн. Элдин руханий бийиктиги менен Жан дүйнөсүнүн тазалыгы так ушунда. Андыктан башка элдердин салт, жобо, түшүнүктөрүн сокур туурай бербей, өз элибиздин алтындай болгон ишеним-түшүнүктөрүн кастарлап сактоо, улантуу кыргыз баласынын улуу милдети жана атуулдук парзы.

Ошону үчүн улутубуздун акылман, билги инсандары бабалардын терең философиялуу салт, түшүнүктөрүн сактап,

прогрессивдүү түшүнүктөр менен байытууну кан какшап жатат. Цивилизация, демократиялуу өнүгүү дегендин баары сонун деген эйфориялык чала түшүнүккө берилип кетүү жарабайт. Ар бир жакшы жана жаман нерсени терең талдоолор аркылуу туура чечим кабыл алуу гана оң натыйжа берет. Элибиз «боёкчу, боёкчу десе, сакалын кошо боёптур» дегендей, башкаларды сокур тууроо, түшүнүп, түшүнбөй, билип, билбей кайталай берүү тетири көрүнүштөрдү жаратып саларын эсинен чыгарбоо зарыл.

Ач көздүк, зомбулук, текеберлик, адилетсиздик, алдамчылык, түркөйлүк өңдүү көрүнүштөрдү кыргыз эли эзелтен четке кагып, коомго, журтка жакындатпоо аракетинде түп көтөрүлө каршы турган. Коом мүчөлөрү социалдык абалына карабай, рухий теңчилигин сактап, аны Улуу Жаратуучу баарыга бирдей бергенин айта келген. Илгерки ишениминдеги Теңир деген сөздүн уңгусу теңчиликти ыроологондуктан элибиз коом кызыкчылыгын өзүнүн жеке кызыкчылыгынан жогору койгон. Жаратуучунун бардык инсандарга эч нерсесине карабай бирдей адилеттүү, теё мамиледе болушун ата-бабаларыбыз мыкты билгени алардын Кудайды Теңир деп атаганынан эле көрүнүп турат.

Тилекке каршы акыркы кылымдарда Теңир деген төл сөзүбүз менен катар жалгыз Кудайга ишенүү түшүнүгүбүздү бурмалап көрсөтүшүп, элибиздин лексиконунан сүрүп салууга далбасташты, анткени өзүнө эмес өзгөлөрдүн кызыкчылыгына кызмат кылуучу идеологиянын ээси болгон бул элдин ишеним түшүнүгү да, тарыхы да, тили да өзүмчүлдүктү туу туткан адамзат душмандарынын тамагына такалган сөөк сыяктуу болчу...

Бири бирине зордук, зомбулук көрсөтүүнү Улуу Жаратуучу алдында күнөө катары санап, коомдо гана эмес, үй-бүлөлүк деңгээлде да эркек менен аялдын укуктары ачык-айкын аныкталып, эркекке негизинен материалдык жакты камсыздоо, үй-бүлө багуу болсо, аялдарга балдарды келечекке даярдоо, үй-бүлө тутуу өңдүү ардактуу жана жооптуу рухий милдет жүктөлгөн.

Ошондуктан Хадисте бир убакта сени атаң жана апаң чакырса, биринчи апаңа бар деп бекеринен баса белгиленген эмес. Адам баласынын Жан дүйнөсүн жана анын келечегин калыптандырууда аял кишинин тарбиясынын ролу чоң. Биз каалайбызбы, каалабайбызбы баланын көп убактысы аялзаттын жанында өтөт. Энелери мыкты үй-бүлөлөрдө чыгаан инсандар көбүн эсе болушу ага байланыштуу.

Кыргыз коомчулугунде ар бир адамдын, ар бир аялдын балалуу болуусуна кам көргөн жана үй-бүлөнү коомдун башаты деп түшүнүп, ага өтө аяр мамиле жасашкан. Атурсун балалуу болбогон үй-бүлөлөргө бир туугандары же жакындары өз наристелерин берип, "бала тапкандыкы эмес, баккандыкы" деген накыл менен алар ал наристени биротоло ээлеп, жакшы тарбия, таалим берүү милдеттерин моюндаткан. Улутубуздун бийиктиги ушундай улуу сапаттар менен бекемделген. Аны Кудай талаа берген ырыскы катары кабылдаган.

Бабаларыбыз ар инсандын социалдык абалына карабай коомдогу эрк ыктыярын жогору койгон жана бул багытта демократиялык принципти катуу сактаган. Ошондуктан «байлык колдун кири», «элге берсин, анан мага берсин», «аял үйдүн куту» «балалуу үй базар, баласыз үй мазар» жана башка ушу сыяктуу инсандык рухий байлыкты көбөйтүп, атурсун сөз эркиндигин да «баш кесмек бар, тил кесмек жок» деген макал аркылуу кастарлап, муундан муунга мурастап, анын так сакталышын жана аткарылышын катуу көзөмөлдөгөн.

Кыргыздар кандай сапаттары жана салт жоболору менен айырмаланып, дүйнө жүзүндө жашаган элдерге кандай касиеттери менен үлгү боло алат? – деген маселе жаралса ага биз элибиз ач көздүк, өзүмчүлдүк, алдамчылык, мыкаачылык, айбандыкты ар дайыма четке кагып, аруу тазалыкты, айкөлдүктү, элдүүлүктү, ар-намыстуу меймандостукту, убал-сооптуу теңчиликти, тажрыйба менен билимдүүлүктү, кудайчылдыкты жана адамдыкты баарынан жогору коюп, аны

сактай алганы менен үлгү боло алат деп сыймыктуу жооп бере алабыз.

Мындайда, экономикасы өнүкпөгөн элди кантип маданияттуу, билимдүү, тажрыйбалуу эсептөө мүмкүн деген мыйзамдуу суроо туулушу мүмкүн. Буга, адамзаттын айрым тукумдары тубаса билимдүү, маданияттуу жана турмуштук зор тажрыйбалуу болорун айтуу жетиштүү. Бул багытта улутубуздун тубаса билимдүү, илимдүү экенине эзелтеде ойлоп таап, кылымдар бою пайдаланып келаткан Календары мисал боло алат. Сиз менен биз учурда колдонуп келе жаткан Кыргыз календары мындан 24 миң жыл мурда таштын бетине чегилген. Кыргыздын ал календары 1923-жылы Алтайдан табылса, 2009-жылы так ушундай календар Батыш Африкада шуру кылып жасалган түрүндө табылып, аны окумуштуулар тыкыр изилдеп, салыштырып, Кыргыз календары экенин далилдешти.

Бул календарда кайсы күнү жыл алмашат, кайсы күнү ай жаңырат жана ай толот, кайсыл убакта аба ырайы өзгөрөт жана качан, кандай эгинди эгүү жана жыйноо керек деген жагдайлуу суроолорго да так эсептүү жооп берилген. Мындай улуу мурасты таш бетине чегип, оозеки түрүндө да муундарынын эс тутумуна сактатып, келечек урпактарынын жадына калтырып кеткен улутту кантип билимсиз деп айтканга болсун. Ошентип, XX кылымдын экинчи жарымынан гана элибиздин чыныгы байлыгынын куржунунун оозу ачыла баштады. Ал ачылыштар, ылайым араандуу болушун каалайлы.

Дагы бир баса белгилей кетчү жагдай, кыргыз эли жогоруда кеп болгон календарына кошо, 3–4 кылымдарда Орхон-Энисай ойдундарындагы зор таштардын бетине кыргызча Орхон-Энисай алфавит деп аталуучу, ал эми дүйнө жүзүндө Кыргыз жазуулары деп аталуучу өзүнүн алфавитин жазып калтырган. Ал эми бүткүл Дүйнө жүзүндө алигече чече албаган эң байыркы Рун алфавитиндеги Кыргыз урууларынын эн тамгасынын болушу эмнени андатат?

Боордош Казак калкы улутубуздун руханий байлыгы болгон ал жазуулардын биринин көчүрмөсүн Жапанстанда миллион долларга жасатып келип, Астанадагы Л. Н. Гумилев атындагы Евразия университетинин алдына койдурду. Чети оюла элек Кыргыз тарых мурастарын изилдей баштаган окумуштуулар элибиз биздин замандардан алда канча мурда жоголуп кеткен цивилизацияларга тиешеси бар экенин айтышууда. Айтор, элибиздин эзелки тарыхый эстеликтеринде жана салт санааларында өтө көптөгөн ички Жан дүйнө түшүнүктөгү байлыктары катылып жаткандыгынын далилдери чубалып чыгууда.

Албетте, бардык адамдар менен элдер Кудайдын алдында бирдей, бири биринен ашык, же кем жери жок. Болгону ар бир элдин ишеними менен түшүнүгү, илим-билими, тажрыйбасы жана жакшы, жаман иштери менен айырмаланат. Элибиз эзелтен башка элдерге зордук, зомбулук көрсөткөн эмес. Каратып алган элдердин тил, дил эркиндигин сыйлап, маданиятын баалаган. Анын жоголуп кетишине жол берген эмес. Аларга өз каалоосу менен түшүнүктөрүн таңуулабай, алар менен бир түшүнүктө жуурулуша жашоо аракетин жасаган. Ошол түшүнүктөрдөн улам азыр да кыргыз эли башка журттардын тилин өздөштүрүүгө ийкемдүүлүгү менен айырмаланат.

Ошондуктан өздөрүн «тандалган эл» деп атаган башка улуттар сыяктуу кыргыз эли өзүн башка элдерден эч качан жогору койбой теңчиликти акыйкат сактап келди. Албетте, ар эл өзүнүн пейил-куйу, ниети, ишеним-түшүнүгү, билим-тажрыйбасы, өнүгүшү, жакшы жаман иштери менен айырмаланат. Ал эми кыргыз эли улуттугу менен мамлекеттүүлүгүн жараткандан ак дил, касиет, сапатын тунуктап, анысын аруу тутту. Аны уланткан нечен ата-бабаларыбыз, алардын укум тукумдары андай бой көтөрүү, өзгөчөлөнүүдөн оолак болуп, карапайымдыгын сактап келатат. Улуттук уңгусун жоготпой келаткандыгынын эң башкы себеби да ошондо турса керек.

Тилекке каршы, өзүн Кудайга теңеген Фараон падышалуу журттар, пейили бузук уруу, улуттар тарыхый жашоодон жоголуп кетти. Варвап, Вандал уруулары гүлдөгөн башка улуттардын маданиятын талкалап жүрүп, өздөрү тукум курут болду. Көп улуттар башка элдин маданиятын туурай отуруп, аларга сиңип, улуттугунан, мамлекеттүүлүгүнөн айрылды. Алга кеткен цивилизациялуу деп байлык менен бийликти, алдамчылык менен уурулукту, ач көздүк менен зомбулукту, жеке менчикти алдынкы орунга чыгарган түшүнүк алардын түбүнө жетти.

Өздөрүн «светтик» деп атаган жамааттар өздөрү менен катар жашаган, инсаний улуулук жолун, ишенимин ыйык туткан, ыпластыкты каалабаган эл тутумдарын аңкоолор сыяктуу шылдың кыла башташты. Бирөөлөргө жакшылык кылгандарды кемпайлар сыяктуу терс тарабынан көрсөтүшүп, алдамчылык жана ач көздүктү туу туткандарды коомдун каймактары катары даңазалап, коомду акырындап бузуу аракетин жасап, аз эмес учурларда натыйжага да жетише башташты. Тилекке каршы, акыркы 150 жылдын ичинде Батыштын жаман илдеттери биздин элге да жуга баштады. Коомубузда өзгөгө эмес, өзүнүн гана көмөчүнө күл тарткандарды, байлык менен бийликти жула качып, элдин эсебинен туйтунгандарды идеал катары көкөлөтүп көрсөтүү тымызын ишке ашырылууда. Мындай терс адаттарды биздин көпчүлүк жаштар оңой эле кабыл ала баштаганы өкүндүрөт. Ошондуктан элибиздин адамдыкты туу туткан өкүлдөрү акыркы жылдары муну көкүрөгү менен туюп, кыргыз элибиздин эзелки рухий Жан дүйнө байлыгына кайтууга чакырык ташташууда.

Чыныгы адам болуп жетилүү жана айбанга айланып жок болуп кетүү маселесин эзелтен жалпы адамзаттын алдыңкы өкүлдөрү көтөрө келген. Алардын ичинде, инсан тазалыгын көкүрөгү менен сезе билген залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов **Адам бол** – деген ойду тынбай айтып жана жазып келди. Адам баласы маңкурт – айбансымал адам болуп кеткендигине өтө жан ачыгандык менен жүрөкзаада болуп,

инсандык маселесин өмүр бою алдыңкы орунга коё алышы таланттуу жазуучубуздун даанышмандыгы менен улуулугун элге дайын кылды.

Адамзат аруулугун даңктаган анын чыгармаларында айтылган осуяттарды биз ишке ашырып гана тим болбой, адамдын структуралык түзүлүшүн ачып көрсөтүү менен бирге, чыныгы инсан болуу жолун аныктап көрсөтүүгө белсендик. Анткен менен азыркы заман адамдарынын копчулүгү денени өзүнөн жогору коюп, денеге гана керек болуучу байлык менен бийликке берилип кетишип, жашоонун максатын жалаң гана акча табуудан көрүп калышты. Акча деген нерсени өкүмдарлар миңдеген жыл мурун ойлоп табышып, анын жардамы менен байлык менен бийликти өздөрүнүн колуна топтоого жетишкен эле.

Азыркы учурда акчанын ролун азыркы өкүмдарлар болуп көрбөгөндөй бийиктикке, аны өтө таттуу жана ансыз жашоону элестете албай турган деңгээлге жеткирип салышты. Бардык нерселерди акча менен ченешип, бардык иштерди акча менен гана ишке ашырууга жана бүтүрүүгө болот деген түшүнүк жаралды. Алар акчасы бар адамды адам катары эсептешип, ал эми акчасы жок адамды болсо үйүндөгү ит-мышыгынан да төмөнкү орунга коё башташты. Акчага болгон мындай мамиле, ашкере текеберлик адам баласынын чектен чыккан адатына айланып баратат.

Өзүнүн өмүр улантуусунда жана ишмердигинде бул адамдар акча кайда жетелесе, ошол жакка жетеленүүгө мажбур болууда. Ошону менен бирге алар инсандык таза жолдон чыгып, айбансымал көз тойбогон жолго түшүп, тойгонун да билбей турган деңгээлге да жетип калышты. Натыйжада, адамгерчилик менен ыймандуулук ынсап менен жакшылык, айкөлдүк менен аруулук, токпейилдик менен кайрымдуулук маселеси четке сүрүлүп, адамдык ыйык сапаттар четинен кемип бара тканы байкалат.

Кара жанынын камынын ыңгайына берилип, дене жыргал муктаждыгына арбалып кеткен адамдар айбансымал оңой жашоого көнүп баратат. Аларда адамдык менен аруулук

жараяндары артка сүрүлүп ташталган, же таптакыр жоголгон. Рухий баалуулуктан жардыланып, жалаң дене жыргалы, материалдык байлык үчүн гана жашап, адам касиетин жоготуп бараткандарды көрүп өзүңөн өзүң чоочулап, кээде түңүлө коркуп да кетесиң!

Адамды адам кылган негизги рухий баалуулуктун адамгерчилик, айкөлдүк, жакшылык, өзүн жана өзгөлөрдү сүйүү, сабыр-канааттуулук, изденүү менен аракет, жардам менен кайрымдуулук, убал менен соол сыяктуу адамдын көзүнө көрүнбөгөн нерселер акыркы орунга сүрүлүп баратса чочулайсың да. Натыйжада, “Акыр замандын акыркы чегине, же аёосуз сорттолуу жана тандалуу заманына жетип келдик. (Маслов. Л.И. «Откровения людям нового века»).

Айтор, жалпы адамзатты Кудай өзү сактасын! Кыргыз эли, жерин кошо сактасын! Бирдин кесепети миңге, миңдики түмөнгө тийип кетпесе, болгону! Канчалаган цивилизациялардан бери элибизди жоготпой сактап келген Кудайым бул өткөөл мезгилде да адамзатты, анын ичинде кыргыз элибизди да чоң сыноолор менен алааматтардан сактап, ыймандуу жана жыргалдуу заманга иргеп өткөрүп алат деген ишеничтен үмүт үзбөй жашай берели…

Эй, Инсаният! Жер жүзүндө жашаган адамзат Алтын Доор босогосун аттай баштады. Алдыдагы күрдөөлдүү жылдарда адамдык жаркын касиеттерди туу туткандарды жаркын келечек тосуп алары белгилүү болуп бaратат. Айбандыкка берилгендерди өтө аянычтуу тагдыр күтүп турат. Улуу Жараткан Теңир тааланын жаратылыш жана башка кубулуштар аркылуу берип жаткан эскертүүлөрүн түшүнүп жеткин! Өзүңө берилген ардактуу инсандык милдетти аткарып, эсиңдин барында этегиңди жап!

Жер жүзүндө инсандарга кызмат кылуучу түмөн түрдүү чийки зат, миң түркүм макулук жана нечелеген түрдүү жанзаттар бар. Алар дайыма инсан кызматында болушат. Андыктан, адамзат аларды түшүнбөй, өзүнүн инсандык улуу ишмердиги менен сапатын сактай албаса, мындан уяттуу абал болбойт. Анткени, бул барлыкта Алла таала тарабынан Адам

ойлоп табылды, тактап айканда инсан жаратылды. Инсан да эмнегедир ойлоп табуу жолун улады. Демек, бул жагдай жашоо турмуштун терең сырларынан бири жана инсанга карата Теңир тарабынан колдоо көрсөтүүсү. Албетте, Адамзат өнүгүүсү үчүн инсандын жаратмандыгы негизги ролду ойноп келди. Жаратман адамдар гана коомдун өнүгүшү, Жер жүзүндө тирүүлүктүн уланышына жогорку деңгээлде өз салымын кошо алат.

Инсан өзү жараткан ар бир нерсе үчүн өзү жоопкер жана кожоюн. Адам баласы ал жаратууларды жана иштерди теңирий шыктандыруу аркылуу ишке ашырса, ал нерсе өзүнүкү саналат. Аларда теңирий зарралар жок. Алар жараткан көп нерселер инсандардын өздөрүнүн жашоого келип, кетүүлөрү сыяктуу кыска убакыт кызмат озуйпасын аткарат. Тирүүлүк ишмердик доор табигый ыктыяр негиздеги шарттар менен эрежелештирилген.

Инсандар бул ойлоп табуулар аркылуу өзүнүн жаратуучулук жөндөмдөрүн ишке ашыра башташкан. Атурсун инсан жараткан ар түрдүү машиналар жасалма болсо да инсандардын өз муктаждыктарына кызмат өтөйт. Ошону үчүн инсандарга ыңгайлуулук жаратуу максатында ойлоп тапкан жана жараткан жабдуулар көпчүлүктүн пайдалануусу үчүн маанилүү мүмкүнчүлүк түзөт.

Инсан эсепсиз нерсе эмес. Эгип көбөйтө берүүчү өсүмдүк уругу, же эсепсиз көбөйүүчү мал төлү да эмес. Ал Улуу Жаратуучу тарабынан бирдей эсепте сакталуучу, дайыма күзөтүлүп жана түзөтүлүп бара жаткан аалам перзенти, болочок арзандасы (эркеси). Бирок ал эркелик инсаният атына дак түшүрүүчү бардык адамдарга буюруй бербейт. Андай эркеликке инсандык деңгээлге көтөрүлө алган жана ошо даражага жете алгандар ээ боло алат. Инсанияттын ички жана тышкы касиети, сыпаты, эрежелери жана мыйзамдары, адеп-ахлагы, кулк-мүнөзүнүн деңгээли сыяктуу улуу сапатты өзүндө калыптандыра алгандарга гана буюруйт.

Муну эч ким, эч качан, унутпашы шарт жана зарыл. Ооба унутпасын. Бүтүн барлыктын жаратуучусу Алла тааланын мына мындай эскертүүсүн угуң:

Сен мени кеңдикте жоктогунуң инсан,

Сени мен тарлыкта жоктошума асан (оңой).

Инсандагы түрдүү маселелерди чече алууга жөндөмдүү болгон түрдүү оң жана айкын сезимдер баш мээнин талдоолорунан өтүп жыйынтыкталат. Ал такай өз акыл жана дене күчтөрүн билип туруга жол койбосо, сезиминде чечкиндүү каршылык көрсөтө албай калган абалда жакшылыкка кызмат кылуучу күчтөр аны ал кыйынчылыктан куткарышы мүмкүн. Көктөгү күчтөрдүн кааласа жакшылыкка кызмат кылуучусу болсун, кааласа жамандыкка кызмат кылуучусу болсун, баары бир инсандын өз каалоосун колдоп кетет. Инсан мына ушуну унутпашы керек.

Инсан жер жүзүндөгү бүткүл барлыкка жетекчи жана кожоюн. Ал өзгөлөрдү коргошу жана аларга жетекчилик кылышы керек. Ошону менен бирге ал өзгөлөрдүн беймилдет эмгегинен өнүмдүү пайдаланышына да жол берилет. Бул анын жөндөмдүүлүгүнө жана талантына байланыштуу чечилет. Муну адам баласы ар дайым эсинде сакташы жана ага ак дил түшүнүктөр аркылуу жетиши керек.

Ошондо Сизди ким жаратканды гын, Көктөгү жети асмандагы чексиз-планеталардын ушунчалык тактык менен аракеттенишин, ошондой эле Сизге көрүнбөй жардам берип, Сиздей **тентекбайды эң эркетай** кылып алпештеп жараткан Кудай таала жана анын башкаруу системасынын бар экендигине ишенесиз.

## Адамдын структуралык түзүлүшү

Адам жөнүндө туура багыт алуу үчүн эң оболу адамдын толук түзүлүшүн аныктап алышыбыз зарыл. Анткени биз өз түзүлүшүбүз кандай элементтерден тураарын толук билбей туруп башка нерселерге баа бере албайбыз. Адамдын

түзүлүшү сиз ойлогондой жөп-жөнөкөй эмес, ал өтө татаал жана кереметтүү болуп жаралтылгандыктан, адамзат тукуму аны миңдеген жылдар бою тактап биле албай жаңылыш түшүнүктө жүрүп келди.

Адамдын түзүлүшү татаал жана керемет экендигин «Куран» китебиндеги алигече сыры ачыла элек «Йасин» сүрө сөзүнүн «и» баш тамгасы менен башталган «илли нахар» түшүнүгү кыргызча – татаал курамдуу керемет делип которулат. Кийинки учурда бул сүрөнүн кайсы тилде экендиги жөнүндө катылуу сырларын ачып берүү аракеттери жасалууда. Баса, бул сүрөнүн мааниси түркий тилдер аркылуу гана чечмеленип жатканы, өзүнчө китеп болуп жарыяланып жатышы да бекеринен болбосо керек.

Эмнени болсо да билип алуу үчүн алды менен алардын структуралык курамдары кайсыл элементтерден турарын үйрөнүп алуу абзел. Андан соң ошол элементтерди жакшылап үйрөнүп, жеткиликтүү түшүнүккө ээ болгондон кийин гана ал затты ойдогудай билүү мүмкүнчүлүгү жаралат. Мисалы, адамзат суунун структуралык формуласын билгенге чейин анын чыныгы курамын жана өзгөрүүлөрүнүн сырларын аныктай албай келген.

Азыркы илим боюнча суунун структуралык формуласы $H_2O$ элементтеринен турары аныкталган. Андыктан, учурда элдин баары суунун суутек жана кычкылтектен турарын мыкты билет. Ошонун сыңарындай Адамдын структуралык курамы дагы 4 субстанциялык элементтен турарын биз азырга чейин жакшы билбей келгенбиз. Ошондон улам материалисттер адамзатты макулук-айбан маймылдан пайда болгон деп тастыктап, баш айланткан алдоолорго чейин барган. Акыйкаты, адамды ар тараптан жакшылап изилдеп өздөштүрүү гана керемет сырлуу Адамзаттын чыныгы сырларын ачып билүүгө жол ачат.

Миңдеген жылдар бою бул элементтерди өздөштүрүүдө же көңүл кош мамиледе болдукпу, же ишенбөөчүлүк менен жаңылыштык өкүм сүрүп келдиби, айтор адам үчүн эң керектүү нерсени билип алууну көңүлдүн сыртында

калтырып келдик. Андан да жаманы адамзаттын душмандары болуп эсептелген терс күчтөр атайылап адамдарды байлык менен азгырып, туура ишеними менен түшүнүгүнөн адаштырып, таптакыр маңкурт-макулуктардай кылып, байлык менен бийликтин кулу кылып, жетелеп алышты!

Ошондон улам адам менен айбандын структуралык түзүлүшү бирдей деп кабылдап, айбанга эмнелер керек болсо адамга да ошолор гана керектей түшүнүккө кирип кеттик. Натыйжасы, биз ойлогондон да ачынарлык болду. Көпчүлүк адамдар катардагы айбан сыяктуу жашоо ыкмасын кабылдап, күн өткөрсө, курсагы тойсо, айтор дене муктаждыгына гана керек нерселер үчүн жашап калышты.

Ошондуктан оболу адамдын структуралык курамы кайсы элеметтерден турарын аныктап алалы. Адамдын структурасынын негизин анын аң-сезимдүү элементи болгон рухий тарабы түзүп, адамдын Руху анын денесин жетелеп, ал эми дене болсо аткаруучулук гана милдетти аткарат. Ал эми дене түзүлүш эмнеден турарын элдин баары мыкты билет.

Бул жерде адамдын денеси жана Жаны тууралында да айтып берүү зарыл болуп туру. Ал бизге тааныш жана белгилүү. Дене түзүлүш адамдын тышкы корпусу болуп, ички Жан дүйнө элементтеринин буйруктарын аткаруучу элемент болуп эсептелет. Дене ой жүгүртпөйт. Анда ишеним жана ушул сыяктуу Жан дүйнө түшүнүк сезимдер жок. Ал эми Жан адамга аракет берүүчү негизги кыймылдаткыч күч – мотор. Жан болбосо, кыймыл-аракет да жок, жандуу жашоо да жок.

Адамдын ой-пикири, ишеними, сүйүүсү, адеп-ахлагы, кулк-мүнөзү, адамгерчилиги, жакшылык менен жамандыгы адамдын рухий касиетине же ички Жан дүйнөсүнө тиешелүү маселе. Айбандардын Руху менен Асылзаты жок болгондуктан алар мындай аң-сезимден жана акыл-эстен кем жаралган. Ал эми, айрым бир иш-аракеттерди айбандар инстинкт аркылуу гана жасашат.

Адам Руху ага Кудай таала тарабынан берилген, аны жакшы жолго жетелөөчү, тарбиялоочу күч болуп, ал адамдын

ичинде жайгашуу менен өзгөчө жардам берүүчү касиетке ээ. Андан башка да, адамдын негизин түзүүчү дагы бир элемент анын Өзөгү эсептелет. Адамдын негизи деп саналуучу бул элемент адам каза болгондон кийин, Дене жерге берилгенден кийин да жашарын туя жана түшүнө билген тубаса билимдүү Кыргыз эли аны Арбак деген сөз менен эзелтен түшүнүктүү аташкан. Башка элдердин көпчүлүгү адамдын өзүн тирүүсүндө да, каза болгондон кийин да бирдей аталышта айтышса, кыргыз эли аны өзү же Асылзаты жана Арбак деген сөз менен түшүнүүгө жана элестетүүгө оңойлотуп бере алган.

Ошентсе да, Жарык дүйнөдөгү адамдын Өзү, Өзөгү, Асылзаты деп аталуучу түшүнүктү көпчүлүк адамдар так билбегендиктен улам, ошол эле сөздүн Наркы дүйнөдөгү Арбак деген аталышын мыкты түшүнүп, сактап келишкен. Түйүлдүк пайда болгондо эле адамдын өзү менен денесине Жан жана Рух сырттан Кудай тарабынан анын ичине кошуп берилип, бул төрт элемент бири-бирин толуктап жашап турат.

Биздин түшүнүгүбүздө Рух Мавжудаттын малика түрү, ал эми Жан мавжудат түрү болуп, алар периште сыяктуу түшүнүккө ээ. Жан деген элементти адамдар жакшырак түшүнүшөт, анткени ал адамды аракеттендирип туруучу мотор милдет аткарат. Жан болбосо кыймыл-аракет да, тирүүлүк жашоо да жок. Ал эми Денени Рух биротоло таштап кеткенде адамдын курамындагы Руху, Жаны жана Арбагы Денеден ажыралып өлүм абалы пайда болот.

Албетте ар бир динде адамдын Ким экендиги жөнүндө ишаралар бар. Бирок, жалаң бул ишаралар азыркы адам таануудагы биздин түшүнүгүбүздү толук камтый албайт. Бул ишараларды ар тараптан чечмелеп, Көктөгү инсандын чыныгы ордун аныктай алганыбызда гана адамзат андан ары туура өнүгүү даңгыр жолуна түшөт.

Рух (орусчасы Святой Дух) маселеси айрыкча Библия китебинде кеңири берилип, ал китептеги Рухту түшүндүрүүдө адамдар тарабынан ага ашкере ашыкча баа берилип кетип, Рух Кудайга шерик сыяктуу деңгээлге чейин жеткирилген. Ошондуктан кийинки маалыматтарда Рух



Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49413

жөнүндөгү түшүнүктөр чектелип берилип, аны убакты келгенде өзүң акылыңды иштетип таап аларсың дегендей таризде купуя калтырылган. Рух адамды жетелеп, тарбиялап үйрөтүүчү. Анын орду адамдын өнүгүшүндө олуттуу. (Библия, Ветхий завет, Мусанын биринчи китеби 6:3).

Ошондон улам 14 кылым мурда ислам дини пайда болгондо Рух маселеси адамдардын түшүнүгү үчүн оорураак экендиги белгиленген (Куран, 17-сүрө 85-аят). Рух көзгө көрүнбөгөн, колго кармалбаган адамды жакшы тарапка жетелөөчү элементи болуп, ал Кудайдын өзү тарабынан Адам жаратылып жатканда эле кошулуп коюлган. Мисалы: Рухту-куранды вахий кылдык (Куран 42-сүрө, 52-аят), Иса бини Мариямды Рух-ул Кудус менен кубаттандырдык. (Куран 2-сүрө, 87-аят).

Адам баласы үчүн эң сырдуу жана белгисиз сакталган анын дагы бир элементи – Өзү (синонимдери: Арбагы, Өзөгү, Шайы, Асылзаты,) жөнүндө кыскача түшүнүк бере кетели. Ыйык «Куран» китебинде бул Аслият же Нафс сөзү менен берилип, Нафс сөзү алкым, кекиртек маанисинен башка да **Өзү** деген негизги мааниге ээ (Куран, 5–30). Адамдын Жарык жана Наркы дүйнө жашоосунда да бул элемент, же Өзү негизги ролду ойноп, адамдын жеткилеңдешин же төмөндөшүн, жакшы же жаман жакка бурулуусун чечип, шарттайт.

Тилекке каршы айрым котормочулар менен чечмелөөчүлөр Нафс же кыргызчасы Напис сөзүнүн негизги маанисин жакшы түшүнө бербей, өзүңдү (шайыңды, өздүгүңдү) тый деген түшүнүктүн ордуна алкымыңды, кекиртегиңди тый деген гана тар маанисинде элге жайылтып жиберишкен. Ошондон улам азыркы учурда **напис** деген сөздү көпчүлүк адамдар алкым деп гана түшүнүшүп, анын чыныгы мааниси адамдын Өзү экендигин анча андап биле албай келишет.

Баса белгилей кетчү нерсе, айрым адамдар, атурсун диний ишмерлер да адамдын Өзүн (Арбагын, Шайын, Аслиятын) анын Руху менен алмаштырып, чаташтырып

колдонгон учурлар көп. Бул, албетте, туура эмес. Анткени, адамдын өзү жана Руху өз алдынча, айрым-айрым элементтер. Арбагы болсо адамдын өзүнүн наркы дүйнөгө баргандагы аталышы болуп, адамдын чыныгы өзү болуу менен бирге анын бардык иш-аракеттерине жооп берүү менен же жаза, же сыйлык алуучу жападан жалгыз элементи.

Адамдын написи же өзү адамдын негизи болуп, эки дүйнөдө тең түбөлүккө адамдыкты такай алып жүрүүчү элемент болсо, Жан адамга аракет жасоо үчүн, ал эми Рух аны жакшы жолго жетелөө үчүн Кудай тарабынан жарык дүйнөдө гана кошуп коюлган. Адам өлгөндө анын Руху адамды таштап чыгып кетсе, адамдын өзү болсо анын жакшы жана жаман иштерине наркы дүйнөдө Арбак деген аталыш менен алып баруучу, тирүүлүктө жасаган жакшы, жаман аракеттери үчүн жооп берүүчү элемент.

Айрыкча адамдын Арбагы кыргыз тилинде башка тилдерге салыштырмалуу кеңири түшүнүктө колдонулуп келген жана колдонулуп келүүдө. Анын арабча котормосу Аслият же Нафс болсо, кыргызча синонимдери Асылзат, Шай, Өзөк жана Арбак болуп эсептелет. Элибиз «ала кушту атынан ата» деп айткандай, бул элементтерди, Арбак-Өзөктү Рух менен чатыштырбай айрым-айрым колдонуу керек.

Араб тилинде бул элемент Аслият же Нафс сөзү менен берилгенине карабай, диний ишмерлер бул элементти Рух сөзү менен алмаштырып колдоно беришет. Ал эми бул эки элемент бири-бирин алмаштыра албайт, экөөнүн милдети да, орду да эки башка. Ойлоп көрүңүз, Дене менен Жанды биринин ордуна экинчисин колдонуу деги эле мүмкүн эмес. Муну түшүнбөгөндөр биринин ордуна экинчисин колдонуп, адамдын ички тарабын түшүнүүгө чоң тоскоолдуктарды жаратууда.

Көп элдерде адамдын негизин түзгөн Өздүгүн даана түшүндүрүүчү сөз жокко эсе. Мисалы мындай ачык-айкын сөздүн жоктугунан улам бул элементти орус тилинде түшүндүрүү үчүн Душа, Дух деген сөздөрдү чалкештирип колдонуп келишкен, ал эми жакындан бери бул элементти

истинная сущность, истинная Я, же Я есмь деп да колдонуп келүүдө. Жакындан бери гана адамдын бул элементин Сущность человека деп так даана атай башташты. Ал эми мындай көрүнүш дүйнөнүн көптөгөн элдеринде орун алган.

Акылман Кыргыз эли эзелтен адамдын негизги элементин Жарык дүйнөдө Өзү, Өзөгү, Өздүгү, Шайы, Азылзаты деп, ал эми Наркы дүйнөдө болсо Арбагы деген сөз менен атап келишкен. Мындан улам, элибиз бул элемент адамдын негизин түзө тургандыгын, деги эле, адамдын структурасын, же ички Жан дүйнө тарабын мыкты түшүнгөнүн айкын аңдайсың. Адамзат Наркы дүйнө кандай экендигин жана анын ички Жан дүйнөсүн түкшөмөлдөп жүргөндө, биздин ата-бабалар байыртан бул сырдуу дүйнөнү жакшы билишкен деген тыянакка келесиң. Жогорудагыдай мыкты түшүнүк-байлыктарды иргеп алып, жалпы адамзат инсанияг өнүгүүсүнө муну пайдаланган болсо, адамдын структуралык элементин, анын ички рухий жан дүйнөсүн жана адам таануу проблемасын мыкты өздөштүрүп алууга болор эле.

Бизде «өзөгүң өрттөнгүр» деген сөз бар. Тозокто адамдын Денеси эмес, так ошо Өзөгү (Арбагы) өрттөнөт. Өзөктүн өрттөнүшү Дененин өрттөнүүсүнөн миңдеген эсе азаптуу. Ошондуктан кыргыз тилинде таамай айтылган бул сөз наркы дүйнө түшүнүгүн так баяндаганы байкалып турат. Ошондуктан башка улуттарды туура болсо да, туура эмес болсо да ээрчий бербей, өз элибиздин көөнө артыкчылыктарын аздек колдонуу максат. «Өз агасын агалай албаган, бирөөнүн агасын сагалайт», «каргага теңелип, каздын буту сынылтыр» дейт эмеспи мындайда.

Адамзат көзгө көрүнбөгөн нерселерди капарына албай, көзгө көрүнгөн гана нерселерди таануу аркылуу жалган түшүнүктөргө берилип кетип, инсанияг өнүгүүсүн артка тартып келишти. Эгерде, адам өз көзүнө көрүнбөгөн абаны, магнит толкундарын, энергияны, ой-пикир, сүйүү жана ушундай сезимдерди жокко чыгарып салса, анда адамдар

телевизор, телефон, компьютер, учак, интернет эмне экенин билбей, айбандан айырмасыз жашоосун уланта бермек!!!

Көрдүңүзбү, өз тилибизди тереңирээк изилдей келсек, көптөгөн рухий байлыктарды, адамгерчиликке жана кудайчылдыкка үндөп, жетелеген мыкты түшүнүктөрдү табабыз. Ошондуктан, Кыргыз тилинде жана кыргызчылык түшүнүгүндө тарбияланган муундар кылым кечкен замандар бою ыйман, ынсаптуу, адамгерчиликтүү жана кайрымдуу болуп келген. Андыктан, ошончо узак мезгил өз тилин, таалим-түшүнүгү менен ишенимин жоготпой келген эл кийинки 150 жыл ичинде «акылдуу» элдердин таасирине арбалып, бузулуп жоголуп кетиши мүмкүнбү?! Эмнеси болсо да этият болушубуз керек!

2005 жана 2010-жылдары Кыргызстанда болгон элдик көтөрүлүштөр, адамдык сапаттарды туу туткан кыргыз элинин акыркы айбандык системага урган соккусу болду. Адамдык сапаттары улук элибиз эзелтен алдамчылыкка, өзүмчүлүккө, ач көздүккө, зомбулукка жана жеке адамдын үстөмдүгүнө жол бербей эркин жашап келгенин, мындан ары да жол бербестигин далилдеди. Кимде ким элибиздин бул ишеним түшүнүгүн эске албаса, ал кыргыз биздин коомдон керексиз таштанды сыяктуу сүрүлүп ташталат.

Элибиздин тарыхында жаман адамдарды эң катуу жазалоо өлүм өкүмү эмес, аны **жалгыз макоо** кылып коомдон обочолонтуп сүрүп таштоо болгон. Эл башкарам деп элдин ырыскысына кол салып, анын үдөөсүнөн чыга албай, касамкор аталган эки президентти элибиз коомдон обочолоп, алыс сүрүп салды. Алыста тентип жүргөн алардын тагдырын жылан башына салбасын, Жараткан!

Тилекке каршы, бул жазаны элдин арасында чоңоюп, кыргызча – адамча тарбия алгандар гана туура түшүнүп, ага жол бербөө камын көрөт. Ал эми тиги жетекчи сөрөйлөр, башка эл тарбиясына ээрчип, айбандык жолго канчалык терең түшүп кеткендигин башына иш түшкөндө да анча сезе билишпегендей. Алар акыры бир күнү денеси үчүн топтогон байлыгынан жана жыргап жашап жатам деген

көртирилигинен жадап, эч нерсе көзүнө көрүнбөй, киндик кан тамган мекенимди бир көрүп өлсөм деп самап, өмүрүнүн акырына чейин өздүгүн тирүүлөй тозокко салган азапты кыргыздын алардан башка баласынын эч бирине насип этпесин!

Жарык дүйнөдө адамдын өзүн же негизги бөлүгүн байыркы кыргыз тилинде Шай деген сөз менен да аташкан. Ошондон улам шайма-шай бол, шайым кетти, шайым ооду, шай турам, шайыр деген сөздөр учурда өтө так маанисинде колдонулуп келүүдө. Мезгилдердин кайсы бир мерчемдеринде «тан» деген сөз «дене» деген сөзгө алмашылып, колдонулуп, ушул кезге чейин уланып келатса керек. Арийне Тан деген сөз Кыргызстандын түштүк тарабы менен түркий тилдерде сакталып калган. М.: "Тан жаның аманбы?" деген сөз айкалышы азыр да колдонулуп келүүдө.

Карасаңыз, Шайтан деген сөздүн маанисин дүйнөдө бир да тил алигече ачып бере албай жатса, кыргыз тилинде бул сөз Шай менен Дене деген эки сөздүн айкалышынан түзүлүп, Шайга Тандын үстөмдүк кылуусу, же тактап айтканда Шайдын (Асылзаттын) Дене муктаждыктарына баш ийип жашоого мажбурлануусун билдирет. Мындан келди адамдын денеси анын үзүнү үстүмдүк кылуусун түшүндүрүп жатат. Ал эми айбандык жашоо дегенибиз денеге зарыл болгон нерселерге берилип кетүү менен бирге адам өзүнүн (өзөгүнүн, Асылзатынын) кызыкчылыгын таштап салган болот. Мына ушундай айбандык жолду адамга таңуулаган аң-сезимдүү, акыл-эстүү зат болуп эсептелүүчү мавжудат – **Шайтан** болуп саналат. Мына көрдүңүзбү, Шайтан деген сөздү бабаларыбыз эң мыкты кылып ойлоп таап, бул түшүнүктү жеткилең таризде инсаниятка жеткирип, тарката алган.

Ооба, Шайтан адамзатка инсандык, адамгерчиликтен жаңылып, Кудай жолуна каршы, айбан сыпат таңуулайт. Жараткандын эрежеси боюнча инсан Шайы Танды, же Адамдын өзү денесин жетектеп, башкаруусу зарыл. Андыктан, байлыкты дене үчүн эмес, Шайы (Өзү, Арбагы)

үчүн топтоону рухий, Жан дүйнө байлыгын чыныгы байлык катары эсептешип, а эми муну эң сонун түшүнгөн бабаларыбыз материалдык «байлык колдун кири» деп айта келишкен. Андай болбогондо адам өз денесинин муктаждыктарына гана берилип, маймылга же кайсы бир макулукка окшош жашап калуусу мүмкүн. Албетте, макулук-айбандарда анын Таны (Денеси) анын өзүнө үстөмдүк кылып, денеси үчүн гана жашоого багытталган. Алар денеси үчүн күн кечирүү тагдыр-милдетине ээ.

Шайык деген түшүнүк да байыркы Кыргыз тилинен алынып, ал сөз Шайдын аруулугун, тазалыгын же ыйыктыгын түшүндүрөт. Шайык – бул адамдын ыйыктыгын түшүндүрүүчү сөз болуу менен сөздүн этноними Шайы ак болуп, арууланып, рухий бийиктикке жеткен (орусчасы просветленный) адам. Ал эми араб мамлекеттеринде таасирдүү, же колунда бар адамдарды да шайык деп атап келишүүдө. Анткен менен, материалдык байлыкка жана анын негизинде таасирдүүлүккө жеткендер Шайы ак эмес, терең илим-билимге ээ, арууланган адамдардын Шайы ак болору белгилүү да...

Адамдар руху, Жан дүйнөсү аруу жана арууланбаган болуп бөлүнүшөт. Аларды ээрчитүүчүлөр жана ээрчүүчүлөр деп да коюшат. Анткени, айрым адамдар ички Жан дүйнөсүн жана жөндөмүн өнүктүрө, артынан башкаларды ээрчите алса, көпчүлүк адамдар кайдыгерлик, билимсиздик, деңгеселик кылып, акыл, жөндөм, шыгын же иштетпей, же материалдык байлыкка, жалаң көртирилик тарапка буруп салып, жетеленүүчүлөр сабына кошулуп калат.

Окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча адамдын денесинде топуракта болуучу химиялык элементтер толугу менен бар. Анын ошондой экенин Адам топурактан жасалган деп Ыйык китептерде айтып жатпайбы. Андыктан Адамдын денеси топурактан алынган нерсе катары кайра топуракка кайтарылуусу абзел. Денени өлгөндөн кийин топуракка бербей таштап салуу, ит-кушка жем кылуу, же өрттөө аны

кордоо болуп эсептелип, Жараткандын эрежесине каршы келет.

Адамдын рухий тарабын Кудай талаа өзүнүн нур шоолаларынан жараткандыктан, ал көзгө көрүнбөйт. Муну инсан туя билет. Керек болсо, адамдын Денеси топурактан, ал эми Руху нурдан жаралганын, андыктан көзгө көрүнбөрүн Ыйык китептерди окуп, билип ала алат. Эми, окурман, эгер, Сиз Кудайдын нурунан жаралган инсан экениңизди сыйласаңыз, улуу Жараткан тартуулаган ыйыктыгыңызды таштап салып, катардагы бир айбанга айланып калууга жол бербеңиз! Андай көрпенделик каалоолордон алыс болуңуз! Адамдык наамыңызды бийик жана ыйык сактаңыз!

Ошондуктан, ар бир Инсанды Кудай таала өзүнө окшоштуруп жаратканын, же Улуу Кудайдын өзүнөн жаралган укмуштуу керемет зат экендигин эсинен чыгарбай, ыйык тутуп жүрүшү абзел. Адамдын өзүнө өзү жамандык кылышы, Кудайга жамандык кылуу менен барабар. Өзүн өзү Адам катары таанымбагандар, Кудайды да эч качан таанымбайт! Бул жагдайды туура түшүнө алган адамга аалам менен адамдын, дин менен илимдин жана башка сырларды дембе-дем ачып барууга болот, насибине жакшылыктар буйруйт.

Дагы бир олуттуу маселе, Ыйык китепте зарра деген сөз бар. Аны да биздин улуу муундар колдонуп келишкен. Заррадай акылың жокпу, заррадай пайдаң тийсин деп айтышкан. Бул сөздү терең изилдей келсек биздин бабаларыбыз эзелтен эле **материянын жана идеянын** эң майда бөлүгү **зарра** экендигин даана билишкенин баамдап, таң каласыз. Бул Жарык, Жалган дүйнөдө көзгө көрүнгөн, көрүнбөгөн эң майда бөлүкчөлөрдүн зарра экендигин билип, жана бул сөздү материяга да, идеяга да тиешелүү кылып колдонгон элибиздин рухий жана тил байлыгынын бийиктиги эмеспи. Ооба, өткөндөгү улуу цивилизацияларга тиешеси бар элибиздин руханий мурастарында өтө көптөгөн рухий Жан дүйнө байлыктары катылып жатат.

Азыркы замандагы эң актуалдуу эсептелген Генетика илиминде адам тирик жана өлүк клеткалардан гана турат

деген тайкы түшүнүктөргө байланып, адамзат катардагы акыл-эси жок макулуктар сыяктуу изилденип жана талданып отуруп, адамдын айбандан негизги айырмасы эмнеде экендиги көп айырмаланбай келүүдө. Чынында нерселер тирик жана өлүк зарралардан гана эмес, теңирий же жандуу зарралардан да турарын биздин акылман ата-бабалар алда качан билген. Ал эми муну ачык айтууга убакыт келип жетти.

Эгерде генетиканы изилдегендер клеткаларда көзгө көрүнбөгөн **теңирий (илахий) – жандуу зарралар**дын (клеткалардан да эң майда бөлүкчөлөр) бар экендигин кошушса, Генетика илими глобалдуу ачылышка дуушар болуп, чыныгы өнүгүү ошондо табылмак, арийне. Теңирий-жандуу зарраларды таап үйрөнүп алган инсанга жашоонун, адамдын жана ааламдардын сырларын ачып алууга, Кудай менен адамдардын байланыштуулугун билип алууга оңой болмок.

Ошондо, диний дубалардын, көзү ачык, парапсихолог менен биоэнергетиктердин «сыйкырларын» ачып, түшүнүп алуу мүмкүнчүлүгү түзүлмөк. Кайып дүйнө сырлары, арбактар менен сүйлөшүү, материалдуулуктан турбаган дарылоо жана башка сырдуу кубулуштарды кеңири колдоно билмекпиз. Менделеев Мезгилдик Системаны түшүндө аян менен кандайча алгандыгы сыяктуу керемет кубулуштарды таап алмакпыз.

Эң негизгиси Ыйык китептерде жазылган адамдын Денеси, Руху, Жаны жана Арбак-Шайын түшүнүп алып, алардын кереметтүү байланыштарын так аныктап, адам жашоосунда анын көрүнбөгөн жагы негизги ролду ойной тургандыгынын күбөсү болмокпуз. Ошонун натыйжасында макулуктар менен өсүмдүктөрдүн, заттар менен айланабыздагы курчап турган дүйнөнүн сырларын билип алуу оңойлошмок. Адам таануу менен аалам таануунун, ошону менен бирге Кудай таануунун даңгыр жолдорун таап алмакпыз.

Топтогон материалдык байлыгыңыз Жарык дүйнө үчүн гана керектелүүчү нерсе болуп Наркы дүйнөгө, же

түбөлүктүү дүйнөгө анын мааниси жок. Ошондуктан бул дүйнөдө Дене муктаждыгы үчүн байлык менен бийликке ашкере берилип кетип, ички Жан дүйнө тарабын таштап салып, калтырып болбойт. Адам о дүйнөгө тирүүсүндө топтогон илим-билими менен жакшы жана жаман иштерин ала кетет. Муну азыркы доор адамдарынын көбү туура түшүнө албагандан улам, эси-дарты кара курсагын тойгузуу, баш паанек куруу, байлык менен бийликке ээ болуу сыяктуу көртирилик максаттары менен чектелип, коом үчүн, эл үчүн, адамзат үчүн, жадагалса өзүнүн келечеги үчүн аракет жана жакшылык кылууну унут калтырып, жаңылышып жатышат.

Эгерде Жарык дүйнөнү бир тамчы суу деп алсак, наркы дүйнөнү ал тамчы алынган чексиз суу булагы, деңиз-мухит деп билиңиз. Ошондон улам Ыйык китептерде наркы дүйнө – түбөлүк дүйнө, аны үчүн жакшы иштерди жаса, билим ал, ибадат кыл деп кан какшап жазылган. Азыркы заманда канча адам Денесин өзүнөн жогору коюп, канча адам Өздүгүн Денесинен жогору коюп жатканына байкоо салсаң, дене муктаждыктарына берилип кеткен адамдарды кадам сайын жолуктурсаң, Өздүгүн Денесинен жогору коюп, ыйман-ынсап менен жашап, өзүнүн Жан дүйнөсүнүн кызыкчылыгын алдыга койгон билимдүү инсандар азайып бартканына күбө болосуң. Анын натыйжасында Жер жүзүндө адилетсиздик менен жамандык, түркөйлүк менен билимсиздик, алдамчылык менен жеме корлук, ач көздүк менен адамзатты кыруучулук, убал-сооопту кенебестик түшүнүктөрү алдыга атып чыгып, макулуктан айырмасы жок жашоо өкүмдүү болуп бара жатыры.

Ошондуктан инсанга берилген айбандык касиеттин кээде мавжудаттык (аң-сезимдүүлүк) касиеттен жогору болуп, алардын түшүнүгүнө **кара күчтөрдүн** кирип барышы, тынч жараяндарды бузган абалга такап таштады. Терс күчтөрдүн таасири менен айрым адамдар эки аяктуу жырткыч айбандарга айланып, калган адамдарды маңкуртка айландырып, жетелеп алышып, өздөрүнүн эбегейсиз байлыгын жана бийлигин көздөгөн саясат жүргүзүүдө.

Эки аяктуу ал айбандардын ишенгени акча, байлык жана бийлик. Анын негизинде материалдык турмуштун бардык тарабын ээлеп алып, өздөрүнө керектүү 1 миллиардга жакын сандагы маданияттуу кул, маңкурт адамды калтыруу максатын көздөп жанталашууда. Кудай жалгап, мындай жагдайга жол бербей турган күчтөр учурда улам күчөйө күндөн-күнгө саны арбып баратат. Ошентип, Чарлз Дарвиндин теориясына тескери келүүчү жагдай пайда болууда. Учурда адамдардын бир катары ач көздүк, алдамчылык, жалкоолук, ыкшоолук, билимсиздик жана башка жаман сапаттардын акыбетинде адамдык касиеттерин жогото маймыл макулукка айланып бара жатат.

Ушул жерде, макулуктун бир түрү болгон уйдун жашоосуна байкоо салуу керектей. Уй жүз миң жыл мурда кандай болсо ошол эле бойдон өзгөрбөй келе жатат. Жайытка чыгып оттойт, жатат, уктайт, тоют издейт. Жоголуп да кетет. Күн өткөрсө болгону. Анда үйрөнүү, тажрыйба топтоо, билим алуу жана талдоо, эч кандай ой да жок. Уйдун денеси менен адамдын денесинин айырмасы деле жок. Органдары да бирдей, тирүү жана өлүк клеткалардан турат. Денесинин химиялык составы да бип-бирдей. Ошондуктан ал экөөнүн да дене муктаждыктарынын негизи болуп азыктануу, бошонуу, эс алуу, тукум улоо, ырыскыны тартып алуу, алдуусу алсызын кордоо, дене ыңгайлуулуктарын; баш паанек жана башкаларды табуу саналат. Ал эми адамдын малдан айырмасы адамда ички жан дүйнөнүн болгондугунда, ички жан дүйнөнүн денеге караганда артыкчылыктуу болуп, жан дүйнөнүн биринчи орунга коюлгандыгында.

Дене үчүн жакшылыктын, адилеттүүлүктүн, ишенимдин, илим менен билимдин, бирөөнүн же коомдун кызыкчылыгынын, атурсун ким жана эмненин кандайча жаратылышынын, анын кайда жетип барарынын кереги да жок. Инсандын дене-бой тирүүлүгү же өлүктүгү бул жерде негизги озуйпаны аткарбайт. Себеби Дене бир жолу иштетилип, соң ташталып, жаңысы алынуучу буюмдай

кептигин да биз ачык айкын айта алабыз. Ал эми анын Жаны менен Руху Адам өлгөндө Денени таштап чыгып кетет, алар таптакыр жок болуп кетпестен, кийин пайда болуучу Денени күтөт.

Адамдын Өздүгү же Асылзаты Дене өлгөндө кошо өлбөйт. Ал Наркы дүйнөдө Арбак деген аталышка ээ болуп, адам өмүр бою топтогон анын илим-билим, тажрыйба байлыктарын, жакшы-жаман иштерин да алып кетет жана анын баарына Жараткан алдында жооп берет. Же сыйлык алат, же жаза алат. Уруксат берилсе кайра жаралат, же айбанга айландырылып коюлат. Эгер, ага да татыктуу болбосо күлгө айландырылып, таптакыр жок кылынат.

Инсанда чынында дене абалы жана рухуй абалы менен бирге асыл инсандык абалы (Өзү) болуп, ал денеге биригип кеткен абалында жашайт. Рух Дене тышкарысына чыгып жана өзгө жайларга барып келсе, инсандык Асыл абал Денеден тышкарыга чыгышы кыйын. Адам уйкуга кеткенде Рух денеден убактынчалык чыгып, саякаттап келе алат. Рух Денени таштап кетип, кайта келээр келбесин чече албай арасатта турганда Адамда клиникалык өлүм абалы пайда болот. Рух  кайра келсе Адам өзүнө келет, ал эми Рух Денени биротоло таштап кетсе, анда өлүм абалы пайда болот. Бирок Адамдын Асылзаты, же Өздүгү кээде, сейрек учурда гана Денеден убактылуу тышка чыгышы мүмкүн.

Ушул багытта бир кызык жараянды айтып кетүүгү туура келет Сиз бир адамды ойлоп, аны менен жолугушууну каалайдыңыз. Ошол замат сиздин Рухуңуз ал адамдын Руху менен байланышып, туура деп табылса сизди ал адам менен жолуктуруунун чарасын көрөт Албетте, Рухтар кандайдыр бир себеп жана себепчи табышат, жана силерди жолуктурушат Бирок, сиздер аны байкабайсыздар, анткени рухтар силердин көзүңөргө көрүнбөйт. Азыр эле сизди эстеп турат элем деп таң каласыз. Байкаганыңыз ошол, болгону. Мындай окуялар турмушта өтө көп кездешет, ал эми мындай кадиселердин сырлары ачыла турган убакытка эбак жетип

келдик. Бул да болсо адамдын купуя сырларынын бири, адам таануу багытындагы билип ала турган билимдердин бир учу...

## Рухий топ

Рух же рухий топ адамды жетелеп, коргоп, үйрөтүп жакшы жолго салыш үчүн инсанга жаралганда эле кошуп коюлат. Адамдарда Рух деген түшүнүк кеңири орун алган, ал эми Рух рухий топтун негизги бир мүчүсү. Рухий топтун айрым мүчөлөрүн адамдар мурдатан эле билип келишкен, алар Рух, Жан, Калб сакчысы (Ангел хранитель), Илхам периштеси, Сезим периштеси, Алакачы периште, Дил периштеси, Оң жана Сол периштелери, баары биригип 2 малаика 6 периште жана бир Жан инсанга такай байланган.

Кептин баары адамдардын бул системаны анык билбестен адашкандыгында. Рухий топтун эки мүчөсү, же Рух менен Жан Адамдын ичине биротоло кошуп коюлуп, аны жетелеп аракеттендирсе, калган 6 периште менен 1 мавжудат (Калб сакчысы) адамдын сыртында туруп ага такай жардам берүүгө Жараткан тарабынан байланып коюлган. Инсанга Жараткан тарабынан көптөгөн аң-сезимдүү заттар жардамга чегерилгенине карабай, учурда иш ойдогудай болбой жатканын ар бир инсан беш колундай билип турат.

Инсанга эрк-ыктыяр Кудай тарабынан толук берилгендиктен, Адамзатты ким жолдон адаштырып, ким жардам бербесин, акыркы чечимди адамдын өзү кабыл алат. Андыктан, Адам баласы кээде «насыя куйруктан нак өпкө жакшы» деп, көзүнө көрүнүп турган материалдык «нак» нерсеге берилип, айбан сымал ыйман менен адамгерчилик сапатын жерип кетүүдө. Муну пенделердин жардамы менен терс күчтөрдүн убактылуу жеңишке жетишүүсү деп айтсак болот.

Баса, Д. Менделеев Мезгилдик Системаны түшүндө аян менен көрүп, ойлоп тапкан ал жаңылыгын 40 жыл бою далилдеген. Албетте ага бул ачылышты Рух тобунан Илхам

периштеси узаткан. Инсандардын көңүлүнө салган, түшүнө баяндаган, көзүнө көрсөткөн нерселердин баары Кудай таала жана анын Көктөгү кызматкерлеринин иши. Чыгармачыл инсандарга Илхам периштеси көп байланган, ошондуктан аларда илхам күчтүү болот деп коюшат. Байкасаңыз, периштелер (оң күчтөр) адамзатка узаткан жардамдар менен жер жүзүндө канчалык өнүгүү болуп кетти. Эгерде терс күчтөргө эмес, оң күчтөргө ээрчисек, учурда адамзат өнүгүүсү мындан дагы канчалык бийиктикке жеткен болор эле…

Жазуучулардын жазган чыгармалары, сүрөтчүлөрдүн тарткан сүрөттөрү, окумуштуулардын ачкан илимий ачылыштары да Рухий топтун мүчөсү болгон Илхам периштесинин адамдын көңүлүнө салуу аркылуу берип жаткан көмөгү. Айтор көңүлүңүзгө кылт этип келип жаткан ар бир ойдон рухий топту көрсөңүз болот. Ал эми аны кабыл кылуу, тандап алуу эркиндиги ар бир адамдын өзүнө берилгенин унутпаңыз...

Адам канчалык Кудайга жакындаса, билимге ээ болсо, канчалык жакшы иштерди кылса, анын Жан дүйнөсү (Руху, Өзү) ошончолук арууланып, бийиктикке көтөрүлүп, таза болот. Ал канчалык жаман иштерди кылса, билимсиз, деңгесе болсо, Кудайдан алыстай берип, анын Жан дүйнөсү төмөндөп, ыпластана берет. Ошондуктан жасалган ар бир жакшылык иш, топтогон тажрыйба менен үйрөнгөн илим-билим, кылынган ибадат менен таза ниет адамдын Жан дүйнөсүн байытууга чоң салым кошот.

Таза Рухтуулардын ден-соолугу да чың болуп, иштери да жүрүшүп, туңгуюктан жол таап кетүүгө жөндөмдүү болот жана алар башкаларга жагымдуу болот. Ал эми наалыма, асан кайгы, шүгүр кылбаган, Руху төмөн адамдардын ден-соолугу начар болуп, иштери жүрүшпөй, адашып-чаташып, туура жолун таба албай, башкаларга жагымсыз боло башташат. Байкап көрсөңүз, Кудай дегендердин жана билимдүүлөрдүн иши жакшы жүрүшүп кеткендигинин күбөсү болосуз.

Себеби, күчтүү рухтар күчсүз рухтарга чабуул уюштуруп турат. Аны менен катар күчсүз рухтар күчтүү рухтардан кубат алышы мүмкүн. Рухий кубаттар да өз кубаттарын нур таркаткандай таркатып туруу касиетине ээ. Өзүнөн өзгөгө өткөрүү жана өзгөдөн өзүнө кабыл кылуу сыяктуу касиеттери бар болуп, муну али көп инсандар түшүнө албай жүрүшөт.

Маселен айрым инсандар менен сүйлөшсөңүз өзүңүздү жеңил сезесиз, айрымдары менен сүйлөшүү сизге оор, кысылуудай туюлат. Айрым инсандардын алдынан кеткиңиз келбейт, айрым инсандардын алдына келгиңиз келбейт. Себептери рухий топтордун өз ара достошуусунда же бири-бирине шайкештигинде, өз ара жагымдуулук жагдайында. Рухий топтордун бири бирине туура келбестиги бири-биринен алыс, узак турууну каалатат.

Күчсүз рухтардын күчтүү рухтардан жеңилиши жана айрым күчтүү рухтардын күчсүз рухтарга таасири сезилээрлик болушу табигый. Күчсүз рухка тарапташ майданга түшпөгөнчө күчтүү рух таасиринен чыгышы оор болот. Муну инсан өзү да сезбейт. Жалаң рухий төмөндүктү да сезбеши, себебин да билбеши мүмкүн.

Мындай абалдар инсандар ичинде байыртадан маалым болгон жоймочулук, киннечилик, окутуу, дубачылык түрлөрү, касидачылык, күчтүү кубаттар аркылуу душмандан кутулуу сыяктуу абалдарда чагылдырылат. Айрыкча, айрым мавжудаттардын инсанга чабуулдары аркылуу алардын түрдүүчө ооруксунушу мүмкүн.

Айрым инсандардагы күчтүү таасир эте алуу касиеттери, мавжудаттардын таасир этиши сыяктууларда айрым руху күчсүзүрөөк инсандар оорушу, шал болушу, өзүнөн кетиши, денедеги ооз, көз жана башка мүчөлөрүнүн «тартылып» калышы, эсинен кетиши сыяктуулар ушул инсанга карата өзгөлөрдүн таасир этүүлөрү натыйжасында пайда болот.

Мындай ооруларды дабалоо иштери рухий кубаттуу адамдардын, дубага байланган өкүлдөрдүн, мавжудаттар менен алака түзгөн инсандардын аралашуулары аркылуу шыпаа табат. Эгер руху күчтүү жана рухий аруу адамдар

ооруп калса, аларга чанда гана рухий инсандардан башка эч ким шыпаа таасир көрсөтө албайт. Айрым адамдар рухий жагынан төмөндөп кеткенде ооруп калса шыпаа таба албай кыйналат. Андайларды врачтардын сакайтып жибериши оор. Рухий жагы төмөндөгөн инсандардын ооруга каршы иммунитети сөзсүз төмөндөп кетет. Дары таасир этпей калса, алардын Рухун көтөрүү иш-чаралары колдонулушу талап.

Мисалы, СПИД менен ооруган адамдын иммунитети өтө төмөндөп кеткендиктен, аны жөн эле дары менен дарылоо натыйжа бербейт. Анын иммунитетин же рухий жагын көтөрүү менен айыктыруу мүмкүндүгү бекер айтылып жатпагандыр. Адамдын Рухун көтөрүү анын иммунитетин жогорулатат. Иммунитеттин жогорулашы организмдин ооруга каршы натыйжалуу күрөшүүсүнө жана айыгууга жол ачат. Ошондуктан азыркы замандын шыпаакерлери адамды ар тараптан дубалоого үйрөнүүсү абзел. Учурда врачтар менен катар эле түрдүү рухий табып, ыйык дубалар менен, көктөгү ыйык күчтөрдүн жардамы менен дабалоочулар көбөйүп баратат. Андыктан ал дабакерлер менен бирге ооруу адамдын ой ыкласы, ниети жана пейили таза болушу шарт.

Биз, рухий таасирлер менен жашайбыз деп беймарал айтуубуз жана аны унутпашыбыз зарыл. Анткени ар бир инсан өз рухий абалына ылайык жашайт. Өз пикиринде көлдөлөң туруп калган жана жолун тосушу мүмкүн болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн иш жүргүзөт жана өзүнө макул келе турган пикирий логикалык варианттарды колдоого умтулат. Бул өтө жакшы аракет, пикир, көңүлдү тазалоочу жакшы иш. Себеби, жашоодогу ар бир кадамда да, көктө да, туш келиши мүмкүн болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн инсандын пикир жүргүзүү жараянында дайыма кең ойлонуу, же ар түрдүү таза варианттуулук болушу зарыл.

Адамдар өздөрүнүн рухий тарабын жон териси менен сезип, бир нече миңдеген жылдар бою анын пайдасын көрүп келе жатканына карабай, бул маселеге «окумуштуу» сөрөйлөр аягын тиреп алып, көгөрүп каршылык кылуусу уят болуудан башка жакшылыктуу эч нерсеге алып келбей жатат.

Ошондуктан замандан артта калбаш үчүн материалдык тарап менен рухий тарапты тең алып барууга мезгил эчак эле жетти.

Азыр адамдар кыйналган кезде молдолорго окутуп, энергетикасы күчтүү адамдарга каратып оңолуп жатышы сыр деле болбой калды. Мындай иммунитеттин жасалма жол менен тез жогорулашын жана тазаланышын адамдын Рухуна окулган дубалардан жана биоэнергетикалык таасирлеринен билип алсаңыз болот. Жакшы иштерди аткарган, тооптуу, ниети таза, пейили ак, шүгүр келтирген, шайыр жүргөн жана ибадат кылган адамдардын Руху же Жан дүйнөсү бийик жана иммунитети күчтүү болуп, жүзүнөн дайыма нур таамып, оору-сыркоо билбейт.

Жогоруда айткан жакшы иштер адамдын Рухун жогорулатат жана аруулайт. Ал өз кезегинде анын Өзүн жөндөмдүү, таланттуу, туңгуюктан жол тапкыч кылат. Ошондой эле Дененин иммунитетин жогорулатып, оору, сыркоо жакындатпайт. Жакшылык иштерди аткаруучулар өздөрү гана ар тарап ийгиликтерге жетишпестен, башкаларга да жакшылык кылуу негизинде Жараткандын алдында да жакшы сый-урматка татып, инсандык ибадаты жогорулап турат.

Ал эми шүгүр кылбаган, асан кайгы, ач көз, көрө албас, жемекор, зордукчул, текебер, ичкич, кумарпоз, наркоман жана жаман ниеттүү адамдардын Руху менен иммунитети төмөн болот. Алар ооруга да туруштук бере албайт. Айрым учурда Руху Денени контролдой албай калып, өзүн-өзү өлтүрүүгө чейин барат. Алардын Руху төмөндүгүн тышкы көрүнүшүнөн, жүрүш-турушунан жана сүйлөгөнүнөн эле аныктоо мүмкүн.

Дагы бир кызыгы, жакшы адамдын шарапаты өзүнүн жакындарына жана 9 авлад-теги менен урпактарына чейин тийип турса, жаман жүргөн адамдардын кесепети өзүнө гана эмес, 9 авлад-теги менен урпактарына, жакындары менен үй-бүлөсүнө жана айланасындагыларга чейин тиет. Мисалы, бир банги саткычтын же жемекор-жегичтердин үй-бүлөсүндө

балдары же инвалид, же бактысыз же аялы же күйөөсү оорукчан. Ал байкуштардын өзүнүн күнөөсү жок болгону менен, жакынына келген балээни тосом деп таза Рухтары ушундай азапка түшөт. Андай балээни таза рухтуу адамдар гана тосо алат.

Кудайым ушунчалык чебер болгондуктан эч бир жакшылык менен жамандыкты кайтарымсыз калтырбайт. Анын баары убакыт жана анын өлчөмүн бөлүштүрүү маселесинде турат. Кылган жакшылыгыңыз менен жамандыгыңыз дароо кайтарым бере коёт деген жаңылыш түшүнүк, анткени Жараткан кээде тез, кээде бабалары менен укум-тукумуна чейин кылган жакшылыгы сыйлык менен жамандыгынын сазайын берип коюуга жөндөмдүү. Андыктан, жаман жүрүм-турум менен жакындарыңызды кыйынчылыкка салып койбоңуз, азиз инсаным!

Ошондон улам бул багытта бир мисал келтире кетейин, адептүүлүк үчүн ал адамдын аты-жөнүн атабай эле коёлу. Колунда бар бир таасирдүү адам жалпы республиканын элинин акысын көп жылдарга чейин билдирбей жеп туйтунган эле. Ал жер-жерлерде, Бишкекте там-таш, кыймылсыз мүлктөрдүн ээси болду, материалдык жактан бала-чакасына чейин камсыз кылды. Бирок ал адамдын бир уулу наркоман, экинчиси кумарпоз болсо, кызы да жамандыкка кабылды. Ал адам дале иштеп, аялы болсо бир машинаны минип алып, балдарынын артынан жүргөнү жүргөн. Үй-бүлөдө тынчтык да жок. Жакшылык да жок. Ар мүнөт, саат сайын алар коркунучта жашаганы, жашаган.

Бир жагынан жулсаң, экинчи жагынан алдырасың, деген ушул. Элди билдирбей алдаганың менен, Кудайды алдай албайсың! Ушундан улам, материалдык мынча байлык топтоо зарыл беле деп ойлойсуң. Андан көрө Рухун көтөрүү аракетин жасаса болбойт беле?! Мамлекетибизде мындай жетекчи адамдардын болушун кантип түшүндүрсө болот? Бул өлкө жетекчилиги да тазаланышы, арууланышы керек дегенди айтып турат...

Инсандын тышкы абалы-дене көрүнүшү. Инсандын денесин көрүп жана текшерип, анын түрдүү абалдарын үйрөнүү менен түрдүү билим, тажрыйба топтолгон. Дагы да түр-түмөнү топтолууда жана али чегине жетпегендей, жетпейттей сезилет. Себеби, дене абалы адамдын ички абалына, инсандын жерге караганда Көккө көбүрөөк байланган мавжудат болгонунда.

Бул жөнүндө инсандын өзү жетээрлик маалыматка ээ боло албай келатат. Инсан өзүнүн Көк менен байлангандыгын жана анын организмин башкаруу, же жолго салуу үчүн үч түрдүү мавжудат бириктирилгенин да аңдашы керек. Анын биринчиси **Рух** деп аталат. Мавжудаттардын малаика түрүнө кирет. Экинчиси да малаика, аны инсандын негизги **башкаруу Сакчысы** дейт. Үчүнчүсү Жан ибн Жан **(Жан)** болуп, инсанды аракеттендирет. Калгандары **6 даана periштe** түрдүү озуйпаларды аткарышат. Демек, инсанда 2 малаика, бир Жан жана 6 периште бар. Бул **9 мавжудат** ага такай колдоо көрсөтөт.

1. **Рух.** Рух – негизги малаика болуп, анын озуйпасы ушул инсанды жетелөөчү жетекчиси жана ушуга жооп берүүчү малаика болуп саналат. Анын дене менен биригип турушу да, денеден чыгып жүрүшү да өз ыктыярында болот. Инсан өзүнүн ушул Руху аркылуу өздүгүн Көккө тааныткан. Рух инсанга түбөлүк жоопкер. Көк тарабынан берилген тапшырмаларын ага өткөрөт жана колунун келгенче аны башкарат. Инсан өлүмүнөн соң башкалар менен боло турган мамилелерде денеге тиешелүү бүткүл жасад иштерди Рух аткарат. Анткени жасад эми аракеттене албайт. Анын озуйпасы түгөнгөн эсептелет. Рух инсандын тирүү учурунда кылган бүткүл аракеттеринен кабардар болот. Инсан өздөштүргөн илимдер, ыр ырдоо, сөз сүйлөө жана башка түшүнүктөрү болот. Мындай иштерде Рух көмөк берет, же ал ишке жетелеп турушу мүмкүн.

Инсандын кылдаттыгы, баш мээ аркылуу берилип жаткан кабарларга маани бериши, дилине салынып жаткан түшүнүктөрдү аңдап жетиши сыяктуу жараяндар, өзү

керектүү пикирди тандап, анын пайдалуу тарабына карап, иш кылышы, же болбосо ишке ашырышына байланыштуу болот. Рух инсандын ар бир иште туура жол таба алуусуна мүмкүнчүлүк берүүчү пикирлерди талдайт. Бирок, туура жол табууда инсан кайдыгерлиги, деңгеселиги өңдүү тескери каалоолору акыбаты келген мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгарат, же сабатсыздыгы пайдалуу тарапты түшүнүүгө кудурети жетпейт. Рухтун озуйпасы өтө көп. Рухтар жөнүндөгү билдирүү өзүнчө берилгендиктен, бул жерде ага токтолуу кажетсиздей.

2. **Калб сакчысы** (Ангель Хранитель). Өз мүмкүнчүлүктөрүнүн даражасында инсанды жолго салып баруучу жана дайыма ага сакчылык кылуучу малаика. Бул малаика баш мээ аркылуу Рухтан алган озуйпалардын, аракет жана жараяндагы түрдүү мамилелердин багыт тарабын инсанга айтып, аны туура жолго салууга умтулат. Ал инсандын мээсиндеги бүткүл пикирлерди тартипке салуучу, жана инсандын коргоосу менен алектенүүчү малаика. Инсан жашоосундагы түр түйүндүү маселелер, түр-түмөн турмуштук майда-чүйдө пикирлер Калб сакчысынын кароосунан өтөт. Мээни башкаруу борбору өз ишмердиги үчүн эрежелерди Калб сакчысы малаикасынан алат. Инсан же жакшы, же жаман ишти аткарууга киришпесин, Калб сакчысы өз ой жүгүртүүсүн айтып турат. Бирок, бардык нерседе инсан сунуш, ой-пикир, эскертүү менен баарыга кам көрө албай, түрдүү адашууларга дуушар болот.

Калб малаикасы инсандын акыл өнүгүүсүн бышып жеткизүүгө умтулат. Ал малаика инсандын жашоосун өз назаратында катуу сактап турууга умтулат. Ал инсандын бүткүл кылмыштарын белгилеп, анын Көк менен алакада экенин эскертип да, эстетип турат. Бирок, калбыңа кулак сал дегенди уккан менен аны ишке ашыруу ар убакта эле жадыңдан анча өйдө көтөрүлбөс абалда сакталат.

3. **Жан ибн Жан (Жан)**. Бул айрым түрдөгү мавжудат. Ал инсандардан мурун жаратылган мавжудат түрү болуп, аракетчилдиги менен башка мавжудаттардан барктуу, пикир

жүргүзүү жана изденүүгө шыктуу. Аны Алла таала инсанды аракеттендирип туруучу каражатка айландырган. Инсанга берилген малаикалык сыпаттык жана айбандык абалын төп келтирүүчү каражат болуп кызмат кылуу Жандардын мойнуна жүктөтүлгөн. Инсандык тирик аракеттенүүчү зарралары, же болбосо мавжудат түрү инсан денесине ылайык шайкештештирип берилген жана анын ишмердүүлүгү аркылуу Жарык дүйнөдө «тирүүлүк» уланат.

Эгер алар өз озуйпасын аткарбай койсо инсандын Жарык дүйнөдөгү ишмердиги токтойт. Тактап айтканда өлүм абалы пайда болот. Эгер Калб сакчы малаикасы инсандын баш мээ борборунда туруп, анын бүткүл аракетин жолго салат. Жан ушул аракеттерди аткаруучу сыпатында инсанды аракеттендирип, Қалб малаикасы баш мээде жайгашкан себептүү, баш мээ күчтүү соккудан өз ишмердигин жарым жарты токтотуп, эстен тануу абалына түшөт. Бирок, анда адам өлбөйт. Эгер инсанда аракеттенүүчү негиз сыпатында жүрөк жана баш мээ аралыгына жайгашкан Жан өз аракетин токтотсо, жүрөк да токтоп, анын артынан башкалары да өз ишмердигин токтотууга мажбур болот. Рухтун мындагы озуйпасы абалга карап уруксат этүү, же өзү менен байланып туруучу башчыга эсеп берүү жана анын уруксатына карап денедеги абалды белгилөөдө турат.

Эгер тулку бой-дене жашоо мүмкүнчүлүгү калбаса, көк кызматкерлери өз кызматчыларын денеден чыгарып алат. Дене болсо жер топурагынан алынган түшүм сыпатында жердин өзүндө калтырылат. Аны менен катар инсанга төп келген эки кыл абал ажыратылат. Демек, инсандагы малаика асманга алынат да, жердик - айбандык касиет жерге берилет. Ушундай болуп, инсандын жерге бир келип кетүүчү, же сыноодон өтүү доору түгөтүлөт.

4. **Дил периштеси**. Инсанга кызмат кылуучу алты периштенин бири. Бул периштенин милдети – инсандын арзуу тилегин, каалоо жана умтулууларын, шыктарын чагылдырып туруу. Анын милдети инсан көргөн, билген, уккан, сезген жана башка жараяндарды, түрдүү маалымат

кабыл кылуу. Аны өздөштүрүүсүнүн, андан тыянак алуусунун, ага мамиле билдирүүсүнүн негизинде жүзөгө келген натыйжалуу жыйынтыктарга талдоо жүргүзүү аркылуу инсан багытын жолго салууга умтулат. Инсандын акырындык менен өнүгүү жараянында ал өнүгүп барат да, жеткилеңдешет жана инсан умтулууларын чагылдырат. Дил периштеси инсандын каалоосуна мүнөздүү болгон негиздерди өнүктүрө барып, инсан өнүгүп жетишине негиз жаратат жана ушул негиз аркылуу түрдүү эреже түзөт, аны инсанга тартуу кылат жана аткарууну каалаcа, ага жардам берет.

Инсандын акыл кабылдоосуна дене аракетин дал келтире, инсандын жетилишине жол ачат. Бирок, Дил периштеси инсан топтогон ички жана тышкы тажрыйбалардан жана өз ээсинин идирек мерчеминен алыстап кете албайт. Эгер Дил периштеси өз ээсинин идректүү мерчеминен алыстап кетсе, ал инсан пикирди кабыл албай калат. Инсан туюмдары, ар бир жараянга мамиле билдирүү даражалары дайыма уланып турат. Аны бир калыпка салып болбойт. Бирок, ал өз аймак, чек арасынан тышкарыга чыга албайт. Инсанда топтолгон бүткүл билим жана түшүнүктөрдүн деңгээли жана өлчөмү эч качан бир кылка болгон эмес, болбойт дагы.

Инсандын акыл өнүгүүсүндө ушундай көрсөткүчтөр бар болгону менен аны өлчөө бирдиктери аркылуу белгилөө мүмкүн эмес. Себеби, ар бир инсан өз алдынча өзүнө шайкеш, жана өзүнө ылайык ар кандай өнүгүү баскычтарында болот жана ал абалдарды аста секиндик менен басып өтөт. Муну, «Китоб-ул китоб» баяндарынан окуп алсаңыз болот.

5. **Илхам периштеси**. Ар бир инсанда ар түрдүү чыгармачыл жөндөмдүүлүк, шыктуулук бар. Алла таала өз пикирлеринин биринде, инсанды абыт эмес, аалым кылып жараттым деп билдирет. Абыт жалаң сыйынуу, ибадат менен гана шугулдануучу болсо, анын озуйпасы жаңылык жаратуу эмес. Бар нерсени кайталоо ибараты гана бар. Аалым болсо

жаңылык жаратуучу. Ал эми аалым же чыгармачыл инсан жаңылык жаратууга шыктуу болот.

Мына ушул жаратуучу шыкты инсаниятка белек кылуучу периште – Илхам периштеси. Ал ар бир инсандын дайыма өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүк издейт, табат. Эгер ал инсан өзү үчүн, өзүнүн өнүгүүсү үчүн мүмкүнчүлүк таба алса, анын жаңылык жаратуусуна Илхам периштеси шайма-шай турат. Айласыздыктан улам, дарактарда ачылбай калган бүчүрлөр сыңары көп абалда өсүү таппай жоголгону да болот.

Илхам периштеси инсаниятты изденүүгө үгүт кылат. Тыянак чыгарууга чакырат. Эмнегедир жаратуу үчүн илхам берет жана жүрөгүндө арзуу жана ушул сыяктуу жакшы тилектерди ойготот. Инсандардын азыркы күнгө чейин жетишкен ийгиликтеринин бардыгы Илхам периштесинин берген көмөгү. Инсандар жетишкен ийгиликтер али жетише турган ийгиликтердин учкуну. Анткени Көктөгү тарбиячылар инсанды тарбиялоо үчүн, инсан өнүгүшү үчүн өтө көп аракеттерди көрөт деш орундуудай. Бирок, аткарса боло турган иш инсанды тазалоо иштери. Дене, акыл, пикир, кулк сыяктуу тараптын инсаният алдындагы озуйпасы. Алар өтө көп.

Инсан кыянаттык баткагынан кутулган сайын аны маңдайынан тосуп алуу үчүн мээримдүү Көктүн даярдыгы шайма шай турат. Бул инсаният али өтө жаш мавжудат түрү. Ал өтө алыскы келечектерди эсепке алып жаратылып турарын эске алсак, аны элестетүү өтө кыйын. Аныгында Илхам периштеси теңирчиликтин инсанга берген өкүлү катары түрдүү даражаларда, түрдүү тепкичтерде инсаниятты аста-секин «бутуна тургузуу» эрежелери менен иш алып барат. Көк инсанга бөтөн эмес. Ал инсандын жерден башка ааламдарда да жашашы жана аалам аралык жол басып өтүшүн көзөмөлдөө озуйпасына ээ. Келген жайына кайтуу түшүнүктү кабыл этүү, же кабыл албоо өзүнчө мерчемдүү убакыт жараянда уланат. Баруу укугун аракетке киргизүү инсандын жалаң өзүнө гана байланыштуу аракет.

Инсаният өнүгүү жараяндарынын алдыңкы саптагыларынын аракети күчтүү болсо, артта калуучулар өз инсандыгын билүүгө умтулат десек болот. Көккө турпат-кейиптеги инсан эмес, акыл-өнүгүүсү алдыңкы инсан керек. Инсан үчүн берилген Илхам периштеси мына ушул жетишкендик үчүн кызмат кылат, жана инсандын өнүгүүсүнө, шыгы күчөшүнө жол ачат.

6. **Алакачы периште.** Инсандардын түрдүү түмөн жер жана асмандагы алакалары ушул периштеге байланыштуу. Анткени бүткүл инсандын тагдырынын «Лавх-ул махфуз» даражасында белгиленген түрдүү баскычтарды басып өтүшү керек болгон жолдорунун болжолдуу эрежелери ушул перишге аркылуу алакага киргизилет. Ал ишти кылсаң андай болосуң, бул ишти кылсаң мындай болосуң, же болбосо эгер ушул инсан бул жолдо барса мындай болушу керек, эгер ал бул жолго жүрбөсө мындай болушу керек сыяктуу эрежелер инсанга берилген ыктыярдуу негиздеги эреже. Инсан өз тагдырынын көп жагын өзү чечет. Калган иштерди аткаруу башка периштелердин милдети. Демек, Алла тааланын түрдүү баскычтардагы жардамчылары, кызматкерлери жана кызматчылары өз озуйпаларын инсандын өз ыктыяры жана шыгы негизинде аткарат.

Алакачы периштенин милдети ушуга жакын. Инсанга аткара турган иштерин эстетет, түрдүү жолдор менен түшүндүрүү аракетин жасайт, пикирин түзөйт. Бирок, мажбурлабайт. Түштөрү аркылуу көрсөтүү, көзүнө, кыялына элестетүү, түрдүү ойлорунда чагылдыруу сыяктуу аракеттер аркылуу инсанды эскертет. Бирок, инсандын эркине баш ийгендиктен, аны ишке мажбур эте албайт. Алакачы перишге инсандын бири-бири менен болгон түрдүү алакаларында, эри менен аялынын, ата-эне менен балдарынын жана тууган – уруктардын, коом жамааттарынын ар кандай мамилелеринде маанилүү озуйпа аткарат. Инсандын дайыма жакшы же жаман байланыштарга туш келишин алдын ала эскертип турат.

Инсандардын түрдүү алакалардагы ой туюмдарынын бири-бирине төп келишин, же туура келбестигин да ушул периште билдирет. Маселен: сүйүү, достук, өз-ара жакын мамилелер сыяктууларда. Анткени, ар бир инсандын тышкы абалын жана ушул абалындагы рухий-психологиясын билүү оңоюраак. Эр-аялдын үй-бүлөдөгү пикир келишпестиктери, ага-ини, эже-синди жаңжалдары жана өзгөлөр менен араздашуулар да мына ушул ички рухуятты эсепке албагандыктан жаралат жана мамилелердин курчушуна алып келет. Тилиңиз сүйгөнү менен дилиңиз сүйбөсө келише албастыктын себеби да ушунда.

7. **Сезим периштеси**. Бул периште инсандын денесине караштуу сезимди көбүрөөк билдирет. Инсандын денесине келаткан коркунучтун алдын алуу негизинен ушул периштенин мойнундагы озуйпа. Инсандын денеси күйгөндө, кесилгенде, ар түрдүү жаракат алганда, же жара чыкканда ушул периште мээге кабар берет. Жаракат канча күчтүү болсо, же оор болсо, баш мээнин аракетин дененин ошол жерине ошончолук көбүрөөк жумшатат. Инсандын саламаттыгын сактоо милдети да ушул периште мойнунда. Өзгөлөрдү жардамга чакыруу, оору азабын дайыма инсанга туйдуруп туруу, көңүлдү закаланган, же жараланган жайга тартуу сыяктуу иштер ушул периште иши. Маселен: байкабай өтө ысыкка жакындаштыңыз дейли. Отко жакындашкан дене мүчөңүздү тартып алууга мажбур болосуз. Үшүп жатсаңыз, жылуулукту табуу аракетин жасайсыз, кардыңыз ачса, оокаттанууну талап кыласыз жана ушу сыяктуу. Инсандын денеси азыркы заман тили менен айтканда, кайсыдыр бир витаминге муктаж болуп калса, ошол витамин бар мөмө, жемишти жешти көңүлүңүз күсөйт. Натыйжада, жетпей жаткан витаминдин орду толукталат.

Сезим периштеси инсандын денесиндеги кеселдерден тартып каалоо, курсант болууга чейин тымызын кабардар кылып турат. Ушуну менен бирге алакачы периштенин кабарлары негизинде инсандын бирээр мүчөсүнүн кандайдыр белги бериши же шаттык, капалык сыяктуу абалга келтирүү

да ушул периштенин иши. Демек, инсаният үчүн көрүлгөн камкордуктардын дагы бири ага Сезим периштесинин берилиши жана анын инсанга кызмат этиши эсептелет.

8. **Оң тарап катчы (оң ийин периштеси).** Бул периште инсандын дүйнөгө келишинен тартып те өмүрүнүн акырына чейин кылган жакшы иштерин көзөмөлдөйт, жазат, каттап барат. Анын озуйпасы Көк тарабынан инсандын жашоо жараянында аткаруусу керек болгон жоболор негизинде инсан аракеттерин эсепке алуу болуп саналат. Инсандын өз ара көйгөйлөрүндө да, өз ара мамилесинде да, түрдүү иштерди аткаруудагы пейил-куйларында да, башка амал иштеринде да кылган жакшылыктары белгиленет. Инсандын теңирчилик менен мамиледеги ибадаты, же болбосо ага карата пикир билдирүүсү, ишенүүсү, каршы болушу сыяктуу мамилелер да ушул топко кирет. Айрым сооптуу ишти кылмакчы болуп, аны аткаруу мүмкүн болбой калса да, ал жакшылык катары кабыл алынат. Эгин эгүү, жакшы тилек, ширин сөз жана ширин мамилелер да соопчулук белгиси саналат. Инсанияттын өнүгүүсү үчүн кылган же дене, же акыл, же таалим иштери да ушул эсепке кирет. Анын озуйпасы бейтарап абалда туруп, жасалган жакшы иштерди туура жазууда турат.

9. **Сол тарап катчы (Сол ийин периштеси)**. Бул периште инсандагы болгон бүткүл өмүрлүк каталык, же түрдүү түмөн күнөөгө тиешелүү иштерди бейтарап абалда жазып турат. Инсан өз ишмердигинде кылган күнөөлөрү жана анын ишмердиги аркылуу кылынган күнөөлөргө жооп бериши керек. Бул иш сол тарап катчынын жазуулары негизинде ишке ашырылат. Инсандар бири-биринен жашырып кылган иштерин сол тарап катчы эсебинде анык так чагылдырылат. Авлия же анбия, же рухтар менен сүйлөшүү мүмкүнчүлүгү берилген пенделер ушул себептүү чындыктарды ошо оң же сол тарап катчылардан сурап, билип алуу мүмкүнчүлүктөрү болгон.

Демек, ар бир инсан үчүн бекитилген 9 даана мавжудат, же 2 малаика, 1 Жан, 6 периште кызматын жана озуйпаларын

кыскача баян кылдык. Рух үчүн мүмкүнчүлүктөр чоң. Ал өзү байланган инсан шекил-сөөлөтүндө болот, жана анын бүткүл касиеттерин, билимдерин жана башынан кечиргендерин өзүндө камтылып турат.

Азыр жашап жаткан «тирик» инсандарда да, жашоодон кеткен «өлүктөрдүн» инсан арбактарында да Рух бар. Жалаң дозоку болгон инсандардын Руху өз аракеттерине уруксат алууда кыйналышат. Эгер аларды андай укугу бар кимдир бирөөлөр чакырса гана ага уруксат этилиши мүмкүн. Инсандын өлүмүнөн соң да бир аз доор ичинде, те иштери чечилмейинче алар менен сүйлөшүү мүшкүл иш эсептелет. Эркин таризде гана Жаннаттагы рухтарды каалаган учурларда маекке тартса болот.

## Кудай жолуна – рухий бийиктикке карай

…Айткын: «***Акыйкатта, туура жол Алланын жолу***»

Сиз Кудайдын жолунда жүрүүнүн жалаң бир тарабын – түздөн-түз сыйынуу жолун гана билесиз. Ал эми ибадаттын негизги тарабы болгон туура жолдо жүрүү жана жакшылык кылуу – инсандык жолдо жүрүүнүн канчалык деңгээлде олуттуу жана сооптуу экенин билесизби?

Кудайдын жолунда жүрүүнү адамдар оор жана машакаттуу иш деп түшүнүшөт. Чынында андай эмес. Инсандык же адамдык жолдо жүрүү, инсандык милдеттерди адал-аруу аткаруунун өзү – бул Кудайдын жолунда жүрүү болуп эсептелет. Кудайдын жолунда жүрүүнү толук түшүнбөгөндөн улам, адамдын Жаратканга сыйынуусун жана кайрылуусун, намаз окуп андан сурануусунан гана түшүнгөндөр бар.

Жасалган ар бир жакшылык, өзгөлөргө жана коомго жасалган жакшы иш, топтолгон тажрыйба менен алынган илим-билим Аллах алдында өзгөчө жогору бааланат. Анткени

бул жакшылык иштер коомдун жана адамдын өзүнүн өнүгүп-өсүшүн камсыздап турат жана Жаратkандын эрежесин аткарууга чоң салымын кошот. Ал эми өзүмчүлдүк болсо каралaнат. Өзүбүз ар түрдүү жол менен башкаларды алдап, адал арамына карабастан акча таап, үйгө алып келип, ошол пулга таза балдарыбызга жемиш алып берсек – бул балдардын тарбиясына, аруу-таза рухуятына таасир этпейт деп ким айта алат? Бир даанышман: «Бир тыйын арам акчаны үйгө алып келип балдарга даам алып берсе, жети пуштубузга чейин арам болот» – деп айткан экен.

Тилекке каршы, таза инсандарыбыздын суроо талаптарын кандырууга азыркы дин менен илимдин кубаты жетпей туру. Диндердин бири Ыйык китептердин чыныгы мааниси менен сырын чечмелеп бере албай келсе, ал эми экинчисинде Ыйык китептердеги жазууларын көрпенделер оңдой берип, мааниси таптакыр өзгөрттүрүлүп, ашмалтайы чыгарылган маалыматтарды ыйык санап келишүүдө. Ал эми заманбап илим көзгө көрүнгөн жана колго урунган нерсени гана таназар алып, тар капастан чыга албай келүүдө. Натыйжада, айрым «окумуштуулар» ар тараптуу билим менен тажрыйба алуунун ордуна, «окумуш» болуп, болбогон бир заттын же бир нерсенин гана “жаралышын” (жаратылышын эмес) кайрадан “ачып”, өмүр бою ошону менен жан багып келүүдө.

Ошондуктан Кудай адамдын мойнуна жүктөгөн милдеттерин инсандын так аткаруусу Жаратkандын жолунда жүрүү болуп эсептелет: Үй-бүлө күтүү, такай тажрыйба топтоо, билим алуу, бала өстүрүп-тарбиялоо жана билим берүү, коомдошуп жашоо, өз кызыкчылыгынан коомдун кызыкчылыгын жогору коюу, ак дил кайрымдуу болуу өңдүү жакшы иштер Кудай эрежелештирген чыныгы ак жол.

Ушул себептүү да инсан өз өмүрүнүн ар бир ирмемин жакшы иштер, адат, кесип же илим үйрөнүү, түрдүү чыгармачылык сыяктуу алдыңкы аракеттер менен өткөрүшү өзү үчүн да, өзгө үчүн да пайдалуу болмокчу. Алар анын Кудай жолунда жүрүүсүн шарттайт жана инсандын өсүп-өнүгүп отуруп, эң жогорку бийиктикте, же түбөлүктүү

жашоого ээ кылат жана Жараткандын алдына дили таза жеткире алат. Жараткан инсанга берген билимди адам өзү иргеп, талдап, түшүнүп жетип кабылдайт. Ошон үчүн ал айбандан айырмаланып жөндөмдүү, аң-сезимдүү, акыл-эстүү жана керемет инсан болуп жаратылган эмеспи. Инсан баарын курулай ээрчий бербей, өз аракети, илим-билими, тажрыйбасын арттыра, аны талдап түшүнө жүрүп отуруп, ушундай деңгээлдеги өнүгүүгө жетишти.

Алла таала адам-инсанды айбан-макулуктан айырмалап, керемет кылып жаратты. Адамга эрк-ыктыярды жана тандап алуу мүмкүнчүлүгүн толук берди. Ошондуктан ар нерсени өзү окуп үйрөнүп, тажрыйба топтоп, талдап, өнүгүп жетилген инсанга гана келечекте Кудайдын ишенимдүү жардамчысы болуу жана анын барлыгын башкаруу насип кылынат.

Албетте, андай жооптуу милдетти аркалоого көрүнгөн эле инсан жарай бербейт. Жарай турганы бийиктеп, жарабаганы калып кете берет. Таптакыр жарабай турганы өзүнөн өзү жок боло берет! Күнүмдүк көртирилик маселеси менен гана алектенип, өз Жан дүйнөсүн өстүрүүгө, өзүнө жан азык топтоого умтулбаган адамдан Кудай таала үмүт кылбайт. Анын барар жери айбандардын катары, же жок болуп кетүү. Ошондуктан, тандоо укугу өзүңүзгө гана берилгенин унутпаңыз, урматтуу пенде…

Алла таала инсанды башка андуу заттардан жана макулук-айбандардан айырмалап, билим берип, аруулап, эң жогорку акыйкаттын бийиктигине жеткирүү менен өз программасынын апогейине чыгарат. Кудайдын инсанды өзүнө ишенимдүү жардамчы кылып даярдап алышы биз ойлогондой оңой иш эмес! Теңир тааланын улуу чеберчилиги менен акыйкаты мына ушунда!

Элибиз эзелтен өзүнүн рухий ички байлыгын материалдык байлыктан жогору коюп келген. Ошондуктан, муундары өзүн өзү өстүрүп өркүндөтүүсүнө, билим алуу менен тажрыйба топтоосуна, өзгөлөргө жана коомго жакшылык кылуусуна, айкөл жана токпейил, кечиримдүү болууга тарбиялады. Ач көз, өз көмөчүнө күл тарткан

адамдарды ар убак коомдон четке кагып келген. Чыныгы байлык деп кыргыздар адамдын Рухуна түбөлүк таасир этүүчү жан азыкты санашып, жакшы иштерди жана тажрыйбаларды, илим жана билимди топтошкон. Аларды түбөлүк дүйнөгө алып кете турган байлык санашкан.

Ооба, адамдын Жарык дүйнөдө турмуш кечирүүсү үчүн каражат, там-таш, кийим-кече, заманбап ыңгайлуулуктар, билим жана маалымат каражаттары жана башкалар керек. Ансыз адамдын материалдык муктаждыгы канааттанбайт. Материалдык муктаждыгын кандыра албаган Адам өзүнүн рухий Жан дүйнөсүн жетишээрлик деңгээлде өстүрө албайт. Адамдын рухий тарабы материалдык тарабын канааттандырууга, материалдык тарабы рухий тарабынын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтөт.

Андыктан адам өзүнүн ички рухий тарабы менен материалдык тарабын тең алып баруусу абзел. Андай болбосо инсандын ар тараптуу, чыныгы өнүгүүсүнө шарт түзүлбөйт. Рухий жана материалдык тарабын тең өнүктүрө алган адамдар саналуу. Көпчүлүк адамдар же материалдуулук тарабын, же рухий тарабын артка калтырып алышат.

Рухий маселе менен бирге материалдык (көртирилик) маселесин да тең алып баруу керек, болбосо жалаң рухий маселени гана аткара берсе инсан **дербишке** айланып, жалаң материалдык тарапка гана берилип кеткени **айбанга** айланат. Кудайга анысынын да, мунусунун да кереги жок. Кудайга эки тарапты тең алып барган, аруу, материалдык жактан камсыз, жеткилең өнүккөн, билимдүү жана тажрыйбалуу чыныгы инсан керек.

Жарык дүйнөдө жашоодо ушундай мыйзамдар бар. Аларды четтеп өтүү дегеле мүмкүн эмес. Маселен: эмнеге ач көздүк кылсаң, ошондон айрыласың, эмнени же кимди катуу сүйсөң ошого жетише албайсың, эмнени же кимди жаман көрсөң ошол жаныңда болот, эмнелерди машакат менен топтойсуң да, таштап кетүүгө мажбур болосуң, эмнени аябай арзууласаң, ага жетише албайсың, сага өтө азиз нерселерди башкалар кор кармашы мүмкүн, бирөөгө кор көрүнгөн, башка

бирөөгө азиз болот. Бул жагдайларды баары бир жокко чыгаруу өтө кыйын.

Элибиз байыртан кайрымдуулукту жогору коюп, аны аздек сактап келген. Өз арасындагы жетим-жесирди кароосуз калтырган эмес. Алсыздарга жардам берип, аларга камкордук көрүү жакындарынын жана коомчулуктун милдети болуп эсептелип, коомдун кызыкчылыгы жеке адамдын кызыкчылыгынан дайыма жогору коюлган. Бул адамдык, инсандык касиеттин эң негизги белгиси. Мисалы, каатчылык учурунда элибизде бир айылды бир эле мергенчи эч бир милдет кылбай, өзү жалгыз багып келген жана муну өзү үчүн сыймык деп билген. Ал мергенчи муну инсандык милдет аткаруу деп билген. Арийне, жакшылык маселелер Кудай жолунда да өзгөчө бааланып, Ыйык китептерде да кайра-кайра сооптуу болот деп баса белгиленет. Мындай иштерди аткарууну милдет катары эсептөө менен улутубуз aруулукка дайыма умтулуп келгенин айтуу парз.

Бирок, кийинки жылдары батыштын таасири астында жеке адамдын, айталы президенттин, же байлардын кызыкчылыгы мамлекет, эл кызыкчылыгынан жогору коюлуп, жеке адам укугу деген мыйзам менен корголуп, «дүйнөлүк коомчулуктун » коргоосунда өздөрүн беймарал сезүүдө. Америка Кошмо Штатында бирөөнүн менчигине билбестен же мас абалында кирип кетсеңиз, менчик ээси сизди ит аткандай атып салып, эч кандай жоопкерчилик тартпайт. Аларда жеке адамдын укугу жалпы бир мамлекеттин кызыкчылыгынан жогору коюлат. Албетте, бул саясат колунда бар адамдардын элдин үстүнөн өзүнүн бийлигин жана байлыгын сактап калуу максатында ойлонуп табылган жана киргизилген. Ошондон улам учурда ач көздүк менен зомбулук мыйзамдуулуктун туу чокусуна чыгып жетти.

Материалдык байлыктын артынан сая кууп, бул максатта ар түрдүү тескери иштерге барып, аны мыйзамдаштырууга чейин жетип барган адамдар айбандык жолуна кирип кеткенин өздөрү да байкабай, аң-сезим, акыл-эсин жакшылык

тарабына иштетпей макулуктарга айланган алардын кимге кереги бар экендигин өзүңүз аңдап аларсыз.

Дүйнө-мүлктү канчалык көп топтогон сайын адам баласы аны дагы да көбөйтүүгө умтула берет. Ошондон улам элибиз «бай байга жетсем дейт, бай Кудайга жетсем дейт» лакап айтылып келген. Байлык менен бийликти көптөгөн адамдар ушунчалык таттуу көрүп, аны жашоонун максатына айлантып, ага тойбой калат. Ошондон улам «адамдын көзү топуракка тоёт» деп анысы өлгөнчө уланарын, «написинди тыйган замат бай болуп каласың» деп пейилди тазалоо керектигин даанышмандар акылмандык менен алдын ала айтып коюшкан.

Албетте, коом иштерин аткаруу да сооптуу иштердин бири, эгер ал иштер адал аткарылса, ал инсандын иштери кудайлаган ким сенин сыйынуу ибадатынан жүз барабар артык эсебинде болуптур деп ишене бериш керек. Заманыбызда мындай адамдардын көбүн эсе момун адамдар деп коюшат жана алар кумурскага да зыянын тийгизбөөгө умтулат. Коом үчүн жасалган пайдалуу иштин сообу бир күнү-түнү тынбай кылынган ибадат өлчөмү 101 күндүк-түндүк ибадатка туура келет.

Мында белгилей кетчү нерсе, коомго, өзгөлөргө пайдалуу иш жасоонун өзүндө коомдун өнүгүүсүнө тиешелүү Кудай тарабынан эрежелештирген иш-чара жатат. Ошондуктан өзүмчүлдөргө караганда башкалар үчүн иштегендердин коомго пайдасы көп тийип, андан улам коомдун жана адамзаттын өнүгүшү үчүн алардын кылган эмгеги зор болот. Андыктан Жараткан тарабынан бул эмгек жогору бааланат. Ойлоп көрүңүзчү, баары эле өзү үчүн иштей берсе, коом, мамлекет, адамзат жок болуп кетпейби анда?!..

Эгерде бирөөгө колуңуз менен жакшылык кылуу келбесе, сөзүңүз же оюңуз менен да жакшылык кылууга болот. Айрыкча оюңуз менен бирөөгө жакшылык каалоо бул эл көрсүн үчүн эмес, милдет кылбай, чын дилден ниет кылуу болуп, Жаратканга түз жетип, эки тарапка тең натыйжалуу болот. Муну чечмелей келсек, сиз бирөөгө жакшылык

каалсаңыз, ал адамга жакшылык тартуулоо Жараткан тарабынан ишке ашырылуусу тапшырылат жана сиздин жакшылык каалаганыңыз үчүн сизге да жакшылык тартууланат.

Ошондуктан жетим баланын башынан сылап койгонуңуздун өзүндө канчалык терең философия жана сооп жатат. Мында рухий тараптан кылынган аракеттер материалдык аоакеттерден жогору коюлуп, адам баласынын мүмкүнчүлүгү канчалык чексиз экендиги көрсөтүлөт. Сизге окшоп башынан сылагандар канчалык көп болсо, баланын ошончолук турмуш кыйынчылыгы тез жоголот жана сиздин бул аракетиңизге да жакшы кайтарым, сооп берилет.

Сабырдуу жана кечиримдүү болуу да адамзатка берилген эң артыкчылык. Ал жаман иштерден жана терс, кара энергиядан оолак болуунун жолу. Маселен орус изилдөөчүлөрүнүн ачылыштарына таянсак, сизге бирөө жамандык кылды дейли, сиз анын жамандыгына жамандык менен жооп кайтарсаңыз, анда сизди анын жаман жана кара энергиясы толук каптап алып, сиздин да Рухуңуз төмөндөп, андай адамдардын сабына кошулуп каласыз. Ага «сага Кудай ынсап берсин» деген ниет кылсаңыз, анын кара энергиясы сизге жукпай, өзүнө он барабар болуп кайтып кетет жана сиздин өзүңүз тазаланып, арууланып, ар кандай илешкен кара күчтөрдөн арыласыз.

Жөн жеринен Ыйык китептердин баарында кечиримдүү бол деп кайра-кайра баса белгиленип кайталанбайт. Бул да болсо ал китептердин сырынын ачык-айкын ачылып барышы эмеспи. Кечиримдүү жана сабырдуу болуунун сыры мына ушунда. Сабырдуулук менен кечиримдүүлүктүн адамдын рухий Жан дүйнө тарабына да, ден-соолугунун чыңдалышына да пайдасы чоң.

Чын дилден кылынган жакшы ниет дайыма көмөкчү болушу, ошондой эле жаман ниет да жардамчы болушу мүмкүн. Инсан өз ыктыяры менен ушуга умтулуптурбу, ага ушул абалды берип көрүп, андан соң аны сыноо да мүмкүн болот. Демек, жакшы ниет кылсаң, жакшылыкка жетесиң,

жаман ниет кылсаң жамандыкка жетесиң, айрыкча сыйынуу учурунда кылынган ниет Жаратканга тез жетет. Ушундан улам ички жан дүйнөсү таза, билимдүү, арууланган адамдардын жанынан кеткиң келбейт, сүйлөгөн сөзүн, анын оюн талбай уккуң келет, андан жакшы нерселерди жуктуруп алгың келет. Таза, аппак барак сыяктуу болгон анын Руунун башкалар үчүн пайдасы болсо болот, зыяны такыр тийбейт. Андыктан таза ниеттүү, пейили ак, айкөл, дүйнөгө көз карашы терең, шайдоот адамдардын артынан башкалардын ээрчигени ээрчиген. Анткени мындай адамдар башкаларга шарапат келтирет.

Ал эми кара ниет, Кудайды тааныбаган, билимсиз, түркөй, ач көз, өзүмчүл, зордукчул, ушакчы, наалыма адамдардын алдынан башкалардын качканы качкан, анткени алардын Рухтары ушунчалык булгангандыктан, алар башкаларга кесепет гана келтирет. Көзгө көрүнбөгөн, бирок адамдын өзү сезип турган Рухун же ички Жан дүйнөсүн үйрөнүп билип алуу жана өздөштүрүү мезгилдин талабы болуп калганын беш колубуздай эле билип калдык окшойт. Болгону, маңкурттукту жана деңгеселикти четке сүрүп салып, ар тараптуу билим алууга жана чыныгы адамдык жашоого өтүүгө жетишүү зарыл!

«Жакшыга жанаштыр, жамандан адаштыр» деген аруу ниет ата-бабаларыбыздан сакталып келет. Жакшы жүргөн адамдардын Жан дүйнөсү таза болуп, жанындагыларга шарапаты тийип турат, ал эми жаман жүргөн адамдын рухий тарабы кирдеген, ыплас жана төмөндүккө түшкөн болуп, айланасындагыларга кесепети тийип турат. Муну сезген айрым адамдар жаман адамдардан такай качышат. Кимдер шарапат ээси болуучу инсандан шарапаттуу адеп-ахлак үйрөнүшү жана жобо, тартип жана жакшы кулк-мүнөз үйрөнүшү аркылуу инсан өзүнө соопчулукту жакындаштырган же өзү соопчулукка жакындашкан болот. Андайда соопчулукка ыктуулук анык билинет.

Демек, **шарапаттуу инсан инсандарга шарапат келтирет, кесепеттүү инсан болсо кесепет келтирет,**

анткени инсандар арасындагы айрым ээрчүүчүлөрү шарапаттуу инсандан таалим алса, айрым ээрчүүчүлөр болсо кесепеттүү инсандан таалим алат. Айрыкча ниети таза эместердин өзгөлөргө таасир берүү аракети өтө зыяндуу болушун диний түшүнүктөрдөгүдөй күнөөлүү деш аларды аяп айтылган пикирдей сезилет.

Тилекке каршы, азыр адамдардын көпчүлүгү Жарык дүйнө турмушунда көртириликке керек болуучу гана нерселерге терең берилип кетип, адамдын түбөлүктүү жашоосу үчүн керек болуучу рухий маселелерди таштап салышкан. Бул эки тарапты тең алып баруучу адамдар чанда гана кездешип, аларды биз акылман же даанышман адамдар сыяктуу кабылдоого көнүп калганбыз. Арийне, бул эки жолду тең алып барууга ар бир адамдын мүмкүнчүлүгү бар болгон менен аны аткаргандар чанда…

Ошондон улам адамдын негизги муктаждыгы – рухий муктаждыгын ойлоп койбой, өнүгүүнүн бир тарабын гана алып, айбан сыңары дене муктаждыктарына гана берилген макулуктар көбөйө баштады. Бул айбандык түшүнүк айрыкча, батыш мамлекеттерде күч алып, дүйнө жүзүн вирус сыяктуу каптап келе жатат. Байлык топтоо максатында алар өзгө адамдарды да инсандык жолдон алаксытып, айбансымал жолдо жүрүүгө азгырышууда.

Натыйжада адамдардын негизги көпчүлүгү байлык менен бийликтин кулуна айланып, ички Жан дүйнөсүнүн талаптарын тоготуп да койбостон, айбансымал түшүнүктө жашоого өттү. Мына ушундай жол менен маймылга айлануу опоңой иш… Ошондуктан учурда орчундуу маселе болуп эсептелген Адам-айбандан Адам-Инсан даражасына жетишибиз керектүүнүн кереги!

Учурда өзүмчүлдүк, алдамчылык менен ач көздүк болуп көрбөгөндөй алдыга чыгып, «мани-мани» деген саясаттын аркасында акчасы жок адам айбандан да төмөнкү даражага түшүрүлүп, адамды акчанын накта кулуна айландырып салышты. Коомдо акчалуу адам гана жогору бааланып, ал эми Жан дүйнөсү бай адамдар материалдык жактан кысымга

алынып, арткы орундарга сүрүлө баштады. Мисалга өлкөбүздөгү чыгармачыл адамдардын материалдык абалын келтирсек болот.

Адамдарды алдап миллиарддаган акча каражаттарын билдирип жана билдирбей тартып алган адамдар массалык маалымат каражаттарында байма-бай чагылдырылып отуруп, учурда кумирлерге айланып, кээде башкалардын тамшануусуна ээ болуп отуру. Натыйжада дүйнө жүзүн финансылык кризиске батыруу менен адамзатты алдоонун суммасы учурда 700 триллион долларга жетти. Ал эми 2011-жылдан тарта мындай дүйнөлүк олигарх магнаттардын бети ачыла баштап, бул алдамчылыктын борбору болуучу Уолл Стреетти ээлеп алабыз жана акыйкаттыкты орнотобуз дегендердин саны дүйнө жүзүндө күн санап көбөйүүдө.

Америкалык «Хабл» космостук изилдөөчү спутниктин аныктамасы боюнча Көктөгү планеталарга салыштырганда Жер планетасы кенедей да бөлүгүн түзбөйт. Ал эми андагы аң-сезимдүү заттардан адамзат канча бөлүгүн түзүшүн өзүңүз акыл калчап, аңдап аларсыз. Илимпоздордун аныктамасы боюнча жердеги жашоодон башка да өзгө планеталарда катарлаш жашоочулар бар экендиги уламдап далилденүү алдында турат. Аны акыркы жылдары башка планеталардын учуучу аппараттарынын визиттери байма-бай күчөп, адамдар ааламда жалгыз эмес экендигин тастыктап бараткандай.

Ошондуктан Көктө Жер планетасы гана бар, ааламда Адам гана жашайт дегендин өзү тайкы түшүнүк. Адам Көктө жалгыз эмес, анын ар бир кадамы Жараткандын кызматкерлери, Көк кызматкерлери жана аң-сезимдүү заттардын кылдат көзөмөлүндө. Сиздин ар бир чектен чыккан оюңуз менен сүйлөгөн сөзүңүз, кыймыл-аракетиңиз менен мамилеңиз өзүңүзгө кайтарын билип коюңуз, азиз инсан! Жараткандын да сабыр-канаатынын чеги бар, чектен чыккандардын **өмүр жибин өзүп коюш, ишенген ишенимин бузуп коюш** Кудай таалага эч кеп эмес!

Мына ушул жараян аракеттери аркылуу да Адам өзү өз жашоосун түрдүүчө баалап же жасап барат. Аны

күзөтүүчүлөр да аны баалап жана аракетин белгилеп берет. Инсан жалгыз болуп, жалгыздыкта эч качан, эч каерде жүрбөйт, бирок аны күзөтүүчүлөр да абалды баалоо үчүн өз алдына аракетти же аракеттерди коюп берүүгө мажбурдай. Мындай адамдык сапаттан баш тартып, айбансымал жашоону максат кылып алган адамдардын кесепети бүткүл адамзатка тие баштаганына, өзүнүн жаман ниетине жараша анын кесепети адамзатка Кудайдан кайтып келе баштаганын ачык сезе баштагандайбыз. Ошондон улам булардын кесепети тийип, планетабызда ар түрдүү алааматтар күндөн-күнгө күч алышы жана башка түрдүү жолдор менен Теңир тарабынан адамдарга эскертүүлөр берилүүдө.

Ошону менен бирге Көктө Жаратуучу тарабынан түрдүү деңгээлдеги анын башкаруу системасы болуп, ал система кынтыксыз иш аткарып барат. Инсан эч качан, эч кай жерде жалгыз эмес, аны күзөтүүчүлөр жана түзөтүүчүлөр бар болуп, анын ар бир аракети, ар бир ой-пикири эсепке алынып барат жана акыркы тыянак аркылуу же сыйланат, же жазаланат дебедикпи, жогоруда.

Мени эч ким көрбөйт, эч ким укпайт деп ойлобоңуз замандашым! Жакшы ишиңиз да, жаман ишиңиз да эсепке алынып, баарына өзүнө жараша сыйлык же жаза берилиши сөзсүз! Жер титирөөлөр менен вулкандардын жаңыруусу, суу каптоолор менен селдер, калың кар, катуу жамгырлар, бороон-чапкындар менен цунамилер, кургакчылык менен өрт каптоолор, катастрофалар менен согуштар жана ар түрдүү оорулар менен магниттик-энергетикалык чабуулдардын күч алышы мына ушунун далилиндей.

«Кечирем, кечирем, бирок кеч урам» деген Теңир тааланын убадасынын аткарылуу мезгилине келип калдык окшойт... Эркелесең эркеле, бирок талтаңдап кетпе! – дейт элибизде. Эй, Инсаният! Кеч боло электе акылыңа келип, этегиңди жап! Адамдын ар бир аракети сайын аны түзөтүп туруу максатка ылайыктуу деп эсептелбегендиктен, анын акыркы натыйжалары аркылуу бааланат. Ошондуктан денелик жактан күчтүүлөр денелик жактан күчсүздөрдү

жазалашына да, өлтүрүшүнө да, акааратташына да тоскоолдук болбостугу мүмкүн. Адилетсиздикти көрүп туруп, ага каршы күрөшпөй коюу да мүмкүн. Бирок ошол **зордукчулукдар же адилетсиздик кылуучулар убактылуу жеңиши менен өз жеңилүүсүн сатып алган болот. Жеңилген ак боло туруп жеңилген болсо, өзүнүн жеңишин камсыздаган болот.**

Кудайдын өзүнө жакындашуунун жана өзүнө сиңирүүнүн баскычтарын сүрөттөгөн дагы бир хадисти келтире кетели. Бул жерде **өлүм мында дененин өлүмү эмес**, ал адамдын өзүнүн эгоцентризми жана Кудайдан обочолонгонун түшүндүрө кетели. Ага шуңгуй киргенде гана, Сүйгөнү Кудай менен өзүнүн биригүүсү мүмкүн.

Ким мени издесе – ал мени табат.

Ким мени тапса – ал мени билип алат.

Ким мени билсе – ал мени сүйүп калат.

Ким мени сүйүп калса – ал мага өтө берилет.

Ким мага өтө берилсе – ага мен дагы өтө берилем.

Ким мени өтө сүйсө – аны мен өлтүрөм.

Кимди мен өлтүрсөм – мен анын канына акы төлөйм.

Мен ошол адамдын канынын акысы – дал Өзүмүн.

Кудайды издеген адамдар, айрыкча жаштар күндөн күнгө көбөйүп баратат. Мамлекетибизде Кудай деген жаштардын саны 90% дан ашты. Албетте, Кудайды жан-дили менен издегендер, динди туу туткандар Кудай үчүн баарына даяр болушат. Мындай адамдардын күн санап көбөйгөнүнө биз сүйүнүшүбүз гана керек! Бул да болсо замандын таза жолго карай бурулушу! Бул да болсо азыркы замандын талабы! Бул да болсо ыймандуу коомдун курула башташы!

Азыркы учурда мындай жагдай Жараткандын буйругу менен орун алууда, Акыр замандын талабы, мезгилдин сыноосу да ушундай, эмеспи. Адамзаттын адашуучулук доору бүтүп, инсаниятын иргелип, тандалып Алтын доорго өтүүчү мезгили келип жетти. Инсандар үчүн бир гана жол бар, же өнүгүп, арууланып кванттык – билинбеген өткөөлдөн өтүп, жакшы заманга жетүү, же болбосо таптакыр жок болуп

кетүү! Мындай иргелип-тандалуу үчүн болгону 1 жылга жетпеген убакыт калды! Болгон шарты Кудайга болгон ишеними кынтыксыз жана күдүксүз, үмүтү такай жана чын дилдүүлүк, Кудайдан коркуп эмес, чексиз сүйүү менен жашоо керек. Дагы бир кыйыныраак шарты такай илим-билим алып, тажрыйба топтоо менен өсүп-өнүгүп, арууланып баруу абзел. Мына ошондо гана сиз чыныгы инсан даражасында болуп, айбандык жолдон чыгып кете аласыз.

Ойлоп көрсөңүз, мына ушул арууланууү үчүн айтылган иш-чараларга эч кандай акча-каражат, көп убакыт же шарт талап кылынбайт. Бул айтылган иш-чараларды иш арасында да, тамактанып жатканда да, эс алып жатканда да, дене тарбия кылып жатканда да, жол жүрүп баратканда да аткарса болот. Сөз менен да, ой менен да, көрсөтүп да, көрсөтпөй да аткарса боло берет. Айрыкча башкаларга көрсөтпөй эле, ичинен оюнда аткарса натыйжалуу болот. Анткени ал кожо көрсүнгө эмес, чын дилден кылынган болуп эсептелип, Жаратканга түз жетет. Ал эми бул иш-чара көпчүлүк менен биригип жасалса, анын күчү геометриялык прогрессияда эбегейсиз көп күчкө ээ болот.

Ушул тандалуу процессинен ийгиликтүү өтүү үчүн ак ниеттүү адамдар биригүүсү зарыл, анткени көпчүлүктүн дубасы, тилеги эң чоң энергияга жана күчкө ээ. Ал адамдардын Жаратканга болгон ишеними бекем болуп, ар кандай күмөн саноодон оолак болушу шарт. Өзүн өзү өстүрүүнүн жана абалды талдоонун үстүндө иштебеген адамдын аң-сезиминде ишеним калыптанбайт! Ошондуктан коллективдүү башталгыч аң-сезимдин негизинде – ар бир адамдын өзүн өзү өстүрүүсү жатат. Кудайга ишенбеген, өзүн өнүктүрө албаган адамдар үчүн Бейиштин эшиги ачылбайт! 2012-жыл канчалык жакындаган сайын, адамдар үчүн сыноолор ошончолук татаалдашат. Анткени алардын аң-сезимдерин терс күчтөрдүн тескери жакка буруп кетүүгө болгон аракети ошончолук активдешип барат.

Ушул жылдары өзүн өзү аруулай алган адамдын биологиялык кабыгы (дене корпусу) трансмутацияга же

түптөн өзгөрүүгө дуушар болот, өзгөрбөгөн денелер болсо Көктөн келүүчү термелүүнүн ыргагына туруштук бере албайт жана клеткалары заматта күйүп кетишинин натыйжасында бул жарык дүйнө менен коштошот. Мындан ары адамзаттын алдыңкы бөлүгү андан ары жакшы заманга өтө баштаса, дагы бир бөлүгү маңкурт, же айбан-макулукка айланып, ага да жараксыз болгондору жок кылынышы мүмкүн. Андан башка жол жок! Алтын доорго канча Адам жетет, ал эми канчасы орто жолдо жок болуп кетет, маселе ушунда турат…

## Салттуу адамгерчилик

Жогоруда белгилегендей салттуу адамгерчиликти туу туткан элибизди утурумдук арзыбаган нерселерге кызыктырып жолдон чыгаруу учурда күч алууда. «Жалтырактын баары эле алтын эмес» дегендей батыштан келгендин баары эле баалуу эмес, батыштан келген саясаттын артында негизинен адамзатты маңкурт-макулукка айландыруучу иш-чаралар жатат.

Андай алдамчылык менен ач көздүк, өзүмчүлдүк менен рухий жакырдыктан көрө кыргыз элинин аруулугун, айкөлдүгүн, ниети менен пейилинин актыгын, кайрымдуулугун жана меймандостугун даңазалагандар улам көбөйүүдө. Тарыхка кайрылып, байыртан бери топтогон мыкты оң тажрыйба менен илим-билимдерибизди андан ары өнүктүрүп, башка элдердин жетишкендиктерин кабылдап, аларды бириктире, байыта отуруп, мыкты ийгиликтерге жетишүү абзел.

Жаман илдеттерден оолак болуу үчүн өлкөбүздө элдик баалуулуктарга кайрылуу уламдап күчөөдө. Коомдошуп жашоонун артыкчылыгын, жеке кызыкчылыктан коомдун кызыкчылыгын артык көргөн элибиздин эзелки жашоо таризин изилдеп, жайылткандардын саны артууда. Бирок, бул багытта билгенибизден биле элегибиз, кылганыбыздан кыла элегибиз көп. Албетте эскинин баары эле жаман эмес.

Адамзат ошол эски тажрыйба-баалуулуктарды өстүрүп-өнүктүрүп, жана да жаңы нерселерди кошкон илим билимдин негизинде ушул ийгиликтерге жетип отурат.

Элибиздин эзелки илим-билиминин бир четин да алигече изилдеп үйрөнө элекпиз. Орхон-Энесайдагы кыргыздын жазуулары жана Рун жазуулары али толук чечмелене элек. Бул жерде дагы бир белгилей кетүүчү нерсе, элибиз кийиз буюмдарга салынган оймолорду «Кийиз китеп» атаганы. Кийиз буюмдарынан: калпактан, шырдактан, туш кийизден жана башкаларга салынган кочкор мүйүз оймосу түбөлүктүүлүк белгиси экени, ал белгилердин сырлары Жан дүйнө менен тыгыз байланыштуу болгондугу аныкталды. Кыргыз бул белгилерин түбөлүк сактоо үчүн керектөөчү буюмдары аркылуу калтырып, бирок, жылдар өтүшү менен ал белгилердин мааниси унутулбасын камында аны «Кийиз китепке» айландырышкан.

Кыргызстанда акыркы жылдары улуттук оймо-чиймелери бар кийим-кечелерге дүйнөнүн төрт тарабынан суроо-талап аябай күчөдү. Натыйжада бул товарлар азыр Кыргызстандын өзүнө жетпей, 2010-жылы чек аралардын жабыктыгына жана коогалаңдардын көп болгондугуна карабай аны экспорттоо 40% га өстү. «Бир балээси болбосо, талаада куйрук не жатыр» дегендей кыргыздын бул арууланyу белгилери кийинки учурда бекеринен дүйнө жүзүнө таркалып жатпагандыр…

Баса, бул кийиз буюмдар адамдарды кыйнап жаткан магнитик-энергетикалык оорулардан сактап жатышы жана радиациядан коргошу ачыкка чыкты. Балким, болуп жаткан жана күч алып жаткан магниттик жана энергетикалык таасирлерден кутулууга бул буюмдардын пайдасы тиерин ата бабалар илгери эле билип, азыркы адамдар жон териси менен сезип жаткандай...

Кыргыз боз үйүнүн, анын чамгарагынын жана калпактын адамды магниттик-энергетикалык чабуулдардан сактоосун эми гана энергетикалык сезимтал адамдар аркылуу билип отурабыз. Бул буюмдардагы чексиз сыйбастык (свастика) белги энергетикалык-магниттик терс таасирдүү чабуулдарды

оң таасирге айлантып бере тургандыгы аныкталды. Арийне, сыйбастык белги элибиздин байыркы тарыхый эстеликтеринде даана орун алганы белгилүү.

Айрым оорулуулар өз кеселинин дабасын эч бир врачтан жана шыпаакерден таба албагандан кийин, Таластагы элдик дабагер ал ооруларды улуттук оймо чиймелүү кийимдерди кийгизип, боз үйдө жашатып, эч кандай дары-дармексиз айыктырган. Анын себеби боз үйдүн чамгарагындагы свастика, кресттин, калпакта жана башка кийим кечелердеги оймо-чиймелердин оң таасири болгон. Айрым маалыматтарга караганда өрүк дарагы, жана андан жасалган комуз үнү адамдын Жан дүйнөсүн дабалоочу касиетке ээ экендиги да аныкталды. Арийне, алдыда келаткан 1 – 2 жылдын ичинде айрыкча магнитик-энергетикалык чабуулдар күч алышын, ал эми бул белгилер адамдардын арууланууусуна байланышы бар экендигин жана алар инсандарды мындай терс таасирлерден сактай тургандыгын изилдөөчүлөр өзгөчө белгилешүүдө.

Бул жерде байыртадан кыргыз элинде жана адамзаттын бир кыйла бөлүгүндө ыйык эсептелген Манас түшүнүгүн келтире кетүү орундуу деп ойлоймун. Анткени Тибет, Индия, Шри Ланка, Кытай жана башка мамлекеттерде Манас деген сөз бул Жогорку Аң-сезим менен Акыл-эсти, башкача айтканда аны алып жүрүүчү Адамды түшүндүрөт. Манас сөзүнүн дүйнө жүзүнө эмне үчүн мынчалык кеңири мааниде жана дээрлик таркагандыгында бир сыр катылып жаткандыгы ушунда. Бул сөз жана түшүнүк Библияда да, Куранда да берилген. Ыйык китептерде анын мааниси куткаруу, Куткаруучу болуп чечилүүдө. Ал эми Куран китебинин жашыруун саналган 38-Сад сүрөсүнүн 3-аяты туура чечмеленсе жана которулса Манас Адамзатты куткаруучу жана куткарып, сактап калуучу маанисинде берилген.

Ошондуктан укурукту узун таштасак Манас жөнөкөй баатыр эле эмес, адамзаттын арасынан чыгып, эң жогорку өнүгүү менен бийиктикке, же Кудайдын алдына жеткен, арууланган адам болуу менен Жогорку аң-сезим, же

Жараткандын Жардамчысы. Ошону үчүн Манасты катардагы жөнөкөй баатыр кылып киного тартууга, анын айкелин жасоодо көзгө көрүнбөгөн тоскоолдуктар болот дешет. Мына ушул багытта изилдей турган болсок, Манас темасында жасала турган иштер али алдыда өтө көп.

Биз төмөндө «Куран»да сыр түрүндө катылган 38-Сад сүрөсүнүн 3-аятындагы «Лавх ул-Махвуздан» алынган кыргызча толук маанисин жана чечмеленишин келтиребиз. Бул сүрөө САД сөзү менен аталып, ал сөздүн сыры алиге чейин жашыруун эсептелип, Аллах тарабынан ачылып берилет деп айтылган. «Лавх ул-Мавхуздагы» бул сөз же САД сөзү үч сөздүн баш тамгаларынан алынып, түркий тилдерде гана туура чечилет.

**САД**

**С**ахвилалан – каталыктары үчүн кечирилүүчү.

**А**вихмилалан – азизделген.

**Д**ухлабихайуххлаза – Көк менен байланган.

Ооба бул маанилер инсандын айрым касиеттери менен бирге анын Көк менен түз байланышы, кетирген каталыктары кечирилүүчү, Жараткан аркылуу азизделген зат экендигин билдирип турат. Бул сүрөдөгү маанилер Манастын кандай инсан экендигине уйкашып турат. Арийне, Ыйык китепте сыр түрүндө катылган бул сөздөрдүн мааниси ачылганда, анда инсандын ким экендигин жана анын касиеттерин толук камтыйт.

«Куранды» түшүнүүнүн өтө татаал экендигине бир мисал келтире кетейин. «Курандын » 38-Сад сүрөсүнүн 3-аятында «Манас» деген сөз колдонулган. Бул аяттын талдоосун эле эмес, араб, кыргыз, өзбек, түрк, орус жана башка тилдердеги котормолорун алып караганыбызда, баарында тең туура эмес которулган. Куран негизинен чечмелениши керек. Тактап чечмелегенде анын мааниси төмөнкүдөй болуп чыкты: «Буга чейин канчалаган коом-муундарды (цивилизацияларды) жок кыла баштаганыбызда, алар **куткарып** калууну жалбарышты, бирок **куткаруунун** убактысы өтүп бaратат, ал эми **куткаруучунун** (Манастын) келээр убакыты али боло элек».

Бул аяттагы **манас сөзү куткаруу, куткаруучу** деген түшүнүктү бергендиги алиге чейин бир да жерде туура чечмеленбеген. Бул сөздүн туура которулуп, чечмеленишин аябай изденген жана туура талдоо кыла алган адам гана таба алары анык. Кызыгы, Тибет, Кытай, Индия жана башка чыгыш элдеринде «Манасты» Кудайдын алдындагы Жогорку аң-сезим деп түшүнүшсө, ал эми Христиандарда Куткаруучу – Мессия деп, Исламда болсо Махди деп түшүнүшүп, адамзат Куткаруучунун келишин чыдамсыздык менен күтүп, ыймандуулукка чакыруу муундан муунга улантылып келатат.

Элибиздин Манасты кастарлап ыйык санаганы жөн жеринен эмес! Жалпы адамзатты куткарып калуу маселеси учурда эң орчундуу болгон кезде Манастын да ролу чоң болуп жүрбөсүн? Байкаган адамга Манас башынан аягына чейин адамдарды, эли менен жерин жамандыктан Куткаруучу, Жакшылык тартуулоочу болуп көрсөтүлүп, Манас айтуучуларга болсо жалаң аян менен берилет. Эгерде биз Манастагы айтылгандарды терең талдап, чечмелей келсек, анын рухий Жан дүйнө тараптагы ролу менен таасири өтө олуттуу. Ансыз да адамдар терс күчтөрдүн жетегинде жүрүп урушуп согушуп, жамандык кыла жүрүп отуруп, канчалаган цивилизациялар кыйроого дуушар болду. Айрым маалыматтарга караганда ар бир 10–12 миң жылдын тегерегинде заман алмашуу планетадагы өзгөрүүлөр жана алааматтар менен коштолот. Ал өзгөрүүлөр адамдардын ниетине жараша болору да анык.

Ошо маалыматтарда адамзат уруш-жаңжал, кыргын-сүргүн жана башка жаман адаттардын айынан адам жаралгандан бери өз өсүп-өнүгүүсүн 100 миң жыл артка тарткан. Инсанияттын алдында турган азыркы эң олуттуу милдеттердин бири бул артта калуучулукту тездетилген өнүгүү аркылуу басып өтүү. Адамзат үчүн жарыктыктагы эң кымбат нерсе – бул **убакыт**, ошондуктан ар бир закым убакытты да текке кетирүүгө болбойт. Биздин замандан мурда эч кандай цивилизациялар болбогондой, же эч бир тирүү жашоо жараяны болуп өтпөгөндөй мамиледе

болушубуздун өзү уяттуу көрүнүш. Өзүбүздүн замандын тарыхын жөндөп биле албай жатып, мурдагы өткөн цивилизацияларды тануу жана аларды жокко чыгаруунун өзү менменсинүү менен текеберлик.

Анткени дүйнө жүзүндөгү айрым тарыхый эстеликтердин качан пайда болгондугун, кимдер жасаганын алиге чейин так аныктай албай келебиз. Бары, жогу 7–8 миң жылга чейинки мурда болуп өткөн окуялар менен тарыхый эстеликтерди гана үстүртөн чала-була билген болуп, аларды так аныктоого да жетише албай жүрөбүз. Эгерде бизден мурдагы цивилизацияларды үйрөнүп, алардын өнүгүү, жашоо таризин жана жок болуп кетүү себебин так билгенибизде, булар биздин замандын адамдары үчүн өтө өрнөктүү сабак болмок. Аны менен катар биздин Акыр заман деп аталуучу цивилизациябыздан нары кете албастан, адамзаттын өтмүшүн бүдөмүк да элестете албай келебиз. Ал турсун, биздин заман окумуштуулары мурдагы цивилизациялардан калган Египет пирамидаларын, Перунун Наска тоосундагы космодромду, Кыргыз календарын, Мая календары менен Инктердин таблицасын канча изилдеген менен алигече аныгына жете албай келатышат.

Чындыгында бул цивилизациялар биздин замандагы адамдарга караганда алда канча жогорку деңгээлдеги өнүгүүгө жана технологияга жетишкен. Алардын бийиктикке жеткендигине ошол эле өзүбүздүн Кыргыз жыл календарын мисал келтирсек болот, анткени бул календар боюнча 2011-жылы 2-февралдан 10-февралга чейин жаан-чачындын арбын болушу бир нече миң жылдар мурда эле эскертилип тургандыгын ушул күндөрү болуп өткөн күндүн айланышы менен жаан-чачындардын болушу далилдеди. Бул календардын толгон-токой маалыматтары практикада чындыгында такай дал келүүдө. Даанышман кыргыз эли бул календарын кеңири колдонгон. Календарда жыл мезгилдери, айлардын так маалыматтары, алардын убактысын жана алмашуусун табигаттын өзүнө айкалыштырган. Ал Күн

системасындагы жылдыздар менен жер планетасындагы өзгөрүүлөргө дал келип отурат.

Чыгыш календары деп аталуучу Кыргыз календары, ошого окшош Мая календары, Инктердин таблицасы он миңдеген жылдар бою инсанияттын топтогон илим-билими менен тажрыйбасы натыйжасында жаралса, азыркы биз колдонуп жүргөн Григориан жана Юлиан календарлары Рим өкүмдарларынын жана Ватикандын эрки менен киргизилген. Ошондой эле 5125 жыл мурда эле 2012-жылдын 21-декабрында орун алчу олуттуу өзгөрүүнү Мая календары алдын ала ай, күнүнө чейин так аныктап берген.

Азыркы замандын жыл сүрүүчүлөрү менен метеорологдору мындай жыл сүрүү менен аба-ырайын алдын ала бир нече жылдарга так айтууга жөндөмсүз. Колдо турган мындай календарларды жана ушул сыяктуу баалуу материалдар менен маалыматтарды адамзат дүйнөнүн төрт бурчунан чогултуп пайдаланса, анда ал сезилээрлик ийгиликтерге жетишээрине күмөнүбүз жок. Ойлоп көрүңүз, алда качан ойлонуп табылган велосипедди кайрадан ойлоп табууга убакыт сарптоонун эмне кереги бар? Ага карабай, илим жана билим дегендин баарын жаңыдан баштайбыз дегендин өзү беймаанилик. Анткени ар бир жетишилген нерсени тажрыйба катары топтоп барып, андан ары жаңы ачылыштар менен толуктап чыныгы өнүгүүгө жетишүүгө болот.

Кыргыз эли эзелтен өзүн эмес, өзгөнү сыйлаганы, аксакалдарды укканы, адилеттүүлүктү туу тутканы, убал менен соопту билгени, кайрымдуулугу, айкөлдүгү, меймандостугу, эл башчысын жалпы эл шайлаганы, сөз эркиндиги, башкаларга зомбулук кылбаганы, эң негизгиси Кудайга жакындыгы жөн жерден эместир… Балким, учурда адамзатта азайып бараткан мындай ишеним-түшүнүктөрдү элибиз мурдагы цивилизациялардан кастарлап сактап келатса керек деген ойго кетесиң…

Бир элдин экинчи бир элден, бир улуттун экинчи бир улуттан, бир адамдын экинчи бир адамдан ашык же кем жери

жок. Алгач баары бирдей жаратылган. Ошондуктан бирөө экинчисин кемсинтүүгө, өзүн башкалардан жогору коюп, даңазалоого Жараткан тарабынан жол берилбейт. Бирок, адамдар билими, тажрыйбасы жана жасаган жаман, жакшы иштери менен айырмаланат. Бул жерде кыргыз эли дегенди кыргыз улуту гана деп түшүнүүгө болбойт, Кыргыз эли дегенде биз кыргыз ишеним-түшүнүгүндөгү түркий элдердин: кыргыз, казак, түркмөн, өзбөк, түрк, азербайжан, татар, башкыр, уйгур, алтай, хакас, тува, орус, немец, индеец, фин, венгр, жапон, корей, тибет жана башка дүйнө элдерин түшүнүүнү сунуштайбыз. Ошондуктан бул китепте берилип жаткан биздин Эл – Элибиз – Кыргыз эли деген сөздөрдү адамдык сапаттар мына ушул элдерге да тиешелүү деп түшүнүү керек. Анткени азырынча бул элдердин уңгулары эле эмес, ишеним-түшүнүктөрү да жакын. 24 миң жыл илгери ташка чегип жана шуру кылып жасаган чыгыш календары ушул элдердин да календары болуп эсептелиши мүмкүн. Дүйнө жүзүндө адамдар адамдыктан көрө айбандыкка жакын турмуш таризинде жашап жаткан кезде инсандык сапаттарды сактап, өнүктүрүүнүн өзү чоң эрдик иш болуп саналып калууда.

2006-жылы америкалык Адам темасын изилдеген бир окумуштуу аял алгач Кыргызстанга келгенде жергиликтүү элди тентек ойлоптур. Элдин материалдык турмушунун начарлыгына кейип, жакшылап изилдөөгө киришкен. Анан бир ай жашап жана изилдеп, таанышып чыккандан кийин булар кандай керемет эл, өзүнүн баласына бербей сактаган тамагын коногуна берет деп таң калган. Хадисте меймандос эмес Адам – толук баалуу адам эмес деп белгилеген. Ал аял адамдык ошол улуу касиет айрыкча кыргыз элинде сакталып калганын баса белгилеп отурбайбы.

Ошондой эле ал элибиздин ички рухий Жан дүйнө жагынын тазалыгын жогору баалап, аны үйрөнүүгө татыктуу деп белгилеп кеткен. Кыргыз элинин залкарлыгы менен даанышмандыгы дегенде анын таза ишеним-түшүнүгүн белгилөө керек. Анын айкөлдүгү, кечиримдүүлүгү,

кайрымдуулугу, өзүмчүл эместиги, аруулугу, ниетинин тазалыгы, ар-намыстуулугу менен адилеттүүлүгү, билими менен тажрыйбасы, Жан дүйнөсүнүн бийиктигин түшүнүү керек. Ошондой эле элибиз Жан дүйнө маселесин материалдык маселесинен дайыма жогору коюп келип, рухий өнүккөн адамдарды колунда бар адамдардан өйдө баалашканы баса белгилениши туура.

Албетте, ар бир элдин кемчилиги менен жакшы жактары да бар экендиги талашсыз. Элибиздеги деңгеселик, куру намыс менен мактаанчактык жана көрө албастык эле эмес, акыркы жылдары өздөрүн өзгөлөрдөн жогору коюп жиберүү да күч алып бара жаткансыйт. Арийне, ар бир элдин кемчиликтери да болот, маселенин олуттуусу ошол кемчиликтерди оңдой алгандыгында жана алдыңкы билим менен тажрыйбаны топтоп барып, туура жолун таап, бул багытта жакшы ийгиликтерге жетише алгандыгында.

Өткөн цивилизацияда Атлантида эли жана шаар-мамлекет жашап, адамдары болуп көрбөгөндөй өнүгүүгө жетишкен. Алар учуп жүрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп, ой-пикир жана ниети аркылуу иш аткарууга чейин жетишкен. Бул жетишкендиктерге татыктуу боло албай, текеберленип кетип, натыйжада таптакыр кыйроого дуушар болгону айтылып жүрөт. Ошондуктан биздин элдеги адамдык жакшы сапаттарды өнүктүрүп, ал эми айбандык жаман сапаттардан арылмайынча биз да жоголуп кеткен Атлантиданын жолун жолдоп калышыбыз мүмкүн. Бирок, азыркы учурда адамдык сапаттардын «кыйындар» тарабынан жоготулуп бараткандыгынан жана анын таңкыстыгынан улам, бул китепте адамдык жакшы сапаттарды көбүрөөк чагылдырууну жана аны таап көрсөтүүнү туура таптык.

Белгилей кетүүчү нерсе элибиздин диндер пайда боло элек мезгилде эле Кудайга болгон ишеними менен түшүнүгү бекем болгон. Кудайдын адилеттүүлүгүн, анын чындыгын баарынан жогору коюп, Жаратканды Теңир деп аташкан. Теңир деген сөздү чечмелей келгенде теңчиликти ыроологон, же теңчиликти ыраа көргөн деп аныкталат. Ал эми Теңир

деген Кыргыз тилиндеги Жаратканды атаган төл сөз. Бул аталышка түшүнбөстүктөн улам ар түрдүү бурмаланган түшүнүктөрдү жабыштырып, диний тирешүүлөрдүн негизинде чайкоочулук кылуунун кажети жок! Анткени, элибиз Аллахты жалгыз Жаратуучу деп билип, эзелтен өзүн Кудайга жакын көрүп, Оо Жараткан! жана Сен деп ага түздөн түз кайрылышкан. Кызыгы, Кудайга Сен деп гана кайрылуу керек, анткени Кудай адамды өзүнүн эң жакыны деп билет жана адамдан да ошону күтөт. Ошондуктан, эң жакын адамдар гана бири бирине Сен деп кайрылат. Аллахтын сөзмө сөз котормосу Жаратуучу экендигин биздин эл байыртадан кантип билди экен?!..

Жөнөкөйлүк жана рухий тазалык менен жашап келгендигинин натыйжасында инсандык сапаттардын көбү али да болсо биздин элибизде орун алган. Ошондон улам Америкадан келген изилдөөчү: «Бул кандай керемет эл, өзүнүн баласына бербеген тамакты конокко берип, өздөрүнөн өзгөлөрдү артык коёт экен» деп таң калып отурбайбы. Бирок айрым «тандалган» элдерге окшоп менменсип кетпей, биздин Эл «Силер буудай биз саман, силер жакшы биз жаман» деп айткан даанышмандардын принцибинде жөнөкөй болуп, такай өнүгүп-өсүп отуруп, элибиздеги нукура рухий байлыктарыбызды өнүктүрүп улантсак, утурумдук эмес, түбөлүктүү ийгиликтерге жетишкен болор элек.

Сөзүм курук болбосун үчүн төмөнкү далилди келтирейин. Китеп деген сөздү элдин баары эле билет, бирок ал сөз байыркы эл тилинде «Китап» болгондугун кыргыздар биле бербейбиз. Анын маанисин түшүндүрө келгенде «Ки» инди «тап», же болбосо өздүгүңдү, өзүңдү өзүң тап деген маанини түшүндүрөт. Кызык жери «китеп» деген сөз «Ки+тап» деген байыркы биздин сөздөн пайда болуп, «Ки инди тап» же «Өздүгүңдү тап, өзүңдү өзүң тап» деген азыркы учурдагы адамзат үчүн эң олуттуу деп саналган проблеманы түшүндүрөт. Ал эми инсандын өзүн өзү таануусундагы эң негизги каражат Китеп (билим) экендиги ой жүгүртө алган адамга бештен белгилүү болуп турат

Анда адамзат үчүн эң негизги жана дайыма актуалдуу болуп келген бул маселени биздин бабаларыбыз эзелтен кантип билишкен? Китап деген сөздүн өзүндө инсаният үчүн дайыма эң олуттуу болгон маселени биздин байыркы бабаларыбыздын билгендигинин далили жатпайбы. Ал эми адамдын өзүн өзү табуу (таануу) маселеси инсандын алдында турган түбөлүк маселе. Өзүн өзү таап, аруулана алган, чыныгы билимге ээ болуу менен Кудайды таанынган адамдар гана татаал сыноолордон өтүп, Жаңы заманга, же Алтын доорго жетиши күтүлүүдө. Азыркы келе жаткан алааматтарда өздүгүн өзү тапкан адамдар куткарылып калуусу шексиз экендиги учурда көп маалыматтарда баса белгиленүүдө. Айтор, инсандын өздүгүн таануу багытында аткарыла турган иштер али алдыда. Өтө көп.

Арийне, ар бир жаңылык менен жакшылык башка элдерден келет деген түшүнүктү биздин аң-сезимибизге сиңдирип коюшкандыктан, өз тизгинибизди башка бирөөлөргө ишенип берип салып, өз элибиздин акактай тунук рухий байлыгынын кадырын алиге чейин аңдабай келүүдөбүз. Адамзаттын эң мыкты жетишкендиктери менен элибиздин мыкты салттуу мурастарын айкалыштырып туруп, жашообузга аң-сезимдүү мамиле кылып, өнүгүп жүрүп отурсак, сөзсүз чыныгы ийгиликтерге жетишебиз!

Муну адамзат билиши, өз инсандык затын таза сактоосу шарт жана бул шарт зарылдыгы, анын негизинде ага жүктөгөн инсандык мыйзам эрежеси экендигин дайыма унутпоосу жана билүүсү керек. Жалаң өзү жана өздүгүн ойлоочу өзүмчүл адамдар, же турмуш өнүгүүсүнө маани бербөөчүлөр инсандын акырындык менен өнүгүүсүнөн калып кетиши мүмкүн.

## Үй-бүлө, сүйүү жана коомдук мамилелер

Улуу Жаратуучу бул жарык дүйнөгө жараткан адамзат тукумуна аруу нике менен жупташып жашоону тартуу

кылган. Кудай көрсөткөн жолду таза кармап келе жаткан алардын үй-бүлөлөрүнө таза Рухтарды, бакыт, таалайды жана таланттуу, жөндөмдүү балдар төрөлүшүн насип кылат. Ал таза Рухтуу инсандарга мыкты жөндөм, шык жана жакшылыктар тартууланат. Аны менен кошо көптөгөн жакшы мүмкүнчүлүктөр берилип, залкар инсандардан болушуна жол ачат.

Аруу сезим, таза сүйүү менен ыракаттана жупташып, сырдашып-сыйлашып, чырдашпай жашоо адамдык жашоонун негизги талабы. Ошондуктан «үлгүлүү үй-бүлө» болуп жашоо алардын өздөрүнө жана коомго гана эмес, Жаратканга да жагуучу жагдай. Ата-эненин балалуу болушу, ал чүрпөлөрдү туура тарбиялап, жеткилең инсан кылып коомго кошуусунун өзүндө зор сооптор жатат.

Төрөлүү... Бул эзелтен бери Барлыктын керемет сыры. Ар бир адамдын өзүндө Барлыктын жашоо жалыны катылган. Барлыктын жаралышы – биздин төрөлүшүбүздө чагылдырылат. Миңдеген жылдардын эстелиги наристенин таза көзүндө жанганын байкаган Адамдын өзү бактылуу. Бардык убактарда, жана бардык элдерде жогорку күчтөрдүн эрки менен ишке ашырылган төрөлүү жараяны ыйык болуп саналган.

Бири бирине чоң урмат сыйлуу сүйүү менен жупташып таза жашоонун өзүндө жана наристе баланы сүйүүдө канчалаган күчтүү оң энергия бардыгын сезесиң. Бул энергия окумуштуу изилдөөчүлөрдүн аныктамасы боюнча **фантом** энергиясы деп аталат. Ал энергия Жан дүйнөнүн аруулануусу менен ден-соолуктун сак саламат болуусуна, жөндөмдүү жана туура жол табуусуна, иштерман болууга жана инсандын ар тараптан өнүгүүсүнө көмөктөшөт.

Тилекке каршы, Теңир тартуулаган аял-эркек болуп, турмуш тиричиликте жуп-жубу менен ыракаттуу жашоону, аалам башаты болгон үй-бүлө очогун таза тутантуу жана тукумун улап, балалуу болуу бактысын чанып, бирөөнүн түйшүгүн тартпайм, мен өзүм үчүн жашашым керек деген таризде жалгыз как баш болуп жашагандардын саны учурда

уламдап артууда. Алар жеке кызыкчылыгын гана көздөө менен адамзатка берилген төрөө жана төрөтүү парзын танып, жалгыздыктан зериккенде ит же мышык багып, аларды алпечтей ээрчитип жүрүү курсанттыгына өтүшкөн. Арийне, кимдин мүнөзү менен түшүнүк – деңгээли эмнеге жакын болсо ошону кылат эмеспи… Айрым адамдар айбандар кылбай турган жорукту жасап, эркекке эркек, аялга аял үйлөнүп, жупташып жашоого өтүштү. Кудайдын эрежесине каршы мындай көрүнүштөр айрыкча Батыш мамлекеттерде кеңири тароодо. Атурсун, бул жараяндарды көптөгөн мамлекеттерде мыйзамдаштырууга үлгүрүштү. Бул инсандык чектен, Кудай жолунан чыккандык!

Албетте, мындай жапайы көрүнүштөр менен жаман иштер Жаратуучу тарабынан сөзсүз жазаланат. Кийинки учурларда Жер жүзүндө орун алган табигый кырсыктар, климаттын өзгөрүшү, магниттик-энергетикалык чабуулдар менен сырдуу оорулардын көбөйүшү, Жер планетабыздын өз огунун кыйшаюусуна байланыштуу алааматтардын күтүлүшү мына ошо жазалоонун алгачкы эскертүүлөрү болушу мүмкүн. Адамдын ниети менен пейилинин бузулушу өтө кесепеттүү акыбеттерге алып келет. Бирдин кесепети минге, миңдики түмөнгө тийип кетпесе экен, болгону! (Вотяков. А.А. Теоретическое География, Скаллиони. Будущее земли).

Аялдардын мойнуна бала төрөп тарбиялоо жана коомго жарактуу чыныгы инсан кылып кошуунун олуттуу жана ардактуу милдети жүктөлгөн. Аялдардын негизги милдети адамзаттын келечегин камсыз кылуу өңдүү Жан дүйнө маселелерин аткаруу болсо, эркектердин милдети күнүмдүк тирликке байланыштуу маселени чечүү эсептелет. Арийне, аялдарга караганда эркектерге болор-болбос эле милдет; акча-каражат табуу, үй-жай жана ыңгайлуулуктарды жаратуу жүктөлгөн.

Тилекке каршы, тарбиялык жана инсандык сапаттарды калыптануучу бул аруу милдеттерди адамзат душмандары кылымдар бою жапайы түшүнүк деп эсептеп, аларды алсыратып, жоготууга аракеттенип келишет. Анын ордуна

өзүмчүлдүк, ач көздүк, алдамчылык, байлык менен бийликти алдыга чыгарууга жанталашып, адамзатты инсандык, Кудай жолунан адаштыра, маңкурт-айбандык жолго айдап киргизип, аруу түшүнүктөрдөн оолактатып, айбандык инстинкт курчоосуна чулгап баратат.

Инсаниятты душмандары аялзатынын ролун атайылап жок кылууга урунууда. Анүчүн үй-бүлөдөгү аял менен эркектин ордун атайылап чаташтырып, «сен эркектен кемсиңби» деген таризде аялдарга тиешелүү болбогон оор кол эмгеги менен акыл эмгегине үндөштү. Аялдарды ар тараптан ашкере эксплуатациялоону уюштуруп, инсаниятты келечек камын көрүү ардактуу милдетинен оолактатып, аялзатты турмуштук көйгөйлөрдү аткарууга, эркектер менен бирдей кара эмгектенүүгө тартышты. Натыйжада, үй-бүлөлөр бузулуп, көчөдө чоңойгон балдар ата-энесине карамдуу болбой, таштап кете баштады. Баңгилик, аракечтик, сойкулук, бузукулук, алдамчылык, ач көздүк көбөйүп, зомбулук менен адам өлтүрүүчүлүк кадимкидей көрүнүш боло баштады.

Инсаният душмандарына так ушундай натыйжалар керек эле. Алар ушул жол менен бир миллиард маңкурт мүнөздүү адамдардын калышына жетүүнү ойлоп жатышат. Арийне, адамзат тукуму азайышы үчүн бир жыныстуулардын жупташып жашашын да жасалма даңазалашууда. Алар өздөрүнүн дене кумары менен жашап, рухий улуулук түгүл айбандар инстинктине тиешелүү болгон тукум улоону да унутта калтырышат. Ушундай бузукулук менен адамзаттын инсандык сапаттары жоюлушуна да шарт түзүлөт. Ошентип, адамзат душмандары өз колуна Жер жүзүндөгү материалдык байлыкты топтойт да, маңкуртка айланган адамдарды каалагандай башкарууга өтөт. Алар мындан бир нече кылымдар илгери эле өздөрүнө артыкчылык берүүчү масондук ложаларды жана башка жашыруун уюмдарды түзүп, иш жүргүзүп келатат. Анысына башка өлкөлөрдүн байлык менен бийликке кызыккан ач көз, арам ой жетекчилерин тартууда.

Учурда андай жетекчилер жана ач көз, жемкор адамдардын көпчүлүгү акчага ушунчалык азгырылып, аны баарынан; ата-энесинен, элинен, мекенинен, сүйүү сезими менен ишениминен да жогору коюп алышкан. Андай адамдарды, өздөрүн бапестеп багып өстүргөн ата-энеси карыганда, кароого муктаж болгон кезде жерип, көр дүйнө талашып, карылар үйүнө таштап салып жаткан элибиздеги өкүлдөр көбөйүп баратат. Деги, ата-энелер балдары наристе, алсыз кезинде эч нерсесин аябай, мээрим төгө torолтот. Бирок, "Жапайы Батыш" аталган Европа, Америка элдери балдары эс тарткандан дини кайырлыкка тарбиялап, аларын зомбу жашоого багыттайт. Ошол жаман адат, эзелтен ата-эне менен балдарынын ортосунда аруу мамиле сакталган, улуттук менталитетинин асылдыгы бар кыргыздын учурдагы балдарына жугуп, кайрымсыздыкка жеткирип жатышына бөгөт коюуну ойлонуугa тийишпиз. Антпесек, эл катары жоюлуп, жок болуп кетишибиз мүмкүн...

Айласыздан Кыргызстанда да карыялар үйлөрү мамлекеттик деңгээлде жер-жерлерде уюштурулган. Бирок, ал үйлөр кыргыз ата-энелердин улуттук беделине тиешелүү, бабалардан мурас болуп келаткан, өз балдарына, неберелерине рухий жакындык муктаждыктарын канааттандыра албайт. Кыргыз ата-энелер улуттук менталитетине байланыштуу карыган кезде материалдык муктаждыкка караганда Жан дүйнө муктаждыгына миң мерте артык зарыгышат. Балдары бакпай, карабай койгон ата-эне да, баласын улам көрсөм, үнүн уксам деп зарыгып, эңсешет… Бул дүйнөдөн узап бара жатканда да баласы жанында турушун, баласынын элесин көзүндө сактап, ыраазы болуп кетишти самашат, ал байкуштар…

Ошону үчүн кыргыздын акылман ата-бабалары балдарынын ата-энелерине кайрымдуу болушун, ата-эне да балдарына татыктуу тарбия берүүсүн катуу талап кылып, аны элдик улуу салт, идеологияга айланткан. Жесир аялды жакындарына нике кыюунун эң башкы максаты балдарды жетимдик азаптан кутултуп, тарбиялуу болушун көздөө

болгон. Баласы жок аксакал, байбичелердин татыктуу карылыгын камсыз кылуу, багар, көрөрү жок, жетимдерди асыроо инсандык деңгээлдеги эң зор милдетке айландырылган. Мына ушундай улуу салт, санаа менен кыргыз өткөндөгү алааматтар менен азап тозоктордон улуттугун, элдүүлүгүн аман сактап келди. Баса, бул улуу салтын улутубуз кыргызчылык атап, анын маани маңызын улуу жашоого тээк кыла алган. Учурда эл ичинде кыргызбайлар жана киргиздер деген түшүнүк жүрөт. Албетте, бүгүнкү турмуш өзгөчөлүгүнөн акыйкат караганда бул түшүнүктү түшүнсө да болот. Биз улут катары жана Адам катары ал түшүнүктөрдү четтетүүгө тийишпиз. Бул китеп да дал ушу максатты көздөп, элибиздин көөнө улуттук салттарын жана жан дүнө ишенимин кайтарууга багытталып отурат.

Менин энем акыркы сапарга узап бара жатып наристе небересинин колунан бир жыттап алганы али эсимде… Атам акыркы сапарга кетээр күнү мени эркелетүү менен мага эркелеп алганы да көз алдымда дайыма сакталып турат… Кыргыз баласынын жашоо ырахаты ушундай. Рухий байлыгынын башаты да, бийиктиги да, карапайым жашоо жыргалы да ушундай. Бул жалганда ошондой ынтымак жашоону жана ата-энелери жарык дүйнөдөн өтөр алдында балдарына ыраазы болуу менен ырахаттуу коштошууну бардык инсандарга каалар элем!..

Кудай таалам ата-энени балага, баланы ата энеге табигый жактан жакындыгы жана тукум улоо жаркын көрүнүшү аркылуу байлап коюп, адамзат улуулугу улантып келатат. Баланын ата-энеге аң-сезимдүү түрдө байлап коюлгандыгы бул адамдын айбандан айырмаланып, инсан болушуна түзгөн шарты. Балдары чоңойгондо ата-энесин чанып жана таштап кетүүсү айбандардын кылык-жоруктарын кайталоосу, алардын акыл-эси менен аң-сезиминин айбандык деңгээлден жогорулай албагандыгы деп эсептесе болот. Балдарынын миллиондогон акчасы ата-энесинин ал бөбөк кезинде түн уйкусунан безип бир күн караганына, же бир жолку

мээримине арзыйт бекен?.. Ал байкуш ата-эне баласын акчасынын жана башка байлыгынын баары менен жогуна жана кыйынчылыгына карабай тырмактайынан бапестеп багып чоңойткону на эч бир байлык тең келбейт...

Айбан сыяктуу адамды дене муктаждыгын гана жетекчиликке алып, ички Жан дүйнө маселесине маани бербегендик саясаты мына ушундай аянычтуу кесепеттерге алып келди. Карыялар үйлөрүнүн көбөйүшүн, балдардын ата-энелерин карыганда таштап кетүүлөрүнүн көбөйүшүн бул саясаттын жемиши катары карасак болот. Адамдарды бири-биринен бөлүү үчүн оболу аларды ата-энеден, үй-бүлөдөн, бир туугандан, элден, адамзаттан бөлүп салуу инсаният душмандарынын максаты. Арийне, бул көрүнүшкө да адамзат душмандары менен өкүмдарлардын салымы чоң, анткени адамзатты ар тараптан айбан-маңкурттарга айлантуу алар үчүн аябай пайдалуу. Импердик «бөлүп алып, башкара бер» дегениндей улуттарды бөлүп алып, жетелеп алуу жана башкаруу алардын оюндагы иш. Ата-эне менен баланы бөлүү, аял менен эркекти бөлүү, коом менен жеке инсанды бөлүү, бир улут менен экинчи бир улутту бөлүү, бир дин менен экинчи бир динди бөлүү адамзат душмандарынын негизги максаттары.

Кудайды сүйүшүңүз аркылуу анын чексиз мээримине жана жакшылыгына жетишүү менен бирге Жараткандан көптөгөн эсе кайтарымга ээ болосуз. А бирок Адам Кудайдын инсанды азиздеп, алпештеп сүйгөнүндөй кылып бир дагы инсан Жараткандын өзүнө ошончолук сүйүүнү кайтара албайт. Жакшылык кылуу болсо адамзат коомунун негизги вазийпаларынын бири. Ал адамды рухий өнүгүүнүн бийиктигине чыгарат. Ага карабай, учурда кээ бир коом өкүмдарлары элге, журтка жакшылык кылууну каалаган, таза жүргөн адамдарды өз кызыкчылыгын коргой албаган бечерага айлантып, ал эми алдамчы, ач көз, жегич, зордукчул адамдарды коомдун каймагы кылып көрсөтүүгө жетишти. Натыйжада алар өздөрүнүн адамзатка душмандык

каалоолоруна, аны менен кошо Кудайдын каарына калууга да жетишти…

Москвалык профессор Лазаревдин изилдөөсү жана тажрыйбасына ылайык рак оорусуна чалдыккан адамдардын көпчүлүгү бирөөгө же акчага ашыкча берилип кеткендер болгондугун аныктаган. Ошондуктан балаңыздан да, жарыңыздан да, ата-энеңизден да, элиңизден да, жериңизден да, дүйнө-мүлкүңүз менен акчаңыздан да эң биринчи орунда Кудайды сүйүшүңүз, барлыгыңызга тобо кылышыңыз турушу керек. Кудай берген бала, Кудай кошкон жар деп элибизде эзелтен жакындарын эркелете келишкен. Демек, жашоонун ошондой керемет сырдуу кудурет кубулуштарын алар эң сонун билишкен.

Адамды курчап турган нерселерди, жаратылышты, макулуктар менен катар өсүмдүктөрдү сүйүп аяр мамиле кылганыңыз үчүн Жараткан сизге көптөгөн жакшылыкты берип, ошол эле учурда аларды сиздин кызматыңызга коёт. Атурсун, мында балаңызды сүйүшүңүз да Жаратkандын түзгөн эрежеси. Мындайча айтканда Дүйнө жүзү бардык сүйүүлөрдүн жана жакшылыктардын негизинде сакталып турат. Муну чала түшүнгөн айрым чала сабат молдокелер Кудайдын инсанга болгон чексиз сүйүүсүнө татыктуу жооп кайтаруунун ордуна Кудайдын кудурет күчү менен коркута берип, Аллахты коркутуучу элементке айлантып алышты. Албетте, Жаратуучу адамдын инсандык туура жолдо жүрүүсү үчүн түзгөн өзгөчө мыкты, келечектүү эрежени аң-сезимдүү үйрөнүп, анын негизинде эң жогорку бийиктикке жетишин каалайт.

Бирок, адамдар бара-бара инсандык жолдо жүрүүнүн ордуна күнүмдүк көртириликте айбансымал жашоого өтүп алышса, анда аларды жазалоонун ордуна, албетте, Алла таала сыйлык бере койбойт. Чала сабат молдекелер аларды жакшы жолго чакырып, тарбиялоо ордуна, ал кемчиликтерди бетке кармап, адамдарды кадам сайын коркутуу менен алектенишет. Кудайдын сыйы, жакшылыгы жок сымал, анын

жалаң жазалоо жолун айтып, дозокко домбура кыла бериш кимге пайда?...

Кудайдын адамга болгон сыйы менен камкордугу толтура. Анын сыйына салыштырганда, жазасы миңден бир бөлүгүн да түзбөйт. Ал жакшылык, сыйлар менен жазаларды акыйкат чечмелеп, жеткиликтүү түшүндүрүү ар кимдин эле колунан келе бербес иш. Ыйык китептер эмне үчүн ыйык китептер болуп саналат? Анткени аларды окуп түшүнүү, анын чыныгы маанисин чечмелеп берүү оңой иш эмес. Кудайдан келген кабар маалыматтар жөнөкөй болгондо, адамды сыноодон өткөрүүнүн, адамга адамча мамиле кылуунун кажети калмакпы да, ага ишеним артып, аны баарынан эң жогорку бийиктикке жеткирүүнүн программасынын кереги болмокпу! Алла таала жазасы менен коркутуп үгүттөгөн доор өтүп кетти. Азыркы адамдар Кудайдан коркпой эле, Кудайды чексиз сүйүп, аны көкөлөтүп, даңктай турган өнүгүү деңгээлине жетип келишти. Ошондуктан Акыр заман кезинде динге чакырууда адамдарды коркутпай, сүйүнүчтүү кабарлар менен үгүттөгүлө деп Хадисте бекеринен белгилеген эмес.

Ушул багытта бир мисал келтире кетейин. Айылдык бир мечитте имам күнүгө адамдарды Кудай жазасы менен коркута берип, жүрөкзаада кылып койгон. Россияда иштеп мечитте такай намаз окуп келген 21 жаштагы жигит Кыргызстанда мечитте намаз окуган сайын, имамдын коркута бергенинен айласы кеткенде, ал мечитке келбей, үйдө гана намаз окууга өткөн. Ал "мечиттин астанасын аттаганда эле көзүмө дозок оту элестеп, дозокко домбура болчудай чочулоо сезимге кабылам" дейт ал.

Чындыгында, адамдын ар бир ою, сөзү, аракети жакшылык, туура жолдо болсо ага сооптун үстүнө сооп жазылып, бейиш насип кылынат. Дозокко түшкөнгө караганда Бейишке баруу адам баласы үчүн бир топ эсе оңоюраак. Ойлоп көрүңүз, өзүнүн улуу кудурет күчтүү сүйкүмү аркылуу эң керемет, жеткилең жана эркетай кылып

жараткан адамзат-наристе инсанын Кудай кантип эле дозокко домбура кылып жок кылып жиберүүнү кааласын.

Аны чала молдо дин бузарлар, динди терең өздөштүрбөй курулай жаттап алгандар дозокко домбура кылып жатканын, 1500–2000-жылдан бери бир кадам да алга барууну каалабагандык, дин менен илимди, илим менен динди карама-каршы койгон чала сабаттык, Жаратуучу туура жолду көрсөтүүнү мойнуна жүктөгөн милдетти аркалай албагандык катары гана баалоого татыктуу.

Үй-бүлө болуп жашоодо, албетте, сүйүүнүн ролу чоң. Кана эми аруу сезим, таза сүйүү, терең ишеним менен сыйлашып жашоого не жетсин. Ата-энени же баланы тандап алуу укугу аларга Кудай тарабынан берилбеген, ал эми үй-бүлө курууга жана жубай тандоо укугу болсо адамдын өзүндө. Ата-эне менен балдардын ортосундагы сүйүү жана жакындык жагы аларга Жаратуучудан инстинкт аркылуу берилсе, жубайларды сүйүү жана тандоо алардын өз эрк ыктыярына гана коюлуп, бир көргөндөн эле жалындап күчөп барып, ушул сезим уламдап күчөп жүрүп отуруп жуп болуп бирге жашашат.

Бир кызыкты белгилей кетмекчимин, ондогон жылдар бою бирге жашаган жана карыган абышка кемпирлердин сүйүүсү жаштардын сүйүүсүнө караганда тереңирээк жана күчтүүрөөк болот. Болгону алар сезимдерин ачык жарыя кылып, даңазалай бербейт.

Бул да болсо инсанга Теңиримдин тартуулаган кереметтүү белеги. Ошондон улам Хадисте адамдар ар качан түшүнө бербесе да, Алланын бүткүл жаратканы керемет деп айтылып кеткен. Андыктан адамдар бул керемет белектерди түшүнүп, тирүүчүлүктө мындай кереметтерден кур калбастан, алардын ырахатына батып өмүр сүрүүлөрү керек!

Сүйүү маселесинде айрымдар тышкы көрүнүш, байлык-бийликке гана тиешелүү жаңылыш түшүнүккө берилип кетишип, анын азабын өмүр бою тартып келаткан адамдарыбызды четтен табууга болот. Андыктан жубуңузду тандоодо инстинкт менен дене муктаждыгына эмес, анын

байлык-бийлигине да эмес, анын атак-даңкына да эмес, дене-турпаты менен өң-түсүнө гана эмес, анын адамдыгына көңүл коюңуз. Сүйүү маселеси өзүңүздүн эрк-ыктыярыңызга гана коюлуучу маселе болуп, жубуңузду тандап алууда аң-сезимиңиз менен акыл-эсиңизди иштете билишиңиз максатка ылайыктуу. Адамдын өмүрдө бирге жашоо үчүн жан шеригин тандап алуу маселеси инсан үчүн олуттуу маселе болуп, бул жерде шашкалактык менен урду-соккулукка жол берилбейт.

Албетте, кандайдыр бир адамды жактырып калганыңызда сиздеги инстинкт сезими козголуп, жүрөгүңүз өзгөчө дүкүлдөп согуп, кан басымыңыз башкача таризде сезим органдарына кан айдоону күчөтөт. Эгер сиз көргөндө эле жүрөгүңүз дүкүлдөп соккон, же сезим органдарыңыздагы делебеңиздин козголуусуна гана жетеленип кетсеңиз, анда сиз макулуктар сыяктуу инстинкт аркылуу гана болуучу сүйүүгө ээ болосуз. Сүйүү жүрөккө эмес, адамдын Өзү менен Рухуна байланыштуу иш. Адамдын Жан дүйнөсүн түзүүчү Руху менен Өзүнөн сүйүү сезиминин буйругун алган баш мээ менен жүрөк өзгөгөчө режимге дуушар болуп, канды сезим органдарына дембе-дем айдай баштайт. Андан улам сезим органдары активдешип, аракетке келе баштайт.

Мына ушул абалды сезип калгандар көзгө көрүнүп, сезилип туюлган гана материалдуулук жагын эсепке алуу менен сүйүү жүрөк жана башка сезим органдары аркылуу сүйүлөт деп жаңылыш түшүнүккө барып келишкен. Ошондуктан сүйүүнү же жүрөк менен, же сезим органдары менен сүйөт дешке болбойт. **Сүйүү – бул ички рухий, Жан дүйнө**нүн натыйжасында пайда болуучу жана жүрүүчү көрүнүш. Буга мисал, азыркы учурда көптөгөн адамдардын жүрөктөрүн башка бир адамдардын жүрөктөрү менен алмаштырып жатышат. Натыйжада ушуга чейин донордун жүрөгү жаңы денеге коюлгандан кийин, бул жүрөк донордун аялын сүйгөн бир да факт болгон эмес, тескерисинче ал жүрөк жаңы дененин гана аң-сезим жана акыл-эс башкаруусунда болот.

Мында сүйүү сезими жүрөккө жана денеге эмес, ички көрүнбөгөн рухий сезимге тиешелүү экендиги айгине болуп турат. Ал эми көркөм фильмдерде жүрөгүн алмаштырып койгондогу донордун мурдагы сүйгөнүнө кайтып баруу окуялары эч качан, эч жерде болгон эмес. Ал ошон үчүн документалдуу эмес, көркөм фильмда!

Адамды Кудай жаратканда аларга ар түрдүү Рухтарды берип койгондуктан, балдардын дене-турпаты ата-энеге окшош болгону менен алардын ар биринин мүнөзү таптакыр бири бирине окшобойт жана өнүгүүсү ар түрдүүчө болот. Ошондон улам «бир уядан чыккансыңар го акыры» деп нааразы боло берүүгө кажет жок.

Ал эми адамды жаратууда айрым учурда мурда бири-бирине душман же дос болгон Рухтарды да бир үй-бүлөгө алып келип ата-эне менен бала, же бир туугандар кылып коюшу мүмкүн. Үй-бүлөдөгү жакындардын келишпестиги же ынтымагы ушунун натыйжасы болуп, бул Жаратуучунун адамды жеткилең кылып сыноодон өткөрүүсү үчүн шартталган жагдай.

Мында да Жараткан өзү сизге ар түрдүү адамдарды жакын кылып кошуп коюу менен эң татаал жана машакаттуу болгон турмуш дайрасынан сиздин тарбияланып, жол таап, жеткилең болуп өнүгүп чыгууңузду каалайт. Ошондуктан «Мен билгенди силер билбейсиңер» деп Теңир таала Ыйык китептерде кайра-кайра кайталайт.

Инсанга ата-эне жана бир туугандарды Кудай өзү кошуп койгондуктан адам аларды тандай албайт, ошондуктан жакындары менен жакшы мамиледе болуу, алардын айрым кылык жоруктарына чыдамкай болуу менен аларга камкордук кылуу талап кылынат. Ар түрдүү жагдайларда жакындарыңызга сабырдуулук менен мамиле жасап, аларды да тарбиялап, өзүңүздү да тарбиялап барышыңыз шарт.

Кудайдын эрежесине ылайык ата-эне баласын эч качан, эч кандай шартта таштап кетүүгө мүмкүн эмес, ал эми ата-энени баланын кийин карабай коюшуна да жол берилбейт, анткени аларды Кудай өзү бири-бирине кошуп жана байлап

койгон. Ата-эне баланы коомго жарактуу Адам кылып кошуусун, ал эми бала ата-энесине камкордук кылуусун Алла таала адамдык жашоонун эрежеси кылып бекитип койгон. Ошондуктан ата-эне баланы, бала ата-энени тандоо укугуна ээ болбогондуктан, эгер кимиси кароосуз таштаса, Жараткан тарабынан сөзсүз жазаланышы шарт!

Элибизде «бала тапкандыкы эмес, баккандыкы» деп терең маанилүү айтылган накыл сөз бар. Бул баланын төрөлүшүнө эле эмес, анын тарбияланып Адам болуп жетилишине элибиздин артыкчылыктуу маани беришин көрсөтөт. Ушул түшүнүктүн айланасында көптөгөн талаш-тартыштар менен бирге адашуулар жана үй-бүлөлөрдүн бузулуусуна чейинки жараяндар адамзат арасында чыгып келүүдө.

Баласыз болгондор туурасында «Курандын» 42-сүрө 49-аятында «Же аларды жуп кылып жаратат жана Өзү каалаган кишини туубас кылып коёт» деп берилет. Балалуу болбогондор көп жабыркап, өздөрүн коом өнүгүшүнө жетишээрлик салым кошо албаган сыяктуу сезишет. Ошондуктан эзелтен элибиз муну мыкты билген таризде баласыздарга алардын өз жакындары балдарын берип, кайра артка алган эмес. Мындай мээримден жана сүйүү сезиминен ажыратуу балага да, ата-энеге да өтө оор тийип, опурталдуу натыйжаларга алып келиши мүмкүндүгүн алар билишкен. Ошондон улам тарбиялап чоңойткон ата-энеси менен баласын алар эч качан ажыратпоо максатында жакындарынын баласын беришкен.

Учурда бала төрөп, башкага берип салып, бала чоңойгондон кийин көзүнө жакшы көрүнүп, кайра тартып алгандар, же багып чоңойткон ата-энесин өгөйлөгөн учурлар кездешип жатпайбы. Мында да айрым адамдар адамгерчилик түшүнүгүн ойлоп коюшпай, балага ээлик кылуу максатында байлык менен бийлигин пайдалануудан кайра тартпай жатышат. Баланы багып, тарбиялап, мээрим койгон ата-энесинин жана баланын Жан дүйнөсүнүн кызыкчылыгын эстеп да коюшпайт.

Ошондон улам эске түйчү бир мисал келтире кетейин. Бир жаш кишинин  аялы өлүп, бир жаштан өткөн баласы жетим калган. Ал Адам дагы башка аялга үйлөнгөндө бала эки жашта болучу. Ал баланы жаңы жубайлар эч нерседен кем кылбай багып өстүрүштү, баккан энеси болсо ал балага мээримин аябай, өз баласындай кылып чоңойтту. Аны үйлөп-жайлап, неберелерин, атурсун чеберелерин да мойнуна көтөрүп чоңойтууга жардамдашты. А бирок келининин пейили менен ниети жакшы эмес болучу. Чалы дүйнөдөн өттү, андан соң баласы дүйнөдөн кайтты. Арийне, баласы өлгөндөн кийин кемпирдин өгөйлүгүн келини өз жакындары менен чукулай баштады. Багып чоңойткон баласынын жылын өткөргөндөн соң, кемпирди келини баш болуп, бала-чакасы менен биргеликте үйдөн кетиришип, көчөдө калууга мажбур кылышты.

Кетип баратып урушуп-талашпастан, коңшусунукуна чыгып буркурап ыйлап, «Мен 50 жылда да буларга Эл болбодум, баласы жок болсо ушундай болот экен да, баарына Кудай тараза» деп зыркыраган бойдон туугандарын издеп кете берди. Ал байкуштун бир туугандары да, жакыны да жок болучу, а бирок бир тууганынан калган бир кызыныкына барып баш калкалоого мажбур болду. Ал кемпирди айдаган соң, ал үй-бүлөнү жамандык каптады. Биринчи болуп, кемпирди үйдөн айдаган келиндин буту колу ооруп, ондогон жылдарга чейин төшөктөн турбай жатып калды. Анан кемпир багып чоңойткон небере ооруп, дүйнөдөн мезгилсиз кайтты. Артынан энеси кайтыш болду. Андан кийин, кемпирди кетирүүгө себепчи болгон келиндин агасы сопсоо туруп, мүрт кетти. Аны кой деп коюшка жарабаган жубайы да, жылбай төшөктө жатып калды.

Айтор, учурда бул үй-бүлөдө тынчтык жок. Береке пайыз да жок. Бир мезгилдеги бейпилдик, ынтымактык, байгер жашоонун изи да жок! Учурунда бул үй-бүлөгө өз мээнети менен мээримин, жаштыгы менен өмүрүн арнаган карыган кемпирден бир кесе оокатын, бир туурам нанын жана болор-

болбос мээримин аяган көрпенделердин тагдыр жазмышын көрүп коюңуздар…

Деги, унчукпастан, же урушпай-талашпастан Кудайга салып анын таразасына койгондук бул дүйнөдөгү эң катуу жаза болуп эсептелет. Ошондуктан болор-болбос наарзылыктар үчүн Кудайга салууга, же Кудайга салынуудан этият болгула. Андан көрө кол менен уруп, сөз менен тилдеп алгыла, а бирок ой менен каргаган Жаратканга түз жеткендиктен, унчукпай наарызы болуу менен каргагандан этият болгула, анткени ой менен каргаган өтө чоң күчкө ээ.

Мен дагы бир окуяны, күйөөсү аскерге кеткен келин наристе баласын таштап, башка бир жигит менен алыска качып кеткенин билем. Келин ал күйөөсүнөн балалуу болбоду. Өз баласы менен катташпай, өмүр кечирди. Кийин карыганда, күйөөсүнөн ажырап, анын мурдагы аялынын балдарына батпай, көрүнгөндүн колунда калды. Аны уккан намыстуу небереси атасы менен акылдашып, энесин издеп таап, үйүнө алып келип, аппак кийинтип, камкордукка бөлөдү. Учурда ал кемпир небересинин колунда жыргалда жашап жатат, ал эми мындай кайрымдуулукту ишке ашырган небереси эч нерседен кем эмес.

Муну небереси менен баласы элибиздин эзелтен келаткан айкөлдүгүнүн негизинде тарбия алгандыгынын натыйжасы деп айтса болот. Анткени, ал бала жашаган айылда акыл, насаат айткан, кичүүлөргө кадыры улук аксакалдар көп эле. Мында, элибиздин эзелтен келаткан айкөлдүк, кечиримдүүлүк, кайрымдуулук, ыйман менен ынсаптуулук жана башка жакшы сапаттары сакталганын канааттануу менен белгилеп, миңдеген жылдар бою кастарлап сактап келген бул сапаттарды жерибей, улуттук менталитеттин чыныгы инсандык артыкчылыгын улантууга чакырык таштап отурабыз.

Ааламдашуу мезгилинде адамдардын ниетинин, же ой-пикиринин бузулушу аянычтуу акыбеттерге алып келе баштаганынын күбөсү болуудабыз. Андыктан

мамлекетибиздин, элибиздин жакшылыкка жетиши үчүн сөзсүз биздин ой-пикирибиз менен ниетибизди оң жакка бурушубуз абзел. Мисалы: миллиондогон адамдар көргөн телевизордон, Кыргызстандын келечеги жок деген сөз айтылып кетти дейли. Бул сөздү уккан көпчүлүк адамдар аны көңүлүндө кайталоосунун натыйжасында ал ой Көккө жана Кудайга карай кетет. Мындайда миллиондогон адамдардын оюу бириккенинен күчөгөн энергиясы (көпчүлүктүн дубасы) ал ойду ишке ашырууга кирише баштайт. "Адамдын оозундагы сөз, алланын кулагында" деп бекер айтылбайт да.

Кыргыз эли «ниетинди оңдо, ниетинди таза кыл» деген терең маанилүү сөздөрдү такай пайдаланат. Кеп, сөз аркылуу жакшы, жаман ойлор ниет катары ишке ашып кетиши мүмкүн экендигин элибиз эзелтен билген. Ошондуктан, бейчеки, кесир сүйлөштөн этият болушкан. Андыктан, учурда оозун куу чөп менен аарчып, ниети жаман адамдарды массалык маалымат каражаттарында пикирин чагылдыруу, эл көп чогулган жыйындарда сүйлөтүү ордуна, эл көңүлү менен ниетин жакшы тарапка буруучу жана аны ичинен кайталата турган даанышман адамдардын акылман ой, пикирлери, жакшы кыялдар менен байытуу зарыл.

Эми кайрадан баланын өзү Кудай тарабынан жаратылып, анын Денесинин гана жаратылышына ата-эне себепчи боло ала тургандыгын баса белгилейли. Кудай анын Рухун, Жанын, Өзүн ар түрдүү кылып, кошуп жаратып койгондуктан, бир үй-бүлөнүн балдарынын өңү, түсү, денелери окшош болгону менен, ички рухий жактары ар башка боло берет. Ошондуктан, балам мага окшош, бирок, мүнөзү, жүрүш-турушу окшош эмес деп кабатыр болууга кажет жок. Кудайга карап, баланы Мен жараттым, ал менин гана балам, аны эмне кылсам өзүм билем деген түшүнүктөн алыс болуңуз, азиз ата-эне! Бала буюм эмес, макулук да эмес, жөнөкөй зат да эмес, ал Кудай тарабынан жаратылган кереметтүү Инсан!!!

Бала төрөлгөндө анын ата-энеси инстинк сезими аркылуу ага байланса, ал эми баланы багып алган ата-энесинин балага

болгон мээрими жана сүйүү сезими ар бир закым сайын аң-сезимдүү түрдө күчөй берет. Наристени алпештеп багып өстүрүүдө канчалаган мээрим-ырахат жана сүйүү сезимдери канчалаган күчтүү **оң фантом** энергиясын жаратарын унутпоо керек! Мына сиздин бир жолку мээнетиңизге Кудайдын миң жолку кайтарымы! Мындай жагдайды билбеген жана унуткан Батыш мамлекеттеринде баласы 18 жашка толуп, толбой өз алдынча жашоо үчүн, өз ата-энесин таштап, чыгып кетет. Ата-энеси өз баласына жолугуу үчүн андан уруксат сурайт. Андан да жаманы, бала машакатын тартпоо үчүн балалуу болууну каалабагандар учурда өтө көбөйүп баратат.

Эми, ойлоп көрүңүз, Жараткан тарабынан адамзатка тартууланган керемет көрүнүш болгон үй-бүлө күтүп, балалуу болуу кумарына батып, жыргап жашоо ырахатын кантип өзүмчүлдүккө алмаштырып жиберүүгө болсун?! Жакын адамдар менен балдардын көз карашы менен мамиле мээриминде канчалаган күчтүү оң энергия жатат. Фантом аталуучу энергия сиздин ден-соолугуңуздун чың болушун, Жан дүйнөңүздүн бийиктикке жетишин жана сиздин чыныгы инсан болуп жетилишиңиз үчүн эң керектүү каражат болуп саналат. Теңир тааланын мындай белегинен баш тартуунун өзү акылсыздык!

Акыркы жылдары адамдардын арасында таң каларлык көрүнүш орун алды. Жашоо жараянында жөн эле күн кечирүүгө канааттанбай, кандайдыр бир белгисиз нерсени жана Жаратуучуну издеп, өздөрү биле бербей туруп, андуу жашоону самоо аркылуу Кудай жолуна түшкөндөрдүн саны өсүүдө. Акыркы жылдары бул багытта айрыкча балдар жана жаштардын изденүүсү жана умтулуусу күчтүү. Карасаңыз, Кудайды издегендер да ошолор, андуу жашоону жана арууулукту каалагандар да ошолор, жаңылык менен жакшылыкка умтулгандар да ошолор. Бул балдар улам акылдуу болуп төрөлүп, аларга тарбия жана билим берүү маселеси жогорку сапаттарды талап кылууда. Анткени, бул

балдардын аң-сезими менен акыл-эси, кабылдоосу менен жөндөмдүүлүгү өздөрүнүн ата-энелерине караганда бир кыйла эле жогору. Көпчүлүк ата-энелер ошону үчүн, “биз кичине кезибизде мындайды билчү эмеспиз, бул балдардын акылына таң калабыз” деп калышат. Элибиз мындай балдарды «чоң ата, чоң эне» деп тергеп коюшат.

Мындай жөндөмдөрдү, тазалыгы менен аруулугу, шыктуулугу менен билгичтиги, өз алдынчалыгы менен эркиндиги кайдан деген суроо туулбай койбойт. Ага окумуштуулар менен изилдөөчүлөр аста-секин жооп табууда. Бул балдардын Өзү акактай таза жана адилеттүү, жөндөмдүү жана эркин, эң негизгиси кудайчыл болуп төрөлүүдө. Алардын аурасы сыя-көк, алтын же акактай тунук түстүү экендигин сезгич адамдар көрө алгандыктан аларды **индиго** (сыя-көк түс) балдар деп аташууда. Дээрлик ар бир үй-бүлөдө мындай балдар бар. Ошондуктан бул балдарга кылдат жана билгич мамиле жасоо керек. Аларды окутуу жана тарбиялоо өзгөчө билим менен чеберчиликти талап кылат. Себеби, алар өз өнүгүүсү боюнча ата энелеринен алда канча алдыда. Чындыгында алардын деңгээлине туура келген окутуучу, тарбиячылар аз санда.

Албетте, Адамдардын өз ара мамилесин жана балдарды тарбиялоодо баарын бир калыпка салууга болбойт. Алардын ар кимиси ар башка инсан экендигин эсепке алуу менен ар бир инсанга жекече мамиле талап кылынат. Криминалисттер далилдегендей бир адамдын бармагынын изи башка эч бир адамдын бармагынын изине окшобогондой эле, сиздин Өзүңүз, Рухуңуз да эч бир башка адамга окшобойт. Бул багытта психологдор менен педагогдор ар бир инсанга (личностко) жекече мамиле кылуу керек деп, ар бир адамдын ишенимин, кулк-мүнөзүн жана башка ички жактарын сезишкени менен рухий тараптарын изилдөөдө алдыга кете алышкан жок. Бул багытты өнүктүрүп кетүүгө, дале болсо, баягы эле материалдуулук тарапты издеп кетүү тоскоолдук кылууда.

Коомубузда орун алып жаткан адилетсиздик менен алдамчылыкка, зордукчулдук менен ишенбөөчүлүккө, эрк ыктыярдын чектелүүсү менен теңсиздикке жана башка терс көрүнүштөргө так ушул балдар колунан келишинче каршылык көрсөтө баштады. Бирок алардын коомдогу ролу чектелүү болгондуктан, өз нааразычылыктарын кээде зомбулукка зомбулук менен жооп кайтарууга аргасыз болууда. Булар адилеттүүлүк орнотуу максатында мектеп рекетине чейин жетип, мыйзамга туура келбей турган иштерди да жасашууда. Ал эми, Батыш мамлекеттериндеги мындай балдардын айрымдары андай теңсиздик көйгөйлөргө чыдабай өзүн өзү өлтүрүүгө чейин барууда. Албетте, алардын кылганы туура эмес. Бирок, бала балалыгын кылып, баарын терең талдай албай, чыдабай кетип жатпайбы. Аларды сактап калуу үчүн биринчи кезекте аларга туура тарбия жана билим берүү керек.

Коомдогу жаман жана жат көрүнүштөргө тубаса апапакай жана таза, адилеттүү жана жөндөмдүү балдар чыдай алышпайт. Алар таза жана кудайчыл, ыймандуу жана ынсаптуу, билимдүү жана түшүнүктүү, адилеттүү жана токпейил. Ошону үчүн аруу чоң адамдардын тарбиясына муктаж. Антпесе, кереметтүү жаралган мындай балдардан – келечегибизден кол жууп калышыбыз ыктымал. Балдардын тартип бузууларынын сырын коомдогу адилетсиздик менен түркөйлүк жана башка жаман илдеттерден издеген оң. Улуулардын өнүгүүсү жана тазалыгы канчалык аруу болсо, балдарды сактап калуу менен коомдун өнүгүү деңгээли ошончолук артат.

Бул балдардын жаралуусу өзүнчө керемет. Кудайдын адамзатка тартуулаган мээрими. Адамзатты сактап калуунун негизги жолу. Ошондуктан абайлоо керек. Ар бир адилетсиздик, Кудайдын эрежесин бузуу, инсандык жолдон чыгуу, ар бир алдамчылык менен жалкоолук, ар бир ач көздүк жана ушу сыяктуу айбанчылыктар ал перзенттер аркылуу Кудайдын көзөмөлүндө. Айлананызды тереңирээк байкап көрүңүз. Кудайга сыйынып жаткандардын көпчүлүгү балдар

менен жаштар. Ичкилик ичүүдөн баш тартуучулар да дал ушул жаштар. Мечиттер менен чиркөөлөрдө сыйынуучулардын көбү да мына ушул жаштар. Бизге перзент кылып жөнөтүлгөн мындай кереметтүү балдарыбызды сактайлы. Алардын эрк ыктыярын бузбайлы. Алардын адилеттүү жолун колдойлу. Алардын тазалыгы менен аруулугун бапестейли. Алардын жөндөмүнөн пайдаланалы!

Асыл инсанды көп калатта тектүү инсан деп айтуу орундуу эмес. Текзат бул байланыш жана касиет пайда кылуу. Бири-биринин тарбиясы үчүн олуттуу арга каражаттыр. Теги таза туулуулардын, же дүйнөгө келүүлөрдүн түрдүү-түмөндүгүн бир гүлдесте сыяктуу бириктирүү жана байлоого негизделген абал зарылдыр. Ушул себептүү да айрым бир ата, бир энеден туулгандардын өз ара келишпестиктери бардыр. Балким, тагдырдын буйругу менен дегендей, оболку душманы менен кийин бир тууган болуп калышы мүмкүндүр. Беганалардын өтө кадырлашып кетүүлөрү болсо оболку достугу акыбети сыяктуулардыр. Мында белгилей кетчү нерсе, сиздин бир жашап, бир өлүп жок болуп кетпестигиңиздин жана да кайра-кайра ар түрдүү шарттарда, ар түрдүү жерлерде жашап барарыңыздын дагы бир чагылышында турат.

Эзелки жана түбөлүк үзгүлтүксүз өмүрдө жашоочу инсан түрдүүчө шарт жана түрдүүчө жашоо тариздерин өз башынан кечирүүлөрү мүмкүн. Инсан инсандардын турмуш казанында кайнап бышпай туруп, асыл калатына жеткен менен инсандыкты түшүнбөстөн кала бериши мүмкүн. Кемчилдиктер же денесинде, же акыл өнүгүүсүндө болушу мүмкүн. Боюнда барлыгын эсепке албай жасалган калтыс, орунсуз аракеттер жана таза эместиктер туулуп жаткан баланын кемчил болушуна таасир этет. Ошону менен бирге ага ата энесинин, же экөөнүн тирик зарраларындагы кемчилдик кошулса, натыйжасы өтө аянычтуу болушу мүмкүн. Бул өзүнөн өзү ырасмий абалдагы жараксыздык белгилер. Дүйнөгө жараксыз инсан жаратуу адамзат кемчилдиктерин көбөйтүү болуп саналат. Мындан улам соп-

соо адамдар өздөрү өзүн жана өзгөлөрдү кемчил болушуна таасир тийгизгендер турмушта көп учурайт.

Маселен: сезим даражаларынын өтө төмөндүгү сыяктуу кемчилдиктерди көрсөңүз же текшерсеңиз, инсан затын бузулууга алып келген же болбосо себепчи болгон инсандардын өзүн өзгө мавжудаттардын арасында шерменде кылышы десе болчудай. Инсандар арасында туруп өзгөлөрдү ар түрдүү жеке кызыкчылык жолуна адаштырган инсандар бул жараяндарды аңдай албайт. Алар бүткүл инсаниsettтын жапайы душманы. Алла таала эң назик жана ширин туйгулар негизинде инсандарды жаратууда өзүнүн чеберчилигинин жеткилең жана татаал тараптары менен жаратканын түшүнүү даражасына инсандар өзүн өзү көтөрүүсү зарыл. Кылынган жана кылынып жаткан мээнеттерин түшүнүп жетпестиктери натыйжасында инсандар өзгө инсандарга гана эмес, балким, өзгөлөргө да жүз ырайым кылуу жана өзүн өзү азиздөө даражасын да толук аңдап жетпегендери абдан көп. Бул маселени талдоолор, инсан өз инсандыгы үчүн сарп кылынган мээнет өлчөмүн аңдап жетүү даражасына көтөрүлүшү жана өзүнүн канчалык **кымбат баалуу зат** экенин билиши шарттыгын көрсөттү.

Арийне, бул салыштырууда мандем бар. Эгерде адам эмгектенбесе, ач көздүк жана жалкоолук кылса, даяр нерсени жеп жата берсе, аң-сезим менен акыл-эсин иштетпесе, өзүн өстүрүп өнүктүрбөсө, тажрыйба топтобосо, билим албаса жана жакшылык кылбаса анда ал **маймылга же дагы бир айбанга айланып** калуусу шексиз. Биздин келтирип жаткан мисалдарыбыздан максаты, инсан өз турмуш жолун туура жолго сала билишин, бардык ыңгайлуулуктарга ээ болуу менен бирге айбандык абалдардан кутулууга багытталган. Айбандык түшүнүк менен жашоодон кутулуу бул азыркы замандын эң олуттуу көйгөйү. Ички Жан дүйнөбүзгө негизги көңүлдү бурбасак, бул проблемадан эч качан кутула албайбыз, кыскасы, эч качан чыныгы Адам боло албайбыз!

Адамдын жарык дүйнө жашоосу эң керемет, эң кооз жана эң таттуу кылып коюлгандыктан, бул жашодон башка

жашоону ага теңеп, элестете да албайсың. Айрымдар ойлогондой Жер жүзүндө бул дүйнөдө инсан бир гана жолу жашап өтпөстөн, 99 жолу кайра-кайра жер жүзүнө жаралып келип, жарыктыкта жашап өтүшүн билип алуунун өзү керемет. Мына ушундай тартуу-белек үчүн да Жаратуучуга кантип такай ыраазычылыктар билдирип, алкыштар айтууга болбосун. Мындан ары инсандык өнүгүүгө кадамыңызды ишеничтүү таштай бериңиз. Коркпой-үркпөй Ыйык китептердеги кабарлардын чыныгы маанисин аңдап жете билиңиз!

Бир гана жолу жашап өтүп, өлүп жок болуп кетпестигиңизди анык билип алуунун куш кабарын алып, анын кубанычтуу керемет экендигин аңдап, ырахатына батыңыз! Ооба, Кудай таалам инсан үчүн эч нерсеңди аябадың! Инсандын бардык ынжыктыгына чыдап, сабыр-канаат кылдың! Мээримиңди аябай, кечиримдүү жүрүп отуруп, инсанды баарынан жогорку бийиктикке жеткирүүчү өзүңсүң!!! Ооба сиз окуучум миңдеген жылдар бою эңсеп жана арманда болуп келген Адам өлбөс болсочу дегенге оң маалыматты таптыңыз! Жараткан, Инсанды өлбөс кылып, ага түбөлүктүү жашоону тартуулагандын өзү эң чоң майрам! Бул - инсандын билиминин түркөйлүктү жеңишинин майрамы! Өзүн өзү жеңүүнүн майрамы! Өлбөстүктүн майрамы! Тирүүлүк – бул жашоо майрамы! Сулуулук жана сүйүү майрамы! Өлбөстүк – бул инсан майрамы! Кудай жолунун жеңишинин майрамы!

## Билим берүү жана тарбия

Адам жаралгандан берки миллиондон ашуун жыл бою изденип, түрдүү нерселерди таап жана тажрыйба топтоп келе жатат. Ар бир жаңылык жана ачылыш илим деп аталып, аны өзүнө кабылдап алуу болсо билим болуп бышыкталып калат. Так мына ушуларды билүү адамзатты башка жанзаттардан

өзгөчө өнүгүүгө жеткирүүчү жана бийиктиктин чокусуна чыгаруучу каражат. Байыркы замандан бери адам баласы айбандан айырмаланып, кызыгып, изденип, бир нерселерди ачып, тажрыйба арттырып жана аларды билип алып билимге ээ болуп отурат. Натыйжада убакыт өткөн сайын ал өсүп өнүгүп, жеткилендешип жүрүп отурду. Адамдын айбандан эң негизги айырмасы дал ушунда экендигин эстүү жан аңдап билип алат.

Алгач оокат таап жегенге араң жараган адам, бара-бара эмгек куралдарына жана баш паанекке ээ болуп, азыркы маданиятуу жашоого жана жүрүш-турушка өтүп, машина, самолет менен сейилдеп, телефон жана компьютер менен байланышууга чейин жетти. Ушунун баары адамдын билим алуусунун акыбетинде келип чыкты десек жаңылышпайбыз. Албетте, булардын баары, бүткүл барлыктагы (жаратылгандын баары) бар нерселер жалаң илим негизинде жаратылды. Илимдин эң жеткилең жана татаал жыйындылары негизинде **Барлык** жаратылды. Дүйнө дайыма жаңыланып, өзгөрүп бара берет. Барлыктагы планеталардын эң тактык менен аракеттенүүсүндө да илим жана билимдин катышы бар экендигин эстүү жан өзү билип алат. Ар бир нерсенин өнүгүүсүндө билимдин ролу олуттуу экендиги айтпасаң да белгилүү.

Ошондуктан «Куран» китебинин 750 аятында билим алгын десе, 250 аятында талдоо (анализ) кылгын деп айтылат, демек, учурда эң жеткилең деп эсептелген бул китептин алтыдан бир бөлүгү билим алуу менен талдоо кылууга багытталган. Андыктан ар нерсеге, же көрүнүшкө аң-сезимсиз эле ишене бербестен, билимдин негизинде талдоо кылып, анан тыянак чыгар дегендик. Ал эле эмес билимди жөн эле курулай ала бербестен, аны ар тараптуу алып жана талдап, маанисине жеткин деген талап кайта-кайта коюлат. Ал эми алып жаткан билимди талдоо үчүн анын маанисин сөзсүз билиш керек. Антпесеңиз, алган билимиңиз пайда берүү ордуна, зыян келтирүүсү мүмкүн. Демек инсандын түбөлүк наркы дүйнөгө өзү менен кошо алып кетүүчү

топтогон чыныгы байлыгы анын илими менен билими жана тажрыйбасы. Ал адамды өстүрүп-өркүндөтүп отуруп, аруулап, Кудайдын алдына жеткирүүчү каражат экендигин билүү парз.

Хадисте билим алууга өзгөчө көңүл бурулуп, «Бардык нерселердин өз жолу бар. Билим бейишке жол ачат. Билим үчүн алыскы Кытайга да баргыла, анткени алган билимиң мусулмандын эң негизги милдети» деп айтылган. Көрдүңүзбү билим алууга Ыйык китептерде кандай олуттуу маани берилгенин. Кудай жолунда билим бергендер, жакшы нерселерди үйрөткөндөр айрыкча бааланат, анткени алардын сообу жөнөкөй ибадат кылгандан 70 барабар артык болот. Эгерде сиз өзүңүз бир саат билим алсаңыз, бир саат ибадат кылган менен бирдей sooп аласыз, ал эми сиз бир саат бирөөгө билим берсеңиз анда сиз 70 саат сыйынганга барабар сооп табасыз. Демек, бир саат 5 адамга билим берген болсоңуз 350 саат сыйынганга барабар сооп аласыз.

Мында диний билим берсеңиз да, жөнөкөй билим берсеңиз да, башкаларга билим берсеңиз да, өз балаңызга билим берсеңиз да ушундай сооп таба бересиз. «Сооп сиздин бутуңуздун астында жатат, соопту асмандан эмес, жерден издегиле» деп бекеринен Ыйык китептерде айтылган эмес. Чынында диний билим болобу, жөнөкөй илимий билим болобу, бардыгы Кудайдан келген илим. Биз адашкандан жана түшүнбөгөндөн улам аларды жасалма түрдө эки түрдүү илимге бөлүп койгонбуз. Инсанга негизги билимди Кудайдын өзү бере тургандыгы жана анын Жаратуучу экендиги «Куран» китебинин 59-сүрөсүнүн 24-аятында, «Ал – Алла Жаратуучу, Бар кылуучу, Окутуучу…», деп айтылат.

Ушул себептүү да инсандар ичинде бардык нерсени билдим дегендер адаша берет. Түшүндүм дегендердин түшүнүктөрү тар экендиги билине берет. Ошон үчүн да кеңдикке тең келиш оңой эмес, теңдикке тең болуш үчүн теңдиктин кеңдик кыйырын билүү же түшүнүү керек. Инсандар бир жактама тарбия менен канааттанбашы үчүн Наркы дүйнөдө да, жана Жарык дүйнөдө да аларга

тарбиячылар Жаратуучу тарабынан белгиленген. Даярды таба албаса даярдасын, мүмкүнчүлүгү болбосо мүмкүнчүлүк жаратсын, жок же ылаажы жок болсо изденсин жана өзгөлөрдөн өрнөк алсын. Анткени инсандагы акыл жөндөмү жер барлыгынан пайдаланууга каратылган. Аалам билимдерин билиши менен бирге жер жана өз айланасы билимдерин да үйрөнүп барышы аркылуу өзүнүн турмушуна болгон ыңгайлуулуктарды таба алат жана аларды өз мүмкүнчүлүктөрү үчүн ишке түшүрүүгө умтулат.

Көк пикирлеринин бардыгы диний пикир же ибадат эрежелери эмес, ар бир инсанга Илхам периштеси аркылуу билдирилип турулуучу ачылыштар; чыгармачыл, көркөм, илимий же өтө көп жаркын жалпы пикирлер. Маселен: Эки сап ыр табуу же уйкаштыкта көркөм айтуу, чынында, теңирий пикир. Ошону менен катар жаңылыкка тиешелүү илимий китептер, же жомоктон тартып түрдүү техника же көктүк илимдерге тиешелүү бүткүл билимдерден алып берилип жаткан билимдер да теңир пикирлери.

Адатта, адамдар диний түшүнүктөрдү пайгамбарлар менен байланыштырат. Бул туура. Анткен менен Күктөн жалаң гана диний китептер түшпөйт. Башка китептерди, сүрөттөрдү, айкелдерди, табып же дыйкандын, кесип, өнөр ээлеринин ийгилигин, бүткүл бардыгын улуу Теңир адамдарга тартуулайт. Деги эле, илимге, адабият, искусствого тиешелүү көптөгөн жаңылыктар да Теңир тарабынан инсандарга берилип турат. Акындарга, жазуучуларга чыгармачыл түрдүү китептерди илхам аркылуу жаздырат.

Инсан өзү үчүн бекем акыл коргоо каражаттарын таба билиши менен бирге, өзгөлөр үчүн да керектүү коргоо каражаттарын таба алуулары мүмкүн. Муну үчүн, албетте, өзүнүн көз караш деңгээлин кеңейтпей туруп, илимий-практикалык билимдерди үйрөнбөй туруп, түрдүү илимдерден маалымдуу даражадагы түшүнүккө ээ болбой туруп, Жарык дүйнө сырларын өздөштүрүшү кыйын болот. Өтмүштө өткөн бүткүл калктардын аң-сезимдеринин өсүшү үчүн ушундай тагдырга ээ. Азиз олуяларга же түрдүү талант,

кабылат, жөндөм, жана башка шыктары менен таанымал болгондор да, элге жакшы таанылбай калгандар да теңирий илхам тагдырлуу.

Ушул себептүү **пайгамбарларга гана китеп келет деген түшүнүк өтө жөнөкөй жана жөп-жөнөкөй түшүнүк.** Ар бир калкта жазылган китептер, жасалган ачылыштардын баардыгы көк мавжудаттары аркылуу Алла таала тапшырмасы негизинде аларга берилген. Муну инсаният тарыхын окуп, үйрөнүү, түшүнүү анча кыйын эмес. Азыркы замандын өтө күчтүү талабына ылайык кадам таштабасаңыз айлананыздагыларга күлкү болуп, илим-билимден арта калгандыгыңызды айгинелеп, коомдо сиз үчүн кадам сайын ыңгайсыздыктарды түзө берет. Карапайым, бирок билимдүү болуңуз.

Иса пайгамбарыбыз өз убагында кийингендей кийинип, азыркы учурда көчөгө чыксаңыз, сизди кайсы бир тентиген адам катары карашы мүмкүн. Андыктан, мезгилге жараша таза кийинип, аруу жашашыңыз абзел. Ислам дин сүннөтүн сактаса жакшы, сактабаса күнөө эмес деген түшүнүктү капарына албай, жер, эл шартын элес албай, Чукоткага арапча аппак узун эркек көйнөгү менен ак топу кийип, жетип барсаңыз, тоңуп өлөсүз! Өлсөңүз кимге пайда, кимге зыян? Өз жанын өзү сактай албай өлдүң таризде Кудай алдында да өтө чоң күнөөкөр болосуз! Мына сизге түшүнбөстүктүн акыбети! Мына сага курулай берилүү!

Исламды дүйнө жүзүнө жайылтабыз деп колуна курал алып чын дилден чуркап жүргөндөргө эмне деп айтса болот. Алар исламды канча адам куралдан коркуп кабыл алгандыгын жана канча адам куралдан жана жардыруудан коркуп исламды жек көрүп калып, кабыл албай койгондугун так айтып бере алышар бекен? Күч менен мажбурлап, алдап жана зордоп, акчага сатып алып ислам динине киргизүүгө болбойт жана мындай учурда андай адамдар баары бир Жараткан тарабынан исламга кирген болуп эсептелбестен, аны киргизгендер жазаланат. Ошондон улам, алар исламга пайда келтирүүчүбү, же исламга зыян келтирүүчү

душмандарбы деген мыйзамдуу суроо туулууда. Ислам динин кабыл алуу Аллах таала тарабынан ар бир адамдын өз эрк жана ыктыярына коюлат. Аны түшүнүп жеткенде гана кабыл алуу парз. Аны түшүнбөй туруп эле кожо көрсүнгө кабыл ала берүү Жаратуучу тарабынан четке кагылат.

Бул маселеде маанисине терең түшүнө бербей, анын чыныгы мааниси жөнүндөгү билимге ээ болбой туруп эле бирөөлөрдү далдактап ээрчий берсеңиз, айрыкча, ээрчиткендер сиздин душмандарыңыз болсо акыбети аянычтуу болот. Ислам душмандарына так ушулар керек! Муну "артык кылам деп тыртык кылып койду" деп коёт!

Адамга бардык нерселер Жаратуучу тарабынан кызмат кылууга бекитилген. Бирок Адам баласы анын баарын ойдукелди, жинди-кетти пайдалана берүүгө жол жок. Айланачөйрөнү коргоп, жаратылышка аяр мамиле жасап, макулуктар менен заттарды көздүн карегиндей сактап, аларга жетекчилик кылып, пайдалануу инсандын максатына ылайык келет. Ошондуктан эзелтен муну терең түшүнө билген ата-бабаларыбыз «кумурсканын да бутун сындырба» деген.

Учурда бизге кызмат кылуу үчүн жаратылган айланабыздагы макулуктар менен өсүмдүктөргө жана заттарга адамзат мыкаачылык менен мамиле жасоонун чегине жетип, жаратылыштын тең салмактуулугу бузула баштады. Инсан өз инсандык сапат, касиетин, кабыл алуу, каалоо, сезгичтигин, кылдаттыгын, акыл жана аң-сезим түшүнүктөрүн төмөндөттү. Жада калса инсандык ар-намысы жана мыйзам эрежелерин сезе албастык даражасына түшүп калгандары да **адамдыктан көрө айбандык адатына жакын** кулк-мүнөз менен жашай баштады. Натыйжада, ниет бузулуп, Жер энени аеосуз эксплуатациялап, планетанын да, адамдардын да жок болуп кетүү коркунучуна такады.

**Мындайлар ушул өмүрүнүн акырында, наркы дүйнөдө да жазасын өтөгөн соң кайрадан жашоого кайтарылып, аябай оор жазалуу жашоо турмушка кабылат. Андан да сабак алалбаса, аны кайра, кайра**

**жазалоо жана акырында биротоло жок болуу насип этилет.**

Өз ара душмандашуу жана кыргындар боло берсе, инсандык аң-сезим алдыга өнүгүүсү кыйын. Инсандар коркуу жана убайым курчоосунда жашоо жараянында өзүн-өзү бири-биринен коргоо үчүн өтө көп материалдык жана рухий зыян көрүп келди жана эгер эми аңдуу жашоого карай кадам таштабаса инсан инсандыгын сактап калуусу да коркунучта. Миңдеген жылдар бою канча адашуулар, канча түшүнбөстүктөрдүн айынан канчалаган бейкүнөө адамдардын өмүрлөрү кыйылды, адамзаттык өнүгүү канчалык артта калып кетти. Муну адам баласы эч качан унутпашы керек. Инсан өзү жараткан ар нерсеге өзү кожоюн. Ал нерселерди теңирий шыктануу аркылуу жаратса да, өзүнүкү саналат. Азыркы учурда адамды Жаратман деп туура аташууда. Анткени дүйнө өнүгүүсүнүн башатында так ошо жаратмандык жатат. Эгер жаратмандык болбосо адамзат ушул өнүгүү деңгээлине жетмек эмес. Өзүнүн Денесине тиешелүү болгон айбандыгынан кутулуп, чыныгы инсан боло алмак эмес.

Эмкиликте инсан өз өнүгүү жараяндарын тездештирүүсү зарыл. Жерди бүтүн бир аалам же биринчи аалам деп түшүнүшү, адамдардын баары бирдей инсан, бир мавжудат түрү деп түшүнүшү керек. Кудай тарабынан эң көркөм жана кооз планета эсептелген Жер Энени инсаниятка энчилеп берилгендигине шүгүр келтирип, анын байлыктарын ысырап кылбай, сарамжалдуу пайдаланууну эң алдынкы орунга коюушу абзел. Ошондуктан үнөмдүү болгула жана өзүңөрдү муктаждык торуна түшүрүп койбогула деп даанышман адамдар эскертүүдө.

Маселен: Азыркы инсандын шамал, суу күчүн пайдалануусу, дарыяларды керектүү тараптарга буруусу, зор аба басымдары аркылуу деталлдарды өтө майда бөлүкчөлөргө бөлүү менен металлдардын эритмелеринен өтө чыдамдуу нерселерди жаратуу, өсүмдүктөр жана мөмөлөрдүн өсүшүн тездетүү жана андан жылына кеминде жүз мертеден артык

түшүм алуу жана ушул сыяктуу табылгалар жаратылышка зыян келтирбей, инсаниятка кызмат кылышы тийиш.

Материалист «окумуштуулар» көзү менен көргөндү, кулагы менен укканды, денеси менен сезгенди жана «тиши менен тиштеп» көргөндү гана кабыл алышат жана илим-билим деп ошону гана аташат, дене менен сезбегендин баарын идеализм деп айтышып, же тан алышпайт, же таптакыр тоготушпайт. Алар материалдуулукту же болбосо денесинин катышуусунун акыбетинде пайда болгон нерсенин натыйжасын гана кабыл алышып, ички сезимдер, же Жан дүйнөнүн негизиндеги сезимдерди биле туруп, жокко чыгаруу менен, адамды катардагы айбан-макулуктай көрүп мамиле билдирип келишет. Калгандын баары алар үчүн идеализм жана жок нерсе. Адамдын ички Жан дүйнөсүн адамдардын баары эбак эле түшүнүп бүтсө да, алар материализм жана идеализм кылып бөлүүнү дале болсо улантып, төрт аягын тиреген кыйык макулуктай болуп, алга карай прогрессивдүү кадам таштоонун ордуна кежирлигин улантууда.

Макул, алар айткандай болсун дейли, анда алар көрүнбөгөн, бирок адамдын негизи болуп эсептелген ички абалдарын даана жокко чыгарып бере албай келүүдө. Анда материалисттер жана идеалисттер биригип иш кылып көрүшпөйбү да, анын натыйжасына карап пикир жүргүзүшпөйбү, деген ойго келесиң. Мына ошондо гана чыныгы реалдуу натыйжа чыкмак эле!

Дүйнө жүзүндө адамдардын денесин чыныктырып, такшалтууга, өстүрүп өнүктүрүүгө жана аны дарылоого сан-санаксыз социалдык, ден-соолукту сактоо жана чыңдоо, спорттук жана эс алуу, билим берүү жана маалымат мекемелери иш жүргүзүп, буга мамлекеттердин каражаттарынын негизги бөлүгү сарпталат. Көптөгөн мамлекетте денени туура тарбиялап, такшалтып, чыныктырып өстүрүүдөгү жүргүзүп жаткан иштери мактоого татыктуу. Бул багыт көңүл борборуна алынып, адамдын

физикалык өнүгүүсүнө шарт түзүп, дени сак болушуна ар тараптуу көмөк көрсөтөт.

Дени сак денеге сопсоо Жан дүйнө деп коюшат, ал эми чындыгында арууланган, таза жан дүйнөгү чың ден-соолук тартууланат. Ден-соолукту чыңдоо менен катар катар рухий тарабын да жеткилеңдештирүү максатка ылайыктуу. Ошондо чымыр денелүү спортсмендер кылмыштуулукка эмес, аруулук менен кайрымдуулукка багыт алышат. Бирок инсандын Жан дүйнөсүнө денеге караганда болор-болбос каражат сарпталып, ага көңүл бурулбай унутта калып келатат. Арийне адамдын денеси азык-оокатка кандай муктаж болсо, анын жан дүйнөсү жан азыкка ошондой эле муктаж болуп турарын элдин баары унутпашы керек, анткени жан дүйнө оңолмоюн, адамдын өзү оңолбойт.

Эгерде адамзат мына ушул жол менен жүрүшүн уланта берсе, рухий төмөндүккө түшүп кетип, акырында адамдык сапатын жогото барып, же айбанга айланып, же биротоло Барлыктан жоголуп кетиши мүмкүн. Өз колубуз менен жасаганды өз мойнубуз менен тартуу үчүн мындан өткөн катуу жазаны ойлоп да таба албайсың! Ошондуктан мындайды сезген бабаларыбыз «Айбан болбой, Адам бол!» деп тынбай зар какшап келген. Ыйык китептерде бул маалымат аябай көп берилгени менен аны али оор нерсе деп, дин ишмерлери Рух жана ички Жан дүйнө маселесине көбүрөөк көңүл бөлбөйт. Бул «сезип турам, бирок кармай албайм да» деген кеп. Азыркы учурда ички рухий, Жан дүйнө маселесинде көптөгөн практикалык кубулуштар уламдап көбөйүп, эски катып калган көзгө көрүнгөн гана багыттагы түшүнүктөрдү өтө ыңгайсыз абалдарга кептеп келүүдө.

Натыйжада, инсандын негизин түзгөн ички рухий, Жан дүйнөсүнө терс мамилелерди жаратып, коомчулук өтө кейиштүү абалга кабылууда. Улам көбөйүп бараткан кылмыштуулук, аракечтик, наркомания, сойкулук, экстремизм менен терроризм так ушул маңкуртка айланып бара жаткан адамдар аркылуу ишке ашырылууда. Бир нерсенин түпкү маанисине жетпей эле чала-була түшүнүп

алып, бирөөлөргө жетеленип кете берген адамдар жаман ниеттеги адамдар үчүн курал боло баштады. Биз тынымсыз айтып келе жаткан адамзат душмандарына жеңил олжо болуп бербестик үчүн жана адамзатын сактап калуу үчүн сөзсүз Жан дүйнөсү өнүккөн адамдарды өстүрүп-тарбиялоо, көбөйтүү абзел. Муну ар бир ата-эне, ар бир окутуучу жана тарбиячы, ар бир мамлекеттик чиновник, ар бир инсан жана коомдун ар бир мүчөсү билүүсү жана аткаруусу шарт!

Бул маселеге болгон көз карашты түп тамырынан өзгөртүү замандын талабы болуп калды. Кудайды ар бир демибизде жадыбызда тутпасак, ар тараптан терең билим алууну жолго койбосок, адамзаттын туура жолдо өнүгүүсүнө багыт албасак абалыбызга мышык ыйлап калчудай жараян пайда болуп калуусу мүмкүн, көрпендем! Материалисттик көз карашты идеалисттик көз карашка, илимий көз карашты болсо диний көз карашка жасалма түрдө бири бирине карама каршы коюуга болбойт. Аларды карама-каршы койгондор чала сабат «окумуш» болгондор, же курулай жаттап алып маанисин билбеген байкуш чала молдолор жана акыр аягында адамзаттын жок болуп кетүүсүнө кызыктар болгондор!

Инсан бүткүл илимдерди канчалык терең өздөштүрсө, анын Аллахга боло турган ибадаты ушунчалык чын дилден жана чын жүрөктөн болот. Аны түшүнүү жана ага жетүү оңой эмес. Ушул себептүү инсандар "акылы бийик болбогондун уңгусу идеялуу болбойт" дешет. Мааниси, **Жалпы билимдерди билбей, ээлебей туруп, курук диний чеченге айланган кимселер Аллахга да жага бербейт.**

Чынында ибадат тил эмес, көбүрөөк дилде боло турган жана айтыла турган жагдайлар аркылуу чагылдырылат. Муну эч ким унутпашы керек. Ошондон улам Хадисте «Аллага түнү бою кылынган ибадаттан көрө, пайдалуу билим алган бир саат жакшы» деп баса белгиленип турат. Жаратуучунун инсандын билим алуусуна өзгөчө маани берүүсүнүн себеби, билим менен инсаниятты өстүрүп-өнүктүрүп, эң жогорку

бийиктикке жеткирип, Алла тааланын ишенимине ээ болуусунда жатат.

Кайсы калкта адалдык жана илимге берилүү зор болсо, ал калк арасында улуу ийгиликтер жаралышы мүмкүн. Кайсы калк ниети бузук, же наадан, же өз инсандык абалын жакшы түшүнбөсө, бул калкта мындай иштер кем болот. Ошону менен бирге бир инсандын бузукулугу миң инсанга таасир этиши мүмкүн. Инсандардын түшүнүгү менен айтканда, бир инсандын шарапаты миң инсанга тиет. Бир бузукунун кесепети да миң инсанга тиет.

Кайсы инсанга билим түшүнүгү кандай берилсе, аны мүмкүн болушунча толороок билүү жана өздөштүрүп алуу керек. Алар ошондо гана аруу тариз жашоо жолун билип алат. Эң жөнөкөй мисал, бир даана буудай эгип, өстүрүү менен 400–500 даана дан алуу мүмкүн. Бул жерде, артыкча ысырап кылба, керектүү данды гана эгип жана ал өсүмдүккө камкор мамиле жасаса, түшүмүн 400–500 барабар көбөйтүп алууга болот. Эгер бир даана урук данекти эгип камкордук кылса,討 кеминде 25–30 жыл мөмө бериши мүмкүн. Эгер ар жылы ушул урук миң даанадан мөмө алса 25–30 миң даана данек же мөмөсүнө ээ болот. Эгер бир аял перзент көрсө, 100 дөн артык перзент ага берилиши мүмкүн. Ошондуктан Жаратуучу үчүн адамдардын санын көбөйтүү же кыскартуу маселеси эч нерсеге турбайт. Жер жүзүндө жашап туруп, ниетин бузуп, адамдардын санын өз башынча кемитүүгө аракеттенген адамдардын тизгинин тартып коюу да Алла таала үчүн эч кеп эмес.

Эгер инсан өзүнө пайдалуу азыктар менен азыктанса, өз денесин, мисалы, арак, баңги зат өңдүү арамдыктар менен зоруктурбаса, өз денесине камкордук кыла алса өз өмүрүн, же жашоосун узартып, дайыма дени сак абалда өмүр кечирет. Сабырсыздык же канаатсыздык, ач көздүк же битирлик, уятсыздык же тыюусуздук, өзүн өзү башкара албастык же түрдүү себептер менен өзү кылган айыптарын түшүнүшү керек. Азыркы өткөөл заманда Кудайга сыйынуунун жана келе жаткан иргелүүдөн аман-эсен өтүп Алтын доорго

жетүүнүн төрт принцибин бекем тутуу өтө керектүү чара. Бул төрт жол Кудайга сыйынуунун керектүүсүнүн эң керектүүсү болуп жана адамдарды жер жүзүндө боло баштаган алааматтардан куткаруунун жана алардын рухий бийиктикке жетүүсүнүн эң зарыл жолу.

Алар:

Кудайга **ишенүү**.

Кудайдан **үмүт** кылуу.

Кудайды **сүйүү** жана да адам үчүн эң татаал жана машакаттуусу.

Кудайдын даанышмандык **билиминен** такай алып баруу болуп эсептелет.

Кызыгы, **жашоо** деген эң керемет жана кызыктуу марафон жарышка адамдар бирдей шартта коё берилет. Марафондон ким жөө, ким билими аркылуу тез же жай, же таптакыр артта калып, чуркай берет. Жарышкандарга бирдей шарт түзүлгөнү менен аң-сезимин иштете билген катышуучулар алдыга озо берет. Албетте, билим менен тажрыйба топтоп, анын натыйжасында туура жолун таап чуркагандардын байгеде оозуп кетишин Кудай өзү эрежелештирип койгон.

## Дин жөнүндө

Дин Кудайдан аян аркылуу түшкөн жана анын жолунда ибадат кылып жүрүүнүн кыска мазмуну же инсандын адеп-ахлагынын жана жүрүш-турушунун турмуштук эреже мамилеси. Диндер пайда боло электе адамдар түрдүү ишенимдер аркылуу чындыкты издешип, акырындап жүрүш-туруш эрежелерин калыптандыра башташкан. Адамдарга көрүнбөй туруп башкарган жана жардам берген кандайдыр бир күч бар экендигин сезишип, ага жетүү үчүн кайрылып турушкан. Ошондон улам бул ишеним аркылуу абсолюттуу чындыкка жетүүгө аракет жасашкан. Мындай изденүү жолу аркылуу абсолютту, же Кудайдын бар экендигин андай

алышкан. Ишеним-түшүнүктөр ушинтип өсүп-өнүгүп отуруп, диний түшүнүктөргө келип жетти. Диндер биринен кийин бири пайда болуп барып, өсүп-өнүгүүгө дуушар болуп, мезгил өткөн сайын жеткилендешкен. Чынында диний маалыматтар Кудайдын өзүнөн келген кабарлар болуп, ошондуктан ал кабарлар жазылган китептер Ыйык китептер аталат.

Тилекке каршы, Ыйык китептердин айрымдарына адамдар ондоо киргизип, эң кийинки Ыйык китеп болуп саналган «Куран» китебин туура талдоо кыла албастан жана толук түшүнө бербей, жаңылып жаткандар четтен табылат. Анын себеби бул китептин татаалдыгы аркылуу адамзатты сыноо үчүн берилгендигинде. Бул китепти окуган эле адам шыр түшүнүп кете берсе, китептин ыйыктыгы калабы да, адамды сыноодон өткөрүп, чыныгы инсанга жеткирүү маселеси болобу!

Адамзат жаралгандан диний маалыматтар адамдардын өнүгүү деңгээлине ылайыкташтырылып, аян аркылуу берилип турган. Бул эреже маалыматтар эч качан бири-бирине каршы келбейт. Аларды бири-бирине каршы койгондор жана андагы маалыматтарды өзгөртүү аракеттерин жасаган адамдардын шумдугу ашып кетпедиби. Жана алар Алла алдында жазасын тартты, ал эми тарта турган жазасы аябай катаал. Бир динди экинчи бир динден жогору же төмөн коюу жана аларды туура эмес талдап, адамдарды чалгытып, адаштыруу да адамдардын каталыгы. Албетте ар бир дин пайда болгондо айрым бийлиги бар адамдар көрпендечилик кылып Ыйык китептерди оңдоого чейин барышса, кай бирлери түшүнбөстүктөн улам аны талдоо кылууда жаңылыштыкка жол коюп келет. Ошондон улам диндин маңызына түшүнбөгөндөр анын тышкы көрүнүшүнө гана маани берип, диний фанатикке айланып алышкан. Бул көрүнүш дин үчүн да, коом үчүн да, адамзаттын келечеги үчүн да өтө коркунучтуу. Анын запкысын адамзат учурда айда тартууда.

Ислам дини эң акыркы дин болгондуктан, андагы, айрыкча «Куран»дагы маалыматтар өтө татаал берилип, аны талдоо кылуу жана түшүнүп жетүү өтө кыйындыкка турат. Болгондо да «Куран»дын сөзү аябай татаал эски араб тилинде берилип, андагы бир сөздүн өзүнүн бир нече ондогон мааниси бар. Анан калса бул сүрөлөр менен аяттар ишара жана каймана түрүндө берилип, адам өз акыл-эсин иштетип, талдоо кылып, издеп таап, тандап түшүнүп алуусун көздөгөн. Албетте мындай иштерди аткаруу оңойго турбайт, ан үчүн терең билим менен тажабаган изденүү керек. Диндин ичин түшүнбөгөн, же түшүнүүгө аракет кылбаган адамдар анын сыртында, мухит үстүндө калкыган чамындыдай каалгып жүрө берет да, айрым адамдардын жетелөөсүндө калышып, өз тизгинин бирөөлөргө берип коюуга мажбур болушат.

Кудай адамды жаратканда ага толук эркиндик жана ыктыярды анын өзүнө берген. Андыктан Жаратккандын өзү да бул эрк ыктыярды бузбастан, башкалардын да муну чектебөөсүн эрежелештирген. А бирок инсанга жтекчилик кылуу үчүн анын өзүнүн ичине Рухту кошуп койгон, аракеттенүүсү үчүн Жанды берип, ал эми сыртта туруп аны коргоого Калб сакчысын, жардам берүүсү үчүн дагы 6 даана periште такай байланган. Алардын баары жардам беришет, бирок акыркы чечимди инсан өзү кабыл кылат, анткени анын эрк ыктыярын бузууга эч кимдин акысы жок. Адамдардын эрк ыктыярын башка бир өкүмдарлар менен президенттер, байлар менен алдуулар эле эмес, Кудайдын өзү да чектебейт. Атурсун эң оор кылмыш жасап жаткандарды да тыйып кою үчүн Кудай таала заматта аракет жасабайт. Менин алдыма оңолуп келээр деп сабырдуулук менен күтөт, анткени адамдан айырмаланып Жаратккандын сабырдуулугунун чеги жок.

Дагы бир өзгөчө белгилей кетчү нерсе, азыркы заманда жер жүзүндө демократия деген маселе өтө актуалдуу болуп калды. Бирок, демократия аркылуу бир тарап экинчи бир тараптын эрк ыктыярын бузуп жатканы өкүнүчтүү. Көпчүлүк учурларда демократия мамлекет, өлкө, коомдор түгүл, үй-

бүлөнү талкалоого, ата-эне менен баланын ортосунда бузукулук салууга, адамдын өзүнүн инсандык милдетин аткарбоого, айрым бирөөлөрдүн башкаларга үстөмдүк кылууга пайдаланылууда. Инсан тарыхына Кудайдан келген чыныгы демократияны бурмалашып, дагы эле байлык жана бийлик максатында жеке адамга коомду баш ийдирип, көпчүлүктү бир адам үчүн иштетип салып, коомдун жана үй-бүлөнүн тымызын ыдырашына алып келүүгө багыттап алышты. Элибиздин демократиялык принциптерин: коом жана үй-бүлө болуп жашоону, өзгөлөрдүн кызыкчылыгын өзүнүкүнөн артык коюуну, жакшылык кылууну, элдик башкарууну жана айкөлдүк кылууну батыштын саясатчылыры жапайылардын калдыктары сыяктуу жок кылууга жетишүүдө.

Бузуку демократияны жамынып, ниети таза элдердин аруу сапаттарын жоготуу аракетин жасашууда. Ниети аруу сапаттар чыныгы инсандык сапаттар болгондуктан, баарибир, эртеби кечпи инсаният кайра ордуна коет. Эгерде ал аруу жолду тутпаса, инсаният туңгуюкка такалышы шексиз! Андан башка жол жок! Ооба, азыр биз сырты жалтырак, ичи калтырак демократиянын убагында жашап калдык. Анткен менен накта, чыныгы демократия алдыда келе жаткан адилеттүү коомдон күтүлүп жатат. Ошондо, Кудайдан келген чыныгы демократия орнойт. Ал адамга эрк ыктыярды толук берүүчү, чыныгы адилеттүүлүк жана сабырдуулук кылуучу, алдуулардын алсыздар үстүнөн зомбулук эмес, камкордук кылуучу, атурсун адамзатты өзүнөн алда канча күчтүү болгон аң-сезимдүү заттардан, башка планеталыктардан коргоочу демократия болот.

Жердин өзүндө да, башка планеталарда да адамга каршы, ага зыян келтирүүнү көздөгөн күчтөр толтура. Алардын өкүлдөрүнөн бири Шайтан. Аны адамдар терс күчтөр, же кара күчтөр деп коюшат. Инсаният өнүгүшүнө тоскоолдук кылуучу, адамдарды өз жолунан адаштыруучу бул күчтөр такай аларга зыян келтирип келет. Мындай күчтөрдү өз оюна койсо, адамзатты эбак эле жок кылып

жибермек. Бирок, Жараткандын инсанды жана Жерди коргоочу системасы менен кадымдары жана каражаттары бар. Мындай коргоо жөнүндө «Курандын» 3-сүрө, 143-аятында «….Алла сиздин – Коргоочуңуз жана Ал – жардамчылардын жардамчысы» деп таамай айтылган. Динге жана ишенимге өткөрүүнү Кудай таала өтө кааласа заматта киргизип коймок. Бирок андай ишти Жараткан жасабайт, адамдын эркиндигин ал өтө жогору коёт. Андыктан динди кабыл алууда инсан өзүнүн эрк ыктыяры менен гана кабыл алуусу керек. Жадагалса өз аялыңызды да, балаңызды да мажбурлап динге киргизүүгө болбойт.

«Курани карим»ден бул жагдай туурасында дагы бир мисал келтирели. 2-сүрө, 257-аят. «Бул динде зордоо жок. Адашуудан ажырап туура жолдо болду. Демек, ар кандай шайтанга каапыр болуп, Жалгыз Аллага ыйман келтирген адам гана, эч ажырап кетпей турган бекем тутканы кармаган болот…» Мында белгилеп тургандай, динге киргизүүдө зордоо мүмкүн эмес, зордукчул болуп эсептелген экстремисттер менен террористтерди болсо Жараткандын жазасы таппай койбойт! Ооба, динге эч кандай зордоо, коркутуу, сатып алуу жана өлтүрүү жолу менен киргизүүгө болбойт! «Бөрк ал десе баш алган», динге курал менен киргизем деген «азаматтар» андай зомбулугу эч качан, эч каерде Аллах тарабынан кечирилбээрин, анысы үчүн өтө катуу жазаланары шексиз экенин билип коюшсун! Ар бир адам Кудайдын өзүнүн бир бөлүгүнөн жаралып, Өзү тарабынан азизделгендиктен анын зордолушу жана жоготулушу чоң күнөө катары кабыл кылынат.

Ошондуктан ар бир инсандын дин тутуу эркиндиги өзүнө гана берилген, динге киргизүүдө аны мажбурлоого, сатып алууга, алдоого, коркутууга мүмкүн эмес. Билип коюңуз, динге киргенде өз ыктыярыңыз менен, түшүнүп туруп аны кабыл алыңыз. Ислам динин кабыл алгандар гана мусулман, ал эми калгандары мусулман эмес деген өтө терең жаңылыш түшүнүк менен адамзат азыр экиге бөлүнүп алган. Ошондон улам диний негизде адамдарды жасалма түрдө экиге бөлүп,

терең күнөөгө батып, инсаниятты дүрбөлөңгө түшүргөндөр ислам growinde да, башка growinde да толтура. Ал «Куранда» «Ла илааха иллаллах» деп так жана даана айтылат жана аны которуп чечмелегенде «Кудай жалгыз, Кудайдан башка Кудай жок», же Кудайдын жалгыздыгына ишенип, ага баш койгон адам **мусулман** болуп эсептелет деп турат. Демек, ал кайсыл динде жана ишенимде болсун, Кудайды жалгыз Кудай деп билип, ага моюн сунса ал мусулман болуп эсептелет.

Ал эми ислам диниңдегилердин да, башка диндегилердин да көпчүлүгү ислам диниңдегилер гана мусулмандар деп эсептешип, жаңылышууда. Ага себепкер, «Куранда» так жана даана жазылып турган «Ла илааха иллалах» сүйлөмүнө айрым адамдар «Мухаммад расулаллах» деген сүйлөмдү кошо коюп, «Кудай жалгыз, Кудайдан башка Кудай жок, Мухаммед анын элчиси» деп өзгөртүп, ал кошумча менен жаңы түшүнүктү пайда кылышкан. Ырас, бул сөздү ислам Динин кабыл алгандар гана айтышат.

Ошону менен бирге Хадисте белгилегендей кимде ким бирөөнү билбестен туруп каапыр десе, бирок ал адам каапыр эмес болсо, каапыр деген адамдын өзү заматта каапырга айланып калат. Андыктан, бул кошумчанын натыйжасы өтө ачынарлык болду. Анткени ислам диниңде болбогон мусулмандарды мусулман эмес деп атап алышып, Кудайды тааныган дили таза башка адамдарды заматта мусулман эместерге айлантып салышты. Логикалык жактан ойлоп көрүңүз, эгерде ислам диниңдегилер гана мусулман болуп эсептелгенде, Мухаммед пайгамбарыбыздан мурда ислам дини пайда боло электе жашап өткөн 123999 пайгамбарды кантип мусулман эмес деп айта алабыз? «Куранда» 124 миң пайгамбардын баары мусулман болгону, Мухаммед пайгамбардан башкасы ислам пайда боло электе эле жашап өтүшкөнү айтылып жатпайбы.

Көрдүңүзбү, канча жылдап жакшылык жолунда жүрүп, ибадат кылып, жеткен мусулманчылыгыңызды бир гана адашкан сөзүңүз аркылуу өзүңүздү заматта каапырга

айлантып алышыңыз мүмкүн. Ондогон жылдар бою кылган ишенимиңиз менен ибадатыңыз текке кетип, бир сөздөн жаңылып, өзүңүздүн тапкан ийгилигиңизди жокко чыгарып, кечирилгис күнөөгө баттыңыз. Ал эми дүйнө жүзүндөгү бири бирин мусулман эмес деп каапыр болуп жатышкан адамдардын санын ойлосок, төбө чач тике турат.

Бул жагдайды далилдөө үчүн төмөнкү мисалды келтирели. Мухаммед пайгамбарыбыз кийинки аялы азрети Мария энебиз башка динде болгонуна карабастан, аны мусулман деп эсептеп, ага үйлөнгөн. Анткени Мария энебиз Кудайды жалгыз деп билип, Жаратканга моюн сунган. Пайгамбарыбыз аны исламды дароо кабыл алууга мажбурлаган эмес, ал эми Мария энебиз Пайгамбарыбызга күйөөгө чыккандан эки жарым жылдан кийин гана ислам динин түшүнүп жетип, кабылдаган.

Мында, исламды кабыл албаса, анда кайдан мусулман болсун деген мыйзамдуу суроо туулат. Ооба, ал мусулман болгон. Анткени ал Кудайдын жалгыздыгын таанып, Кудайга моюн сунган эле да. Мусулман адамы үчүн Курандын талабы ушундай. Мына ушундай жөп-жөнөкөй түшүнүк-ишенимди да чечмелей албай Кудай жолунан адашып жүргөндөрдү четтен табууга болот. Хадисте бирөөнүн каапыр экенин билбей туруп каапыр десең, өзүң заматта каапыр болуп каласың деп бекер айтылбаган.

Мусулман боло туруп, диний жана улуттук айырмачылыктарына карап, бири бирине баш кошо албай жүргөндөрдүн убалы кимге жүктөлөт? «Куранда» мусулман адам кандай болушу апачык жазылып турса да, анын жоопкерчилиги туура эмес чечмелеген ислам жана христиан дининдеги чала молдорго жүктөтлөбү? Ушундай эң жөнөкөй жана эң керектүү түшүнүктү да чалкештирип, жасалма жол менен каапыр болуп жаткандарга дагы эмне деп айтыш керек! Мына сага логика, же орусча айтканда «мына сага Юрьев күн».

Учурда ушундай эң жөнөкөй түшүнүктү да туура түшүнө албай, жалпы адамзатка бүлүк салгандарга аяныч менен

карагандан башка эмне дейбиз. Булардын билим деңгээлинин ушунчалык тайыздыгына кантип таң калууга болбосун. Бул балким, инсанийт душмандарынын көптөгөн кылымдардан бери адамзатты бөлүп-жаруу максатында атайылап ойлоп тапкан айла-амалдары болуп жүрбөсүн? Күнүгө телевизор менен гезиттерди карасаңыз эле адамдардын ишеним жана диний түшүнүгүнүн канчалык тайыздыгын аныктап аласыз. Бул өтө олуттуу жана керектүү маселени туура түшүнө албагандардан дагы эмнени күтсө болот?

Алла таалага тиешелүү пикирлерди жеткирүүдө урду-соккулукка жол коюлбастыгы керек. Алланын сөздөрүн ар ким өзүнчө талдоо кылууга уруксат жок. Анын, пикирлерин өзгөртүрүп, өзгөлөргө түшүндүрүүгө да уруксат жок. Ал жазалануууга гана татыктуу. Ал жазаны Кудай өзү берет.

Эч качан жашоону жана заманды артка кайтарып болбойт, токтотуп да болбойт. Анткени, токтолуулардан төмөндөө башталат, аркага кайтуудан жарга дагы кулаш кообу туулат. Инсан дайыма алга карай умтулуп, илим-билимге ээ болуп жана жеткилендешип барышы шарт. Инсан эч качан муну унутпастыгы керек!

Кайсы бир инсанга, кайсы бир жаңылык тартуу кылынса, ал бул көктүк кабарды өзгөлөргө пайдаланышы үчүн жеткире алса гана, ал инсандын мүлкү болот. Көк мавжудаттарынын озуйпасы көбүрөөк акыл, маданий, агартуу жаатында туруп, инсаниятка кесип, өнөр, түрдүү тил түшүнүгү жана түрдүү түмөн көнүгүүлөрдү үйрөтөт. Кайсыл инсандын кабыл кыла алуу даражасында ага жеткизилген маалыматтар чыныгы болушу көпчүлүккө пайда. Эгер инсан мавжудаттарга ишенбесе, Аллахга болгон ишеничи да тайыздап, өзүнүн көк мавжудаты экендигин унутуп коёт. Бул өтө коркунучтуу болгон жараян болуп, үзгүлтүксүз жашоонун эрежелерине зыян келтирет, анын ишке ашуусуна тоскоолдук кылат.

Инсандар өз жашоо жараянында маалымдуу же беймаалым анык эместиктин аралыгында болот. Алардын түшүнүгү өтө жөндүү же өтө жөнөкөй болушу мүмкүн. Анкени инсан өз көзү менен көргөнүнө, өз колу менен

кармаганына жана өз кулагы менен укканына ишенет. Инсанга түшүндүрүү үчүн түш аркылуу берилген рухий турмуштук, рухий кыялдык, рухий каалоо жана дене-бой турмуштук, дене-бой кыялдык жана дене-бой каалоо сыяктуу болушу менен катар көктүк байланыштар да чагылдырылат. Анткени, ар бир инсандын көктө күзөтүүчүсү бар. Эч ким эч нерсени жашырып кала албайт, жасалган кылмыш жазасыз калбайт. Сиздин ар бир кылт этип келген оюңуз, сүйлөгөн сөзүңүз менен аракетиңиз көктүн күзөтүүсүндө экенин унутпаңыз!

Бардык нерселер менен кубулуштардын, диний маалыматтардын маанисине эмес формасына гана көңүл коюу, динди курулай жаттап алуу үстүртөн жана чала-була өздөштүрүү катары саналат. Ойлоп көрүңүз, өзү өздөштүрүп жаткан нерсенин маани, маңызына түшүнбөй, курулай жаттап алган адамдан кандай жакшы натыйжа күтүүгө болот? Мисалы: биздеги «Келинди отко киргиз» деген фразанын каймана маанисин түшүнбөгөн адам келинди үйүнө сыйлап чакыруунун ордуна, күйүп жаткан отко киргизип (салып), күйгүзүп жибергендей кеп. Ошондуктан динди түшүнбөстөн үйрөнөм деп өзүңүздү отко салып, бардык нерседен өзүңүздү жок кылып албаңыз, пендем…

Диний китептердеги маалыматтардын көбү ушул сыяктуу ишаралар менен берилгендиктен, ал маалыматтардын чыныгы маанисине жетүү ар кимдин эле колунан келе бербейт. Ал эми биздин тилибиздеги каймана түшүнүктөрдүн көп болгондугу диний ишараларды, татаал түшүнүктөрдү чечмелеп билип алууну шарттайт. Алла таала адамды түрдүү-түмөн жагдайларда сынап-кынап, анын акыл-эсин иштетүү менен өстүрүп-өркүндөтүп отуруп, жеткилеңдештирет. «Куранда» адамзатка берилүүчү сыноону Бакара сүрөсүндө: «Биз силерди кооп-коркунуч, ачарчылык, дүйнө-мүлктүк да, руханий жана азык-түлүктүк жетишпестик нерселери менен сынайбыз, – сабырдууларды сүйүнтөбүз», деп эскертет.

"Дин азыр инсандарга жер жүзүнө салган жана түрдүү каражаттардан пайдалануучу көчө жана жолдордогу

эскертүүчү, буйруучу жана көрсөтүүчү, тыюучу жол белгидей. Бул жол инсан басып өтүүчү жол болгондуктан, ал ушул жол белгилерине баш ийүүсү керек. Жол болсо марага жеткирүүчү каражат. Жолдон машинечени, атчаны, жөөсү да өтө берет. Жол да, жол белгилери да тура берет. Зарылчылык туулганда гана жол же жол белгиси өзгөртүрүлүшү мүмкүн".

Демек, диний түшүнүктөр жолдогу түрдүү белгилер сыяктуу инсандын турмуш жолун көрсөтүүчү белги. Эгер Көктөгү билимдерди миң шактуу даракка окшотсок, анын бир шагы гана диний билим, калгандары, эсеп, багыттар, аракет, табият, өсүмдүк жана айбанат ааламы, инсан тили, тарыхы, жер байлыктары, аалам жана ушул сыяктуу илимдерди билдирүүчү жана үйрөтүүчү бутактар. Эгер инсан диний билимди гана билсе калган илимий бутактарды биле албайт жана ошон үчүн коом жана турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрү аябай артта болуп, атурсун турмуштук өнүгүүгө тоскоол болот. Башка илимдер өнүккөндө дин илими өтө аз өнүгөт жана буга мисал айрым диний түшүнүктөрдүн 2–3 миң жылдап негизги өзгөрүүлөргө учурабаганын айтсак болот.

Адамзатты бөлүп-жарып андан соң оңой башкаруу үчүн өкүмдарлар тарабынан өз мезгилинде диндердеги айрым маалыматтарды өзгөртүү менен адамдардын көңүлүн анын маанисине эмес формасына багыттай алышты. Диндердин мазмунун толук түшүнү албаган пенделер албетте анын формасына, же тышкы күрүнүшүнү басым жасашы табигый эмеспи. Андан да жаманы бир динди экинчи бир динге каршы коюп, аларды бири-бири менен талашып-тартышууга, атурсун урушturууга чейин жеткирген карасанатай пенделерди Адам деп атоого болобу, ойлонуп көрүңүзчү. Миңдеген жылдар бою дин айырмачылыгына негизделип орун алган согуштар менен өлтүрүүлөрдүн, кыргындар менен бараттардын, кыйратуулар менен талкалануулардын, өсүп-өнүгүүнүн канчалык калып кетүүлөрдүн убалы кимге?

Башкасын айтпаганда да, эң акыркы жеткилең болуп берилген Исламда жана “Куран” китебинде Тоорат, Забур,

Инжил жана Куран китептерин тыкыр талдап окугун деп баса белгиленгенине карабай адамдардын көпчүлүгү дале ыкшоолук кылып келатыры... Албетте бул китептердин карасанатай адамдар аркылуу өзгөртүрүлгөн жерлерин таап, туура талдап окуу мааниси белгиленет. Эгерде бул китептердеги маалыматтар баштапкы абалында жана чыныгы маанисинде окулса, алар эч качан бири-бирине каршы келбет, атурсун бирин бири толуктап турат. Бирок бул өзгөртүүлөрдү же туура аёдай албай, же каймана жана кыйыр түрдү берилген татаал маанилерди таап түшүнүүнүн ордуна оңой жолду издеп, деңгеселик кылган айрым көрпенделердин айынан мына ушундай карама-каршылыктар келип чыгууда. Ал эми так ушундай каршылашуулар, тирешүүлөр, менменсинүүлүр адамзаттын душмандарына аябай кол келип, адамдарды айбан-маңкурттарга айлантууга эбегейсиз пайда алып келет.

Маселен Зарострizм дининдеги инсан эң соңку деген ислам динине толук өтө албагандай сезилет. Себеби, исламга бир жарым миң гана жыл болду деген түшүнүк жол белгисинин өзгөрүшү кыйын болгонундай, бир шак экинчи шакты, же даракты толук чагылдыра албаганындай турмуштук өнүгүүсү кем болгондой ойго түртөт. Куран Көктөн түшкөн Тоорат, Забур, Инжил төрт китептин эң акыркысы болгонуна карабай улуу Жараткан тарабынан бир уңгудан алынып, бири-бирин улантып жана толуктап туруучу китептер. Биринде берилген маалымат кийинки китептерде айрым учурларда гана кайталанышы ал маалыматтын өзгөчө маанилүү экендигин белгилейт. Тоорат, Забур, Инжил дегенде алардын асыл нускасын назарда тутуу зарыл. Бирок, өкүмдарлар ошол учурда өздөрүнүн үстөмдүгүн орнотуулары үчүн Тоорат, Забур жана Инжилдин айрым жерлерин алып таштап, айрымдарына кошумчалар киргизип салышканын, муну менен катардагы инсандардан чындыкты жашырышканын унутууга болбойт.

Ошондуктан карапайым адамдар бул китептердин айырмасын анчалык деле сезе беришпейт. Диндердин бири-

бири менен биригүүсүнүн убакыты жетип келди, жер жашоочулары жалгыз бир Кудайга ишенүүлөрүнө кошулушу керек, же адамзат аң-сезимдүү жанзаттын бир түрү катары жок болуп кетүүсү мүмкүн, үчүнчү жол жок дегендерге кулак салбай коё албайсың! Диндердин ичинде «Куран» китеби эч өзгөртүрүлүүсүз бойдон таза калатында сакталып келүүдө. Бул китеп өтө татаал болуп негизинен ишаралар менен берилгенине, аны чечмелеп түшүнүү ар кимдин колунан келе бербегенине карабай, «Куран» китеби инсаниятка акырында берилип, жеткилең чагылдырылгандыктан, ага көбүрөөк токтолууну туура таптык. Миң жылдан ашуун мааниси чечмеленип, кызыгы түгөнбөй келаткан «Куран» китеп профессор В. М. Порохованын аныктамасы боюнча адамдардын эле эмес, бүткүл ааламдардын конституциясы.

Албетте, “Куран” баш болгон ыйык китептердеги маалыматтар Көктөгү аң-сезимдүү заттар үчүн оордук кылбайт, анткени алардын өнүгүү деңгээли адамзатка караганда бир кыйла жогору турат. Ал эми адамзат эң кенже түр болгондуктан, башкаларды кууп жетип, алардан ашып кетип, эң жогорку бийиктикке жетиши керек эле. Алардагы маалыматтарды инсан өзү чечип, өнүгө албаса, анда ал инсандык сапатка кантип жетише алат? Анда кантип биз Алла тааланын ишенимдүү жардамчы кызматкери боло алабыз да, анан кантип Теңир тааламдын үмүтүн актай алабыз?! Чынында бул китептер эң жөнөкөй таризде инсан түшүнүгүнө ылайыктап түзүлгөн. Инсанга эң соңку берилген китеп "Хэвайланнух кулусса". Анын дагы бир аталышы ыйык "Куран". Бул кыргыз тилинде "дүнүйө ибадатынын кыскача мазмуну" делинип, "Куранды" кырааттуу окуу маанисин берет. Көктө инсандын адеп-ахлагы жана жүрүш-турушунун турмушка мамилесин баян кылып берүүчү бул китеп, теңирий ибадат багытынын ажыралгыс бөлүгү болуп саналат.

Ибадат кылуу же кыргызча айтканда сыйынуу жалаң намаз окуу, орозо тутуу жана отуруп алып Кудайга кайрылуу менен эле чектелбейт, ар бир жакшылыкка кызмат кылуучу иштер, алган билим, жакшылык кылуу аракети, иш, сөз, ой

менен болсо да, Кудайга сыйынуу катары ибадатка өтө берээри шексиз. Ыйык китептерде бул жагдай аябай ачык-айкын берилип турса да, адамдар пендечилик кылып эң негизги ибадатты байкамаксан болушуп, жалаң бир тараптуу намаз окуу ибадатына берилип кетишкен. Андыктан сооптуу иштерди Көктөн гана издебестен, бизди курчап турган айланабыздагыларга жакшылык кылуудан жана өзүн өзү билим алып өстүрүп-өнүктүрүүдөн издеш керек.

Анткен менен намаз окуунун сооптуу жагынан башка да организмге пайдалуу жагын айта кетели. Сиз намаз окуу үчүн кол байлаганыңызда сол колуңуздун билегин оң колуңуз менен үстүнөн кармайсыз. Чыгыш медицинасында белгилегендей сол тарабыңыздагы Инь энергиясын оң тарабыңыздагы Янь энергиясына байлаганда организмдеги энергия (бизче ысык жана суук тап деп алса да болот) гармониялашат же турукташат (нормалдашат). Намазда сажда кылганда адамдын бутунун учу кайрылганда ал дененин аракеттенүү органдарынын борбору болгондуктан, дененин ар бир точкасына чейин таасир берип, аракетке келтирет, ал эми кулактын учундагы жумшак жерди кармаганда кулак менен кол антенна сыяктуу Көк менен энергетикалык байланышта болуп, дененин бардык сезим органдары гармониялашып (шайкештешип) иштейт. Адам намазда эңкейгенде анын такымы тартылып, иммунитети менен потенциясы артат.

Ал эми даарат алган учурда кулагын жууп, мурдуна суу алганда, тамагын чайкаганда ангина, гайморит, отит сыяктуу оорулардын алдын алат. Буттарын кызыл ашыгына чейин муздак суу менен жууганда анын сергектиги ашат. Дүйнөгө белгилүү олуя Ванга ошондуктан уйкусу качкан адамдарга бутун муздак суу менен жууп жатууну сунуштаган.

Ошондуктан изилдөөчүлөр намаз окугандык адамдын денеси үчүн эң пайдалуу гимнастика деп эсептешет. Балким ошондон улам такай намаз окуп жүргөн адамдардын ден-соолугу да мыкты, Жан дүйнөсү да таза. Мында, албетте,

кылган ибадатынын маанисин түшүнүп окуу зарыл. Булар намаздын ачылып жаткан сырларынын айрым гана бөлүктөрү. Буйруса мындай ачылыштардын көбү али алдыда турат. Ошондон улам намаз окуу менен орозо тутуу жана башка жөрөлгөлөрдүн адамдын ички Жан дүйнөсүнө гана пайдасы болбостон, анын денесин чындоого да пайдасы зор. Жараткандын эрежелештирген ар бир аракети менен сөзүндө пайдалуу сырлар жана кереметтер катылып жатат.

Куран окуганда үндүү тыбыш же муундарды эсепке алууда, сөздөрдү иштетүүдө, инсандар калбына жеткирүүдө бул тыбыштар же сөз курамында теңирий кадымдарды (кызматкерлерди) чакыруучу толкундар киргизилип, алар «Куран» тиллават кылынып жаткан жайга тез жетип келишет жана ылаажы барынча ошол жайдагыларга таасир берет. Сүрө жана аяттарга бириктирилген ааламдык кадымдар аракети жана тыбыштардын же тышкы күүсү (кыраат) инсандын ааламдык байланышы жөнүндө теңирий кадымдарга кабар берет. Тыбыштар өздөрүндөгү толкундарды нур агым сызыктары сыяктуу Көккө же космоско узата берет.

Мына ушул сыпаттардан бири «Курандын» касиет сырлары болуп саналат. Окулуп жаткан курандын жана үн толкундарынын кырааты канчалык жакшы болсо, көк кызматкерлери ошончолук тез жана түздөн-түз жетип келет жана алардын жардамы натыйжалуу болот. Эмне үчүн Куран окуганда адамдар анын кыраатына айрыкча маани беришинин сыры ушунда экендиги эми гана ачылды. Инсан өз ишмердүүлүгүндө алып бара турган амалдары менен бирге түрдүү жагдайда ибадатты да аткарат. Инсан кайсы динде болбосун, аракетин жакшылыкка бурбаса, ал баары бир жаза алышы табыгий. Аны азыркы заман инсандары унутпашы абзел. Инсан кайсы динде болбосун, жакшылык амалдарды аткарса, Алла жана адамдар тарабынан сыйга ээ боло берет.

Диндер бири-бирин жокко чыгарбашы керек. Ар бир ыйык китеп же баяндуу теңирий ибадаттардын ичинде

турмуштук пикирлер жана тартиптик, адеп-ахлактык, кулк-мүнөздүк эрежелер менен бирге ишаралык пикирлер да бар. Ошол ишараларга тереңирээк көңүл бөлүнсө, ар бир китеп артынан дагы китеп келе бериши мүмкүн деген кеп бар. Аларга да аста секин жетишип келаткандайбыз. Кандай дин болбосун, милдеттери бир. Инсанды адеп жана ахлакка тарбиялоо милдетин аткарат. Андыктан диний түшүнүктөрдү мына ушундай жакшы үгүт жана насыяттарга кызмат кылуучу жобо негиздери деп түшүнүү керек. Ар диндин башкы милдети адамдын адебин, кулк-мүнөзүн, тартибин, таалим-тарбиясын, ишеним менен түшүнүгүн да оң тарапка буруу менен адамды ар тараптуу өнүккөн жана жеткилең инсанга айлантуу.

Инсан өзүнүн тар капастарына камалып алып, бири-бирине ынтылуучу жырткыч айбандарына айланып калбашы керек. Балким, Жер ааламынын өкүлү болуп, өзгө планеталарга баруу үчүн даярдык иштерин баштап туруулары керек. Жер – биринчи аалам, түбөлүктүүлүккө жетип жана өтүп алуучу инсандардын алдында али өтө көп ааламдарга сейил саякат, ачылыштарды жасоо кереметтери турат. Ар кандай диндердин милдети жөнүндө маалыматтар Исмаилшахка «Илахий ибадат» китеби аркылуу баяндалып жаздырылган. Бул китепте диндер жөнүндө, ааламдын жана адамдын сырлары жөнүндө так маалыматтар, көптөгөн түйүндүү маселелерге анык жооптор берилген.

**Жалаң динди гана билүүчүлөрдү сабаттуулар катарына кошуп болбой тургандыгын инсандар анык билиши керек.** Инсан сабаттуу же билимдүү болушу үчүн ар тараптуу билимге ээ болуусу зарыл. Дүйнөлүк билим менен катар диний билимге жетишмейинче инсан билимдүүлөрдүн катарына кошулбайт. Айрыкча, азыр мына ушундай ар тараптуу билимге ээ болуу суроо талабы инсандардын алдына коюлууда. Айрыкча, ислам динин кармагандарга тиешелүү. Башка диндердин өкүлдөрү да Көктөн келген термелүүгө туруштук берүү үчүн өзүн же Жан дүйнөсүн түптөн өзгөртүүгө барууда. Мында да сыйынуулар

чын дилден жасалышы талап кылынат. Андай болбогондо сиздин жасагандарыңыздын баары эч нерсеге арзыбаган бойдон текке кетет.

## Ибадат, сооп күнөө деген эмне?

Сооп дегендин өзү Адамга Жараткан тарабынан түзүлгөн эрежелерин сактоосуна жана бул жолдогу ой жана аракеттерине берилүүчү оң упай. Сооп табуунун жолдору аябай көп. Адам өзүнүн эринчектиги менен түшүнбөстүгүнөн, билимсиздиги менен тоготпостугунан улам, оң упайларды алуудан бейнасип болот. Күнөө деген ал эрежелер менен инсандык жолдон чыгууга жана жаман иштерге берилүүчү терс упай. Ошондон улам терс көрүнүштөр менен жамандык иштер күнөө делинет. Сооп жана күнөө дегендерди тар маанисинде гана түшүнбөстөн, алардын кең маанисинде түшүнүү абзел. Анткени бул көрсөткүчтөрдүн жыйындысы адамдын келечегин камсыздайт.

Адамдардын коом болуп жашоосу Парвардигер тарабынан берилип, өзүмчүлдүк касиет ал тарабынан караланат. Ал эми коомдун кызыкчылыгын жеке кызыкчылыгынан жогору койгондорго сооп өзгөчө көп берилет. Ар бир жасалган жакшылык иш коом тарабынан өз учурунда бааланбаса, Кудай тарабынан бааланат. Ошондуктан элибиз «жакшылык жерде калбайт» дейт. Тилекке каршы азыр биздин мамлекетте коомдук иштердин пайдалуулугун түшүндүрүп берген не диний, не илимий, не мамлекеттик идеология жокко эсе. Мисалы: Сиз бир көпүрө курдуңуз дейли. Бул ишиңиз үчүн 101 суткалык ибадат сообу жазылат, же 101 күнү-түнү тынбай Кудайга сыйынган менен барабар, же болбосо орточо 6,5 жыл беш убак намаз окуп сыйынган менен барабар сооп табасыз. Андан тышкары көпүрөдөн канча адам, канча айбан, канча машина жана башка нерселер пайдаланса, алардын сообу да сизге жазыла

берет жана наркы дүйнөгө кетсеңиз да сизге артыңыздан жетип турат.

Ар бир адам бирөөлөргө өз залакасын жана зыянын тийгизбеши керек. Анткени ал ушундай учурда күнөөгө батат. Бул жөнүндө Хадисте, «Адамдарга оордугуңду тийгизбе» деп эскертет. Ыйык китептерде маалыматтар менен эскертүүлөр кыска жана нуска берилген. Аларды чечмелеп түшүнүп алуу ар бир инсандын өз иши.

Бирөөгө жамандык каалоо да күнөө эсептелет. Анан да, бирөөгө каалаган жамандык өзүнө же бала-чакасына кайтышы мүмкүн. Бирөөгө жамандык кылсаңыз 100% күнөө болсо, ага жамандык жасабай туруп, ошондой кылууну сүйлөсөңүз 80% күнөөгө батасыз, ал эми жамандык кылууну ойлосоңуз 70% күнөөкөр болосуз. Бирөөнүн ырыскысын билдирип, же билдирбей тартып алуу да чоң күнөө. Аны үчүн келечекте, же ушул жашоонун акырында жазаланышың мүмкүн. Адам өлтүрүү өңдүү чоң күнөө жасагандар бул жарык дүйнө жашоосунда да, наркы дүйнөдө да, жазаланат. Ошондой эле алардын 9 ата-эне тегине жана урпактарына чейин катуу жаза алат. Андыктан өзүңүздү гана эмес, ата-бабаларыңыз менен урпактарыңызды да аяп, жамандыктан оолак болуңуз, азиз пендем!

Мында, жазалоо жөнүндөгү маалыматтар эмне үчүн Ыйык китептердеги жазалоо маалыматтарга дал келбейт деген мыйзам ченемдүү суроо туулушу мүмкүн. Ага Библия пайда болгондо адамдар 4 ата-баба теги менен урпактарына чейин, «Куран» пайда болгондо 7 ата-баба тегине жана 7 урпагына чейин, ал эми азыркы заманда адамдар оңдолбогондуктан 9 ата-баба теги менен урпактарына чейин жазаланарын жооп кылуу туура. Айрыкча азыркы заманда жаман жүргөндөрдүн акыбет-кайтарымы наркы дүйнөнү күтүп отурбастан, жарык дүйнөнүн өзүндө эле келип жетет. Айланаңызды жакшылап байкап көрсөңүз жамандык кылуучулардын кандайдыр бир балээге учурап жатканын аңдайсыз. Бирок андай иш жасаган адамдар мындай жагдайды эсине алып, тообо кылуунун ордуна, бул кокусунан

болгон кырсык деп өздөрүн жубатып жүрүшөт. Ошондуктан элибизде «кыңыр иш кырк күндө же кырк жылда» деген накыл сөз орун алган.

Мисалы, жаман иштерди жасаган адамдар мен эч нерсе болбодум го дегени менен, кылдат ойлоп, үй-бүлө мүчөлөрү жана жакындары кандайдыр бир жазага кириптер болгонун таап алса болот. Бирок, аны өзүнөн көрбөй бирөөлөрдөн жана Кудайдан көрөт. Азыркы замандын мурдагылардан өзгөчөлүгү жасалган жаман иш наркы дүйнөнү күтүп отурбастан, жарык дүйнөнүн өзүндө ага кайтып, калганы тигил дүйнөдө өтө оор мүшкүлгө кабылтат. Мындай адамдардын жакындарынын бири же алкаголик, же наркоман, же кумарпоз, же сойку, эч болбогондо мүмкүнчүлүгү чектелет. Болгондо да бир үй-бүлөгө келген жазага үй-бүлө мүчөлөрүнүн эң руху таза, аруу адамы төшүн тосот. Ошондуктан күнүмдүк көр тириликке кызыгып, укум-тукумуңуздун эң таза жана жөндөмдүү адамдарын чоң кыйынчылыкка салып койбо пендем! Бул сизге инсандык чоң сураныч!

Андыктан, кыйынчылыкта жашаган жакындарыңызды жана коом мүчөлөрүнө бапес камкордук көрө жүрүңүз. Ал кыйналып жашагандар үй-бүлөнүн жана адамзаттын санитары, үй-бүлөнү, жакындарын жана коомчулукту тазалап, келчү балээден сактоочу! Бекеринен, элибиз үй-бүлөнүн майып мүчөсүн «биздин ооматыбыз ушунда» деп айтышпаган. Адам жер жүзүнүн каеринде болбосун өз адамгерчилик эрежелерине моюн сунат. Инсандын инсанга жасаган зыяндуу аракеттери анын өзүнүн инсандыгына да зыян кылып, андай адамдар инсандык сыймыктуу жана азиз укуктарынан ажырап, жазаланат. Өзгөлөрдү алдап жүрүп, өзүң алданбай жатамын дебе. Инсаният коомуна ыплас илдеттерди алып кирип, өзүң соо чыга албайсың. Өзгөлөрдүн ырыс-кешигин тартып ала берип, жеп жетилсең да, акыры бир күнү **тытылып** кетишиңи унутпа. Тилекке каршы, бул багытта Ыйык китептердин эскертүүлөрүн билбеген деп, «бир жаралып, бир жашайсың», «өлдүң өчтүң», «кайра

жаралбайсың», «жашоо бир келет», «арманда калбай жашап ал», "күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин" деген түшүнүктө жашап келет.

Жашоо таттуу жана чексиз. Жараткандын өзү инсандын өмүр жолун узун жана түбөлүктүү кылып койгондугун анык билсеңиз, жашоого тойбой армандуу болуунун кажети жоктугуна көзүңүз жетет. Өлгөндөн кийин да жашоо бар экендигин билүү адамдарга кубаныч менен ишеничти алып келет. Бул түшүнүктөр Кудайдын мээрими менен ырайымына бөлөнүүнү камсыздайт, ишенимсиздик менен үмүтсүздүктөн куткарат, жашоого болгон терең сүйүү тартуулап, келечекке жана түбөлүктүүлүккө болгон умтулууну күчөтөт, билим алып өнүгүүгө жол ачат жана да жакшылык амалдарды такай аткарууга багыттайт.

Теңирий ибадаттын башкы багыт озуйпасы, инсан жоболук да, ахлактык да, адептик даражада да эң жогору карай көтөрүлүп барышында турат. Андай болбосо, айбандык илдет жеңе берет жана акыры аны өзүнө кошуп алып, андагы инсандык касиетти жок кылышы мүмкүн. Шекил-сөөлөттөгү инсан болгону менен, акылда инсан болбосо, анын инсандык укугу да кесилип калышы анык.

**Себеби, көк кулпуна ар кимдин ачкычы түшө бербейт. Ар кимге ибадат илхамы бериле бербейт. Бардыгы окуганы менен баары уга бербейт, көпчүлүк укканы менен баарына жуга бербейт**… Демек, кимгедир ал илдет жукса өз аң-сезимин өстүрүп, өзүнүн түшүнүгүн оңдошу керек. Туура, бүткүл аң-сезимдүү заттарды бир тартипке келтирүү жана алардын аракеттерин натыйжалуу кылууга Алла таала ибадат жолун уюштурду. Сыйынууну негизги адеп-ахлактык тартип эрежелери сыпатында берди. Ал Көк мейкиндин 7-асманындагы ааламдар ибадаттар ааламы аталып, анда бардык мавжудаттардын ибадатын жөнгө салды. Ошондуктан, ар бир мавжудаттын аткарган иши, эгер ал иштер жакшылыкка кызмат кылса, анын баары ибадат ордуна өтө берет. Ушул негизден инсанга да ибадат берилген. Анткени инсан 111 миң мавжудаттын 110999 нан

кийинки эң кенже түрү. Анын жаратылганына рухий абалдагысына 1 миллион 487 миң жыл болду. Жерде жашоо доору болсо 1 миллион 241 миң жылга туура келет.

Инсандын алгач рухий абалы Көктө жаратылып, рухий жагы жанзат-макулуктардын бир нечесинде сыноодон өткөрүлүп, андан соң жерде жашоо үчүн дене абалы кошулган кереметтүү жаратылышы Кудай тарабынан ишке ашырылган. Адамдын рухий жана дене абалдарын төп келиштирүү үчүн Алла таала сыноолорду ар түрдүү шарттарда, сууда жана кургакта, ар түрдүү жаныбарлардын катышуусунда өткөрүп отуруп, соңунда гана эң кереметтүү инсан затын пайда кылган. Ошондой татаал сыноолордун натыйжасында гана Инсан деген ар тарабы шайкеш жана төп, жеткилең аң-сезимдүү керемет болуп жаратылды. Адамдын жеткилең жаралышына Кудай таала жер эсебинде 246 миң жыл сарптаган экен.

Баамдасак, кургактагы сыноолор маймылдын денесинде өткөрүлүшү мүмкүн, анткени маймылдын түзүлүшү менен айрым жактары адамдыкына окшош. Ошондой эле, жылкынын тукум улоочулук жана сезим сапаттары жагынан адамга окшоштугу сезилээрлик. Ошондон улам, байыртада башы адам, жылкы тулку-бойлуу жаныбарлар болгону жөнүндө кеп бар. Ал эми иттин достукка бекемдиги адамдын ушундай сапатына жакын. Тоту куштун адам сыяктуу сүйлөгөндүгүн угуп, дагы ойго түшөсүң. Суу жаныбарларынан дельфиндин адамга окшош тараптары бар. Арийне, дельфиндер адамдар сыяктуу сезимтал. Дельфиндер сүйүүгү адам сыяктуу бек болушуп, бир гана жубу менен жашайт. Кыскасы, түрдүү-түмөн ачылыштар менен далилдер мындан ары байма-бай табылуусу аркылуу катылып жаткан сырлардын түйүнү ачыла берет, буйруса.

Жакшылыктуу иштердин баары, анын ичинде билим алуу менен тажрыйба топтоо дагы ибадат. Сиз ибадатыңызды Аллах таала үчүн деп ойлойсуз, чынында ал ибадатыңыз сиздин өзүңүздүн өсүп-өнүгүшүңүзгө, адамдык сапатыңызды тезирээк калыптануусуна, өзүңүздү тазалап, арууланоого жана

коомду алдыга жылдырууга керек. Ошондон улам «ою тазанын бою таза» деп коюшат. Канчалык Жан дүйнө тазаланган сайын, дененин жана адамдын калган тараптары да чыңдалып, иштери жүрүшүп, алгалай берет. Алла таала үчүн кылына турган нерсе Аллахга мажбур төлөп туруучу төлөм же салык эмес, чын дилден кылынуучу кайрымдуулук белгиси. Ушу мавжудат ибадаты аркылуу ар ким өзүнүн чын жүрөктүүлүгүн, чын дилдүүлүгүн жана урматын билдирип турат.

Айланаңыздагыларды канча убакыт үйрөнсөңүз жана тажрыйба топтосоңуз да, билим алсаңыз да ошончо убакыт ибадат кылган же кыргызча айтканда сыйынган менен барабар сооп табасыз. Хадисте айтылгандай бүгүн бир теңге садага берсеңиз, эртеңден аны ашырып бара берсеңиз да билим алгандай соопту көп таба албайсыз. Бир инсан: «Ар күнү бир теңгеден садаганы ашырып бара берсем бара-бара садага бергенге курбум жетпей калат» – десе, даанышман: «Бул деген – бүгүн бир теңгелик илим, эртең 2 теңгелик илим ал, анын эртесинде 3 теңгелик илим алсаң, ага кантип курбуң жетпесин!» – деген экен.

Ибадаттын чыныгы максаты – инсандын дайыма кылдат болушу, таза жүрүшү, таза турушу жана түрдүү иштерде адеп-ахлактык тартипке моюн сунушун камсыздоо жана ушуга көндүрүү. Ибадат кылуучу инсан дайыма чыныгы жана чын дилдүү даражада чын жүрөктөн иштерин аткарса гана ага турмуштук түрдүү мүмкүнчүлүктөр берилет. Эгер кайсы бир инсан өз ибадатын башка бирөөлөр менин ибадат кылып жатканымды көрсүн жана билсин, ушул аркылуу мени урмат кылсын же мага ишенип сөзүмө кирсин, же башка бирар жемкорлук максатта ибадат кылса, ал ибадат жасалма эсептелет да, жашоо турмушуна пайда бербейт. Кайсы бир инсан диний ибадаттардан байлык топтоо, кызмат алуу же бирар жаман ниетин ишке ашыруу үчүн кызмат кылса, ал ушул аркылуу Аллах тааланы жана инсандарды алдамакчы болот. Ошон үчүн мындай инсандарга аянычтуу азаптар насип этилет.

Ошондуктан ибадаттын чыныгы маанисине жетпей туруп, аны түшүнбөй же үйрөнүп билбестен эле анын оңой жолуна түшүп кетүү караланат. Ушул жол аркылуу тышкы көрүнүшү менен гана адамдарды чалгытып, динаятчыларды туурап кийинип, сакал-мурутту коё берип, жана ушул сыяктуу жөрөлгөлөр менен гана адамдарды негизги маселеден адаштыруучу жолго баштоо да катуу жазаланат. Ибадаттын асыл максаттарынан бири, инсанды чын дилдүүлүккө жана тууралыкка умтултуу. Ушул себептүү дилдеги ибадат да азизделет. Ибадаттын тышкы көрүнүшүнө маани берүүдөн көрө **ички көрүнүшүнө** маани берүү зарыл. Ибадат ыктыярдуу кылынуучу амал.

Туура, инсанга жардамга келүүчү жана инсанга бекитилген көк мавжудаттары ушул инсандын өз самоосу жана каалоолору чын жана жакшылыкка кызмат кылуучу болсо өнүгүү берет. Андай болбогондо пикирий абалын талдоодон өткөрүп, ахлактык касиеттерин эсепке алып, ниети тазалыгы же бузуктугу, чын дилдендиги же жасалмалуулугун эсепке алып, ага жандашат жана ушул негизде ага мамиле билдирет. Инсандын ибадатынан максат жемкорлугу болбошу зарыл. Мына ушул негизги максат инсанды рухий бийиктикке көтөрүүчү теңирий ибадаттын негизги милдети. **Инсан канчалык рухий бийиктикке көтөрүлсө, ал Аллах назарына жакындашат, ал канчалык рухий төмөндүккө түшсө, Аллах назарынан алыстайт**. Муну ар бир инсан жакшы билип, түшүнүп, өзү үчүн негизги багыт кылып алышы керек.

Теңирий ибадаттын баш максаттарынан дагы бири таалим жана тарбия, же тарбиялык таалимдер негизинде инсан өз инсандык касиетин сактап кала алуучу каражат болушунда турат. Андай болбосо адамдар бул таалим жана тарбияга моюн сунбай, инсандык формуласын бузуп, адеп ахлагы төмөндөй отуруп, формуласы макулуктук жараяндарга кирип калышы мүмкүн. Маселен, инсандарды акылдан аздырып, үзгүлтүксүз кылмыш кылууга урунтуп, андан канааттануу таптырып, дайыма зордукчул же бузуку,

инсанды кордоочуга айландырат. Алар алдамчылык жолуна түшүп, адеп-ахлактык, адептүү теңирий ибадатка баш ийбей, айбандык жана наадандык баткакка батып калышат. Анткени, инсандык асыл абалдын бузулушу, теңирий түшүнүк менен ибадаттагы эрежелерге каршы төңкөрүшчүлүккө түртүп, инсандын тектик да, чыныгы асыл көрүнүшүнө залал келтирип, эң төмөн жийиркеничтүү макулук даражага киргизип салат. Инсандын асыл сапатын бузуу Алла таала берген акыл-эсти Алла таала ишине каршы бузуку пайдалануу катары бааланат.

Теңирий ибадаттын башкы багыты жана озуйпасы ушул. Инсан ар дайым ахлактык да, адептик даражасын сактап, улам көтөрүлө отуруп, эң жогорку чекке жетиши керек. Андай болбосо анын айбандык илдети жеңе берет жана акыры аны өзүнө кошуп алып, анын инсандык касиетин биротоло жок кылынышы мүмкүн. Анан да, ушул шекил-сөөлөттүү инсан болгон менен, аруу, акылдуу инсан болбосо, анын инсандык укугу чектелип, үзүлүп же кесилип калышы мүмкүн.

## Терроризм жана ага каршы күрөшүү

Дүйнө жүзүн жөө тумандай каптап келе жаткан жана учурда эң биринчи проблема болуп эсептелген экстремизм менен терроризм проблемасын кантип бейтарап кылуу планетабыздагы адамдардын баарын терең ойлондуруп жана тынчсыздандырып келе жатат. Бир туруп дүйнөнүн бир бурчунда, бир туруп экинчи бир четинде, айтор дээрлик бардык жерде террористтер менен экстремисттер адамзатка тынчтык бербей келе жатышат. Адамдардын көпчүлүгү өздөрүн бейкапар сезе алышпай, ийне сайылган отургучта отурган сыяктуу кооптонуп, такай коркунучта жана кабатырда жашап келишүүдө.

Террористтер менен экстремисттерге каршы натыйжалуу күрөшүү концепциясы жана жолу алиге чейин толук иштелип

чыга электиги прогрессивдүү адамзат өкүлдөрүн тынчсыздандырбай койбойт. Арийне, алардын кайдан келип чыккандыгын, эмне себептен ушунчалык деңгээлде өнүгүп кеткендигин так аныктаган жарытылуу бир дагы эмгек жокко эсе. Талдап көрсөк, мындай чектен чыккан иштерди алгылыктуу түшүндүрүп бере алуучу фундаменталдуу эмгек да жок экен.

Дүйнөдө, терроризм десе эле ислам террористтери деген терминди көтөрө чуркагандар көбөйдү. Террористтер бардык диндерден чыгып жатканын унутпоо керек. Түштүк чыгыш Азия мамлекеттеринде Бут диний террористтердин колунан Индира Ганди, уулу баш болгон канчалаган мамлекеттик ишмерлер, жардырууларынан канчалаган адамдар каза болду. Ирландияда, Англия, Испания, Италияда да христиан динчилери террор жасап жатат. Бүгүнкү шартта ислам террористтери аталгандар да коркунучтуу иштерге барууда. Мындай зомбулуктардын артында да бийлик менен байлыкка көз арткандар турарын унутпоо зарыл. Айрыкча, АКШ, Европадагы айрым мамлекеттердин атайын кызматтары бийлик менен байлыгын пайдаланып, башка өлкөлөрдө чаң тополоң түшүрүп, өз максаттарына жетүү үчүн террористтерди колдоп жатат.

Ошентсе да, ислам динин жактоочулар тарабынан террордук аракеттер көбөйүп, тизгиндетпей барууда? Эмне үчүн ислам динине «терең» берилген адамдар мындай жырткычтык иштерге барууда? Эмне үчүн ислам динин берилип тутуп, ислам дини үчүн жана Аллах үчүн өз жанын кыйып жаткандар көбөйүүдө? Бул адамдар кайсы ишеним-түшүнүктөргө таянып мындай кайгылуу иштерге барууда? Булар ислам дининдеги кайсы көрсөтмөлөргө жана негиздерге таянып, мындай иштерге барып жатышат? Жанын кыйып жаткан байкуштар ушунчалык эле Кудайга аң-сезимдүү түрдө берилгенби? Же алар Кудайды жана динди, Жарык дүйнө менен наркы дүйнөнүн баарын терең түшүнөбү? Бирөөнүн жана өзүнүн жанын кыюунун акыбети

кандай натыйжаларга алып келээрин алар ачык-айкын түшүнөбү?

Терроризм жана экстремизмге барып жаткандар материалдык, социалдык-экономикалык муктаждыктар үчүн чыгып жатышкан жок. Алар өздөрүндө калыптанган кандайдыр бир калпыс ишенимдер менен ошондой иштерге барып жатышат. Ошондуктан бул балээнин тамыры биз ойлогондон да терең кетип, жана адамдын Жан дүйнөсү менен байланыштуу болгондуктан, аны менен күрөшүү аябай татаал жана машакаттуу. Андыктан, эң оболу адамдын өзүнүн ким же эмне экендигин, анын структуралык түзүлүшүн, ички Жан дүйнөсү менен тышкы Дене түзүлүшүнөн жакшылап билип, үйрөнүү керек. Биздин жашоо-ишенимибизди, билимибиз менен тажрыйбабызды, оюбуз менен сүйүүбүздү, аң-сезимибиз менен акыл-эсибизди, мамилебиз менен түшүнүгүбүздү, айтор бүткүл аңдуу жашообузду жетелеп алып жүрүүчү көрүнбөгөн ички Жан дүйнөбүздү же өзүбүздүн асылзатыбызды – рухий абалыбызды билип алышыбыз зарыл.

Адамдын өзү ким, ал кантип жаралып, кайдан келип жана кайда жетип барарын билеби? Адамдын түзүлүш структурасы, курамы кандай элементтерден турарын толук билеби? Анын Кудай менен, Көк менен жана башка аң-сезимдүү заттар менен кандай байланышта экендигин анык түшүнөбү? Чексиз ааламдарды билишеби да, ааламдардагы башка жашоочулар менен андагы абалдарды үйрөнүшкөнбү? Жок! Адамдардын көпчүлүгү буларды алиге чейин жакшы өздөштүрө албай келишкендиктен, Теңирден тескери жолго кирип кетишип, ошондон улам дүйнө жүзүндө жамандык иштери өкүм сүрүүдө. Тилекке каршы мындай жаман иштерге барып жаткан адамдар жогорудагы маселелерди үстүртөн гана үйрөнүшкөндүктөн, аларды ачык-айкын билишпейт.

Билип алчу нерсе Барлыкта инсан жападан жалгыз аң-сезимдүү зат эмес, инсан мавжудаттардын – аң сезимдүү заттардын 110000 чи, же эң кенже түрү болуп, эң акырында

өзгөчө кереметтүү болуп жаратылган. Бирок ошого карабастан Жараткан тарабынан адамга эң жооптуу милдет – келечекте бүткүл Барлыка ээлик кылуу жана башкаруу милдети тагылган.

Бирок мындай ардактуу милдетке жетүү үчүн көптөгөн кыйынчылыктар менен сыноолордон өтүү эрежелештирилген. Эң кенже түр болгон инсанга мынчалык ардактуу ишеним көрсөтүлгөндүгүнө албетте, Көктөгү терс күчтөр, анын ичинде биринчи болуп Шайтан чыдай албай, инсанга түбөлүк душмандык кылып келет. Жерде да, Көктө да адамга душмандык кылып, аны инсандык туура жолунан адаштырып, инсандын өзүнүн негизги милдетин аткартпоого аракеттенгендер көп. Алардын баарын биз терс күчтөр деп атап коёбуз.

Ошону менен катар Көк менен Жерде оң күчтөр да бар болуп, алар Жараткан тарабынан инсанга жардам берүүгө коюлуп, аны жетелеп өнүктүрүп, жеткилеңдештирип барат. Ушул китептин баш жагында андай жардамчылар жөнүндө кеңири берилген. Бирок, турмуш жараянында адамдын эрк-ыктыяры Кудай тарабынан ыйык жана кол тийгис саналгандыктан, кайсыл жолдо барышын инсан өзү гана тандап алат.

Өзүңөр билгендей адамзаттын өнүгүү жараянында Адам өзүнүн туура жолун табууда ага толук эркиндик берилип, не Кудай тарабынан, не башка мавжудаттар тарабынан анын эрк-ыктыяры бузулуп, дароо оңдолуп жолго салынбайт, анткени адамдын эрк-ыктыяры бузулгус жана ыйык болуп эрежелештирилген. Инсан Көк кызматкерлеринен жардам алып турганы менен, өз өсүп-өнүгүү жолун алган билимдеринин негизинде өзү тандашы шарт. Албетте бул жолдо аны жолдон чыгара турган терс күчтөр да аз эмес.

Көктөгү чоң жүрүшкө, же чоң өнүгүүгө аттанган адамдын сыноосу да татаал болот дегендей, Көктөгү инсандын ролу да чоң, сыноосу да чоң. Байкаган адамга Жердеги бардык нерселер Адам үчүн кызмат кылууга жаратылгандыгы сезилип турат, адамдын күн санап өнүгүп

баруусу билинип турат, адамдын аң-сезими менен акыл-эси баарынан жогору экендиги көрүнүп турат. Ошондуктан Адам баласына аң-сезимди берген, үйрөнүп, окуп, талдап, билим алсын деп акыл-эсти берген. Такай тажрыйба топтоп, билим алып, өнүгүп жүрүп отуруп адамзат ушул өнүгүү деңгээлине жетти.

Ал эми бизден мурда жаратылган башка жанзаттар-макулуктар менен адамды салыштырып да болбойт! Өзүңүздүн инсан болуп жаратылганыңызга миң-миңдеген шүгүр кылыңыз, талбай билим алып көкөлөй бериңиз! Сиздин алдыңызда али мындан да ажайып кереметтер күтүп турат, албетте өз адамдык туура жолуңузду таап алсаңыз, бул туура жол чынында, түрдүү түмөн сыноолорго толгон машакаттуу жол. Ал талыбаган эмгекти, чексиз билимди, чыныгы аруулукту талап кылган жана аны менен Кудайга жетүүчү ыйык жол.

**Белгилей кетүүчү нерсе бул жолду табууда көптөгөн адашуулар менен чектен чыгуулар болбой койбойт. Тиешелүү билимге деңгеселиктин натыйжасында ээ боло албаган, бул билимдерди туура талдай албаган адамдар өз тизгинин бирөөлөргө берип салып, аларды ээрчип кетүүгө мажбур болушат. Ал эми аларды башкалар каалаган жакка жетелеп алышып, каалаган жолго салышат. Буга мисал катары ислам террористтери дегендерди келтирсек болот**.

Өзгөчө көңүл буруучу жагдай исламдагы негизги жобо болуп эсептелген «Курандагы» сүрө-аяттарды акыл-эсин иштетип, кыйналып-кысталып, чыныгы маанисин талдап табуунун жана түшүнүүнүн ордуна, адамдар деңгеселик кылып, тышкы көрүнүшүн кабыл ала коюп, адаштырган жолду оңой кабыл ала коюунун кесепетинен мына ушундай аянычтуу акыбетке келип отурат.

Арийне, Аллахга арап тилинде кайрылып сыйынып жаткан адамдардын дээрлик көпчүлүгү анын маанисин жана котормосун билбейт, алар көбүнчө Кудайга кайрылып жаткан эң ыйык сөздөрдү түшүнбөй эле кайталай беришет, ал эми

маанисин билгендери да маанисин жадында жана ичинде тута алышпайт., Жаттап алгандарын курулай кайталоо менен чектелип, кылган ибадаты чын дилден болбой, намазды эптеп-септеп окуп кутулгандар да бар. Бул тууралуу Мухаммед пайгамбарыбыздан калган Хадисте, «Маанисине түшүнбөй туруп өмүр бою кылган ибадатыңыздан, өмүрүңүздө бир жолу түшүнүп кылган ибадатыңыз абзел», деген.

Мына көрдүңүзбү, өмүр бою түшүнбөй жасаган сыйынууңуз өмүрүңүздө түшүнүп кылган бир жолку ибадатыңызга да туура келбейт. Ошондуктан өзүңүз сүрө, аяттардын жана ибадаттардын өз тилиңизге которулган маанисин терең үйрөнүп, аларды окуганыңызда сөзсүз мааниси сиздин жадыңызда болуп турсун. Керек болсо бул сөздөрдүн мааниси көзүңүзгө элестеп турсун! Ошондо гана сиздин ибадатыңыз чын жүрөктөн саналып, натыйжалуу болот.

Албетте, сыйынуу маанисин түшүнбөгөндөр анын тышкы көрүнүшүнө көңүл коюп, жана исламдагы жөрөлгөлөргө сокур сезим менен терең берилүүдөн башка эч нерсе кыла албайт. Аң-сезимдүү жана акыл-эстүү адам өзүнүн ар бир аракетин түшүнүшү керек. Андай болбогондо алар өзү айтып жана жасап жаткан нерсесин түшүнбөгөн роботтор же маңкурттардан айырмасы жок болуп калат. Алар ислам дининин түпкүрүндөгү маанисин чечмелеп толук билип алалбастан, анын тышкы көрүнүшүнө гана берилип кетишип, адамдардын көзүнө көрүнгөн гана жөрөлгөлөрдү ыйык тутуп ишенишип, ошону менен чектелип келишүүдө. Андыктан бул жөрөлгөлөр инсан үчүн анча олуттуу мааниге ээ боло бербей, заманга жараша өзгөрүп туруучу жараяндарга айланат. Диндин маанисин жакшы түшүнбөстөн, анын жөрөлгөлөрүнө гана терең берилип алган адамдарды дүйнө жүзүндө Кудайдын туура жолунан адашкан **фанатик** деп аташат…

Мындай жараянды Жараткан тарабынан сыр түрүндө катылып коюлган 36-йасин сүрөсүндөгү 1-аят йасин… сөзүндө түшүндүрөт. Көк тилиндеги бул беш сөздүн баш

тамгасынан турган сөздүн С-баш тамгасына тиешелүү болгон **сархус сарах** деген сөз деңгеселикти ыктыяр этүүчү болуп которулат. Аллах таала мында адамдын деңгеселикти өз ыктыяры менен кабыл кылгандыгын белгилеп, бул деңгеселиктин акыбетин алдын ала эскерткени болууда. Исламдагы түшүнүктөрдү талдоо өтө кыйын маселе болгондуктан, көп адамдар аларга баш оорутуп кыйналбастан эле, деңгеселик кылып бул маселелерде өзгөлөрдү ээрчип алышкан.

«Изденгенге толо жар» деп айткандай изденген адамга жардамчы толтура, ал эми жалкоо адамга шылтоо толтура. Жөнөкөй айтканда мээни иштетпесең сени ар ким, ар ким жетелеп алып, каалаcа уруштурат, каалаcа согуштурат, каалаcа маданияттуу кулга айлантып, казыгына байлап алат. Натыйжада, дүйнөнү каалагандай чайкап турган исламдын душмандарынын колунда маңкурт курал болуп калат. Өздөрү билимсиз болгону аз келгенсип, өзү берилип кеткен нерселердин маанисин түшүнбөгөй, башкаларды тан алышпай, текеберленип, Мен гана бармын, Мен гана баарын билем деген таризде алар жашап келишет. Келечекти жана кең Барлыкты билип алууну мындай кой, адамзаттын жакынкы өтмүштөгү тарыхын өздөштүрүүгө да мойну жар бербейт.

Ал эле дейсизби, «Курандын» маанисин талдап түшүнбөй, атурсун котормосун да билбестен эң оңой жолго, жөн эле курулай жаттап алуудан арыла албай келүүдө. Анан да куранды курулай жаттап алган ал адамдар учурда билимдүү эсептелип, сый-урматтын үстүндө жүрүп калганына таң каласың... Бул маселе азыр актуалдуу бойдон калып, зомбулук менен терроризмден кутулууга жол бербей жатат. Адамзаттын өнүгүү деңгээли чектелүү учурунда курулай жаттап алып ибадат кылууга көз жумуп, барына шүгүр кылдык. Ал эми азыр заман башка, талап башка. Акыл-эсибизге келип, Ыйык китептердин маанисине түшүнүп жетчү заманда жашап жатабыз. Айланабызда канчалаган татаал ачылыштар болуп жаткан кезде эң негизги

маселелерден болгон бул багытта чечкиндүү аракеттерди жасабасак, мезгилдин талабынан артта калып, уят болуп калышыбыз шексиз.

Учурда да диндин түпкү маанисин чала түшүнгөндөр көпчүлүктү түзүп, алар аң-сезимдүү заттардын катарына кошулуп калганына карабастан, мен макулуктардын катарына кирем дегенине кантип күлбөй коё аласың! Андан да алардын айрымдары Куранды эч ким, эч качан жакшы биле албайт дегенине кантип күйбөй коё аласың! Татаал экен деп кол куушуруп отура берсек, анда биздин инсандыгыбыз кайда калат да, өнүгүүбүз кайда барат? Ушундай татаал кылып узаткан маалыматтарды инсан өзү чечип, өнүгө албаса инсандык сапатка кантип жетише алат? Анда кантип биз Аллах тааланын ишенимдүү жардамчысы боло алабыз да, анан кантип Теңир тааламдын үмүтү менен ишеничин актай алабыз?!

Ансыз да терс күчтөрдүн жетегинде урушуп, согушкан жамандык жолдо канчалаган цивилизацияларыбызды кыйроого дуушар кылдык. Адамды эң чоң сыноодон өткөрүү үчүн Алла таала тарабынан Жарык дүйнө ойлоп табылды. Ошондон улам Жарык дүйнө эң кооз, эң таттуу, эң кызыктуу жана эң машакаттуу кылып коюлган. Муну түшүнбөгөндөн же ишенбегенден улам Жарык дүйнөнү жалган дүйнө деп атап да алышкан.

Оо, шумдугуң кургур Жалган дүйнөнү ойлоп таап жаманатты кылгандар өзүбүз эмей, анан ким?! Чынында Жарык дүйнө жалган дүйнө эмес, кооздук менен сулуулуктун дүйнөсү, керемет сыноолордун дүйнөсү! Ырахат менен таттуулуктун дүйнөсү! Жакшылык менен сүйүүнүн дүйнөсү! Адамзаттын тагдырынын чечилишинин дүйнөсү! Ал эми жаман жолдо жүргөндөр үчүн кыйынчылыктын жана жок болуп кетүүнүн Жалган дүйнөсү!

Эгер адамдар жогоруда айтылгандарды түшүнүшкөндө жаман ишке бармак турсун андай ойго да келмек эмес! Мындай зордукчулдук жана террористтик иштерге барып жаткандар болсо диний түшүнүгү тайкы, динди толук

түшүнбөй, үстүртөн гана жаттап алган чала сабаттар. Ал эми көптөгөн талдоолордон кийин адамга эң керектүү бул жагдайларды мусулмандар үстүртөн гана чала-була билишээрин, бул багыттагы түшүнүктөрүнүн өтө тайыз жана жетишсиздигине күбө болобуз.

Чынында жамандык иштерин адамдар өздөрү ойлоп табышып, Жаратkandын тыюуларына карабай, андай иштерди өз эрки менен жасап турушат. Ал эми жакшылык иштерин билип туруп, аткаруудан качышат. Мына ушул багытта «Курандын» 4-сүрөсүнүн 81-аятында «Сага жеткен ар кандай жакшылык Алладан гана, сага жеткен ар кандай жамандык болсо – ал өзүңдүн кылмышыңдан» деп белгиленет.

Андыктан, зордук-зомбулук кылуучулар менен террористтер, кара ниет, жамандык кылуучулар өздөрүнүн кылган иштеринин акыбети эмнеге алып келээрин билгени?! Кана алардын жакшылык кылуусу адамдын келечеги үчүн канчалык пайдалуулугун түшүнгөнү?! Жаратуучу инсанды канчалык эң азиз кылып койгондугун сезгени?! Кана алардын, ар бир инсандын эрки менен өмүрүн баарынан кымбат кылып койгондугун аңдап жетишкени?!

Мына ушуларды билип алган адам эч качан алдамчылыкка, кара ниеттикке, зордук-зомбулукка, терроризм менен жамандыкка барбас эле. Билимдүү, арууланган адамдар кара ниет жана алдамчы болушпайт, террорист болуш мында турсун, зордук-зомбулукка да барышпайт. Өзүнүн аурасын таза кармоо үчүн жамандык кылуу эмес, жаман ойго да барышпайт, анткени алар адамдын ар бир жаман оюу, сөзү жана аракети да андай ойлогон адамдын же ден-соолугуна, же иштеринин жүрүшүнө, же анын келечегине сөзсүз жамандыкты алып келээрин билишет.

Учурда коррупцияга каршы күрөшүү бүткүл адамзат үчүн эң олуттуу көйгөйлөрдүн бири болуп эсептелүүдө. Азыркыга чейин коррупция менен күрөшүүнүн алгылыктуу жолу табыла элек, ошондон улам коррупция менен күрөшүп аны жеңүү дегеле мүмкүн эмес дегендер басымдуулук

кылууда. Ал эми коррупцияны түп тамырынан бери жок кылуу үчүн адамдын жан дүйнөсүн өзгөртүү керек. Чындап Кудайга берилген адамдар бирөөнү алдоону, бирөөнүн акысын жегенди, мамлекетти тоногонду, адамдардын акылын адаштыруучу каражат таркатып баюуну, бийлигинен өз жеке кызыкчылыгы үчүн пайдаланганды, криминалга кошулууну каалашпайт жана андай жолго барышпайт. Алар өзгөлөр үчүн, эли үчүн, мамлекети үчүн, жалпы адамзат үчүн жана Кудай үчүн кызмат кылууну максат кылып алышат. Коррупцияга каршы күрөшүүнүн жападан жалгыз жолу ушул, андан башка жол жок!

Ушундан улам, Кудайды жана адамзатты терең изилдеп үйрөнгөн ислам аалымдары эмне үчүн өз жанын өздөрү кыйышпайт, деген мыйзамдуу суроо туулат. Эмне үчүн илахий (теңирий) терең билимге ээ болгондор экстремист жана террорист болушпайт? Алар жада калса бирөөгө зомбулук көрсөтпөйт, атурсун башкалардын эрк-ыктыярын да бузушпайт. Арийне, алар мындай зомбулук ишти Кудай алдында чоң күнөө кылуу деп билишет, анткени Кудайдын көрсөткөн туура жолун, инсаниятты өнүгүү жолун жана барар жолун алар мыкты билишет.

Ошондуктан алар ар бир адамга жакшылык кылууга гана умтулушат. Жамандык кылуудан, бирөөгө залакасын тийгизүүдөн жаа бою качышат. Аалым адамдар ушак айтып, ууру кылышпайт, өздөрүн өздөрү жогору коюшпай, кичи пейил болушат, бирөөлөргө жардамын аябай, ар тараптуу билимге ээ болушат, өз билимдеринен башка бирөөлөргө бөлүшүүнү каалашат, демейде мактанышпайт жана эң негизгиси түшүнгөн абалда Кудайга терең берилишет.

Зордукчулдар менен террористтер билимсиз, адашкан тайкы түшүнүккө ээ болгондор, Кудай жөнүндө, дин жөнүндөгү билимдерди үстүртөн, чала-була үйрөнгөндөр, диндин маанисине эмес, формасына маани бергендер. Алар өз акыл-эсин иштетип, талдоо кыла албагандар, билим алууда кыйынчылыктан качып, оңой жолду издегендер, акыр

аягында айбансымал болуп бирөөлөргө алданып, жетеленип жүрүүчүлөр.

Ыйык китептерде бир адамды экинчи бир адам өлтүргөнү кечирилгис күнөө болот деп айтылат. Анткени өлтүрүлгөн адамдын Жарык дүйнөдө аткара турган бардык иштери өлтүрүүчүгө жүктөлөт, ал эми наркы дүйнөдөгү берилүүчү жазасын айтпай эле коёлу... Ойлоп көрүңүзчү, өзүңүздүн түйшүгүңүздүн өтөсүнөн чыга албай жатып, кантип сиз өлтүргөн адамыңыздын жүгүн өмүр бою тарта аласыз?

Кудай берген жанды сактоо жана өз вазийпасын аткаруу ар бир адамга милдет кылып коюлган. Өзүнүн жанын өзү кыюу жана бирөөнүн жанын кыюу кечирилгис күнөө болуп эсептелип, аларга жакшылыктын жышааны да буюрбайт, анткени өлүп кеткен адамдын аткарылбай калган милдеттери менен өсүү аракеттери ошол өлтүргөн адамдын мойнуна жүктөлөт.

Ошондуктан Кудайга гана тиешелүү болгон жан берүү жана жан алуу маселесин террористтер, депутаттар менен соттордун жана айрым адамдардын чечүүсү өз бийлигинен артыкбаш пайдалануу болуп, Жаратуучунун укугун өзүнө ыйгарып алуу менен барабар күнөөлүү иш эсептелет. Адам өлтүрүү ар кандай шартта эң кечирилгис күнөө эсептелип, аны кылуу эле эмес, андай ойго баруу да мындай адамга өтө жаман акыбеттерди алып келет.

Акыркы жылдары көпчүлүк мамлекеттердеги эң оор кылмыш кылгандарды өлүм жазасына тартпастан, өмүр бою түрмөгө отургузганы туура болуп эсептелет. Анткени ал Кудайдын эрежесине да төп келет. Арийне, өлүм жазасына кетпей, өмүр бою түрмөдө отурган адам өзүнүн кылган кылмышына тообо келтирүү менен бирге ар көз ирмем сайын Кудайга сыйынууга өзүн өзү мажбур кылып, өзүн, коомду жана элди аруулоого такай көмөктөшүп барат.

Ошону менен бирге өлтүрүү болгон учурда өлтүрүүчүгө башка бирөө өлтүрүүнү кааласа, таза адам да кылмышкердин кара энергиясына кирип кетип, жана андай кара энергия таза адамды каптап калбасы үчүн кылмышкерге теңелүүгө

болбойт. Ошондон улам ыйык китептерде сабырдуу бол, кечиримдүү бол деп айтылса, элибиз эзелтен «жаманга теңелбе», «жакшыга жанаш, жамандан адаш» «жамандан качып кутул» деген накыл сөздөр менен жашап келет. Мындай каймана айтылган терең маанилүү сөздөрдү колдонуу менен бабаларыбыз Кудайдан түздөн-түз берилген Ыйык китептердегидей эле кыйыр маанилерди терең түшүнүп, өзгөчө колдоно билишкен. Элибизде каймана, ишара менен айтылган сөздөр аябай көп. Ошондуктан кыргыз тилин үйрөнүп, өздөштүрүү аябай татаал экендигин башка улуттун өкүлдөрү баса белгилеп жатышы андан улам болсо керек.

Адамдардын арасында Кудай жолуна үгүттөө иштерин алып барып, сооп табып, Жараткандын сыйлыгына ээ болоюн дегендердин саны көбөйүүдө. Кудайдын жолун алар туура түшүнүшсө бир жөн, бирок алар чала сабаттуу болгондуктан, адамдарды Аллахга жакындатуу эмес, алыстатууга салым кошуп жаткандыгын билбей жатышат. Өзү жакшы түшүнбөгөн жана чала-була билгенин коркпостон үгүт кылып, ошонун сообу менен Бейишке жетип барам дегендерге дагы эмне деп айтса болот. Алар өздөрү түшүнбөгөн нерсесинин туура экендигин кайдан билишет, өздөрүнүн душмандарга курал болуп жаткандыгын билишеби? Өзү билбегени аз келгенсип, дагы бирөөлөрдү чалгытып, чоң күнөөгө батуунун жана Тозоктун төрүнө барып жатуунун кандай зарылчылыгы бар экен аларга…

Бул багытта бир мисал келтирейин. Диний маселелерде даават кылып жүргөн бир лезгин улутундагы айылдык мечиттин имамы мага Кудай жолуна түшүүнү жана бул жолдун артыкчылыктарын үгүттөй баштады. Анын кийген кийими арапча узун ак көйнөк, башында аппак топу, бутунда тапочка жана колунда теспе, сакалын коё берген. Колундагы теспени тарткан сайын «субахан Аллах» деген сөздү кайталап турду. Мен ага «субахан Аллах» деген сөздү кыргызча түшүндүрүп берүүсүн өтүндүм, анткени ал ар бир көз ирмем сайын ушул сөздү терең берилип кайталап турган эле. Өзү

жакшы түшүнбөсө да, ал субахан Аллах деген сөз Аллах баарынан улуу дегенди түшүндүрөт деп айтты.

Анда «Аллах акбар» деген сөз эмнени түшүндүрөт деп сурасам, бул сөз да Аллах улуу дегенди түшүндүрөт деп жооп берди. Ошондо мен анын субахан Аллах деген сөздү билбестигин жана анын билиминин тайкылыгын анык билдим, анткени бул сөз Аллах баарын билүүчү жана кабардар, же даанышмандык билим ээси экендигин мен билээр элем. Көрдүңүзбү, өзү күнүгө көз ирмем сайын кайталаган сөзүнүн маанисин билбей туруп, башкаларга муну туура эмес үйрөтүп жатат. Диндеги эң жөнөкөй жана эң керектүү, күнүгө миңдеген жолу кайталоочу бир сөздү билбесе, анан калганын эмне кылат бул молдеке? «Чала молдо дин бузар деп» мына ушуну айтат. Ооба, мындайлар динди эле эмес, адамдарды да бузуп жатышат.

Дагы бир мисал, мага бир тааныш адам да даватчы болуп эмгектенет. Өзү түшүнүктүү, жогорку билимге ээ, маданияттуу эле көрүнөт жана турмуш-тиричилиги жакшы, колунда дайыма акчасы бар. Болгону сакалын узун кылып кое берген, даватка чыкканда дайыма арапча кийинет. Күндөрдүн биринде узун сакалдан тажаган анын аялы сакалын алдырып, же кыскартып жүрүүсүн өтүндү. Күйөөсү болсо ага ар түрдүү шылтоолорду айтып жадагандан кийин, бул сакал сени менен мага акча таап берип жатпайбы деп чынын айтып кутулду. Караңызчы, акча үчүн адамдар баарына даяр болуп алышканын… Ал эми акча төлөгөндөр чыныгы Кудай жолунда болсо бир жөн, ал эми алар бул жолдун душмандары болсо, анда канттик?

Китептин башында белгилегендей өзүнүн курулай жаттап алганын жетекчиликке алып, ээрчитүүчү эмес ээрчүүчү адамдардын саны учурда көбөйүп кеткендиктен, инсандык жолго туура келбеген иштерге түшүнүп-түшүнбөй жана талдабай эле түшүп кетишүүдө. Алар диний багытта диндин маанисин толук түшүнбөй эле, аны чала-була өздөштүрүп алган болуп, бирөөлөрдү туурап жана ээрчип, натыйжада же диндин чыныгы маанисине жете албай, же анын ичине кире

албай, аны курулай жаттап алып, түшүнбөгөндөн улам динге пайда келтирем деп ага зыян алып келген жана зомбулук кылган учурлары көп болууда.

Эми Кудайга, динге болгон мамлекетибиздин саясатын алып көрөлү. Биздин мамлекеттин конституциясында Кыргыз Республикасы свет мамлекет, кыргызча варианты мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган деп жазылган. Мында светский деген сөзгө диндин кандай тиешеси бар, ботом. Баракелде! Котормо болбосоң коё кал! Светтик деген сөздү эч болбогондо нур даарыган, (нурданган, нур тамган, акырында арууланган-просветленный) мамлекет деп которсо болмок. Мына сага баш мыйзамды орусча жазып кыргызчага которуу! Бул жерде конституцияны бөтөн тилде жазып, аны кыргызчага которо албай кыйналгандык даана байкалып турат. Андан да жаманы баш мыйзамдын бул беренесин аалымдар жазбастан, же атеисттер, же таптакыр түшүнүгү тайкы сабатсыздар жазганы ачык-айкын билинип турат.

Баш мыйзамды мындай кылып шаша-буша жаза салуунун тетири натыйжасын алты эле айда көрө баштадык. Ошондон улам мамлекетти дин башкаруудан, мамлекет динди башкаруудан тышкары деп түшүндүрө башташты, ага кызыкдар адамдар. Конституция талкууланып жатканда бул багыттагы билимдүү, мыкты адистер дин мамлекет тарабынан көзөмөлдөнсүн жана камкордукка алынсын деген берене киргизүүнү сунушташкан. Бирок чала сабат «окумуштуу атеисттер» так жогоруда айтылган беренени, же акырын аракетке келүүчү проблеманы билип-билбей өткөрүп салышты. Эми, жер-жерлерден динаятчылар конституция боюнча динге мамлекеттин кийлигишкенге акысы жок деп чыга баштаса эмне болот? Ушундан уламбы, терроризм жана экстремизм көйгөйү да өзүн көрсөтө баштады. Зомбулук жана терроризм менен күрөшүүнүн ордуна ал күрөштүн жолун мыйзамдуу түрдө тосуп салуу, аны күчөткөндөй болду.

Адамдын ички Жан дүйнөсүн тоготпой, аны жок нерседей кабылдап, ага өгөй балага мамиле кылгандай

болсок, акыбети ушундай ачынарлык болорун эми чындап сезе баштадык окшойт. Албетте бул проблема бүткүл дүйнө жүзүндө чечилбей келе жатса «алакандай» кыргыз элинде чечилип калмак беле деп айтылуусу мүмкүн. Кыргыздар бул проблеманы биринчилерден болуп чечишсе эмне болуптур? Биздин элибиздин билими десең билими, баамы десең баамы жогору, ниети десең ниети таза, пейили десең пейили кенен, ишенимине келсең эзелтен эле Кудайга жакын.

Адамдын ички Жан дүйнө тарабына айрымдар ишенип, ишенбей мамиле жасоо менен кабатырда жашашса, экинчи тарабы бул абалга сокур сезим менен ашкере берилип кетип, фанатикке айланып да алышкан. Карап көрсөңүз, адамдын денеси ооруганда врачтар дарыласа, ал эми Жан дүйнөсү ооруганда жардамга келип, аны натыйжалуу дабалай ала турган Жан дүйнө сакчылары  жокко эсе. Психологдор деп аталган Жан дүйнө менен алектенгендер адамдын өзүнүн структуралык түзүлүшүн толук билбегендиктен, алардын жардамдары дале болсо дененин гана катышуусун биринчи орунга коюу менен, талапка жооп бере албай келет. Ошондон улам терроризм жана экстремизм оорусу – бул Жан дүйнөнүн оорусу экени түшүнүлбөй жатат!

Адам өзүнүн сырларын толук билбесе, ааламдардагы көрүнүштөр менен андагы байланыштарды жөндөп биле албаса, же көрүп туруп эле ага жете албаса, кандай дүйнөдө жашап жаткандыгын аныктай албаса, өлгөндөн кийин эмне болорун тактай албаса, анан ал байкуш эмне кыла алат?! Ошондуктан инсанга көп нерселерди үйрөтүп билдириш зарыл, ал эми билдирүүнүн жападан жалгыз жолу – билим берүү!

Өзүн өзү таанybaган адам өзгө адамга Жан дүйнө жардамын кантип бере алсын. Жан дүйнөгө түшүнүү  жана аны дабалоонун өзү өтө татаал болуп, ага жетишүү үчүн ар тараптуу жана терең билимге жана тажрыйбага ээ болуп гана калбастан, аны ишке ашырууга белгилүү бир материалдык каражат да талап кылынат. Айрыкча экстремизм жана терроризм жолуна түшүп бара жаткан Жан дүйнө оорусуна

чалдыккан адамдар үчүн алгылыктуу жардамдын өзү учурда жокко эссе. Бул багытта негизги ишти агартуучулук аркылуу жүргүзүп, ал байкуштардын чыныгы билим алуусуна жетишүү, алардын Жан дүйнөсүн байытууга басым жасоо абзел.

Алар Кудайды издесе, Кудайдын туура жолун таап берүү, ыйманды издесе ыйманга жеткирүү үчүн чыныгы билимдерди үйрөтүү талап кылынат. Арийне, Жан дүйнөгө байланыштуу материалдар өтө сейрек, аны так аныктоочу материалдар болсо жокко эсе, ал эми диний материалдарда бул жагдай ишара менен берилгендиктен, аны түшүнүү жана чечүү баарынын эле колунан келе бербейт. Анын үстүнө рухий жана материалдык байлыкка тең ээ болгондор турмушта чанда, кездешкендиктен, ар тараптуу өнүккөн адамдар өтө таңкыс.

Тилекке каршы, учурда байлык мал-мүлктүн көптүгүндө эмес, жан дүйнөнүн кеңдигинде экендигин жакшы түшүнгөн адамдар азчылыкты түзөт. Ошондуктан рухий түшүнүктөрдүн өөрчүп кете албагандыгына азыркы заманда айда күбө болуудабыз. Арийне, террорист жана экстремист деген адамдарды терең изилдеп көрсөң, алардын көпчүлүгү Кудайды издегендер, издегенде да Кудайдын жолун жакшы түшүнбөй эле сокур сезим менен Жан дилинен өтө берилип издеген фанатиктер.

Болгондо да колунда жоктор жана турмуштан кыйналгандар болуп, материалдык жана моралдык жардамга муктаж болгондор. Алар адилеттүүлүк менен чындыкты жер бетинен таппай, наркы дүйнөдөн издегендер, учурдагы жашоосунан канааттанбастан, келечектеги акырет жашоосунан жакшылык издегендер, диний билим менен дүйнөлүк билимди терең өздөштүрө албай, өзгөлөргө өзүн жетелеткендер! Кудайдын жолуна түшөм деп, билимсиздигинен улам Алла тааланын жолуна кыянатчылык кылып алгандар!

Адамзат душмандары адамдардын бир бөлүгүн баңгилик менен, ал эми экинчи бөлүгүн ичкилик менен азайтууну

көздөшсө, дагы бир бөлүгү ууланган дары-дармек, оокат-азык менен тукумсуз кылууга жетишүүдө. Мындай каражаттарды кабыл кылбаган ислам дининдегилерди жок кылуу жана кыруу максатында экстремизм менен терроризмди ойлоп таап, аны эффективдүү пайдаланууда. Мындай жагдайдан өз кара ниеттүү максатында ийгиликтүү пайдаланып кетүүчү «айлакер» жана «ээрчитип» алуучу адамдар учурда көбөйүп кетишкен. Мындай кылтактуу тузакты адамдардын мойнуна салып жетелеп алып, аларды маңкурт-айбан сыяктуу пайдалануучу адамдар четтен табылат. Алар жеке кызыкчылыгын көздөгөн, байлык менен бийлик үчүн башкаларды курмандыкка чалууга даяр адамдар.

Алар кара ниеттүү максаттарына жетүү үчүн чала молдолорду пайдаланып, аруу, таза адамдарды адаштырып, тескери жолго жетелеп, террорист жана экстремист кылууда. Ошондон улам тозокко биринчи болуп чала молдолор кирет деп Алла таала бекеринен айткан эмес. Өзгөнү жаман жолго жетелегендердин тагдыры ошондой болмокчу. Кудайга чын жүрөгүнөн берилген байкуш пенделерди, айрыкча адамзат келечеги болгон жаштарды мындай шойкомдуу жаман иштерге айдап жаткандарды адаматоодон заарканасың.

Алла таалага жакшы түшүнбөстөн өтө берилген адамдарыбызды мындай кылмыштуу жана күнөөлүү иштерден куткарып жана сактап калуу жалпыбыздын милдетибиз! Бул жерде маселе алардын өмүрүн сактап калуу эле эмес, аларды Кудайдын түбөлүк жазасынан куткарып калуу! Өлгөндөр болсо тирилип кайрадан жашоого кайтарылат, ал эми бул байкуштар жашоодон түбөлүк таптакыр жок болуп кетет да...

Исламдагы эң негизги сөздөрдү которгондо Аллах-Жаратуучу, халифа-жардамчы-орун басар (Жараткандын), жихад-күрөш, болгондо да калем (билим) менен күрөшүү маанисинде берилет. Хадисте адамдын Өзүнүн Өзү (Шайы-Нафси) менен болгон күрөшү эң чоң жихад болуп эсептелет. Адам баласы өмүр бою өзү менен өзү күрөшүп, жихад кылып, жаман түшүнүк-ишеним жана адаттардан кутулуу үчүн

күрөш жүргүзүп келиши шарт. Антпесе, ал айбан сыяктуу бир орундан жыла албай, өспөй кала берет. Өзүн өзү жеңе албаган инсан башка бирөөнү жеңе албайт.

Ооба, адамзаттын жана исламдын душмандары XVIII кылымда ислам динин бурмалоо боюнча өтө чоң аракет жасашкан. Алар ислам аалымдарын зынданга таштатып, алардын эмгектерин тартып алып, элге билдирбей дин тутуу жолдорун кылдаттык менен жеңилдеткен жана жагымдуу кылган таризде ондоп, элге жайып салышкан. Ошону менен бирге ислам динин жок кылуу максатында аны адамзатка жек көрсөтүүгө умтулушкан.

Алардын жетегинде калган ислам динаятчыларынын бир бөлүгү халифа жана жихад деген сөздөрдү туура эмес талдап түшүнүп алышып, ислам динин киргизүү жана жайылтуу үчүн зомбулук жолун колдонууну максат кылышкан. Диндин чыныгы маанисин түшүнбөй, анын сырткы көрүнүшүнө гана көңүл бурган адамдарды алар курал катары пайдаланууга жетишишкен. Учурда исламдын душмандары ушундай иштерди кайталоо менен өз максаттарына жетүүдө. Анткен менен Алла тааланын буйругунда булардын улам бети ачылып, алардын кыңыр иштерин түшүнө баштагандардын саны көбөйүүдө.

Бирок Алла таалага андай фанатиктердин, роботтор менен маңкурттардын кереги жок, Жаратуучуга өзүнүн жеңилин жерден, оорун колдон ала турган, келечекте анын жаратканынын баарын – **Барлыкты** башкара ала турган, арууланган, жеткилең билимдүү жана түшүнүктүү, анализ жүргүзө ала турган жардамчы-халифасы керек.

Исламды туура талдоо кылуу жана туура түшүнүү шарт. Исламчылар жана бүткүл инсаният билип алсын, исламдын биринчи урааны инсанды окутуу жана ушул жол менен ага дүйнөнү тааныштырып баруу. Ар тараптан билимдүү, баам-парасатуу, акыл-эсин иштетип жеткилеңдешип баруучу инсан гана Теңир тааланын инсаният алдына койгон милдеттерин аткара алат. Динди билип-билбей, курулай жаттап алып, анын чыныгы маанисин түшүнүп-түшүнбөй, «Чапаев сыяктуу

байрагын көтөрө чуркаган» билимсиз, ала көөдөн адамдар исламга пайда келтирүүнүн ордуна зыян гана алып келишет. Аны менен кошо алар адамдарга жана адамзатка, акыр аягында Кудайдын ишине да тоскоолдук жана чоң зыян келтирүүдө.

Ар бир адамдын өмүрү Кудайдын алдында эсептелүү, ал мусулман болобу, башка динде болобу, же жөнөкөй ишенимде болобу, баары бир ал Алла тааланын пендеси. Балким ал пендеси Кудайдын жолун таба албай жүргөндүгү үчүн, оорукчан бала сыяктуу башкаларга караганда абайланып, кымбат көрүнөт чыгар Аллахыма… Ошондуктан адамдын өмүрүн кыйуу кечирилгис күнөө болуп эсептелип, бул маселеде ар кандай шылтоолорду келтирүү чечкиндүү түрдө четке кагылат! Динди чала сабат молдолор эмес, аны ар тарап түшүнгөн чыныгы аалымдар менен аалымдык жолду туткан диний ишмерлер үйрөтсүн. Диний билим берүүдө урду-соккулукка орун жок...

Кыргызстан жери анын ичинде айрыкча Ош шаары ааламдык акыл-эс жана аң-сезим борбору менен түздөн-түз жана тикелей байланыш түзүү борборунда орун алган деп магнитик-энергетикалык багыттагы айрым изилдөөчүлөр аныкташууда. Андан улам бул чөлкөм адамдардан ак ниетти, таза пейилди, жакшы жүрүш-турушту, сый-урматты жана шүгүрчүлүк менен кудайчыл болуууну талап кылат.

Дүйнө элдеринин арасында Кыргызстан тирүүлүктөгү Бейиш деген түшүнүк жашап келет, анткени бул чөлкөм Жердин киндигинен орун алып, географ изилдөөчүлөрдүн тилинде бул жер Түбөлүк материк деп да аталат. Алардын аныктамасы боюнча Түбөлүк материк Тибет, Памир, Тянь-Шан жана Алтай тоолорунун айланасында жайгашып, тарыхта Жер бетин канча жолу суу каптаса да, бул Материкти суу баскан эмес. Мында жылдын төрт мезгили да толугу менен болуп өтөт, жаратылышы кооз, акактай тунук суулары бейиштегидей агып турат, жемиштердин бардык түрлөрү дээрлик бар. Адамдарынын ниети менен пейили да бейиштегидей: өзүмчүл эмес, меймандос, айкөл, кечиримдүү,

кайрымдуу, билимдүү жана тажрыйбалуу, коомчул жана кудайчыл.

Ошондон улам да бул Жерлерге кызыккан адамзаттын душмандары менен мыкчегерлери көп. Кудай өзү насип кылган мындай жерди көздүн карегиндей сактайлы. Анүчүн биринчи кезекте ниетибиз менен пейилибиздин тазалыгын бабаларыбыз сыяктуу кастарлап сактайлы. Ички Жан дүйнөбүздү өстүрүп-өнүктүрүп, аруулап, Жараткандын бизге берген инсан деген атына татыктуу бололу!

Жер аалам жана эл жамааттары тазалыкты, аруулукту жана тынчтыкты жактырат. Тилекке каршы, учурда бул жакта орун алган наркомания, алкоголизм, сойкулук, зомбулук, ач көздүк, өзүмчүл, кара ниеттүүлүк өңдүү жамандыктардын терс кайтарымы бумеранг сыяктуу өзүбүзгө тийип жаткандыгын көрүп жатабыз. 2010-жылдын июнь айындагы Ош окуялары мунун далили. Мында айрым колунда бар адамдардын ниети бузулуп, байлык менен бийликке дагы да көбүрөөк жетүү жана аны сактап калуу максатында ар кандай жамандык иштерден кайтпай тургандыгынын күбөсү болдук.

Ал максатта эң башында адамзат душмандары, байлык менен бийлик талашкандар, акча үчүн адамдардын жанын кыйууга чейин баруучу жалданма жан алгычтар жана анын түпкү максатын түшүнбөй, адашкан караламан жөнөкөй адамдар болушту. Менин ичим ачыганы ач көздөр менен тойбогондорго жөнөкөй адамдардын курал болуп бергени болду. Алардын улуттук жана мекенчил сезимдерине ойноп, кара ниет күчтөр ал байкуштарды ээрчитип алышты. Мына ушундай жараяндар бизде эле эмес, бүткүл дүйнө жүзүндө да орун алып келүүдө.

Маалым болгондой Ош окуяларында эң биринчи тынчтык андан кийин ден-соолук менен байлык керек экендигин биз жон терибиз менен сезбедикпи. Бир нече жылдап топтогон байлыгыңыз менен тынчтыгыңыз заматта жок болуп кетти го, чиркин... Ойлоп көрүңүзчү, Жан дүйнө тынчтыгыңыз болбосо, сиздин бай жашаганыңыз, материалдык камсыз болгондугуңуз татыйбы да, ден-

соолугуңуздун мыктылыгы менен экономикаңыздын өнүккөндүгү көңүлүңүзгө сыябы?

Андыктан тынчтык үчүн, элдин бейпил жашоосу үчүн экстремизм менен терроризмди жоюу үчүн болгон күрөшкө көбүрөөк көңүл буруу зарыл чара болуп эсептелет. Бул балээден кутулуу үчүн биринчи кезекте мунун башында кимдер тургандыгын, балээнин себептери менен анын түпкү максатын ачык-айкын таап иликтөө керек. Андан кийин бул багытта диний маалыматтар болсун, башка ишенимдер болсун, алардын чыныгы маанисин ачып түшүндүрүү абзел.

Аны менен кошо жетиштүү каражат ажыратып, билим берүү, дин иштери, массалык маалымат жана үй-бүлө менен бирге жалпы коомчулукту бул багытка активдүү тартуу максатка ылайыктуу. Бул олуттуу маселеге көңүл кош карап, күч структураларынан гана турган уюмду түзүмүш болуп, күрөштүн алдында аны тосуунун ордуна, күрөштүн артынан кууп, салпактап ээрчип жүрө бергенибиз жарабайт. Жок, бул күрөштө анын алдында, демилгени колго алып, адамдарды ээрчитүүчү болуп жүрүшүбүз сөзсүз керек!

Бул маселеде кенебестик кылуу орунсуз, атурсун өтө коркунучтуу. Зомбулук кылуучулар менен террористтерге каршы алардын өздөрүнүн куралы **идея** менен күрөшүү абзел. Биздин күрөшүбүз адашуучулук менен түшүнбөөчүлүктүн эмес, жетеленүүчүлөрдүн эмес, акыйкаттыктын, ислам дининин тазалыгынын, чыныгы мусулманчылыктын, Кудайдын туура жолунун күрөшү болууга тийиш.

Мындай илдетти алдын ала албай, тоготпосо жана жашырса, күчөп кетип, жаман акыбетке алып келе тургандыгын эми гана жон терибиз менен сезип отурабыз. Албетте бул күрөштө күч структуралары менен агартуучулук иштери биргеликте алып барылганда гана натыйжа жемиштүү болорун баарыбыз биле баштадык. Мамлекетте терроризмди диний же ислам терроризми деп түшүнүүнүн да күбөсү болуудабыз.

Эң таза жана тынчтык дини деп саналган ислам динин терроризм менен байланыштыруу аныктамасынын да жөнү бар. Дүйнөдө болгон жардыруу, зомбулук согуштарында ислам террористтери деп кыйкыра беришип, кулак көндүрүп салышты. Демек, аны башка бирөөлөрдүн пайдаланып кетүүсүнө шарт түзүлдү. Сокур сезим, бул түшүнүк аркылуу сени **маңкурт** катары пайдаланып кетүү оңой болуп калды.

Айрыкча көңүл буруучу дагы бир жараян ислам динин үйрөнүүчүлөр канчалык жашыруун топтолушуп динди купуя үйрөнүшсө, адамдардын ага кызыгуусу ошончолук артып, диндин маанисине анчалык деле кызыга бербей, үстүртөн жана тез үйрөнүү максатында ага ашкере берилип кетишет. Андан улам маанисине эмес формасына гана көңүл бурушуп, динди курулай жаттап алуу, үстүртөн чала-була эле өздөштүрүү жүрүүдө. Мындайда оңдуу натыйжа күтүү кыйын.

Айталы, исламдагы «айды карап орозо туткула жана айт күнүн белгилегиле» деген сөздүн тикелей гана маанисин түшүнгөн динаятчылар айдын 2–3 күн бою көрүнбөгөнүнө карабай, тоонун башында көшөрүп, суукка тоңуп, айды көрөм деп отурганына эмне десе болот. Мындай окуялар дүйнө жүзүндөгү мусулман мамлекеттеринде жыл сайын орун алып, ошондон улам орозо кезинде дээрлик алар экиге бөлүнүп калууда. Мындай жагдайлардын орун алышы инсандардын динге болгон ишеничин басаңдатып, мусулман мамлекеттеринин ынтымагына да доо кетирип жатат. Инсанияттын илим-менен техникасы үнүгүп, миллиарддаган километр аралыкта жайгашкан планеталардын аралыгын жана алардын кыймыл-аракеттерин сантиметрине чейин так эсептеп чыгарып жаткан кезде ислам динаятчылары айдын жаңырышын так аныктай албай, айдын көрүнүш беришин аңдып отурушу уяттуу иш. Эгер ошончолук эле ай жаңырышын аныктоо кыйынга турса, эң жок дегенде Кыргыз жылнаамасына, же индеецтердин Мая календарына кайрылса, керектүү маалыматты таап алмак. Ошондуктан баарын жаңыдан издей бербестен, колдо бар дүйнү жүзүндөгү илим-

билим, топтолгон тажрыйбаларды пайдалануу артык баш болбос эле.

Мында «айды карап» деген сөздүн чыныгы мааниси «айдын чыгышын» эске алып туруп, анан орозону белгилеңиз деп жатпайбы. Элибиздин таптак жана даана кылып, 24 миң жыл мурда жараткан календарын же азыркы илим жетишкендиктерин пайдалануунун ордуна кежирлик кылып, «оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» деген таризде башкаларды ээрчип, айды аңдып жатуу өздөрүн билимдүү деп эсептеген динаятчыларга уят болуудан башка жарытылуу эч нерсе алып келбейт.

Дүйнө жүзүндө артта калган индеецтерден эмнени алмак элек деген болсок, анда 5125 жыл мурда түзгөн алардын Мая календары боюнча 2012-жылдын 21-декабрында алааматтар менен коштолуучу азыркы замандын–цивилизациянын бүтүшү жана жаңы Алтын доор деп аталуучу цивилизациянын башталышын жокко чыгарган болмокпуз. Кызык жери бул индеецтердин жыл эсеби Күн, Түн деген эсеп кыргызча сөздөр менен башталып жатпайбы.

Каймана маанилерден келтире кетейин. Заманына жараша түзүлгөн шартты түшүнө албай, жетишкен жогорку технология турса, Россияга баруу үчүн орто кылымдардагыдай бул жолдон эшекчен өтүүгө урунбаңыз. Андан көрө заманбап самолет, же компьтер жана чөнтөк телефон менен жеткендей түз жолду тандап, оңой жетип алыңыз. Ойлоп көрүңүзчү, Кудайдын заманбап самолёту турса, Москвага эшекчен жөнөгөндүк апендилик эмей эмне. Интернет байланышы менен чөнтөк телефондор турса, Москвага атчан чабарман чаптырып байланышуу тентектик эмей эмне…

Кудай таанууда да орто кылымдардагы жөрөлгөлөрдү жөнү жок катуу сактай бербей, ал жараткан ыңгайлуулуктарды пайдалануу менен тез аракеттенүү жагы Жаратканга да жагуучу жагдай! Ошон үчүн адамга айбандардан айырмалап аң-сезим менен акыл-эсти берип койгон, ошон үчүн адамга чексиз жөндөм менен

мүмкүнчүлүк түзүп койгон! Ошондуктан Кудайдын даанышмандык илимин ар тараптан терең талдап, туура жолун таап жүрүүнү эң зарыл иш-чара кылып берип койгон.

Алла таала адамды түрдүү-түмөн жагдайларда сынап, анын акыл-эсин өстүрүп-өркүндөтүп отуруп, жеткилеңдештирет. Аллах таала инсанды башка аңдуу заттардан жана макулук-айбандардан айырмалап, билим берип, аруулап, эң жогорку акыйкаттык бийиктигине жеткирүү менен өз программасынын апогейине жеткирет. Теңир тааланын чеберчилиги мына ушунда болуп жатпайбы! Кудайдын инсанды өзүнө ишенимдүү жардамчы кылып даярдап алышы биз ойлогондой оңой эмес!

Дагы белгилей кетчү нерсе, биздин элибиз эзелтен аксакалдар менен таасирдүү даанышман адамдарды сыйлап кадырлап келген. Ошондой эле билимдүү адамдар да коомдо жогору бааланып, алардын тажрыйбаларынан пайдаланып келишкен. Элибиздеги улуу муундарды сыйлап, алардан ыйбаа кылып, аларга кулак салгандыгыбыздын өзүндө адамзаттык таалим-тарбиянын туу чокусу жатат. Бул биздин элдин кастарлап сактап, биздин муунга чейин жеткирип келген адамдык зор тажрыйбасы менен билими жана бактысы. Тарыхта не саясатчылар, не эл башчылары, не колунда бар таасирдүү адамдар чече албаган, өтө тереңдеп кеткен канчалаган уруш-жаңжалдарды биздин аксакалдар чечип, согуштарды токтотуп, кандай маселе болбосун оң жагына чечип келишкен.

Ошондон улам бизде «карынын кебин капка сал», «карысы бардын ырысы бар», «билеги жоон бирди жыгат, билими жоон миңди жыгат» деген накыл сөздөр жашап келет. Ошондуктан адашкан жана жаман ишке барып жаткан инсандарыбызды туура жолго салуу үчүн диний ишмерлерди, аксакалдарды, билимдүү адамдарды, диний билимдүү укук коргоо органдарын, билим, тарбия-таалим берүү системасын, массалык маалымат жана исскуство каражаттарын, негизгиси жалпы коомчулукту бул күрөшкө тартуу керек.

Тилекке каршы учурда террористтерге каршы күрөшкөндөр азыр да террорго террор менен гана жооп берип, андан башка натыйжалуу чараларды табыша элек. Мындай адекваттуу жооп кайтаруу бул өрткө каршы күрөшкөндө өрткө бензин чачкан менен барабар, ошондон улам терроризм өртү басаңдаштын ордуна, уламдап күчөп барууда. Орус элинде накыл сөз бар «насилие порождает насилию» деген, ошондуктан биринчи кезекте бул жерде бирине бири зомбулук менен жооп кайтарып туруучу чынжырды кесе үзүшүбүз шарт! Кантип үзөбүз? Ооба, үзсө болот. Анүчүн террорго каршы террор менен гана жооп берүүгө берилбестен, анын күчтүү жана чабал жактарын эсепке алып туруп, анан чыныгы күрөш жүргүзүү керек.

Эң оболу ал күрөштү билим аркылуу жүргүзүү шарт. Мухаммед пайгамбарыбыз эң негизги жихадды калем (билим) менен жүргүзүү керек деп айтып кеткен. Айтмакчы жихад деген сөз «Куранда» күрөш деген гана түшүнүктү берет, ал эми жихадды **согуш** деп адамзатка таркатып салгандар болсо адамзаттын душмандары менен исламды чала түшүнгөндөр... Ошол себептүү да бул күрөшкө диний билими жеткилең жана терең, «Куранды» туура талдоо кыла ала турган, арууланган инсандарды тартуу абзел. Кудайдын жолун түшүнүп, чын дилден берилип издей турган мезгил келип жетти!

Инсандарыбыз, айрыкча жаштарыбыз жашыруун жерлерде, көчөдө, же зомбулукту байма-бай көрсөткөн телевизордун түбүндө жатып алып үйрөнүп, алардан окуп, таалим-тарбия албашы керек. Алар ата-энесинин, тарбиячылардын, мугалимдердин жана коомчулуктун тарбиясында болушу зарыл. Ачыгын айтканда азыр ата-энелер да, билим берүү тармагы да, диний мекемелер да олуттуу эсептелген бул багытта ыкшоолук көрсөтүп, аны көңүлдүн сыртында калтырышты.

Натыйжада, Кудайды издеп далалаттанган инсандар жана жаштар көчөдө окуп, көчөдө таалим-тарбия алууга мажбур болуп жатышат. Ал эми үй-бүлөдө, мектепте, окуу

жайларында, жумуш орундарында жана жалпы коомчулуктун катышуусу менен ашкере ишке ашырылуучу бул эң негизги маселе унутта калууда. Ошондуктан орус элинде «святое место пусто не бывает» деп айтылгандай, Кудай таануу жана билим-тарбия берүү маселесин экстремисттер менен террористтер ээлеп баратышат!

Айтмакчы, ушул жерден халифа деген сөздү түшүндүрө кетели. Бул жерде халифа деген сөз жардамчы-орун басар маанисинде берилип, инсандын келечекте Кудайга халифа болуусун түшүндүрөт. Ал эми чала молдолор шашкалактап, өздөрү али эч нерсени билбей туруп, жерде Халифатты куруп жиберүүнү эңсешүүдө, ал эми халифалык инсанга Көктө гана насип кылынат. Кудайга инсандын Халифа болуусуна, жана андай ардактуу наамга ээ болуусуна дагы өтө көптөгөн убакыт жана өнүгүү талап кылынат!

Мухаммед пайгамбарыбыз «менден кийинки үммөттөрүм 73 агымга бөлүнүшөт, анын бири туура, калгандары адашкандар болот» деп бекеринен айткан эмес. Ошол жападан жалгыз бир туура жолду тандап алуу азыркы учурда өтө кыйынга турууда. Анан калса адамзаттын, анын ичинде исламдын да душмандары эбак эле ислам динин адазатка жек көрсөтүү максатында «кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп» коюшкандыгы уламдап айкын болууда.

Аллах деген сөздүн мааниси Жаратуучу болуп, анын толук айтылышы **Аллахи тахвили аала**. Бул сөздөрдүн кыргызча мааниси **бардык нерселерди мыкты кылып, кайталап Жаратуучу** болуп которулат. Аллах деген сөздүн маанисин адамзат алиге чейин ачык-айкын биле албай жүргөндө, элибиз аны байыртада эле Жараткан, Жаратуучум деп атаган. Мындай укмуштай дал келүүгө көңүл бурбай коюуга мүмкүн эмес…

# Наркы дүйнө

Наркы дүйнө жөнүндө элдин арасында ар түрдүү коркунучтуу түшүнүктөр кеңири орун алгандыктан, ал сөздү угар замат адамдар ичиркенип, жашоо жана бардык жакшы нерселер биротоло түгөнүп, андан ары эч нерсе жок сыяктуу кандайдыр бир коркунучтуу сезим пайда болот. Анткени чала молдо дин бузарлар наркы дүйнө жөнүндө бир жактуу коркутууларды айта берип адамдардын жүрөгүн түшүрүп салышкан. Натыйжада наркы дүйнөдөн үмүт кылуу эмес, бул жараяндан коркуп жана тажап, жогоруда айтып кеткен мечиттен коркуп бүткөн жигиттей, о дүйнө жөнүндө адамдардын уккусу да келбей калган.

Элди Кудайдан корккула, Кудайдын наркы дүйнөдөгү жазасынан корккула деп байма-бай айтып жүрөгүн түшүрө берген «үгүттөөчүлөрдүн» «жетишкендиги» мына ушундай тескери натыйжага алып келди. Мындай түшүнбөөчүлүк жана жагымсыз жараяндардын алдын алуу максатында Ыйык Куран китебинде мындай деп айтылат "Коркутуулар пайда бербейт" (10-сүрө, 101-аят).

Бул көртирилик дүйнөгө адамдар өтө кызыгып, өз жолунан адашып жалган жолго түшүп кетүүсүнөн улам, бабаларыбыз бул дүйнөнү Жалган дүйнө деп да атап келишкен. Чындыгында эң кооз жана керемет Жарык дүйнөдөгү ар түрдүү кызыктыруучу нерселерге берилип кетип, бул дүйнөнү жалган жашоо дүйнөсү деп чыгарган да өзүбүз. Шумдугуң кургур жалган дүйнөнү ойлоп таап, аны жаманатты кылгандар өзүбүз эмей, анан ким?! Чынында, Жарык дүйнө жалган дүйнө эмес, кооздук менен сулуулуктун дүйнөсү! Керемет сыноолордун дүйнөсү! Ырахат менен таттуулуктун дүйнөсү! Жакшылык менен сүйүүнүн дүйнөсү! Адамзаттын тагдырынын жана келечегинин дүйнөсү!

Акыйкаты, наркы дүйнө биз ойлогондой коркунучтуу дүйнө эмес, ал бүткүл жаратылгандын баары жайгашкан түбөлүктүү жана чексиз дүйнө, ал эми Жарык дүйнө болсо

анын бир кип-кичинекей бөлүгү болгон сыноо майданы. Наркы дүйнөдө түбөлүктүү кыйналбай жашоо көпчүлүккө насип этилет, адамдардын ичинен айрымдары гана өзүнүн бул дүйнөдөгү «колу менен жасаганын мойну менен тартып» жазаланып оңдолот, оңдолбогону болсо жоголот. Наркы дүйнө кең жана чексиз дүйнө, түбөлүктүүлүк жана адилеттүүлүктүн дүйнөсү. Түбөлүк барлыктын, чексиздиктин жана жеткилеңдиктин дүйнөсү!

Ошондуктан Хадисте Акыр заман кезинде адамдарды коркутпай сүйүнүчтүү кабарлар менен динге тарткыла деп эскертип турса да, чала молдолор бул эскертүүлөрдү кулагынынын сыртынан кетирүүдө. «Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы» деп мына ушуну айт! Эмне үчүн наркы дүйнөнү түбөлүк жашоонун дүйнөсү, жакшылыктын дүйнөсү, чыныгы дүйнө, акыйкаттын дүйнөсү, теңчиликтин дүйнөсү, жыргал жашоонун дүйнөсү, адамзаттын Кудайга жетип барып, анын үмүтүн актап жана кызматын аркалап, барлыкты башкаруусунун дүйнөсү деп так жана даана түшүндүрүүгө болбосун.

Атурсун Кудайдын барлыгын жана анын жалгыздыгын, бүткүл барлыкты өз кудурет күчү менен жараткандыгын, жана да адамдарды жакшылыкка жеткире тургандыгы жөнүндө да айрым диний ишмерлер жарытылуу үгүттөй алышпады. Андыктан «Барлык» деген эң бир мыкты сөздү көпчүлүк адамдар «Курандын» 1-сүрөсүнүн 3-аятындагы «Малики я миддиин, же Барлыктын ээси» деген котормону ар кандай тар маанилеринде туура эмес которуп жүрүшүт. Тилибизде Барлык деген эң мыкты сөз турса, “диндин ээси”, “кыямат күндүн ээси” деп которуунун кажети жок, анткени Барлык бул диндин да, кыямат күндү да жана башка жаратылгандын баарын түшүндүрүп, Жаратуучунун чыныгы бейнесин ачып берет.

Бул жөнүндө ар бир динде, ар бир улутта түшүнүктөр бар. Ар бир инсан да наркы дүйнөнү түрдүүчө түшүнүүсү мүмкүн. Инсанияттын түшүнүгү үчүн белгисиз болгон маселелерде жоромолдоп пикир жүргүзүү, же болбосо элес-

ойлорубузда маалым даражада өзүбүз, же алдын ала айтууда жалпы койгон суроолорго жооп тапкандай болот. Айрымдарына болсо туура жооп таба алган, же болбосо изденип жатат. А бирок аңдуу инсаниянтын баардыгы: «Инсан каерден келди, каерге барат, кандай кылып биз көрүп-билип турганыбыздай жөнөкөй жана жөн эместир», – сыяктуу суроолорго жооп издейт.

Укмуштуу берилген «Китоб-ул китоб» баяндарын уламдан-улам окуп баруучу инсан өзү издеген суроолорунун жообун бир-бирден таба барат. Инсандын бул дүйнөгө келиши жана жашоо жараяны диний китептерибизде жана түрдүү теңирий кабарларда өтө жөнөкөйлөштүрүлүп, өтө жөндөштүрүлүп, биздин аңыбыздын кабыл кылуу даражасына ылайыкташтырып берилген, элестерибизде кабыл кылуу оңойлошкон. Бирок инсаниятты акыл тарабынан канааттандырбай калышы мүмкүн.

Беймаалым түшүнүктөрүбүздүн маалым бөлүгү белгилүү түшүнүккө айланышы үчүн «Китоб-ул китобте» маалыматтар берилген. Алла Таала жалгыз абалынан соң түрдүү нерселер, ошонун ичинде бир канчалап мавжудат түрлөрүн жаратып, аларды түрдүү планеталарда жашоо жараяндарына ыңгайлаштыра баштады. Биз үчүн түшүнүгүбүздөн артыгыраак убактар өткөндөн соң инсаниятты жаратуу жөнүндө пикирге келди.

Бирок инсаниятты баштагы жараткан мавжудаттардан башкачараак жаратып, аларды тирик зарралар (эң майда бөлүкчөлөр) негизинде үзгүлтүксүз жашоо жараянына киргизүүнү макул көрдү. Инсаниянтын аңдуу мавжудат сыпатында жашап кетүүсү үчүн, аны тажрыйба жана сыноо майданы болгон Жерге түшүрдү. Ага жерде жашап кетиши үчүн жерге шайкеш болгон касиеттерди берди. Дене сыпатында белгилүү жасад (тулку бой) пайда болушу жараянын жолго койду. Инсандык касиет жана шекил-сөөлөттөрдүн татаал жана жеткилең өнүгүүсү үчүн эне кардында жай даярдады.

Чынжырдай үзгүлтүксүз бул мыйзамдар бизге өтө көйгөйдөй туюлат. Чынында инсан түбөлүктүүлүккө жаратылган мавжудат болуп, жердеги келип-кетүү жараяндары түгөнгөн соң, аста-секин, баскычма-баскыч бардык 99 миң ааламдын (планетанын) баарын басып өтүүсү керек. Дал ушул убакта жерде тандалуу баскычтары биринен кийин бири келе берет. Инсан биздин түшүнүгүбүзгө батыра албай турган жылдарыбыз мезгилинде жаратылган бүткүл 99 миллиард инсандын бир миллиардга жакыны гана, же болбосо андан да аз бөлүгү «Арши-ул курсга» чейин жетип баруусу мүмкүн. Андан соңку жашоосу болсо түбөлүктүү болот.

Инсан эч качан, эч каерде жалгыз эмес, а бирок ыктыярдуулукту өзүнө берип коюлганы үчүн анын өз ниетине карап мамиле билдирилет. Ушундай кабарлар бар, аны азыр да инсандарга жеткирип болбойт. Ушундай кабарлар бар да, аны инсаният билбесе болбойт, деп айтылат "Китептердин китебинде".

Ал эми топтогон материалдык байлык жана бийлик убактынчалык деп эсептелип, ушул Жарык дүйнөдө гана калуучу, адамдын келечеги жана Наркы дүйнөлүгү үчүн арзыбаган нерсе. Бул көртирилик каражаттары адамдын негизги байлыгы болгон рухий ички Жан дүйнө тарабын өнүктүрүүгө шартталуучу гана жагдай. Чыныгы байлык болуп адамдын топтогон тажрыйбасы, жакшы иштери менен илим-билими гана эсептелээрин дайыма жадыңызда тутуңуз, азиз инсан.

Ошондуктан муну сезген Искендер Зулкарнайн олуя өзү өлгөндө өзүнүн алаканын жайган калыбында эки колун табытынан чыгарып коюуну өтүнгөн. Ал ошону менен мен Жарык дүйнөдөн куру кол, эч кандай байлык менен бийликти алып кетип жаткан жокмун дегенди билдирген. Адам үчүн о дүйнөгө алып кетиле турган чыныгы байлык – топтогон илим-билими менен жакшы жана жаман иштери гана, болгону. Бул эң негизги талапты көпчүлүк адамдар туура түшүнө албагандан улам, адамдардын эси-дарты кара

курсагын тойгузуу, баш паанек куруу жана байлык менен бийликке ээ болуу сыяктуу  максаттар менен чектелип, коом үчүн, эл үчүн, адамзат үчүн, жадагалса өзүнүн келечеги үчүн жакшылык кылууну да таштап салышкан.

Жарык дүйнө сырларын өздөштүрүшү оңой болбогон инсанга дагы жерди бир аалам деп алсак, дагы 98999 ааламдын сырларын билүү оңой эмес. Анын үстүнө 7-асман эсебинде да 12 миң аалам бар. Бул ааламдар жалаң инсан жана түрдүү мавжудаттар жашашы үчүн ыңгайлаштырылган ааламдардыр. Калган жана жанзаттар жашашы үчүн ылайыкташтырылбаган жана шайкештештирилбеген, а бирок Алла таалага гана маалым болгон сыр-сыноолордун 178.442.583.679 ааламында кандай абал бар экенин билүү оңой эмес.

Чексиз 6 асмандын ар биринде түзүлүп жаткан жана бузулуп жаткан ааламдардын санагын анык айтуу кыйын. Жаратуучу жаратып жаткан ааламдарда жана андагы бүткүл бардык нерселерин мавжудаттарга маалым кылса гана, алар аны билүүлөрү мүмкүн. Сырлар ээси болуучу Алла тааланын ички жана тышкы аяндыктары жалаң өзүнө гана маалым. Абстрактуулуктар ааламынын маалымдыктарын гана билүү, мавжудаттар ааламынын насиби. Ушундай сырлар ааламынын бир түрү болуучу эзелки абстракттан маалымдыкка өткөн инсан жөнүндө, инсандын өзү Жарык жана Наркы дүйнөнү гана аңдай алышы мүмкүн. Калгандары жөнүндө болсо, эмнени билишти насип этсе, ошону гана билишибиз мүмкүн.

Укмуштуу берилген «Китоб-ул китоб» (Китептердин китеби) баяндарын уламдан-улам окуп баруучу инсан өзү издеген суроолорунун жообун бир-бирден таба барат. Инсандын бул дүйнөгө келиши жана жашоо жараяны диний китептерибизде жана түрдүү теңирий кабарларда өтө жөнөкөйлөштүрүлүп, өтө жөндөштүрүлүп, биздин аңыбыздын кабыл кылуу даражасына ылайыкташтырып берилген, элестерибизде кабыл кылуу оңойлошкон.

Ар бир инсандын дүйнөгө келтирилүү доору, өнүгүү баскычтары дайыма атайын эсепчилер дептерлеринде көрсөтүлүп барылат. Бул озуйпаларды аткаруучу кызматкерлер, кадымдар жана кызматкерлеринин татаал башкаруу курулмалары өз ишин дайыма аткарып барышат. Ар бир инсандын бүткүл калат жана учурлардагы иш-чаралары эсепке алынат, бааланат, жаза же сыйлык берилет же түрдүү даражасы белгиленип, озуйпаларына ылайыкташтырылат. Жасалган ар бир иш, сүйлөнгөн ар бир сөз жана ойлонгон ар бир ой да сыйлыксыз же жазасыз калбайт.

Ааламда адам жалгыз эмес, аны күзөтүүчү да, түзөтүүчү да мавжудаттар же аң-сезимдүү заттар бар. Алардын биз билген өкүлдөрү Периштелер, Малаикалар жана башка аёо-сезимдүү заттар же азыркы изилдөөчүлөрдүн айрымдары аларды башка планеталыктар деп да коюшат. Ыйык китептерде аларга ишенүү да Кудай жолунда болууну билдирет.

Барлык менен чексиз ааламды, андагы мавжудаттар менен инсандарды башкаруу үчүн Жаратуучунун өзүнүн өтө чеберчилик менен түзгөн башкаруу системасы бар. Ал система өтө так жана кылдаттык менен башкаруу иштерин аткарып турат. Ал системада Жараткандын иштерин аткарып туруучу анын өзүнүн кадымдары (кызматчылары) бар болуп, эң жоопту иштерди ошолор аткарат. Андан кийин Көк кадымдары болуп, алар да түрдүү-түмөн иштерди башкарып, жана аткарып барышат.

Инсандын бир нече мерте сыноо баскычтары болуп, ар бири өзүнө тиешелүү таризде ишмердик баскычын басып өтүшү үчүн берилген мүмкүнчүлүк, же сыноо доорудур. Инсандын жарык дүйнөдөгү убактылары жана наркы дүйнөдөгү доорлору болжолдуу эрежелештирилген болуп, теоретикалык да иштиктүү да жолдонмо сыяктуудур.

Теориялар практикада өзгөрүшү, практикадан теориялар келип чыгышы мүмкүн, инсандын өз эрки жана каалоосу негизинде өнүгүү табышына мүмкүнчүлүк берилиши ушуну

тастыктайт. Бул болсо болжолдуу эрежелерди бышырат. Инсан өз ишеними, түрдүү умтулуу жана аракеттери менен дайыма өзгөрүшү мүмкүн болуп, бул өзгөрүүлөр же жакшылык тарапка, же жамандык тарапка багытталышы менен күнөө же сооп дегендериндей түрдүү акыл өнүгүшүнө жүз бурат.

Инсандын жарык дүйнөдөгү ар бир ишмердик доору түрдүүчө өтөт. Инсандардын белгилеп коюлган тагдырлары үчүн өзгөрүүлөр түрдүү себептер менен келип чыгып турат. Коом турмушундагы согуш аракеттери, түрдүү козголоңдор, түрдүү себеп менен боло турган өлтүрүүлөр ар бир инсан үчүн түрдүүчө турмуш таризин бериши мүмкүн.

Бирок инсандардын өз каалоосу менен кылган ниеттери жана иштери көбүрөөк эсепке алынат. Инсандардын ниети, пейил-коюу жана башка аракеттерине карап, түрдүү жайларда, же түрдүү калаттарда боло турган балекеттер жараянында күнөөкөрлөрү кошулуп күнөөсүздөр да жазага жолугуулары мүмкүн. Анткени "бирдин кесепети миңге, миңдики түмөнгө" деши да бекеринен эмес.

Ар бир инсандын дүйнөгө келтирилүү доору, өнүгүү баскычтары дайыма атайын эсепчилер дептерлеринде көрсөтүлүп барылат. Бул озуйпаларды аткаруучу кызматчылар, кадымдар жана кызматчыларынын татаал башкаруу курулмалары өз ишин дайыма аткарып барышат.

Ар бир инсандын бүткүл калат жана учурлардагы иш-чаралары эсепке алынат, бааланат, жаза же сыйлык берилет же түрдүү даражасы белгиленип, озуйпаларына ылайыкташтырылат. Жасалган ар бир иш, сүйлөнгөн ар бир сөз жана ойлонгон ар бир ой да сыйлыксыз же жазасыз калбайт.

Ошондуктан «укпайт деп ушак сүйлөбө, билбейт деп ууру кылба» деп элибиз бекеринен айтпаган. Кудай баарын билет, баарын көрүп турат, болгону бир канча убакытка чейин канаат-сабыр кылып, кечирип турат. Жаратуучунун баарын билип туруп, убактынча гана сабырдуулук кылуу менен иш жүргүзгүсү тууралында «Курандын» 3-сүрөсү 47-

аятында мындайча айтылат «....Алла – айлакерлердин айлакери».

Ар бир калат үчүн биринчи ааламдын өзүндө 21 баскычтуу жетекчилик бар. Инсандарды башкарууда өтө активдүү катыша турган негизги жардамчы, кадым жана кызматчылар көптүр. Азырынча инсан түшүнүгүнү ылайык, шайкеш абалдагы озуйпа наамдары жана аткаруучулар кызматы жөнүндө аз гана пикир жүргүзүү жетиштүүдүр.

Алар озуйпа аткаруучу топтор эсептелип, өз айланасында жетээрлик тариздеги жардамчы, кадым жана кызматчыларды бириктирген болуп, алар бүткүл инсаният үчүн өздөрүнүн бекитилген кызматтарын аткарууга үлгүрүшөт. Эсеп-кысап иштерин жүргүзүүдөн тартып бүткүл инсаният менен байланыштуу иштерди башкарышат.

Алардын максаттары инсанды чексиз ааламдарга жеткирүү. Ошондон улам инсан Руху да ушул озуйпаны аткара барып, өзү инсанга айланат. Инсаниятка жетекчилик кылуучулардын түрлөрү өтө көп.

Ушундай кылып инсанды тарбиялоо үчүн Көктө өтө чоң күч кызмат кылууда. Ал эми Көктөгү Жараткандын кызматкерлери жана көк кызматкерлери дайыма Барлыкты, анын ичинде инсанды күзөтүп жана түзөтүп турат. Зарылчылыгына карай сыйлоо жана жазалоо иштерин алып барат. Төмөндө бул системанын тармактар боюнча кай бир мүчөлөрү жөнүндө маалымат берүүнү туура көрдүк.

РУХ-УЛ АМИН. Бул озуйпаны азыр малаика башкарат. Ал инсан рухтарынын баары үчүн башкы башчы. Бүткүл башчылар ал аркылуу озуйпа алат. Рух-ул Аминдин буйругу негизинде инсан Рухтарын башкаруучулар иш алып барышат. Анын буйругу боюнча инсандык алмашуу жараяндары уланат. Алла тааланын өзү менен алакада болуучу бул малаика «Лавх-ул махфуздан» тартып инсандардын иштиктүү турмуштарына чейин башкы жооп берүүчүдүр.

Инсандардын көк менен алакаларындагы бүткүл баскычтарына ал уруксат берет же кайтарат. Рух-ул Аминдин сунушуна карай инсандарга даража берүү же укмуштуу

касиеттер тартуу кылуу сыяктуу иштер алып барылат. Ал Алла тааланын эң ишеничтүү кадымы, жардамчысы сыпатында Көктүн инсан түрүндөгү букараларына башчылык кылып, үзгүлтүксүз турмуштук жараянынын уланышында баш болот.

ТАГДЫР-УЛ АЗАЛ. Азыр бул озуйпаны периште башкарат. Алар инсан тагдырларына тиешелүү бүткүл иштерге жооп берет. «Лавх-ул махфуз» жазуулары негизинде иш алып барат. Инсандын эрки жана ыктыяры негизиндеги өзгөрүүлөрдү эсепке алышат. Теориянын практика менен байланышын назарат кылышат. Алар дайыма инсандагы көк кызматчылары менен байланып турушат. Жаңылык жана өзгөрүүлөрдү эсепке алып, аларды кызыктыруу же башка мүмкүнчүлүктөр берүүгө умтулушат. Жалпысынан алганда бул озуйпа ээлери инсан тагдыры жана андагы өзгөрүүлөргө жооп беришет.

БАКЫТ-УЛ БАРАКА. Бул озуйпаны азыр периште башкарат. Инсандардын турмушундагы түрдүү өзгөрүүлөргө бул озуйпа ээлери карайт. Инсан тирүүлүгү учурунда көрүп өтүүлөрү керек боло турган бактылуулук же бактысыздык демдери ушул ээлеринин эсебинде болот. Авладдар жашоосуна өтүп турушу да мүмкүн. Маселен, ата бактылуу, бала бактысыз же тескерисинче. Күтүлбөгөн инсандык ийгиликтер келиши, кокустан бактысыздыктар да ушул озуйпага тиешелүү.

ШИФА-УЛ ВАСЛ. Инсан турмушуна тиешелүү болгон бул озуйпаны азыр малаика аткарат. Инсан затын тазалоочу, тазартуусу сыяктуу озуйпаларды аткара барып, түрдүү дарттардын шыпаасын берүү, инсаниятка ден-соолук жана кубаттуулук тартуу этүү, алардын шаттыгына себеп болуучу соолуктары жөнүндө ушул озуйпа ээлери иш көрүшөт. Инсан заты жана тегинин ден-соолукта болушунда ушул озуйпа ээлери көбүрөөк катышат. Аларга шыпаакерлер, табыптар, рухий табып же дабалоочулар, ушуга тиешелүү түрдүү озуйпа аткаруучулар да Шифа-ул Васл кадымдарына жардам

берүүчүлөр эсептелишет. Авладдардын ден-соолуктары ушулардын эсебинде.

ЖАБРАИЛ. Бул озуйпаны азыр малаика башкарат. Бул озуйпа ээлери дайыма инсандарга түрдүү кабарларды жеткирүү менен алектир. Жабраилдын озуйпасы да көбүрөөк. Ал дайыма түрдүү-түмөн Алла таала айткан озуйпаларын аткарып бара берет. Кабар келтирүүчү бул периште дайыма Алла таала кызматында. Ал пайгамбарлардан соң Алла тааланын достору менен бирге иш алып барат.

АЗРЕЙИЛ. Азыр бул озуйпаны жогорку түрдөгү мавжудат башкарат. Бул озуйпаны башкаруучулар инсан жана макулуктардын жашоо таризин белгилеп, жарык дүйнөгө келүү жана кетүү эсептерин кылышат. Инсандардын өмүр жашоолору болжолдуу белгиленген болуп, биротоло эмес. Аларды инсандыктагы аткарган иштери же болбосо өз дилинин бузулуулары сыяктуу абалдары өз өмүрлөрүнө таасир көрсөтөт.

Күтүүсүз балакеттер, согуш жараяндары, түрдүү кылдагы өлтүрүүлөр алар өмүрүн анык эреже негизинде барууга тоскоолдук берет. Анткени инсан өзүнө байланыштуу болбогон жагдайларга да туш келиши мүмкүн. Инсандын өмүрдүк эсеп-китеби кечирген турмушу доорундагысына карап жүргүзүлө берет.

Андан башка көктөгү айрым аң-сезимдүү заттар инсанды **пикирий чалгытууга урунуп, жалгандан кабар беришет же жалган** маалыматтары менен инсандардын Көккө болгон ишеничин жоготууга умтулушат. Бул болсо ачыктан ачык Көккө жана Алла таала ишине кылып жаткан тоскоолдуктан башка нерсе эмес. Буларды биз кара күчтөр деп да атап жүрөбүз.

«Китоб-ул Китоб» жашоонун сырларын, адам менен ааламдардын, илим-билимдин, Ыйык китептердин сырларын, Кудай менен байланыштын жана анын башкаруу системасын кеңири жана ачык-айкын түшүнүүгө гана эмес, бүткүл Барлыкты билип алууга эң керектүү билим казынасы. Арийне «Китоб ул-китоб» Ыйык китептерде кайта-кайта баса

белгиленген Ачык китеп, дагы башкача аталыштары болгон Ясное писание, Ясное знамение, же үммүл китептердин энеси, Мать писания, Книга книг деген китептер менен үндөшүп кетип, алардын озуйпаларын аткарып жатканын байкоого болот.

## Жашоонун сырлары, же кайра жаралуу (реинкарнация)

Сиз Жарык дүйнөгө бир жолу жаралып келип, анда бир аз убакыт жашап, ошону менен өмүрүңүз аяктайт деген түшүнүктө жашап келесиз. Бир жолу гана кыска убакыт жашап, өлүп кете беремби? Өлгөндөн кийин баары бүтөбү? Бул эмнеси, ушунчалык таттуу өмүргө тойбой кала беремби? – деген санаркоолор ар бир адамда болушу мүмкүн.

Адам өлгөндөн кийин кантип тирилет? Ал тирүү жашоого кайтып келеби? Чын эле биз бир гана жолу жашоого келип, анан көзүбүз ачык кете беребизби? Адам өлбөс болсочу! Инсанга бир гана жолу өмүр бербей, көп жолу жашатса, анда кандай болмок? Ал эми Адам баласы түбөлүк өлбөс болуп жашайбы? Мындай арман кыла сүйлөгөн адамдарды кадам сайын жолуктурууга болот. Адамдын өлбөстүк маселесине сиз кандай карайсыз? Муну чын эле ачык-айкын билгиңиз келеби?

Жараткандын инсанга берген мүмкүнчүлүктөрү менен мээрими чексиз. Анда мындай! Жер бетиндеги Жарык дүйнө жашоосуна сиз 99 жолу кайра-кайра жаралып келип, кайра кетип жана келип жашап турасыз десем кандай зор кубанычта болор элеңиз. Мындай кубанычтуу кабар ар кандай адамга, албетте, жагат. Бул чындык! Болгондо да далилденип келип жаткан чындык!

Сизди бир жерде, бир улутта, бир шартта жана бир гана жолу жаратып, жашатып, ошонун натыйжасы менен

тагдырыңызды чечип койгудай Кудай таала адилетсиз эмес. Ал инсанды Жер жүзүндө 99 жолу ар түрдүү шарттарда, ар түрдүү жерлерде, ар түрдүү улуттарда жаратып, чоң сыноолордон адилеттүү өткөрүп, ошолордун натыйжасында гана сиздин тагдырыңызды чечет.

Ойлоп көрүңүзчү, Адам бир өмүрүндө анын алдына Кудай таала милдет кылып койгон өнүгүүнүн, жеткилендешүүнүн жана арууланып Жараткандын алдына жетүүнүн программасын аткара алабы? Сиз өзүңүз бир өмүрүңүздө ушундай ийгиликке жетише алам деп айта аласызбы? Жок андай милдетти бир өмүрүндө ийгиликтүү аткарам деп айта ала турган адам жок!

Адам адашат, тескери жолдо жүрөт, кыйналат, изденет, билим алат, тажрыйба топтойт, өзүн өзү тааныйт, ааламды жана Кудайды тааныйт, ошентип жүрүп отуруп сыноолордон түрдүүчө өтөт, андан кийин гана туура жолун табат жана максатына жетет. Ошондуктан бул процесс үчүн инсанга Жер бетинде 99 жолу жашап өтүүгө жана өнүгүүгө мүмкүнчүлүк берилген. Бул да болсо Жараткандын инсанга берген белеги менен Улуу Чындыгы!

Логикалык жактан да ойлоп көрүңүз. Сизди Чукча кылып жаратты дейли. Анда сиз катаал климатта жашап, дүйнө жүзүндөгү көптөгөн нерселерден, билимден, Кудайга болгон ишеним менен түшүнүктөн бейкабар бойдон көзүңүз ачык о дүйнө салып кете бересизби? Анда сиздин Кыргызстанга окшогон мыкты шарты бар жерде жашоого, Кудайды таанууга, билим алууга болгон укугуңуз кайда калды? Жок! Алла таала сиз ойлогондой адилетсиздик жолун тутпайт! Ал бардык инсандарды бирдей көрөт, ар бир инсанды ардактап сүйөт, ар бир инсандын эрк-ыктыярын бузбай, кечирип күтөт, ар бир инсанга бирдей мамиледе болуп, бирдей шарт-шарайыт түзөт. Ошондуктан Ал баарын — билүүчү жана Барлыкты Жаратуучу Кудай таала!

Эгерде сиз инсандыктын туура жолунда жүрсөңүз гана Жердеги кайра-кайра жашоого жетип, ал эми сиз чыныгы

инсан боло алсаңыз түбөлүк өлбөс жашоого жетесиз! Кудай таала Адамды бир өлтүрүп жок кылып жибербестен, жер бетинде көп жолу жаратып жана жашатып отуруп, керек болсо түбөлүк жашоого жеткирээрин бул китептен ачык-айкын билип аласыз.

Ал эми биздин мындай чындыкка жетүүбүзгө эмне тоскоолдук кылат. Биздин сабатсыздыгыбыз менен деңгеселигибиз. Биз канчалык Кудайдан келген илим-билимди тез өздөштүрсөк, жогоруда айтылган жакшылыктуу келечекке ошончолук тез жетип барабыз, канчалык түркөйлүк менен ыкшоолук кылсак, ошончолук өнүгүүдөн жана жаркын келечектин насибинен калып кете беребиз. Мында белгилей кетчү нерсе Кудайдан келген илим-билим жалаң эле диний билим эмес, дүйнөлүк бардык илимдер эсептелет.

Адам жарык дүйнөдө бир нече ондогон жылдар жашагандан кийин карып, анын денесиндеги тирик клеткалар уламдап жараксыздана баштайт да, дене өз милдеттерин аткара албай калып, акыр аягында өлүм абалы пайда болот. Адамдын денеси бир гана жолу пайдаланып, керектен чыгат. Ал топурактан алынган продукция болгондуктан, топуракка кайра кошулуп кетиши шарт. Ал кайра жаралбайт да, кайра тирилбейт. Ал эми Рух менен Жан Кудайдын өзүнөн адамга кошуп коюлгандыктан, ал кайра Кудайдын өзүнө, Көккө алынат да, белгилүү убакытка чейин кайра жаралуучу адамга келип кошулуу үчүн өз кезегин күтөт.

Наркы дүйнөдө Оң жана Сол катчы периштелердин далилдөөлөрүнүн негизинде Арбак (Өзөк) же Бейиш, же болбосо Тозокто өз мөөнөтүн өтөйт. Белгилей кетчү нерсе, элибизде «Өзөгүң өрттөнгүр» деп бекеринен каргабаса керек, анткени Тозокто адамдын өзөгү өрттөнөт, демек, биздин бабалар муну кандайдыр бир жолдор менен эзелтен эле сезишкен, же билишкен. Ал туурасында жана инсандын кайра жаралуусу жөнүндө 32-сүрөнүн 21-аятында мындай деп айтылат, «Албетте, Биз алардын кайтуулары үчүн аларга улуу азаптан мурда жакын азапты таттырабыз».

Жараткандын инсанды ар кай жерде жана ар түрдүү улутта кылым жаратуусунун өзүндө канчалык адилеттүүлүк жаткандыгына таң калбай коё албайсың. Инсанды ар кай жерде, ар кай убакта жана ар кандай шартта сынап, өстүрүп-өркүндөтүп жеткилеңдештиргени. Анын даанышмандык илиминин жана терең сүйүүсүнүн далили эмеспи! Ошондуктан «өлдүң өчтүң, жашоого бир келесиң, Адам өлбөс болсочу» жана ушул сыяктуу арман кылууларга кажет жок. Теңирим ушундай чебер болгондуктан адамдын ички Жан дүйнөсү жөнүндө, анын көрүнбөгөн тарабы жөнүндө, Наркы дүйнө жөнүндө, анын кайра жаралуусу жөнүндөгү маалыматтарды ишаралар жана татаал сөздөр менен гана берген.

Инсандын алмашуу мөөнөтүнүн түгөнүшү, денелик жараксызданышы, түрдүү балакеттерге учурашы абалдарында жандуу-теңирий зарралар чакырып алынып, рухий топ калаты калтырылат жана денеден алынышы керек болгон зарыл нерселер алынат. Тирик зарраларга уруксат этилет жана ишчи зарралар дагы туундулуктан кайтып топуракка айлана берет. Алар жаңы дене үчүн сакталбайт. Рухий топ гана жаңы дене үчүн сакталат. Андагы жандуу зарралар да кайтып жаңы денеге келбеши мүмкүн. Ушул себептүү инсан ар бир өмүрү доорунда айрым өзүнө бейтааныш болгон адамдар менен жакын мамиледе болгусу келет жана өзүнө эң жакын болгондордон алыстоону каалайт.

А бирок андагы расмий мамиле жана байланыштар жаңылланганы үчүн, абалкы тааныш билиштерин таптак аты-жөнү менен эстеши кыйын. Бирок айрым калаттарда теңирий кадымдар кенебестиги, же айрым себептер менен мурдагы жашоосуна тиешелүү тасмалар андан алып коюлбаса, ал дагы мурдагы жашоосу жөнүндө да маалыматка ээ боло берет. Инсан өмүрү да азыркы инсандар иштеп чыгарууда пайда боло турган окуя кадисаларга окшоп кетет. «Арши-ул курс» эсебиндеги эсепчи кызматкерлер тобунда айрым жаңылышуулар болсо ал келечек кезектеги жарыктыкка өтүшүндө түзөтүлүшү мүмкүн.

Мисалы: Ош шаарында Мурат аттуу адам өзүнүн мурунку жашоосун жана анда эмне болгондугун даана эстей алат. Мурунку жашоосунда ал өтө сараң бай болгондугун жана кембагалдарды аябай кыйнагандыгын күнү бүгүнкүдөй билет. Атурсун ашып калган оокатты кембагалдарга ыраа көрбөстөн, итке салып берип жүргөндүгүнө чейин эстейт. Ошондон улам аны бир кембагал темир менен башка уруп өлтүргөндөн соң, наркы дүйнөдө Мурат аябай азап тартат. Натыйжада кембагал болсоң жарык дүйнөдө кыйналасың, бай болсоң наркы дүйнөдө кыйналат экенсиң деп, азыркы жашоосунда орто жашоону суранып, бул жашоосунда кампачы болуп иштеп келген.

Ошондой эле жарык дүйнөдө жашап жаткандардын арасында ушуга окшоп өзүнүн кайра жаралып Жарык дүйнөгө келишин жана мурдагы жашоосун эстеген фактылар арбын. Мисалы: Индиядагы бир наристе кыз өзү туулгандан жыйырма, отуз жыл мурда болуп өткөн окуянын катышуучусу катары, аны төкпөй-чачпай баяндап бериши, Америкадагы, Германия менен Австралиядагы кайра жаралуулар фактылары буга далил.

Кайра жаралуу, өлүмдүн актыгы, Жарык дүйнөдөгү жашоо сыноолор дүйнөсү экендиги тууралындагы маалыматтар адамдардан атайылап купуя сакталган, анткени мурунку замандарда бул маалыматты билсе, анчалык өнүкпөгөн адамдар бул Жарык дүйнөдө жашоого кызыкпай коюшу мүмкүн эле. Ансыз да адашкандар көбөйүп, Наркы дүйнөгө тез жетип барып, «Бейишке чыгуучулар» учурда адамдарды жардырып өлтүрүүгө чейин барууда. Ооба, азыркы күндө *50* пайыздан төмөн жана ушунун айланасында дүйнөгө келип кетип, азыркы күндө жашап жаткандардын *70-80* пайызынын аң-сезиминдеги түшүнүктөр таптакыр Көк талаптарына жооп бербейт. Алар өз жашоо ыкмасында миң жылдар бою өнүгүү даражасын өзгөртө албай келүүдө.

Адамдын Жарык дүйнөдөгү өлүмүнөн соң, дагы Жарык дүйнөдө кайра-кайра жаралып келүүсү жөнүндөгү

маалыматтар Буддизм, Кришнаизм, Христианствонун Протестанттык бөлүгүндө, Исламда жана көптөгөн диний ишенимдерде орун алган. Адамдарды өкүмдарларга кыйшаюусуз баш ийдирүү үчүн Библияны өзгөртүп жазуунун натыйжасында Христианстводон кайра жаралуу жоготулуп кеткен.

Кайра жаралуу окуусу көптөгөн жылдардан бери диндерди бөлүп келет. Индуизм, буддизм, талмуд иудаизми жана атурсун исламдын кай бир агымдары да бир жашоодон кийин кайра дагы бир жашоого адамдын өзөгү – аң-сезимдин өтүшү мистикалык чындык болуп саналат. Ал эми Христианство менен Ислам тутуучулар жер жүзүндөгү бир гана жашоону таанып, андан кийин биротоло өлүү болот дешет.

Анткен менен Христианчылыктын Евангелиясынын Жаңы Осуят тексттеринде кайра жаралууга бир нече көрсөтмөлөр бар. (Марктан Евангелие 9:11-13, Матвейден Евангелие 17: 10-13, Иоандан Евангелие 9:1-3, 341). Адамдын көп жолку жашашы жөнүндө Фомадан Евангелиеде айтылат. Өзүнүн жаңы динге өткөнүнө карабастан Павел фарисейлик өтмүш жашоосу жөнүндө унуткан эмес.

Ал эми Курандагы ишара менен берилген кайра жаралууну натуура чечмелеп жүрүшүп, кайра жаралууну Акыретте гана дененин кайра тирилүүсүнө жана анын көрдөн тике туруп келүүсүнө алып барып такашкан. Натыйжада жарык дүйнөдө адам бир гана жолу жашап өтүп, Акыретте гана көрдөн денеси кайра тике турат жана тирилет деген адашкан тайкы түшүнүк жаралган. Ошондон улам Курандагы кайра жаралууну ачык-айкын көрсөткөн сүрө, аяттарды мисал катары келтиребиз: Куран 2-сүрө 28-аят; 30-сүрө 11-аят; 19-аят, 27-аят, 40-аят; 40-сүрө 11-аят; 45-сүрө 24-аят; 53-сүрө 47-аят; 56-сүрө 60,61,62-аяттар; 70-сүрө 40,41-аяттар; 76-сүрө 28-аят. Мындан тышкары дагы 10 аяттарда адамдын кайра жаралуусу ишара менен берилген.

Андыктан, ар бир инсан өзүнүн бир жашап жана бир өлүп жок болуп кетпестигин билсин. Кыянат, жаман иш жасагандар менен айбанга айлангандар гана таптакыр жок болуп кетүүсү мүмкүн. Инсандын үзгүлтүксүз жашоого өтүү зарылчылыгы ушунчалык орчундуу болгондуктан ал түрдүү шарт, мүмкүнчүлүктөр чегинде *99* жолу сынактан өтөт жана акырында аракет жагдайлары эсепке алынып, же түбөлүк таза инсандык жашоого, же таза айбандык жашоого ажыратылат. Айбандыкка да жараксыз болгондор күлгө айланып, өлүк зарралар сабына кошулат. (Куран 98-сүрө 6-аят).

Инсан миңдеген ааламдарда жашап жүрүп отуруп Кудайдын халифасы (жардамчысы) болуп, жаратылгандын баарын – **Барлыкты** башкаруучусу болуу ага ыйгарылат. Инсандын Жараткандын алдына жетип баруусу жөнүндө «Курандын» 84-сүрө, 6-аятында мындай деп айтылат: Эй инсан! Албетте сен максатың менен Раббиңе умтулуучусуң – жана Ага жолугуучусуң.

Биз азыр Иса пайгамбарыбыздын «Придет время пшеницу отделят от плева» же биздин түшүнүгүбүз боюнча шалыны күрмөктөн ажырата турган убакыт келет деген заманда жашап жатабыз. Адамзаттын ниети жана пейилинин бузулушуна жараша тандалуу жана электен өткөрүү убагы биз ойлогондон эртерээк башталып калды. Дүйнөлүк жыл-мезгил чен бирдигине тактык киргизип кетүүгө аракет кылалы. Бизде азыркы учурда бир жылдан башталган өлчөм биримдиги пайдаланылат. Андан кийин кылым бирдиги деп аталып, ал жүз жылдыкты түшүндүрөт. Доор деп миң жылдыкты түшүнүп, биздин доор азыркы түшүнүгүбүз боюнча эки миң жыл илгери башталган. Ал эми орточо он миң жылдын нары-берисиндеги мезгилде заман алмашылып турат.

Адамзат өз тагдырынын эң чечүүчү мезгилин басып өтүп, 1 жылдан кийин Алтын доор босогосун аттайт. Ошондуктан азыркы учурда жашап жаткан адамдар инсанят тарыхындагы эң бактылуулар, анткени бардыгы алардын өз

колдорунда, каалаcа бактылуу боло алышат. Бул доорго жеткен да бар, жетпеген да бар! Мына сизге дүйнөдөгү эң чоң сыноо жана акыйкат – улуу чындык!

Исмаилшах Фазовийдин «Жашоо сырлары» китебинде берилгениндей 1998-жылдан баштап инсандын ой-жүгүртүүсүн ашырууга жана туура жолго салуу үчүн Жерге жардамга 947 миллиард мавжудаттар түрүн жөнөтүү башталды. Бул, биз үчүн эң уяттуу абал. Кантип эле өз аң-сезимибиз менен өзүбүз оңдолуп, аруу-адал жолго чыга албайбыз? Кантип эле буга кудуретибиз жетпейт? Жетет! Инсан ушундай улуу зат болуп, ал кандай ишке кол урса, ошол ишти аткарууга күч-кубаты жетет.

Эгерде сиз астрономия, астрофизика, физика, биология, генетика, молекулярдык биология, геофизика, геология, биофизика жана башка илимдердин тармактарындагы акыркы ачылыштарды талдоо кылып көрсөңүз, анда сиз кызыктуу тенденцияны байкайсыз: баардыгы өзүнүн параметрлерин, структурасын, формуласын өзгөртүүдө. Көптөгөн кристаллдардын түрлөрү, атурсун адамдын жана жаныбарлардын структуралык клеткалары да өзгөрүүдө.

Жогоруда белгиленгендей адамдын денесинин структуралык клеткалары да өзгөрүүгө дуушар болушу керек. Ал эми дененин клеткалары өзгөрбөгөн болсо, Көктөн келген термелүүнүн жаңы ыргактарына ал клеткалар туруштук бере албастан, адамдын денеси дүрт этип, заматта күйүп кетет. Адамдардын мындай өрттөнүп кетүү фактылары дүйнө жүзүнүн бир нече мамлекеттеринде; Америкада, Австралияда, Германияда, Чехияда жана башка жерлерде акыркы жылдары катталган. Анын сырын түшүнө албай окумуштуулардын баштары маң.

Андай өрттөнүүлөр адамдын өзүн өзү өстүрүү жана аруулануусу аркылуу жогорку термелүүгө жарактуу болушу үчүн Жаратkandын жөнөтүп жаткан эскертүүсү. Келе жаткан жакынкы жылдары адамдар рухун жогорулатуу натыйжасында дене клеткалары да өзгөрүп, жаңы шартка төп

келүүчү абалга жетүүсү абзел. Ал клеткалардын өзгөрүүлөрү адамдын ички Жан дүйнөсүнүн канчалык деңгээлде арууланышына байланыштуу болуп, көптөгөн кыйынчылыктар менен коштолот. Алдыда күтүлүп жаткан заман, тилекке каршы, адамдардын ниетинин бузулушуна жараша эртерээк башталууда жана кыска мөөнөттүн ичинде жыйынтыкталмакчы. Келе жаткан жакынкы 1–2 жылда аябай чоң өзгөрүүлөр менен алааматтар күтүлүп жатканы ошондон.

Жаңы заманга, жашоонун жаңы баскычына көтөрүлүүдө эң олуттуу кыйынчылыктар адамдын өзүнүн арууланышына, билим алышына, Кудайга ишенүүсүнө, андан үмүт кылып, аны сүйүшүнө байланыштуу болот. Албетте, Кудайдан мурда адамдар өздөрүнүн санын кыскартуу үчүн катуу иштеп жатса, көпчүлүктү азчылык айбанга айлантып жатса, өздөрү шайтандан да өтүп кетип жатса, өз ата-энеси менен элин акчага сатып жиберип жатса, андай адамдарды Кудай жазалабаса анан ким жазаламак эле!

Кудай таала адамдардын жамандыктарына чыдап жүрө отурду. Ыйык китептерде белгилегендей жамандыктар туу чокусуна жеткен соң Акыр заман башталат. Бул замандын акыр заман аталышынын себеби, ал жамандыктардын акыркысы болуп эсептелет. Мындан кийинки Алтын доордо жамандыктардын болуусуна Жараткан өзү жол бербейт.

Бул өткөөл мезгилде жашап жаткандар адамзаттын эң бактылуусу деп аталт. Анткени алардын келечек тагдырлары өз колдоруна толук берилип, эң кыска мөөнөттө чечилет. Кааласаң 2 жылда жакшы жолду тандап, жыргал заманга жетесиң, кааласаң жаман жолдо калып, жок болуп кетесиң! Миңдеген жылдар бою эңсеп, жете албай келе жаткан максатыңа аз убакыттын ичинде жетесиң, же ушул аз убакыттын ичинде таптакыр жок болуп кетесиң!

Бул мезгилде жашап жаткан адамдарды эң бактылуулар деп атаса да болот, атабаса да болот! Баары өзүңүн ниети менен аракетине байланыштуу. Баары өз колунда. Адамзат эңсеп келген жыргал заманынын алдында, өткөөл мезгилде

жашап жатат. Бул жакшы заманга өтүү ар кимге насип кылына бербейт. Айрыкча, айрым тетири түшүнүк-ишеним, билим, пейил жана ниет менен келаткандарды Алтын доор аруу адамдардын катарында тегиз кабыл алышы кыйыныраак. Бирок ар бир инсандын ал заманга жетүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Анүчүн адам өзүн өзү таанып билиши, арууланышы, өсүп-өнүгүп жогорулап, бийик деңгээлге чыгышы, Кудайга ишениши, андан үмүт кылышы, аны сүйүшү жана анын даанышмандык билимин алышы, ички, рухий жан дүйнөсүн жакшы жакка өзгөртүүсү абзел. Андай болбосо жаңы заманга шайкеш космостон келип жаткан жогорку термелүүнүн ыргактарына өзү менен кошо денеси төп келбей, жараксыз калышы мүмкүн.

Айрыкча акыркы жылдарда адамдар ар түрдүү сырдуу жолдор менен ооруй башташты жана да ал уламдап күч алып, чыдагыс деңгээлге чыгуусу күтүлүүдө. Көбүн эсе адамдарда жүрөк кан тамыр жана баш оорулары менен кан басымы бир калыпта болбой, бирде жогорулап, бирде төмөндөп жатат. Бул жараян улуу муун адамдарыбыздын муундары менен кан тамырлары какшап ооруп, кан басымдары көтөрүлүп, кан тамырлары көөп, баштары менен жүрөктөрү да сыздап ооругандыгы сезилүүдө.

Окумуштуулар муну магниттик бороондон дешсе, айрымдары климаттык өзгөрүүлөрдөн дешип, кай бирлери нур оорулары деп санашса, калгандарынын баштары маң. Мындай жан чыдагыс ооруларды басаңдатуу аркылуу андан ийгиликтүү сопсоо өтүү үчүн алардын алдын ала албаган кезде так ошол Жан чыдагыс оору менен кошо көрпендем жок болуп кетет! Анын алдын алуу үчүн Адам өзүнүн ички жан дүйнөсүн жогорулатуу максатында Кудайга чын дилден ишенип, үмүт кылып, сүйүп кайрылуу жана анын даанышмандык билиминен такай алып баруу керек.

Арийне, акыркы айларда канаттуулардын жана жаныбарлардын айрымдары массалык кырылууда. Орнитологдор ошондой кырылган канаттууларды

изилдегенде, алардын ички органдары, жүрөк кан тамырлары жарылып кеткендигин аныкташты. Албетте биринчи кезекте канаттуулардын организми космостон (Көктөн) келип жаткан жогорку термелүүнүн ыргактарына чыдай албай, органдары жарылып кетүүдө.

Акыркы жылдары материалист окумуштуулар адамзатты 2012-жылы келе жаткан алааматтар менен коркутуп келе жатышат. Кай бирлери эбегейсиз чоң метеорит жер планетасына карай келе жатат деп тастыкташса, Америкалык НАСАНЫН астрономдору 1983-жылдан бери Жер планетасынан төрт эсе чоң болгон, Күндүн 14 миллиард км алыстыкта жайгашкан Нибиру планетасы Күн системасы менен Жерге карай келе жатат жана ал жерге 2012-жылдын 21–23-декабрда жетип келет деп эсептеп чыгарышууда. Бул планета Жерге жакындашып келгенде Жерде эң күчтүү катаклизмалар менен алааматтар болот деп окумуштуулар эсептешүүдө. Муз доору менен Дүйнөлүк топон суу каптаганы да ушул плетанын баштапкы жерге жакындап келүүсүнүн болгон деп эскертишүүдө. Дүйнө жүзүндөгү акыркы жылдары орун алып жаткан суу каптоолор, ысып-сууп кетүүлөр, жер катмарларынын өзгөрүүсү менен коштолуучу вулкандар менен зилзалалардын көбөйүшү, магниттик уюлдардын кыйшая башташы, жана магниттик-энергетикалык таасирлердин натыйжасындагы сырдуу оорулардын көбөйүшү мына ушунун далили деп тастыкташууда алар.

Частота Шуман деген бар. Ал Жердин термелүүсүнүн өлчөмү. Миңдеген жылдар бою бул частотанын өлчөмү такай 7.8 герц болуп келген. Бардык навигациялык жана авиациялык приборлор ушул частотага ылайыкташтырылган. Акыркы жылдары, айрыкча акыркы он жылда жердин частотасы 11.8 герцке чейин жетти. Эгерде бул частота 13 герцке жетсе, анда кыйроо болот, жердин уюлдары, көк мейкиндиги өзгөрөт... Ойлонгонго, жаныбарлар менен канаттуулардын кырылуусу аркылуу Жаратуучунун

адамдарга берип жаткан эскертүүсү. Ошондуктан алдыдагы кыска мезгил ичинде адам өзүнүн Рухий Жан дүйнөсүн жана ошол аркылуу адамдын чел кабыгы болуп эсептелүүчү – Денесин да жогорку термелүүнүн ыргактарына шайкеш келтирип жогорулатып, аруулап өзгөртүп, өнүктүрүп алуусу керектүүнүн керектүүсү. Андай болбосо адам бул термелүүгө чыдабай жок болуп кетет.

Бирок баары эле адамдар айткандай гана боло бербейт, Кудайдын да айтканындай боло турган мезгил келип жетти. Адамзаттын Жер ааламындагы негизги сыноо мезгили аяктаганы турат. Адамзаттын Жерге түшүрүлгөнүнө 1 миллион 241 миң жыл болгон болсо, канчалаган цивилизациялар өнүгө барып, жок болуп кетишкен болсо, бул жолу андайга Жараткандын өзү жол койбойт. Эң чечүүчү, эң негизги сыноолордон үтүү маселесинде адамдардын ниетинин оңолушу, Кудайга болгон мамилеси, инсандыгын сактоо маселеси, илим-билимге ээ болуп, өзүн өстүрүп-өркүндөтүү маселеси бул алааматтардан сакталып калууда негизги ролду ойнойт. Канчалык көп инсан бул талаптарды аткара алса, ошончолук көп инсан сакталып калып, жаркын келечекке карай жол тартат, канчалык көрпенделер адамдыгын жогото барып, айбансымал таризде калса, аларды аянычтуу тагдыр күтүп турат!!! Мында өзгөчө белгилей кетүүчү нерсе адамдын ниети менен ой-пикирин оңдоп тазалоо негизги мааниге ээ. Ошондуктан бабаларыбыз «ниетинди оңдо», «пейилиңди ак кыл», «ниетиңе жараша болосуң» деп, тарбиялап келишкен. Адамдардын ниети канчалык тез тазаланса жана адамдык, инсандык жакшылыктын жолуна, Кудайдын жолуна канчалык тез түшсө табигат да оңолот. Алааматтардан сакталып калат! Жаңы заманга аман өтөт. Бул эң керектүү чара!

Ошондон улам болсо керек, 2–3 цивилизация мурда болгон тарыхый эстеликтер менен маалыматтар Жер бетинен табылып келет. Бирок бул табылгалар менен мааалыматтарды жарыялоого адамзат душмандары дайыма тоскоолдук кылып

келүүдө. Анткени ал душмандарга адамзаттын өзүнүн туура жолуна түшүүсү жана чыныгы инсанга айлануусу керек эмес. Мындай маалыматтар алардын жалпы инсаният үстүнөн бийлик орнотуусуна каршы келет.

Ушул маселеде билим казынасы болгон «Китоб-ул китоб» бул китебининн 17 бөлүктөн турган басылмасын толук бойдон, буйруса, жакын арада окуп каласыз. Бул китеп азыркы замандагы адамдарды келе жаткан алааматтардан сактап калуунун жана андан ары өнүктүрүүнү жана чыныгы инсандык жолдо жүрүүнү көрсөтүүчү каражат. Арийне, окурман китепти окур замат дароо түшүнүп кете албастыгын алдын ала сезип, андагы түшүнүктөрдүн айрымдары колдон келишинче жөнөкөйлөтүп колдонулду.

## Инсан сыры – теңирий сыр

Көпчүлүк болуп ниет кылуу, бата кылуу аркылуу абдан натыйжалуу ийгиликтерге жетишүүгө болот. Ошондуктан бир мезгилде көпчүлүк болуп жасалган сыйынуу, сурануу, ниет кылуу жеке-жеке болуп ниет, бата кылууга караганда миңдеген барабар күчтүү болот.

Инсандарга аалам менен байланышуунун эң оңой жолдору көп. Алар кайсы тилде Алланын кадымдарына кайрылса, аны уга берет. Анткени дүйнөдөгү бардык тилде сүйлөөчү инсандар үчүн адистештирилген кадымдар жетээрликче. Ал же бул тилди алар түшүнбөйт деп, өзгө тилдерде кайрылуу кылуусу шарт эмес.

Инсан өзү жашап жаткан жер табиятынын сырларын билип, үйрөнүп алышы менен наркы дүйнө сырларын үйрөнүү үчүн өзүнө жол ачып барат. Анткени инсандардын кезектеги алмашуулары түгөнгөн соң, үзгүлтүксүз наркы дүйнө жашоосуна өтүү укугун алса, бул дүйнө, же жарык дүйнөдө алган билимдери аркылуу наркы дүйнө билимдерин

үйрөнүп алышы жана анын сырларын түшүнүшү мүмкүн болот.

Инсан дайыма жалган маалыматтар менен канааттанат экен, анын аң-сезими өнүгүү жараянына кириши кыйын. Ал өз акыл жөндөмүн, түшүнүү даражасын, тышкы жана ички маалыматтарын өздөштүрө алышы менен байланыштуу болгон иштиктүү жашоо аракетин көбүрөөк өзү назарат кылып барышы зарыл.

Инсанды күзөтүү жана түзөтүү иштеринде аалам кадымдарынын алып барган жана алып бараткан иштеринин айрымдары аста-секин инсандарга да сунуштала берет. Аалам өнүгүшүнүн айрым кесиптери, өнөрлөрү жана илимий түшүнүктөрү, аалам илиминдеги айрым жеңиштер доорлор өткөн сайын инсандын өздөштүрүү жөндөмүнө карап бериле барат.

Инсанды назарат кылуу иштери дайыма документтерде чагылдырыла берилет. Маселен: инсан өз жашоосунун башынан аягына чейин сүрөткө түшүрүлгөнүн, бардык сүйлөгөн сөздөрүн жазылып алынганын, качан ким менен кандай мамиледе болгон үнү да, сүрөтү да чагылдырылганын элестете жүргөн оң.

Бул иштер инсан жаратылгандан бери аткарылып келе жатат. А турсун ар бир ачылыш, түрдүү чыгармачылык иштер сүрөттөрү жана үндөрү менен бирге жаратылган. Ар бир акындын ырынан тартып, дыйкан өстүргөн түшүмдөн, базарчынын соодасына чейин, адам өлтүргүч, түрдүү бузуку иштерди жасоочулар, түрдүү даражадагы каракчылык жана уурулуктар жана алдамчылык иштер бул тасмаларда жаркын чагылдырылат.

Азыркы замандын алдыңкы катарында бара жаткан инсандардын түрдүү түшүнүктөрү жөнөкөйдөн татаалдыкка карай кадам басып жатканын көрсөтөт. Жакын күндөрдөн баштап инсандарга түрдүү кесип жана өнөрлөрдүн дагы да жеткиленҷирээктери тартуулана баштайт. Мындай маселелерде илимдүү да, рухий да, денелик да аруу инсандар

Алла тааланын көңүлүнө алынууга ээ болушат. Алардын ар бир жакшы ниети да эсепке алынат. Мүмкүнчүлүгүнө жараша жана ниетинин негизинде сооп ала берет.

Инсандарга берилип жаткан билимдер көп, бирок сөз анын көптүгүндө эмес, инсандын өзү ушул өзүнө берилип жаткан билимдерин кабыл алышында. Жашоо сырларын үйрөнүү шарттарынын эң керектүүлөрүнөн бири да мына ушул касиеттерде жатат. Инсан өзүнүн эринчээктиги, жалкоолугу сыяктуу өзү илештирип алган илдеттеринен тышкары өзүнө-өзү ишенбестик жана күмөн саноо адаттарына өтө берилип кетсе, аларды кайра тарбиялоо өтө оор болот. Андыктан, тарбиялоонун жаңы усулдарын табууга туура келет.

Адамдын рухий жакырдыгы, түрдүү-түмөн кесип жана эмгектенүү жөндөмдөрү "атадан балага мурас" болуп келе жатканы да турмушта көп учурайт. Инсандардын даяр оокатка болгон муктаждыктары өтө чоң, а бирок аны даярдоого караганда андан пайдаланууну каалагандар көп. Азыркы замандын тили менен айтканда, жаратуучу инсан аз, жаратылган нерседен пайда көрүүнү издеп, түрдүү айла жасап жаткандар көп.

Буудай эгип, өстүрүп, түшүмүн алган адам өзгөлөрдү багууга умтулат. Малчы, багбан, жана башка кесип ээлери, деги эле адамдарга керектүү оокат аш, аспап-шайман, кийим-кече, инсандык интеллектуалдык муктаждыкка зарыл, мисалы, музыка, сүрөт, жазуучулук жана башка чыгармаларды жаратуучулардын иши сооптуу иш.

Ал эми аз аракет эмгек менен көп пайда, дарамет алууга умтулгандар, жалган сөзү менен инсандарды убарага салган түрдүү жагдайлар адамдарга душмандык кылуучулар болуп саналат. Анткени, алар инсандын адал таза эмгегине дак салат, адал азык-оокатына чаң салат, таза ниеттерин бузат, таза жан дүйнөсүн булгайт, туура жолдо келаткандарды адаштырат, жан дүйнө өсүүлөрүн токтотот, илим, билим

өнүгүүлөрүн четке кагып, маданий өсүү жагдайларын ылайка абалга айландырат.

Тыянагында, коомдо өтө ач көз жана битир, өз кызыкчылыгын ойлоочу өзүмчүл, тетири жолдор менен инсандык аруулукту бузган адамдар, маселен: апийим, наша, мас кылуучу ичимдик жана ушуга окшогондорду жаратуучулар жана даярдоочулар инсаният душманы саналат. Башкача айтканда өзүнүн жана келечек муундарынын инсандык наамын булгоо аркылуу эл арасынан чыгып каларын турмуш көрсөттү. Мындайлар инсаният душмандары үчүн чын дилден малайлык кылат жана өзүнүн убактылуу көрпайда турмушун өткөрүү менен түбөлүктүү жашоосун курман кылат.

Инсандыктин бийиктиги жана улуулугу, инсандык урматы жана шаан шөкөтү, инсандык аалымдыгы жана дааналыгы инсанияттын Алла таалага чын дилден жакындыгы жана сүйкүмдүүлүгүн түшүнүүдө турат. Бул Көк акыйкаттыгы. Ошон үчүн да, инсан өзүнүн Көк ыйгарган даражасын туура түшүнүп, ошол даражага татыктуу жашоого умтулушу зарыл.

2011-жылы Кыргызстанда 8 баллга жетип болуп өткөн жер титирөөдө жана авиа кырсыкта бир да адамдын өмүрүнүн кыйылбагандыгы бул биздин элди Кудайдын өзү сактап жаткандыгынын белгиси. Акыркы жылы биргелешип алып бир мезгилде Кудайга кайрылып, жакшы ниеттерди, тынчтык менен аманчылыкты, өнүгүп өсүүнү тилеп бата кылуунун натыйжасында мына ушундай кырсыктардан да Жараткан сактап келе жатат. Мындан ары да мүмкүн болушунча көпчүлүк болуп, бир мезгилде жакшы ниетте чогулуп, бата кылуу элибиз менен жерибизди келе жаткан алаамат-апаттардан сактап каларына ишенсе болот.

Эгерде адамдар Кудайга каршылык көрсөтүүнү уланта берсе жана анын эркине каршы бара бере турган болсо, Кудай таалага адамдардын өмүр жибин үзүп коюш, алардын жашоо турмушун жаратылыш кыяматына айлантып салыш эч

нерсеге турбарын түшүнүүбүз зарыл! Албетте, Кудай өзү жараткан адамзатты, айрыкча ага ишенген адамдарды таптакыр жок кылып жиберүүнү каалабайт. Ал эми ишенбеген, же күмөн санаган адамдарды өздөрүнө жараша же кайрадан адам-айбанга айлантып, башынан баштатса, таптакыр оңолбогондорун айла жок жоготууга туура келет...

Рухий тарабы жакыр болсо да, адам дене муктаждыгын кандырууга материалдык жактан гана камсыз болгон мамлекеттерди алдыңкы мамлекеттер деп түшүнүү аң-сезимибизге сиңип калган. Элинин жана өзгө мамлекеттердин байлыгын ар түрдүү жолдор менен тартып алгандыгын биле туруп, алардын артынан ээрчип ошолордун өнүгүү жолуна түшө берүү жакшылыкка алып келбейт. Батыш мамлекеттерин туурап, адамгерчилик сапаттарын сүрүп салып, байлыктын артынан гана сая кууп жүрүүнү эмес, ар тараптуу өнүгүү жолун кабыл алуубуз шарт. Андай болбогондо “каргага теңелип, каздын буту сыныптыр” деген макалдагыдай материалдык өнүгүү менен чектелип, рухий баалуулуктардан кур калышыбыз мүмкүн.

Биз азыр адамзаттын Жаңы доорунун башталышынын башатында турабыз. 2012-жылдан ары карай жаңы – Алтын доор деп аталуучу доорго кирип барышыбыз күтүлүүдө. Ал доорго жетүү жана анын жашоочуларынан болуу ар кимге эле насип кыла бербейт. Ушул жерде дагы бир белгилей кетчү нерсе, Россиянын Түмөн облусунда жашаган 5 аял Көктөн алган аяндарында Кыргыз эли 2012-жылдан баштап жалпы адамзатты жаңы – Алтын доорго жетелерин билген соң, бир нече жылдан бери Кыргызстанга келип, өлкөбүздүн жана элибиздин өзгөчө касиеттерин изилдеп жүрүшөт. Ал аялдар 2016-жылдан баштап жалпы адамзат кыргыз элинин ыйман-ынсабын жана башка жакшы касиеттерин үйрөнүп, жалпы Жер аалам жашоочулары жаңыча өнүгүүнүн туура жолун табат деп ишенимдүү айтканы кубандырат.

Албетте, бул маалыматты уккан адам алгач ишенбей, күлүшү да мүмкүн. Экономикалык өнүгүшү улам начарлап,

карызга белчесинен баткан, саясий стабилдүүлүгү да анча туруксуз өлкөнүн эли акыйкаттык көздөп, мансапкор, дүнүйөкор эки президенти менен жан-жөкөрлөрүн жалгыз макоо кылып кууп салганы эле бүткүл адамзатка үлгү болду деш күмөн санатышы да ыктымал. Бирок, туура түшүнгөндөр дүйнө жүзүндө бекем орун алган ач көздүк, алдамчылык, дүнүйөкорлук, мансапкорлук, текеберлик, өзүмчүлдүк сапаттарына колунан келишинче каршылык көрсөтүп келе жатат.

Биздин элдин эзелки көчмөн цивилизациялуу жашоодон бери сакталып келаткан адамгерчилик сапаттарыбызды жөө тумандай каптаган «заманбап» айбансымал түшүнүктөр жолдон чыгара баштаганда улуттук эс тутумдагы улуу сапаттар ойгонуп, алардан арылуу аракетине келтирди. Элибиздин жан дүйнөсүнүн байлыгы болгон адамгерчилик сапатты улуу жараткан Кудай Көк кызматкерлери менен бирдикте жардамга келе баштады. Бул күрөштө адамзат баласынын өзү, анын ниети менен пейили, илим-билими, аруулугу, Кудайга болгон ишеничи башкы күч болорун унутпашыбыз керек.

Адилетсиздиктер жана мыйзамсыздыктар адамзат башына күтүлбөгөн оорулар менен оруксунууларды жаратып, а турсун ал көбөйүп баратышы кооптондуруп, элди улуу Жаратканга ишенүү биримдигине чакырууда. Улуу Жараткан Кудайга жакшы тилектер менен кайрылуу да мына ушул кырсыктардан алдын ала сактоого кадимкидей жардам бергени байкалууда. Адамдардын эртеңки келечегине азыртан кам көрбөй артка кайткыс жолго түшүрүүчү Кудайсыздык тозоктуу кырсыктарды көбөйтөрү түшүнүктүү боло баштады. Кыргыз ниети менен пейили, миңдеген жылдар бою топтогон илим-билими менен тажрыйбасы жана адамгерчилик сапаттары, эң негизгиси Кудайга болгон мамилеси элибиз адамзаттын арууланышынын башында болушуна өбөлгө түзөөрү ырас белем. Ооба, Кыргыз ниети

менен пейили, ишеними менен түшүнүгү, билими менен аруулугу келечек инсаният сапаттарына айланат!!!

Бардык нерсе ниетке жана пейилге жараша болот деп бабаларыбыз айткандай элибиздин келечеги анын ниети менен пейилине жараша болмокчу. Андыктан, биз элибизди аруулукка чакырып, аны бекемдөөнү улуу Кудайдан суранышыбыз парз. Улуу Жаратуучу адамзатты сактасын! Анын катарында Кыргыз элин, улуу тоолуу Мекен жерибизди сактасын! Жаратылыш алаамат-апаттарынан, магниттик-энергетикалык терс таасирлерден сактасын! Күтүлүп жаткан тандалуу-тазаруу кубулуштуу көрүнүштөрдөн аман өтүп, алтынчы цивилизация аталган Алтын доордун татыктуу жашоочусу болушун Кыргыз элиме улуу Жараткан насип кылсын!

**Пайдаланылган адабияттар:**


1. Исмаилшах Фазовий. Китоб-ул китоб. Жалпы бөлүм.
2. Исмаилшах Фазовий. Китоб-ул китоб. Наркы дүйнө.
3. Исмаилшах Фазовий. Китоб-ул китоб. Илахий ибадат.
4. Исмаилшах Фазовий. Китоб-ул китоб. Барлык жөнүндө маалымат.
5. Исмаилшах Фазовий. Китоб-ул китоб. Инсан Аллах кереметеринен бири.
6. Исмаилшах Фазовий. Фазовий Фан.
7. Порохова. В. М. Куран.
8. Кулиев. Э. Куран.
9. Османов. М-Н. Куран.
10. Крачковский. Куран.
11. Хадистер.
12. Маслов. Л. И. Откровения людям нового века.
13. Маслов. Л. И. Предупреждения человечеству.
14. Маслов. Л.И. Толкования откровений.
15. Левашов. Н. В. Зеркало моей души.
16. Светлана де Роган. Откровения.
17. Вотяков. А. А. Теоретическая география.
18. Соболев. В.В. Великие тайны золотого века.
19. Анхель де Куатье. В поисках скрижалей.
20. Сел Рейчель. Изменение земли и 2012 год.
21. Татьяна Микушина. Послания владык. Слово Мудрости.
22. Юрий Бабиков. Что такое душа, дух и духовность.
23. Джон Коллеман. Комитет 300.
24. Шмаков. А.С. Тайное мировое правительство.
25. Этьен Кассье. Фальсифицированная история.
26. Гилька. Н. В. Квантовый скачок.
27. Дэвид. Уилкок. Политика 2012- Грандиозная перспектива.
28. Наи-Онес Ситхартха. Откровения Индиго.
29. Рерих. Е. И. Основы буддизма.
30. Сей Речел. Основатели об истории земли.

31. Антонов. В. В. Экология человека в многомерном пространстве.

32. Антонов В. В. Жаңы Упанишада. Абсолюттуе структурасы жана Аны таануу «Полюс» СПб. 2000 ж.

33. Библия. Ветхий завет. Новый завет. экинчи басылышы, 2006-ж.

34. Бадалов. Ш. С. Адамдын Кудайга кайрылуусу.

35. Бадалов.Ш. С. Божественная помощь Вселенной.

## Мазмуну

Адам бол........................................................................ 6
Адамдын структуралык түзүлүшү.............................. 28
Рухий топ…………………………………………… 43
Кудай жолуна – рухий бийиктикке карай…………… 57
Салттуу адамгерчилик……………………………….. 70
Үй-бүлө, сүйүү жана коомдук мамилелер................. 80
Билим берүү жана тарбия…………………………… 101
Дин жөнүндө………………………………………… 112
Ибадат, сооп күнөө деген эмне?.................................. 127
Терроризм жана ага каршы күрөшүү......................... 134
Наркы дүйнө………………………………………… 160
Жашоонун сырлары, же кайра жаралуу
(реинкарнация)……………………………………… 170
Инсан сыры – теңирий сыр........................................ 182
Пайдаланылган адабияттар......................................... 189

**Акматов Маматкадыр**

**АДАМ БОЛ**

Редактору *Т. Мүлкүбатов*
Кеңешчилер *Ш. Бадалов, К. Мадамбекова*
Корректору *Р. Сакелова*
Компьютердик калыпка салган *Э.Салиев*

Терүүгө 10.01.2012-жылы берилди.
Басууга 23.01.2012-жылы кол коюлду.
Форматы 60х84 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 12 басма табак.
Нускасы 2000 даана.

---

"Кут Бер" ЖЧК басмаканасында басылды
Бишкек ш., Медеров көчөсү, 68



**Акматов Маматкадыр** 1953 - жылы Ноокен районунда туулган. Ош МУнун чет тилдер факультетинин Англис тили бөлүмүн жана Караганды Бизнес Экономикалык Институтун бүтүргөн. Бир катар тилдерде эркин сүйлөйт. Бизнес тармактарында жетекчилик кызматтарды аркалап, кийинки кезде агартуучулук жана Адам табияты жаатында иликтөө иштери менен алектенип келатат. Бул багыттагы чакан эмгектери ар кайсы тилдерде жарыяланып, кызыгуу туудурган. Окурмандарга сунушталып жаткан бул китеп автордун көп жылдык изденүүсүнөн жаралды.